**Кыргыз Республикасынын Улуттук тарых музейи**

**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия**

**Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору**

# МУЗЕЙ ТЕРМИНДЕРИНИН ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮГҮ

***Түзүүчү: Белекова Назгул Сагынбековна***

**Бишкек – 2023**

УДК 069(038)
ББК 79.1я2
М 90

Сөздүк «Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү» программасынын алкагында жарык көрдү.

Кыргыз Республикасынын Улуттук тарых музейи жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Терминология комиссиясы тарабынан басууга сунушталды.

**Илимий редактор:** Ж. К. Бакашова, ф.и.д., КР УИАнын корреспондент мүчөсү

**Рецензенттер:** А. Ы. Исиралиева, А. И. Исаева, С. Н. Эралиев, т.и.к., Н. С. Момунбаева, т.и.к.

**Редакциялык коллегия (Терминология комиссиясы):** Ж.К. Орозобекова (комиссиянын төрайымы), Н.К. Маражапова (комиссиянын төрайымынын орун басары), Т. Курманалиева (комиссиянын катчысы), мүчөлөрү: А.Э. Орозакунов, У.С. Чанов, Ч.И. Арабаев, Г.Т. Курманбекова, К.Дж. Джумабаев, Т.К. Сыдыкова, Т.Дж. Чортонбаев, Г.Т. Жаманкулова, А.А. Жапанов, Б.А. Жайлообаев, К.Б. Бактыгулов, А.К. Шаршенбаев, Э.А. Аламанова, Ы.К. Кадыров, А.Т. Абдиев, И.Ш. Султаналиев, С. Джаанбаев, А.К. Кылчакбаев.

М 90 **Музей терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү** / Түз. Н.С. Белекова. – Б.: «Кут-Бер», 2023. – 192 б.

ISBN 978-9967-14-185-8

Сөздүк бардык багыттагы музейлерге тиешелүү болгон терминдерди жана алардын түшүндүрмөсүн камтыды. Терминдер жана алардын түшүндүрмөсү кыргыз тилиндеги терминдердин музейлерде колдонулушун бирдейлештирүү, системалаштыруу, ыраатташтыруу жана музей кызматкерлеринин ишин жана иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүгө өбөлгө түзүү максатында даярдалды.

Сөздүк музей кызматкерлерине, окуу жайлардын музей таануу факультеттеринин мугалимдерине, студенттерине арналат.

УДК 069(038)
ББК 79.1я2

ISBN 978-9967-14-185-8

© Түз. Белекова Н.С., 2023
© Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору, 2023

## Кириш сөз

Музей – тарыхтын жана табигый объектилердин эстеликтерин, материалдык жана рухий маданият баалуулуктарын изилдеп, жайылтып жана сактап кийинки муундарга өткөрүп берүү милдетин өтөгөн бирден бир мекеме. Кыргызстандагы музейлердин өнүгүшү, жаңы музейлердин ачылышы менен жылдан жылга музейлердин көбөйүшү музей таануу илимин терең изилдөө, музейлердин глобалдык, улуттук, аймактык контексттердеги ролун кайра карап чыгуу, музей ишмердигинин деңгээлин жакшыртуу талабын жаратты. Кыргыз Республикасынын Улуттук тарых музейинин илимий жамааты өлкөбүздөгү музей ишин өнүктүрүү, музейлерди кыргыз тилиндеги музей ишинин тарыхы, теориясы, усулдамасы, музей булак таануусу жана илимий-усулдук адабияттар менен камсыз кылууда өтө маанилүү болгон музей терминдеринин сөздүгүн түзүү чечимин кабыл алды.

Сөздүктү түзүүдө «Музей терминдери» (Москва – 1986), «Актуалдуу музей терминдеринин сөздүгү» (Москва – 2009) жана музей таануу адабияттары пайдаланылып, мындан тышкары музей ишмердигинде пайда болгон жаңы терминдер менен мүмкүн болушунча толукталды. Иштелип чыккан терминдер Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясына караштуу Терминология комиссиясында талкууланды.

Сунуш кылынып жаткан «Музей терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү» музей терминдери боюнча кыргыз тилинде жарык көргөн эң алгачкы китеп. Сөздүк музей ишинде кеңири колдонулган 650дөн ашык терминдерден жана алардын түшүндүрмөлөрүнөн туруп, анда теориялык музей таануу, музей ишинин тарыхы, музейлердин классификациясы, музейлештирүү, музейлерди уюштуруу жана башкаруу, музей таануу билими, тарых жана маданият эстеликтерин калыбына келтирүү, эсепке алуу, фонддук, экспозициялык, илимий-агартуу, илимий-усулдук иштери ж.б. камтылды.

Сөздүктөгү терминдер музей таануунун учурдагы өнүгүүсүнүн деңгээлин чагылдырат, андагы түшүндүрмөлөр музей теориясынын жана практикасынын көйгөйлөрүн жана жетишкендиктерин түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Бул сөздүктүн жарык көрүшү музей ишмердигиндеги иш кагаздарын кыргыз тилинде жүргүзүүдө терминдердин бирдей, так, туура колдонулушун камсыздайт. «Музей терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү» музей ишмердиги үчүн өтө маанилүү.

**Түзүүчү**

## – А –

**АБОНЕМЕНТ** – **абонемент.** Музейде белгиленген убакыт ичинде өтүп туруучу иш-чараларга катышууга укук берген музейдин документи. Анда боло турган иш-чаранын темасы ачылып берилет. Абонемент музейдин илимий-агартуу иштери боюнча иш-кагаздарынын бөлүгү болуп эсептелет.

**АДМИНИСТРАЦИЯ – администрация.** Музейдин жетекчилиги. Түзүмүнө деректир, деректирдин илимий иштер жана административдик-чарбалык иштер боюнча орун басарлары, окумуштуу катчы, башкы сактоочу, башкы бухгалтер кирет. Администрация музейдин бөлүмдөрүнүн иштерин бардык багытта уюштурат жана көзөмөлдөйт, музей кызматкерлеринин адистигине, дасыктыгына жараша илимий эмгектенүүсүн уюштурат. Типтүү эрежелердин негизинде ички тартип эрежелерин түзөт. Эмгек мыйзамдарынын жана эмгекти коргоо эрежелеринин сакталышын көзөмөлдөйт. Администрация музейдин өндүрүш маселелерин чечүү үчүн жана музейдин же анын өзүнчө бөлүмүнүн ишиндеги кемчилдикти жоюу багытындагы иш-чараларды иштеп чыгуу максатында өндүрүштүк-техникалык жана илимий усулдук жыйындарды үзгүлтүксүз өткөрүп турат. Администрация музейдин коомдук уюмдары менен тыгыз иш алып барат.

**АКТ ВНУТРЕННЕЙ ПЕРЕДАЧИ – ички өткөрүп берүү актысы.** Музей предметтеринин жана илимий-көмөкчү материалдардын музей ичинде бир бөлүмдөн башка бөлүмгө пайдалануу, изилдөө, калыбына келтирүү максатында, ал эми бир фондду сактоочудан экинчисине фонддук материалдарды жооптуу сактоо максатында өткөргөндүгүн жана кабыл алгандыгын күбөлөндүргөн юридикалык документ. Актынын формасы жана аны түзүү эрежеси колдонуудагы музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо боюнча нускаманын негизинде түзүлөт.

**АКТ ВЫДАЧИ – берүү актысы.** Музей фондунун предметтери жана илимий-көмөкчү материалдар мекемеге же

адамга туруктуу же убактылуу пайдаланууга берилгендигин күбөлөндүргөн юридикалык документ. Актынын формасы жана аны түзүү эрежеси музейдин колдонуудагы музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо боюнча нускамасына ылайык түзүлөт.

**АКТ ДЕФЕКТНЫЙ – кемтик актысы.** Музей предметтеринин бузулганы же жабыркаганы белгилүү болгон өзгөчө кырдаалда курамы үч адамдан кем эмес атайын комиссия тарабынан түзүлгөн юридикалык документ. Документте келтирилген зыяндын даражасы, себеби, жагдайы, мүнөзү камтылат.

**АКТ НА ПОГАШЕНИЕ – жоюу актысы.** Эски эсепке алуу китептерин эсептен чыгаруу актысы. Мында негизги фондду каттоо китептери, илимий-көмөкчү фондду каттоо же инвентарь китептери эскирип калган учурда мурда коюлган шифрлерин жана номурларын сактоо менен жаңы китепке алмаштырылат. Акт музей баш ийген маданият органынын тескеме катынын негизинде түзүлөт. Актынын формасы жана аны түзүү эрежеси музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо нускамасына ылайык жазылат.

**АКТ НА СПИСАНИЕ – эсептен чыгаруу актысы.** Музей фондунун предметтеринин же илимий-көмөкчү материалдарынын музей жыйнагынан чыгарылгандыгын тастыктаган юридикалык документ. Актынын формасы жана аны түзүү эрежеси колдонуудагы музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо боюнча нускамага ылайык түзүлөт.

**АКТ О ПОВРЕЖДЕНИИ – бузулгандыгы (зыян келтирилгендиги) тууралуу акт.** Музейдин фонддук же калыбына келтирүү комиссиясынын чечиминин негизинде предметтин физикалык абалын тастыктаган юридикалык документ. Документ музейдин предметин калыбына келтирүүгө берүүгө же аны эсептен чыгаруу (музейдин эсеп документинен чыгаруу) үчүн жогорку органдарга кайрылуусуна негиз болот. Актынын формасы жана аны түзүү

эрежеси музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо боюнча нускамага ылайык түзүлөт.

**АКТ О ПРОПАЖЕ – жоголгондугу тууралуу акт.** Музей предметинин же илимий-көмөкчү материалдардын жоголгондугун же уурдалгандыгын тастыктаган юридикалык документ. Музей предметтерин издөө жана күнөкөрлөрдү жоопкерчиликке тартуу үчүн тергөө органдарына берүүгө негиз болуп саналат. Актынын формасы жана аны түзүү эрежеси музейдин колдонуудагы музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо боюнча нускамасына ылайык түзүлөт.

**АКТ ПРИЕМА – кабыл алуу актысы.** Музей баалуулугуна ээ предметтин же илимий көмөкчү материалдын ээсинен музей фондуна киргизүү максатында музей өкүлү туруктуу же убактылуу сактоого кабыл алгандыгын тастыктаган юридикалык документ. Акт аткарылышы үчүн предметти музейге кабыл алууда келген материалдардын пайдалуу экендиги тууралуу фонддук-сатып алуу комиссиясы чечим чыгарып, аны деректир бекитип, музейдин мөөрү басылышы керек. Түзүлгөн акт музей фондуна предметтердин кабыл алынышына жана эсепке алуу документине катталышына негиз болуп эсептелет. Актынын формасы жана аны түзүү эрежеси музейдин колдонуудагы музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо боюнча нускамасына ылайык түзүлөт.

**АКТ ПРИЕМА НА ОТВЕТСТВЕННОЕ ХРАНЕНИЕ – жооптуу сактоого кабыл алуу актысы.** Илимий кызматкер-сактоочунун жаңы келген же мурда түзүлгөн коллекцияны сактоо же илимий иштетүү максатында кабыл алгандыгын тастыктаган юридикалык документ. Акт музейдин деректири же башкы сактоочусу бекиткенден кийин аткарыла баштайт. Актынын формасы жана аны түзүү эрежеси музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо боюнча нускамага ылайык түзүлөт.

**АКТ СВЕРКИ НАЛИЧИЯ ФОНДОВ – фонддордогуларды салыштырып текшерүү актысы.** Бул юридикалык

эсеп документтеринде: негизги жана илимий-көмөкчү фонддордун китептеринде, инвентарь китебинде жазылгандар менен музей фондунда азыр сакталып тургандарды салыштыргандан кийинки жыйынтыгын күбөлөндүргөн юридикалык документ. Фонддордун түгөлдүгүн салыштыруу актысы атайын комиссиянын жана алардын тактыгына жана сакталуусуна жоопту адамдын катышуусунда түзүлөт. Актыга комиссиянын бардык мүчөлөрү, деректир жана башкы сактоочунун колу коюлуп, мөөр басылат. Аны жогору турган мекеме бекитет.

**АКТ ЭКСПЕРТИЗЫ ДРАГОЦЕННЫХ МЕТАЛЛОВ И ДРАГОЦЕННЫХ КАМНЕЙ – баалуу металлдарды жана асыл таштарды экспертизалоо актысы.** Бул баалуу металл менен асыл таштын музей жыйнагында бар экендигин, алардын аныктыгын жана так салмагын (грамм, карат менен) күбөлөндүргөн юридикалык документ. Актынын формасы жана аны түзүү эрежеси баалуу металлдардан жана асыл таштардан турган музей баалуулуктарын сактоо нускамасына ылайык түзүлөт.

**АКТИВНОСТЬ ПОСЕТИТЕЛЯ – келгендердин жигердүүлүгү. 1.** Келгендердин музейге кызыгуусунун мүнөздөмөсү алардын музейге келүү мотиви жана максаттары, кабыл алуусунун мазмуну, келүүсүнүн жыштыгына талдоо жүргүзүүнүн негизинде аныкталат. Келүүчүлөрдүн жигердүүлүгүн жогорулатуу үчүн музейдин аудиториясы менен иштөөнүн бардык формасын жакшыртуу жана келгендердин музей маданиятын жогорулатуу боюнча иш-чаралардын системасын кеңейтүү музей ишинин негизги милдеттерине кирет. **2.** Экспозицияны көрүү процессинин мүнөздөмөсү көрүүчүнүн экспозициянын ар кандай курамдарына – темасына, бөлүмдөрүнө, комплекстерине, өзүнчө предметтерине, тексттерине, архитектуралык-көркөм чечилишинин элементтерине болгон мамилесинен байкалат. Келүүчүлөрдүн жигердүүлүгүнүн жогорулашынын жыйынтыгында экспозицияны чыгармачыл, инсандык ка-

был алуусу артат. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Эспозициянын таасири* терминин караңыз.

**АКТУАЛИЗАЦИЯ НАСЛЕДИЯ – мурасты актуалдаштыруу.** Маданий жана табигый мурастарды сактоо, объекттердин коомдук маданий ролун жандандыруу жана аларды интерпретациялоо жолу менен заманбап маданиятка киргизүүгө багытталган музей ишмердиги. Тажрыйбалык чөйрөдө объекттер баштапкы милдети боюнча, баштапкыдан айырмаланган, бирок объекттин баалуу сапаттарына залал келтирбеген милдети боюнча жана изилдөө максатында колдонулат. Көпчүлүк учурда актуалдаштыруунун артыкчылыкка ээ же жалгыз мүмкүн болгон ыкмасы катары музейлештирүү каралат.

**АНКЕТА ПОСЕТИТЕЛЯ – келүүчүнүн анкетасы.** Бул музейге келгендерге багытталган сурамжылоо баракчасы. Формасы боюнча суроолор экиге бөлүнөт. Эркин түрдө жооп берүүгө ылайыкталганы **ачык** деп, ал эми анкетада берилген бир канча жооптон бирөөнү тандоо менен жооп бергени **жабык** деп аталат. Анкетадагы суроолор мазмуну боюнча **объективдүү** – келгендердин социалдык-демографиялык мүнөздөмөсүн аныктоочу жана **субъективдүү** – келгендердин социалдык психологиялык мамилесин аныктоочу болуп бөлүнөт. Келүүчүнүн анкетасынын темасынын логикалык ырааттуулугу төмөнкүдөй болот: суроолор акырындык менен татаалдаштырылат; абдан оор же жекече суроолор берилбейт; суроолордун түзүлүшү жооп берип жаткан топтун билим деңгээлине ылайыкталат; жооп берүү жашыруун түрдө болот.

**АНКЕТНЫЙ ОПРОС ПОСЕТИТЕЛЕЙ – келгендерди анкеталык сурамжылоо.** Музей таанууну комплекстүү изилдөө үчүн маалымат алуунун негизги жол-жоболорунун бири. Келгендерди анкеталык сурамжылоо алардын социалдык-демографиялык мүнөздөмөсүн, кызыкчылыктарын, баалоосун, жүрүм-турумунун себебин аныктоого мүмкүндүк берет. Келгендерди анкеталык сурамжылоодо

ар бирине анкетанын суроолоруна жазуу түрүндө жооп берүүсү сунушталат. Изилдөөнүн максатына ылайык анкеталык сурамжылоого музей көрөрмандары толугу менен же ар кандай топтор катышат (жалгыз келгендер, окуучулар, кызматкерлер ж.б.). Келгендерди анкеталык сурамжылоонун төмөнкүдөй жолдору бар: изилдөөчүнүн катышуусунда топтук сурамжылоо, изилдөөчүнүн катышуусунда жеке сурамжылоо, аралыктан сурамжылоо.

**АННОТАЦИЯ – аннотация.** Караңыз: *Түшүндүрмө текст.*

**АНСАМБЛЬ ПАМЯТНИКОВ – эстеликтер ансамбли.** Тарыхый, стилдик, композициялык жагынан байланышкан эстеликтердин тобу (имараттар, инженердик курулуштар, монументалдуу сүрөт жана айкел чыгармалары, жашылдандырылган жерлер). Эстеликтер ансамбли даярдалган план аркылуу түзүлөт же белгиленген аймакта убакыттын өтүшү менен калыптанат. Сейилбак-сарайлардын, храмдардын, көчөлөрдүн, аянттардын ж.б. ансамбли бири-биринен айырмаланат.

**АНТРОПОЛОГИЧЕСКИЕ МУЗЕИ – антропологиялык музейлер.** Жыйнагы адамдын келип чыгышын жана жетилип өнүгүүсүн көрсөтүп турган табигый-илимий тармактагы музейлер. Мисалы Москва мамлекеттик университетиндеги антропология музейи эң чоң музейлердин бири болуп эсептелет.

**АППАРАТУРА ДИАПРОЕКЦИОННАЯ – диапроекциялык аппарат.** Экранда сүрөттөрдү (диапроектор аркылуу) же фильмдерди (фильмоскоп аркылуу) көрсөтүүчү оптикалык-механикалык аппарат. Илимий-агартуу иштеринин темасына жараша музейдин көргөзмөсүндө же лекция залында пайдаланылат.

**АППАРАТУРА ЗВУКОВОСПРОИЗВОДЯЩАЯ И ЗВУКОЗАПИСЫВАЮЩАЯ В МУЗЕЕ – музейдеги үн чыгаруучу жана үн жазуучу аппараттар.** Грампластинкаларда жана магнит тасмаларында жазылгандарды угууга арнал-

ган электр-акустикалык аппараттар. Алар тематикалык-экспозициялык планга, экспозициянын сценарийине жана лекция залындагы илимий-агартуу ишинин маанисине жараша музейдин көргөзмөсүндө пайдаланылат. Ал эми үн жазуучу аппараттар фонотекада жана фоножазуулардын жыйнагын комплектөөдө пайдаланылат.

**АППАРАТУРА КИНОПРОЕКЦИОННАЯ – кинопроекциялык аппарат.** Кинопленкага тартылган фильмдерди көрүүгө арналган комплектүү аудиовизуалдык аппарат. Музей көргөзмөсүндө атайын экспозициялык фильмдерди көрсөтүү үчүн колдонулат. Кинозалда кыска жана толук метраждуу көркөм, илимий-популярдуу фильмдер музейдин илимий-агартуу иштеринин темасына жараша көрсөтүлөт.

**АППАРАТУРА СВЕТОТЕХНИЧЕСКАЯ – жарык-техникалык аппараттар.** Бул жалпы экспозицияны же белгиленген бир жерди жарыктандырууну, ошондой эле динамикалык жарык берүүнү камсыздоочу приборлор, системалар. Кандай жарык берилиш керек экендиги экспозициянын көркөм долбоорунун негизинде, анын жумуштук жана техникалык долбоорун түзүүдө иштелип чыгат.

**АППАРАТУРА ТЕЛЕВИЗИОННАЯ – телевизиондук аппарат.** Аудиовизуалдык аппараттар топтому музейде трансляция кылууда колдонулат жана бир же бир канча экспозициялык залдарда жайгашкан экспозициянын ар кандай фрагменттерин жана материалдардын сүрөттөлүштөрүн телеэкрандарда бир убакытта көрсөтүү үчүн пайдаланылат. Телеэкрандар экспозициянын видеолорун көрсөтүү үчүн колдонулат.

**АРХЕОЛОГИЧЕСКИЕ МУЗЕИ – археологиялык музейлер.** Жыйнагы байыркы жана орто кылымдагы адамдар коомунун тарыхын документтештирген тарых тармагындагы музейлер. Археологиялык музейлерге илимий жана көркөмдүк жактан зор мааниге ээ болгон эстеликтери бар

археологиялык казуулар жүргүзүлгөн аймакта түзүлгөн музейлер да кирет. Мындай музейлер тарыхый-маданий корук музейлери деп жарыяланышы мүмкүн. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Эстеликтерди музейлештирүү, Ансамбль-музейлер* терминдерин да караңыз.

**АРХЕОЛОГИЧЕСКИЕ НАХОДКИ – археологиялык табылгалар.** XVIII кылымдын башына чейинки учурга таандык болгон, археологиялык казуулардын жүрүшүндө, чалгындап билүү же топтоо учурунда жана кокусунан табылган табылгалардан, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн калдыктарынан, кээ бир учурларда жазылмалардан, материалдык маданият жана искусство эстеликтеринен турган музей предметтеринин өзгөчө тобу.

**АРХЕОЛОГИЧЕСКИЕ РАСКОПКИ – археологиялык казуулар.** Таш доорунан тартып орто кылымдын аягына чейинки мезгилге таандык болгон материалдарды комплектөө боюнча талаа иштеринин бир түрү. Археологиялык казуулар Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын чечиминин негизинде жүргүзүлөт. Археологиялык казууларды музейдин археологдору же башка мекемелердин илимий-изилдөө кызматкерлери музей менен бирдикте экспедициялык иштерди алып барганда жүргүзөт. Биргелешип иштеген учурда, казылган материалдар изилдөөдөн жана иштетүүдөн өткөндөн кийин, талаа документтери жана отчеттун бир нускасы археологиялык казууларды каржылоого катышкан музейге берилет.

**АРХИВ МУЗЕЯ – музей архиви.** Бул илимий иштин жүрүшүндө илимий-усулдук кызыкчылыкты көздөгөн, документтердин кабыл алынышын, катталышын жана сакталышын камсыздаган музейдин илимий, илимий-көмөкчү бөлүмү. Музейдин архивинде илимий тематикадагы иштердин пландары, музейдин отчеттору, отурумдардын (илимий-кеңештер, илимий, илимий-усулдук конференциялар ж.б.) протоколдору, илимий-изилдөө иштеринин кол жазмалары, экспозициялардын жана илимий иш сапарлардын

отчеттору, экспозициянын жана көргөзмөлөрдүн иш-кагаздары, илимий агартуу иштеринин иш-кагаздары, пикир калтыруу китеби жана башкалар сакталат. Музейдин архивиндеги материалдар музейдин коллекциясынын бөлүгү болуп эсептелет. Музейдин архиви музейдин жетекчилигинин, музей баш ийген жогорку маданият мекемесинин буйруктарынын, тескемелеринин, музей архивинин жобосунун, нускамасынын негизинде иш жүргүзөт.

**АРХИТЕКТУРНО-ХУДОЖЕСТВЕННОЕ РЕШЕНИЕ ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициянын архитектуралык-көркөмдүк чечилиши.** Караңыз: *Экспозицияны көркөм долбоорлоо.*

**АРХИТЕКТУРНЫЕ МУЗЕИ – архитектуралык музейлер.** Архитектуранын жана шаар куруунун заманбап абалын жана тарыхын көрсөтүп турган тармактуу музейлердин тобу. Архитектуралык музейдин түрлөрүнө комплекстер, ансамблдер, өзгөчө тарыхый-архитектуралык баалуулуктагы өзүнчө эстеликтер жана дагы атактуу архитекторлордун өмүр баяны, ишмердүүлүгүнө арналган музейлер, ошол эле учурда мемориалдык музейлер кирет. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Тарыхый-архитектуралык музейлер, Эстеликтерди музейлештирүү, Ачык асман алдындагы музейлер, Ансамбль-музейлер, Эстеликтер музейлери* терминдерин да караңыз.

**АТРИБУЦИЯ – атрибуция.** Предметтин аталышын, максатын, түзүлүшүн, материалын, өлчөмдөрүн, даярдоо ыкмасын, авторлугун, хронологиясын, кайда жаралган жана колдонулгандыгын таап, негизги белгилерин аныктоо. Атрибуциянын жүрүшүндө музей предметинин тарыхый инсандар жана окуялар менен байланышы, белгилүү бир этностук чөйрөгө тийиштүүлүгү белгиленет жана жазуулары чечмеленет. Предметке түшүрүлгөн башка белгилери, маркасы, сакталган деңгээли аныкталып, зыян келтирилгендиги сүрөттөлөт.

**АТТРАКТИВНОСТЬ – аттрактивдүүлүк.** Бул музей предметинин жалпы касиеттеринин бири. Музейди көрүү

учурунда келгендердин көңүлүн өзүнө тарткан предмет. Ал предметтин сырткы көрүнүшүнүн өзгөчөлүгүнө, (формасы, көлөмү, өңү) көркөмдүк, мемориалдык жана тарыхый баалуулугуна байланыштуу болот.

**АУДИОВИЗУАЛЬНЫЕ СРЕДСТВА В ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициядагы укма-көрмө каражаттар.** Кинопроекциялык жана диапроекциялык жабдыктар. Көрсөтүүчү, үн жана видео жазуучу аппараттар жана комплекстүү системалар экспозициянын темасын кеңири ачып берүү, эмоционалдык таасирин жана кабыл алуусун күчөтүү үчүн пайдаланылат.

**АУДИОГИД – аудиогид.** Музейдин экспозициялары, көргөзмөлөр менен өз алдынча таанышуу үчүн колдонулуучу фонограмма, ошондой эле фонограмманы жазуучу аппарат. Адатта аудиогид бир канча аудиофрагменттерден турат. Фрагменттерге номер коюлуп, көрүлө турган жердге, музейдин схемаларына же экспонаттардын номерлерине байланыштырылат. Музейлер үчүн аудиогиддер келүүчүлөргө сунушталуучу тейлем кызматтарынын бири болуп эсептелет.

**АУДИТОРИЯ МУЗЕЙНАЯ – музей көрөрмандары.** Музейге келүүчүлөр. Музей көрөрмандарынын ар түрдүүлүгү же келгендердин категориясы **социалдык-демографиялык** (социалдык топ, жынысы, кесиби, жашы, билим деңгээли, жашаган жери ж.б.), **социалдык-психологиялык** (көз карашы, күткөнү, баалуулуктары ж.б.) жана **жалпы психологиялык** мүнөздөмөлөрдүн (эмоционалдык-умтулуу чөйрөсүнүн өзгөчөлүгү, назар салуусу, эске тутуусу, ой жүгүртүүсү ж.б.) негизинде өзгөчөлөнүп турат. Музей көрөрмандарынын ар түрдүүлүгү алардын экспозицияны ар башкача кабыл алуусу менен мүнөздөлөт. Илимий-агартуу иштеринин заманбап усулдамасы музей көрөрмандарына өзгөчөлөнгөн мамилени алдын алат. Анда экскурсия өткөрүү үчүн анын темасы жана усулдары иштелип чыгат, лекциялар жана музейдин башка иш-чаралары аудиториянын

өзгөчөлүгүнө жараша өткөрүлүүсү талап кылынат. Комплектүү музей таануу изилдөөлөрүнүн жүрүшүндө музей көрөрмандарын иликтөө жана массалык илимий-агартуу ишинин жүрүшүндө музейге өзгөчө кызыгуусу арткан көрөрмандарды калыптандыруу музейлерди өнүктүрүүдөгү эң маанилүү максаттардын бири.

**АУКЦИОН – аукцион.** Бул табигый обьекттерди жана адамдардын социалдык-маданий ишмердигинин натыйжасы болгон предметтерди (искусство чыгармалары, антиквариаттар, мемориалдык предметтер, документтер ж.б.) ачык соода ыкмасы менен сатуу. Эң көп бааны сунуш кылган адам же мекеме предметке ээ болот. Аукцион музей фонддорун комплектөөдө кеңири колдонулат.

**АФИША МУЗЕЙНАЯ – музей жарыя тактасы.** Музейдин ачылышы, музейдин иши, музейдин массалык иш-чарасы жана экспозициялар жөнүндөгү маалыматтарды камтыган бир барак басылма. Жарыя тактада музейдин дареги, ага барууга мүмкүн болгон унаалар, иш-чаранын өтүү убактысы, белеттин баасы жана сатып алуу шарттары көргөзүлөт. Жарыя такта чоң тамгалар менен басылат жана чапталуучу витриналарга ылайыкталат. Жарыя такта музейди жарнамалоочу каражаттардын түрүнө кирет.

## – Б –

**БАННЕР – баннер** (англ. banner – транспарант, желек, лозунг). Чоң тамгалар менен жазылган иш-чаранын аталышы, транспарант; заманбап музей практикасында атайын кагазда же кездемеде тексттин, предметтин, сүрөттүн, ж.б. чоңойтулуп көрсөтүлүшү.

**БИБЛИОТЕКА МУЗЕЯ – музей китепканасы.** Музейдин негизги ишмердигин камсыздаган илимий, илимий-көмөкчү бөлүм. Китепкана музейдин тармактык багытына жана ишмердигинин мүнөзүнө жараша илимий-усулдук, илимий-попуярдуу, музей таануу жана башка чыгарылыш-

тарды (басылмаларды) топтойт. Эсептөө жана адабияттарды сактоо, электрондук илимий-маалымдоо (сурап билүү) баракчасын түзүүнү камсыздайт. Адабияттар менен тааныштыруу, жаңы келген китептер жөнүндө маалымдоо, китеп көргөзмөсүн уюштуруу ж.б. жолдор менен китеп фондун үгүттөө боюнча иш-чараларды жүргүзөт. Музей ишинде китепкана фондун пайдалануу боюнча кеңеш берет.

**БИЕННАЛЕ – биеннале** (итал. biennale – эки жылдык). Ар кандай өлкөлөрдүн жана аймактардын музейлери, ар кандай деңгээлдеги галереялары катышуучу эл аралык маданий оюн-зоок музей иш-чарасы (көргөзмө, конкурс, фестиваль). Эки жылда бир жолу өткөрүлөт жана жалпы девиз (ураан) астында уюштурулат. Биенналенин программасында музей экспозицияларынын басылмаларынын, фильмдеринин, музей тармагындагы архитектуралык-дизайнерлик долбоорлордун конкурстары ж.б. болот.

**БИЛЕТ-СУВЕНИР – белет-сувенир.** Музей жөнүндө маалыматтарды камтыган: расмий аталышын, дарегин, иштөө мөөнөтүн жана музей жыйнагынан кыйла баалуу болгон бир же бир нече музей предметинин сүрөтү түшүрүлгөн музейдин иллюстрацияланган жарнамалык басылмасы. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Музей сувенири, Музей жарнамасы* терминдерин да караңыз.

**БИОГРУППА – биотоп.** Табигый-илимий тармактагы музейлерге жана табигый-илимий экспозицияларга (мисалы, край таануу музейлеринин жаратылыш бөлүмдөрү) мүнөздүү болгон экспозициялык комплекс. Ал жаратылыштагы өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын түрлөрүнүн өзгөчөлүктөрүн чагылдырат. Биотопту экспозиционердин катышуусу менен кеп жасоочу адис жасайт.

**БИОЛОГИЧЕСКИЕ МУЗЕИ – биологиялык музейлер.** Жандуу жаратылыштын өнүгүшүн, ар кандай кубулуштарын жана аларды окуп үйрөнүүдөгү көйгөйлөрдү чагылдырган табигый-илимий тармактагы музейлер тобу. Биологиялык музейлерде чечилген маселелердин катарына

морфология, физиология, өсүмдүктөр жана жаныбарлар систематикасы, алардын түрлөрүнүн өөрчүшү жана жаратылыштын кээ бир аспектери ж.б. кирет.

**БИОПОВРЕЖДЕНИЕ – биозалал.** Бул музей предметтеринин ар кандай жандуу микроорганизмдер (бактериялар, грибоктор), курт-кумурускалар, кээ бир учурларда жаныбарлар (кемирүүчүлөр) аркылуу бузулушу. Биозалалга алдын ала чара көрүү музей предметтерин сактоодо негизги милдеттердин бири болуп эсептелет. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Дезинфекция, Дезинсекция, Фумигация* терминдерин да караңыз.

**БОТАНИЧЕСКИЕ МУЗЕИ – ботаникалык музейлер.** Табигый-илимий тармактагы музейлер тобу. Жыйнагы морфологияны, систематиканы, өсүмдүктөрдүн жайылтылышын жана чарбачылыкта пайдаланылышын көрсөтүп турат.

**БОТАНИЧЕСКИЙ САД – ботаникалык бак.** Табигый-илимий жандуу жаратылыш музейи. Маданий өсүмдүктөрдүн сортторунун көп түрдүүлүгүн жана жаратылыш флорасынын түрлөрүн кеңири көрсөтүү максатында түзүлөт. Өсүмдүктөрдүн түрлөрүн жасалма шартта сактоо (өзгөчө жоголуп бараткан жана сейрек кездешүүчү, өзүбүздүн жерибизде өскөн жана чет жердик өсүмдүктөр флорасы), маданий өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун чыгаруу, сортторду изилдөө жана сыноо, жаратылыш флорасынын түрлөрүн изилдөө, жапайы өсүмдүктөрдү айыл-чарбачылыгында пайдалануу максатында маданий өсүмдүктөрдүн катарына киргизүү жана элди жаратылышка камкордук менен мамиле кылууга тарбиялоо ботаникалык бактын негизги милдети болуп эсептелет.

**БУКЛЕТ – буклет.** Кыска тексти бар иллюстрацияланган жарнамалык музей чыгарылышы. Бир баракка басылып, ширма сыяктуу катарынан бүктөлөт. Экспозицияны, музей жыйнагын, айрым тарых жана маданият эстеликтерин жайылтуу жана музей тууралуу маалымат таркатуу

максатында колдонулат. Буклет түрүндө кыскача жол көрсөткүчтөр, маалыматтык жана жарнамалык эскертмелер, буклеттер-сувенирлер, программалар, чакыруу белеттери чыгарылат.

## – В –

**ВЕДОМСТВЕННЫЕ МУЗЕИ – ведомстволук музейлер.** Ар кандай ведомстволордун карамагындагы музейлер. Жалпы музей функцияларын аткаруу менен бирге министрликтердин, илимий-изилдөө институттардын жана башка музейлерди түзгөн мекемелердин ишмердигине жараша иш алып барышат.

**ВЕРНИСАЖ – вернисаж.** Көркөм сүрөт көргөзмөсүнүн салтанаттуу ачылышы.

**ВЕЩЕВЫЕ ИСТОЧНИКИ – буюм булактары.** Адам жасаган жана белгилүү бир утилитардуулукка ээ болгон музей предметтери. Алардын формасын, материалын, белгилүү окуяларга же адамдарга тиешеси болгондугун тактоо учурунда, буюм булактары ар түрдүү тарыхый окуяларга тиешеси бар экендигин аныктоого мүмкүндүк берген маалымат булагы болуп саналат. Бул аларды музейде пайдалануу үчүн негиз болуп эсептелет. Буюм булактары музей предметтеринин негизги типтеринин бирин түзөт. Алар музей предметтеринин төмөнкүдөй түрлөрүнө бөлүнөт: материалы жагынан – жыгач, айнек, керамика, кездеме, тери, мүйүз, сөөк, темир, пластмасса, таш, седеп, янтарь ж.б., ал эми функционалдуулук жагынан – курал-жарак, коргоочу курал-жарактар, нумизматика, бонистика, фалеристика, сфрагистика, геральдикат ж.б.

**ВИД МУЗЕЙНЫХ ПРЕДМЕТОВ – музей предметтеринин түрү.** Бул музей предметтерин классификациялоо бирдиги. Ар кандай музей предметтеринин түрлөрү бир же бир канча маанилүү белгилерине карата айырмаланып турат (мисалы: материалы, жасоо ыкмасы, функционал-

дык багыты, же кандайдыр бир алардын айкалышы). Музей предметтери маалыматты камтуу ыкмасынын жалпылыгына карата төмөнкүдөй типтерге бөлүнөт: эмеректер, жазма, сүрөттөмө. Типтер өз алдынча түрлөргө бөлүнөт. Мисалы: сүрөттөмө тибинин түрлөрү живопись, графика, скульптура ж.б., эмеректер тиби материалына карата темир, кездеме, жыгач ж.б.

**ВИЗИТНАЯ КАРТОЧКА МУЗЕЯ – музейдин таанытма карточкасы.** Бул жарнамалык-маалыматтык чыгарылыш. Ал музей жөнүндөгү маалыматтарды: расмий аталышын, дарегин, иштөө күндөрүн жана убакытын камтыйт. Кээде таанытма карточкага музейдин сүрөтү да түшүрүлөт. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Музей жарнамасы* терминин караңыз.

**ВИРТУАЛЬНЫЙ МУЗЕЙ – виртуалдык музей 1.** Виртуалдык мейкиндикте гана болуучу, ойлоп табылып, компютердик технологиянын жардамы менен түзүлгөн музейдин модели. Анда реалдуу музейдин кээ бир компоненттери жасалат. Мисалы, «коллекциялардын» каталогдору, «экспозициялар» ж.б. Адатта сайтка кирүүчүлөр менен кайра байланышуу мүмкүнчүлүгүнүн болушу менен айырмаланат. Кеңири чагылдырылган музей предметтеринин сүрөттөрүнүн, үч өлчөмдүү «виртуалдык экспозициянын» болушу экспозиция боюнча виртуалдык саякаттоо жана аны өз алдынча моделдөө мүмкүнчүлүгүн да түзөт.

**2.** Ар кайсы жерде жайгашкан жана коллекцияларды түзбөгөн, тематикалык, аймактык, көйгөйлүк же башка принцип боюнча тандалган артефактарды бириктирген электрондук жарыялоо.

**ВИРТУАЛЬНЫЙ ПОСЕТИТЕЛЬ – виртуалдык келүүчү.** Виртуалдык музейлерди көрүү үчүн же бардык эле музейлердин экспозициялары, каталогдору, жаңылыктары менен таанышуу максатында алардын расмий сайттарына киришкен көп сандаган көрөрмандар. Аларда on-lane же электрондук почта аркылуу музей кызматкерлери менен

байланышуу жана суроолоруна жооп алуу мумкүнчүлүгү бар.

**ВИТРИНА МУЗЕЙНАЯ – музей витринасы.** Экспозициялык материалдарды жайгаштыруу үчүн, алардын сакталышына, корголушуна жана көрүү үчүн ыңгайлуу турушуна ылайыкташкан экспозиция жабдыктарынын элементи. Музей витриналарынын төмөнкүдөй негизги конструктивдүү түрлөрү бар: горизонталдык витрина, тике витрина, стол үстүндө туруучу витрина, дубалга тагылуучу витрина, илинип туруучу витрина, айланта коюлган витрина ж.б. Витринанын ар бир түрү келгендердин назарын өзгөчө мааниге багыттайт жана экспозициалык материалдарды кабыл алуусун уюштурат. Музейдин витриналары типтүү экспозициялык жабдыктардын топтомунун түзүмүнө кирет жана өзгөчө тапшырык менен даярдалат. Экспозициялык материалдар витринада экспозициянын монтаждык баракчасына ылайык жайгашат. Музей витринасынын конструкциясы көргөзмөгө коюлган предметтердин тибине жана мүнөздөмөсүнө ылайык температуралык-нымдуулук жана жарык шарттамдарын сактоого мүмкүндүк түзүүсү керек.

**ВНЕМУЗЕЙНЫЕ ФОРМЫ РАБОТЫ – музейден тышкаркы жумуш формалары.** Музейден тышкары жакта музейдин коллекциясын пайдалануу менен илимий-агартуу иштерин жүргүзүү (музейден тышкаркы экскурсиялар, сырткары иш-чаралар, көчмө көргөзмөлөр).

**ВНЕШТАТНЫЙ СОТРУДНИК – штаттан тышкаркы кызматкер.** Музейдин илимий же өндүрүш бөлүмүнүн убактылуу кызматкери, эмгек келишиминин негизинде эки айдан көп эмес убакытка белгиленген ишти аткаруу үчүн жумушка алынат. Мисалы музей көрүүчүлөрүнүн саны көбөйгөн учурда экскурсоводдорду же көргөзмөнүн көрком долбоорун ишке ашыруу үчүн сүрөтчүнү убактылуу жумушка алууга болот.

**ВОЕННО-ИСТОРИЧЕСКИЙ МУЗЕЙ – аскердик-тарых музейи.** Жыйнагы аскердик өнөрдүн, курал-жарактын,

техниканын жана жабдыктардын топтомунан туруп, аскердик тарыхтын өнүгүшүн көрсөтүп турган тарых тармагындагы музейлер (*Тарых музейлерин* караңыз). Ал жалпы аскердик тарыхка, аскердик иштердин өзүнчө тармактарына (артиллериялык, аскер-деңиздик, авиациялык ж.б.), аскердик бөлүмдөрдүн тарыхына, белгилүү согуштук окуяга жана чыгаан полководецтерге (мемориалдык музейлер) арналган музейлер болуп бөлүнөт.

**ВОЗДЕЙСТВИЕ ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициянын таасири.** Экспозициядагы окуя жөнүндө келгендердин байытылган элестетүүсү анын экспозицияны эмоциялуу түрдө кабыл алуусунан көрүнөт. Ал келүүчүнүн жашоодогу позициясына жана көз карашынын калыптанышына музейдин олуттуу таасир берүүсүнүн натыйжасы болуп эсептелет. Экспозициянын терең таасир берүүсү келүүчүнүн таанып-билүүсүнө, эстетикалык, моралдык-этикалык жана башка керектөөсүнө жараша аныкталат. Андан тышкары экспозициянын өзгөчө курамына, көркөм-архитектуралык чечилишине жана келүүчүнүн умтулуусунун мүнөзүнө, койгон максатына жараша болот.

**ВОЛОНТЕРСТВО – волонтерлук (ыктыярдуулук).** Социалдык, кайрымдуулук жана башка коомдук керектүү максаттарды көздөгөн жана материалдык эмес кызыктыруунун механизминде түзүлгөн эмгек мамилелеринин системасы. Өзүнүн демилгеси менен акысыз негизде иштеген ыктыярчылардын эмгегин колдонуу музейлерди каржылоонун кыйыр түрү болуп эсептелет. Музейлер тигил же бул маселелерди чечүү үчүн ыктыярчыларды тартуу менен алар үчүн жеке өнүгүү жана коомдо таанылуу мүмкүнчүлүктөрүн түзөт.

**ВОСПРИЯТИЕ ЭКСПОЗИЦИИ – экспозицияны кабылдоо.** Көрүнүшкө же окуяга арналган экспозиция тууралуу көрүүчүнүн эмоциялык көркөм элестетүүсүнөн эстетикалык кыжалаттыктын жана ага байланыштуулуктун пайда болушу музей маалыматын жандуу жана тандалма

чагылдыруунун натыйжасындагы көрүүчүнүн экспозицияны кабыл алуусу болуп эсептелет. Экспозицияны кабылдоо экспозициянын түзүлүшүнүн өзгөчөлүгү менен көрүүчүлөрдүн музей маданиятынын деңгээлине, алардын кызыкчылыгына, күткөндүгүнө жана башка инсандык мүнөздөмөлөрүнө карата шартталат.

**ВОСПРОИЗВЕДЕНИЕ – кайра жаратуу.** Бул сырткы көрүнүшүн музей предметинин дал өзүндөй кылуу максатында кайра жасалган предмет. Кайра жаратууга нускалар, көбөйтүү ж.б. кирет. Эгерде предметтин түп нускасы жоголсо, жеткиликсиз болсо же болбосо көргөзмөгө коюу анын сакталуусуна жана коопсуздугуна коркунуч туудурса кайра жаратуу иши жүргүзүлөт.

**ВРЕМЕННОЕ ХРАНЕНИЕ – убактылуу сактоо.** Илимий иштетүүгө же экспозицияга пайдалануу үчүн чектелген убакытка алынган музей предметтерин жана илимий-көмөкчү материалдарды сактоо. Музейлер предметтерди убактылуу сактоого башка уюмдардан, музейлерден жана жеке адамдардан алышат. Убактылуу сактоого кабыл алуу жана берүү музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо нускамасына ылайык жүргүзүлөт.

**ВЫСТАВКА – көргөзмө.** Дайыма экспонаттардын курамы алмашып турган, убактылуу мүнөздөгү соода, өнөр жай, көркөм, музей ж.б. экспозициялар. Көргөзмө туруктуу жерде же көчмө түрүндө болушу мүмкүн. Үзгүлтүксүз көргөзмө өткөрүү менен алектенген же туруктуу көргөзмөлөрдү өткөрүү макамына ээ атайын мекемелер да көргөзмө деп аталышат. Мисалы Москвадагы Эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсү – ЭЧЖК (Выставка достижений народного хозяйства – ВДНХ ). Кошумча маалымат алуу үчүн: *Музей көргөзмөсү* терминин караңыз.

**ВЫСТАВКА ВНЕМУЗЕЙНАЯ – музейден тышкаркы көргөзмө.** Музей усулдарынын жана материалдарынын негизинде, бирок музейден башка жерде - ишканаларда же маданий-агартуу мекемелеринде: маданият үйлөрүндө, ки-

тепканаларда, концерттик залдардын же кинотеатрлардын фойелеринде ж.б. жерлерде түзүлгөн көргөзмө. Музейден тышкаркы көргөзмөнү монтаждоо, демонтаждоо иштерин жана экскурсияларды музей кызматкерлери жүргүзөт. Көргөзмөнү кабыл алган мекеме керектүү жабдыктары бар имарат менен камсыз кылуусу керек жана экспонаттардын сакталуусуна жоопкерчиликте болот.

**ВЫСТАВКА ИЗ ЧАСТНЫХ СОБРАНИЙ – жеке жыйнактан көргөзмө.** Жеке адамдардын, коллекционерлердин музейде катталууда турган предметтеринин жыйнагынын негизинде уюшулган көргөзмө. Көргөзмөгө бүтүндөй бир жеке коллекция же анын өзүнчө предметтери коюлушу мүмкүн. Көргөзмө өтүп жаткан учурга музей жеке адамдардан материалдарды убактылуу сактоого кабыл алат жана алар үчүн материалдык жоопкерчиликте болот. Көргөзмө музей маанисине ээ болгон баалуулуктарды жайылтуу иштеринин жана жеке коллекцияларда турган эстеликтерди маданият жана илим алкагына киргизүүнүн маанилүү формасы болуп эсептелет.

**ВЫСТАВКА МЕМОРИАЛЬНАЯ – мемориалдык көргөзмө.** Кандайдыр бир окуяны же адамды эскерүүгө арналган көргөзмө. Аны түзүүдө түп нуска предметтерди, ошол эле учурда табериктерди (реликвия) пайдаланууга артыкчылык берилет.

**ВЫСТАВКА МУЗЕЙНАЯ – музей көргөзмөсү.** Музей предметтеринен түзүлгөн, маанилүү темага арналган убактылуу музей экспозициясы. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Көргөзмө жабдыктары, Музей көргөзмөлөрүнүн классификациясы* терминдерин да караңыз.

**ВЫСТАВКА НОВЫХ ПОСТУПЛЕНИЙ – жаңы келимдер көргөзмөсү.** Музей көргөзмөлөрүнүн калыптанган түрү. Көргөзмө фондду комплектөө боюнча музейдин иштеринин жалпы мүнөзүн жана багытын чагылдырып, белгилүү бир убакыт ичинде музей жыйнагынын толукталгандыгын көргөзөт.

**ВЫСТАВКА ПЕРЕДВИЖНАЯ – көчмө көргөзмө.** Башка музейлерде, ишканаларда, мектептерде, клубдарда жана башка бир катар жерлерде көрсөтүү үчүн уюштурулат, ушуга байланыштуу музей өзүнүн ишмердиги тараган аймакты кыйла кеңейтет. Көчмө көргөзмөнүн долбоорун түзүүдө жана жабдыктарын иштеп чыгууда музей предметтеринин сакталышын жана коопсуздугун камсыз кылуу керек жана куруу, чечүү, таңгактоо, ташуу шарттары мүмкүн болушунча жеңил болуусун эске алуу керек. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Музейден тышкаркы көргөзмө* терминин да караңыз.

**ВЫСТАВКА ФОНДОВ – фонддор көргөзмөсү.** Музей көргөзмөлөрүнүн калыптанган түрү. Фонддор көргөзмөсүнүн максаты – музей жыйнагын илимий алкакка киргизүү жана музей жыйнагын пропагандалоо, мүмкүн болушунча музей коллекциясын толук көрсөтүү, ар кандай себептер менен экспозицияга кирбей калган музей предметтеринен турган көргөзмө уюштурууну мүмкүн болушунча өнөкөткө айландыруу болуп саналат. Фонддордун көргөзмөсү системалык жана тематикалык экспозициялык усул боюнча түзүлөт.

**ВЫСТАВКА ХУДОЖЕСТВЕННАЯ – көркөм көргөзмө.** Көркөм өнөр чыгармачылыгынын көргөзмөсү. Көркөм өнөр музейлериндеги көргөзмөнүн негизги тиби. Тарых, адабий ж.б. музейлерде көркөм көргөзмө тематикалык болушу мүмкүн, ал көркөм өнөр чыгармалары аркылуу ачылып берилет. Мисалы: «1905-1907-жылдардагы революция көркөм сүрөт өнөрүндө».

**ВЫСТАВОЧНАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ – көргөзмө ишмердиги.** Көргөзмөлөрдү пландоо, түзүү жана пайдаланууга байланыштуу болгон музейдин экспозиция жана илимий-агартуу тармагындагы иштери. Көргөзмө ишмердиги экспозиция ишин толуктайт. Музей жыйнагын кеңири пайдаланууга, тармагын жана багытын толук ачып бергенге, башка музейлерден жана жеке коллекционерлерден мате-

риалдарды алып келүүгө мүмкүндүк берип, олуттуу тематиканы музей ыкмасында ыкчам иштеп чыгып, көрүүчүлөргө сунуштайт. Көргөзмө ишмердиги музейдин коллекциясынын толукталышына, экспозициялык жана илимий-агартуу иштеринин усулдарынын өркүндөшүнө өбөлгө түзөт. Башка музейлер менен көргөзмө алмашуу көргөзмө ишмердигинин бир бөлүгү болуп саналат. Жалпысынан көргөзмө ишмердиги жалпы саны, тематикасы, көргөзмөнүн түрлөрү, көрүүчүлөрдүн саны, түп нуска жана кайра калыбына келтирилген предметтердин катнашы менен мүнөздөлөт. Олуттуу тематикадагы көргөзмөлөрдүн системасын жайылтуу бардык музейлердин өнүгүүсү үчүн маанилүү болуп саналат жана анын социалдык функциясынын толук аткарылышына өбөлгө түзөт.

## – Г –

**ГАЛЕРЕИ – галереялар.** Тематикалык, хронологиялык, жанрлары жана түрлөрү боюнча айырмаланган адистештирилген көркөм коллекциялар. Галереялар көркөм сүрөт музейинин бир түрү же анын бөлүгү болуп эсептелет. Музей ишинин тарыхында галереялардын түзүлүшү көбүнчө көркөм сүрөт музейлеринин пайда болушуна алып келет. XX кылымдан тартып «Галерея» кененирээк түшүнүккө ээ болду. Мисалы, көрүү үчүн жеткиликтүү болгон материалдык маданият эстеликтеринин ар кандай коллекциялары жана искусство чыгармаларынан көргөзмөлөрдө сатуулар өткөрүлүүчү көркөм салондор галерея деп аталат.

**ГЕНЕРАЛЬНОЕ РЕШЕНИЕ – башкы чечим.** Бул экспозициянын көркөм идеясынын алгачкы долбоордо көрсөтүлүшү. Аны экспозициянын сүрөтчүсү түзөт. Анда экспозициянын принциптүү мейкиндиктик, пландаштыруу жана түстүк чечими, экспозиция залдарында бөлүмдөрдүн жайгашуусу, жетектөөчү экспонаттардын жайгашуусу, негизги илимий-көмөкчү материалдардын жана техника-

лык каражаттардын мүнөзү жана орду, экспозициянын жабдыктарын жайгаштыруу чечими, көрүү багытынын системасы, эс алуу зонасынын орду жана экспозициянын негизги маршруту аныкталат. Башкы чечимдин негизинде экспозициянын тематикалык планы жана эскиздик долбоору түзүлөт. Экспозицияны долбоорлоонун заманбап усулу башкы чечимди экспозициянын көркөм концепиясы түрүндө иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

**ГЕОЛОГИЧЕСКИЕ МУЗЕИ – геологиялык музейлер.** Жыйнагы жердин түзүлүшүн жана өнүгүү тарыхын чагылдырып турган табигый-илимий тармактагы музейлер (*Табигый-илимий музейлерди* караңыз). Геологиялык музейлер өз ара дагы тармактарга бөлүнүшү мүмкүн. Мисалы: Москвадагы А.Е. Ферсман атындагы Минералогиялык музей.

**ГЕРАЛЬДИКА – геральдика.** Гербдерди сүрөттөгөн жана изилдеген тарыхый көмөкчү дисциплина. Геральдиканы изилдөөнүн жыйынтыктары музей ишинде кеңири колдонулат. Геральдика төмөнкүдөй тарыхый көмөкчү дисциплиналар менен тыгыз байланышта: генеалогия (герб ата-тегин же уруусун билдирет), сфрагистика, нумизматика (гербдер мөөрлөргө жана моneталарга түшүрүлөт), эпиграфика (гербдерди сүрөттөө үчүн ар кандай материал колдонулат). Эмблематиканын көмөкчү тарыхый дисциплинасынын түзүмүнүн бөлүмү болуу менен гералдика символдор, эмблемалар жана гербдер аралык байланышынын изилденишине өгөчө көңүл бурат. Ошентип герб эмблеманын өзгөчө учуру болот, ал эми эмблема символдун түрүнө кирет. Гербде кандайдыр бир түшүнүктү же көрүнүштү кыйгай көрсөтүүчү символдор же белгилер болот.

Биринчи гербдер Батыш Европада XI-XII кылымдарда пайда болгон. Алардын пайда болушунун себептеринин бири баштан аяк соот кийген рыцарларды таанууга мүмкүн эмес болгондуктан, алардын курал-жарактарына, желектерине өздүк эмблемалары түшүрүлгөн. Геральдика деген

термин немистердин Herold деген сөзүнөн келип чыккан. Батыш Европада Герольд деп рыцардык турнирлердин өтүшүн көзөмөлдөгөн кишини аташкан. Убакыттын өтүшү менен өздүк эмблемалар жана айырмалоочу белгилердин маанилүү мүнөздөмөсү тукумдан тукумга өтүүчүлүк болгон гербдерге айланган.

Герб – бул өзгөчө фигура же символдук сүрөттөлүш болгон эмблема, аныкталган эрежелер боюнча түзүлөт жана адамдын, тукумдун, коомдун, мекеменин, шаардын, аймактын жана бүтүндөй өлкөнүн туруктуу айырмалоочу белгиси катары кызмат кылат.

**ГЛАВНЫЙ ХРАНИТЕЛЬ – башкы сактоочу.** Музейдин илимий-фонддук ишин уюштуруучу кызматкер. Башкы сактоочу музей предметтеринин фонддордо жана музейдин экспозициясында сакталышына жоопкерчиликте болот. Музей предметтерин каттоо, илимий сүрөттөө, сактоо, кайра калыбына келтирүү жана консервациялоо иштерин жетектейт, фондду толуктоо ишин координациялоону камсыздайт, фонддук жана баалоо комиссиясынын курамына кирет, музей фондунун кыймылын жана музей фондун сактоочу жайга келүүчүлөрдүн (изилдөчүүлөр, стажёрлор ж.б.) өтүшүн көзөмөлдөйт. Музей фонддорун сактоо жана эсепке алуу боюнча илимий-усулдук жана илимий-изилдөө иштерин уюштурат. Башкы сактоочуну музей баш ийген маданият мекемеси музейдин деректиринин сунуштамасы менен кызматка дайындайт же бошотот.

**ГЛИПТОТЕКА – глиптотека. 1.** Таштардан чегилип жасалган коллекция. Эрмитажда (Санкт-Петербург) Гемманын кыйла ири коллекциясы бар. **2.** Батыш Европада глиптотека деп музейдеги скульптураларды, айрыкча байыркыларын аташат. Мисалы кыйла белгилүү болгон Мюнхендеги глиптотека.

**ГОЛОВНОЙ МУЗЕЙ – башкы музей. 1.** Бир тармактагы музейлерге илимий-усулдук борбор болгон музей. **2.** Өзүнүн филиалдарына административдик жана илимий-

усулдук жактан жетекчилик кылган музей. **3.** Борборлоштурулган музейлер системасына кирген, ар түрдүү тармактагы музейлердин филиалдарына административдик жана илимий-усулдук жактан жетекчилик кылган музейлер бирикмесиндеги музей. **4.** Белгилүү бир экономикалык аймакка тиешелүү болгон, ошол аймак чегиндеги ар түрдүү тармактагы музейлердин илимий-изилдөө ишмердигин координациялаган музей (башкы аймактык).

**ГОЛОГРАММА – голограмма.** Бул жарык сезгич пластинада же пленкада жазылган предметти объектиден чагылган нурдун таасири менен табигый көлөмүндө көргөзүү. Музейде голограмма предметтин накта өзү тургандай иллюзияны түзгөндүктөн таасирдүү айкындыкка ээ жана кайра калыбына келтирүүчү катары колдонулат.

**ГОРОД-МУЗЕЙ – шаар-музей.** Тарыхый курулуштарын сактап калган жана бирдиктүү организм катары көргөзмөнүн негизги объектиси болгон тарыхый шаар. Шаар-музей жогорку баскычта музейлештирилиши жана маданий туризмге багытталышы менен айырмаланат. «Шаар-музей» деген түшүнүк мааниси жагынан чет өлкөлүк «Шаар-эстелик» деген түшүнүккө жакын. ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк мурас объектилеринин тизмесине 70 чакты шаар-эстеликтер кирет.

**ГОСУДАРСТВЕННЫЕ МУЗЕИ – мамлекеттик музейлер 1.** Мамлекеттик бюджеттен каржыланып, мамлекеттин карамагында болгон музейлер. Алар мамлекеттик музейлер тизмесине киришет. **2.** Титулдук аталышы, ишмердиги жалпы мамлекеттик же жалпы республикалык мааниге ээ болгон музейлер (мисалы: Кыргыз Республикасынын Улуттук тарых музейи).

**ГОСУДАРСТВЕННЫЙ КАТАЛОГ МУЗЕЙНОГО ФОНДА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ – Кыргыз Республикасынын музей фондунун мамлекеттик каталогу.** Кыргыз Республикасынын музейлеринде сакталган, булактардын түрүнө жараша системалаштырылган, тарыхый, материал-

дык жана рухий эстелик болгон музей предметтеринин, коллекцияларынын мазмуну, курамы жөнүндө маалыматтарды камтыган мамлекеттик эсепке алуу документи. Кыргыз Республикасынын музей фондунун мамлекеттик каталогу Кыргыз Республикасынын музейлери жана музей фонду жөнүндө мыйзамына ылайык өлкөнүн музей фондун эсепке алуу жана туура колдонуу максатында түзүлөт.

**ГРУППА МУЗЕЙНЫХ ПРЕДМЕТОВ – музей предметтеринин тобу.** Музей предметтерин классификациялоо бирдиги. Ал бир түрдүн алкагындагы маанилүү белгинин же бир багыттагы түрдүн негизинде түзүлөт. Мисалы: түрү – түстүү металл, топтору – жез, коло, алюминий ж.б. Музей предметтеринин тобу дагы майда топторго бөлүнүшү мүмкүн.

## – Д –

**ДАР – белек.** Мекеменин же жеке адамдын музейдин менчигине коллекцияларды же музей баалуулугуна ээ болгон предметтерди кайтарымсыз берүүсү. Бул музей фондун комплектөөнүн бир түрү болуп эсептелет. Белек кабыл алуу актысы аркылуу жол-жоболоштурулат жана туруктуу сактоого берилет.

**ДАРИТЕЛЬ – белектөөчү.** Музейдин менчигине коллекцияларды же музейлик маанидеги предметтерди берген жеке адам же мекеме. Нускамага ылайык белектөөчүгө предметтерди же коллекцияларды кабыл алуу актысынын үчүнчү нускасы берилет. Кээ бир музейлерде белектөөчүлөрдүн китеби же картотекасы болот.

**ДАТИРОВКА – датасы.** Музей предметинин атрибутунун эң маанилүү элементтеринин бири. Ал предметтин жасалган убакытын жана колдонулган мөөнөтүн көрсөтүп турат.

**ДВОРЕЦ-МУЗЕЙ – музей сарай.** Белгилүү тарыхый же көркөм мааниге ээ болгон, дворецтин же дворецтик-парктык ансамблдин негизинде түзүлгөн музей. Музей

сарайдын ички жасалгасында документтердин негизинде көркөм-тарыхый кырдаал сакталат же кайра калыбына келтирилет, башкача айтканда ансамблдик экспозиция түзүлөт. Мындан тышкары тарыхый-көркөм мүнөздөгү тематикалык жана системалык музей экспозициялары кириши мүмкүн. Мисалы: Санкт-Петербургдагы Михайлов музей сарайы. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Тарыхый-көркөм музейлер, Ансамбль-музейлер* терминдерин караңыз.

**ДЕЗИНСЕКЦИЯ – дезинсекция.** Музейдин предметтеринин сакталуусуна коркунуч келтирген курт-кумурскаларды жок кылууга багытталган чара. Ал механикалык, физикалык жана химиялык болуп бөлүнөт. Курт-кумурскаларга каршы күрөшүүнүн айрыкча ишеничтүү жолу атайын дезинфекциялык камерадагы уулуу газдар менен дезинсекция кылуу болуп эсептелет. Музейде мындай камера жок болсо башка атайын уюмдарга кайрылуу керек. Музей өзүнүн күчү менен камералык же палаталык фумигация кыла алат. Бир далай предметтерге зыян келтирилсе же сактоочу жайдын ар кайсы жагынан: плинтустардын алдынан, текчелерден, полдун жылчыкчаларынан ж.б. жерлерден курт-кумурскалар көрүнө баштаса, имараттын баарына дезинсекция кылуу зарыл. Аны атайын санитардык-эпидемиологиялык станциянын же карантиндик кызматтын фумигациялык тобу жасайт.

**ДЕЗИНФЕКЦИЯ – дезинфекция.** Музейдин предметтерине биозалал келтирүүчү микроорганизимдерди жок кылууга багытталган чара. Микроорганизмдер менен күрөшүүдө алдын алуу жана жок кылуу ыкмалары колдонулат. Музейлердеги микроорганизмдердин өсүшүн жок кылуунун негизги алдын алуу ыкмасы бул температуранын нымдуулук шарттамын сактоо болуп эсептелет. Жок кылуу ыкмасына жогорку жыштыктагы токту пайдалануу, этилен кычкылы жана бром метилинин аралашмасы менен дезкамерада иштетүү, формалин менен камералык дезинфекция кылуу кирет. Музей өзүнүн күчү менен камералык же палаталык фумигация кыла алат.

**ДЕМОНСТРАЦИОННАЯ УСТАНОВКА – демонстрациялык орнотмо.** Бул техника тармагындагы экспозицияга мүнөздүү болгон экспозициялык комплекс. Түп нуска объекттин көрүнбөгөн жактарын, процессин жана аракетинин принцибин толугу менен же жарым-жартылай сымалдаштырган динамикалык системасын көргөзүп турат. Ал түп нуска предметтин негизинде же табигый элементтерди максималдуу колдонуу менен түзүлөт. Политехникалык музейдин экспозициясынан мисалдар: а) айрым элементтери органикалык айнектен жасалган чыныгы ичинен күйүүчү кыймылдаткыч (мотор), бул анын иштөө процессин байкоого мүмкүндүк берет. б) автоматтык телефон станциясынын системасындагы телефон аппаратынын иштөө принцибин көрсөтүүдө колдонулган: анык телефон аппаратынын элементи жана реле АТС.

**ДЕМОНТАЖ – демонтаж.** Экспозицияны же көргөзмөнү ажыратып жыйноо. Ага илимий-кызматкерлер, сүрөтчүлөр, калыбына келтирүүчүлөр, куроочу жумушчулар катышат. Алгач экспонаттар алынат, андан кийин жабдыктарды ажыратуу жүргүзүлөт. Эгерде экспозиция музейдин ичинде болсо, бардык музей предметтери дароо акт аркылуу фондго кайтарылат. Экспозиция музейден тышкары жакта болсо (мисалы көчмө көргөзмө) музей предметтерин дасык таңгактоо, аларды ташууга даярдоо жана аларды музейге кайтаруу иштери уюштурулат. Андан соң көргөзмө жабдыктары көчүрүлөт же кампаларга киргизилет.

**ДЕРЕСТАВРАЦИЯ – кайра калыбына келтирүү, кайра оңдоо.** Бул музей предметин калыбына келтиргенде эски усулду колдонуунун натыйжасында келип чыккан бузулууларын оңдоо иштери. Кээ бир учурларда эски калыбына келтирүү иштеринин издери жок кылынат. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Музей предметтерин калыбына келтирүү усулдамасы терминин караңыз.*

**ДЕТСКИЙ МУЗЕЙ – балдар музейи.** Максаттуу музей көрөрмандарына багытталган музей тибиндеги мекеме.

Билим берүү, тарбия функцияларына артыкчылык берүү менен бирге баланын айлана-чөйрөгө, коомго социалдык адаптация болушун жүзөгө ашырат. Музейде балдардын чыгармачылык жана ойноо ишмердигинин жакшыруусуна түрткү берүүчү музейдин интерактивдик экспозициясы болуусу шарт. Балдар музейи бир эле учурда музей, мектеп, ойноо аянты, чыгармачылык чеберканасы, клуб болуусу менен көп кырдуу иш алып барат. Балдар музейи өз алдынча түзүлүшү мүмкүн, салттуу музейдин курамында бөлүм же филиал укугунда же балдар үчүн маданий жана агартуу мекемелеринин бөлүмү болушу мүмкүн.

**ДЕТСКИЙ МУЗЕЙНЫЙ ЦЕНТР – балдар музей борбору.** Үй-бүлөлүк жана балдар аудиториясы менен иш алып барууга басым жасаган балдар музейинин бөлүмү. Анда ийримдер, студиялар, клубдар, чыгармачылык чеберканалар, лекториялар болот. Балдар музей борбору өзүнүн ишин жүргүзүүдө балдар музейинин экспозициясын колдонот. Кээ бир учурларда өзүнүн экспозицияларын же көргөзмөлөрүн түзөт.

**ДИОРАМА – диорама.** Негизине өзгөчө экспозициялык искусство чыгармалары кирип, фонундагы живопись менен көлөмдүү алдыңкы планды айкалыштырган экспозиция комплекси. Тарых музейлеринде маанилүү тарыхый окуяларды, табигый-илимий тармактагы музейлерде жаратылыш ландшафтын, техникалык музейлерде өндүрүш комплекстерин жаратууда экспозициянын эмоционалдык таасирин күчөтүү максатында диорама түзүлөт жана пайдаланылат. Диораманы көрсөтүүдө динамикалык элементтер жана аудиовизуалдык эффект пайдаланылышы мүмкүн.

**ДИРЕКТОР МУЗЕЯ – музейдин деректири.** Жеке башкаруучулуктун негизинде музейдин илимий, илимий-уюштуруучулук, чарбалык жана каржылык ишмердиги үчүн жооп берген жетекчи. Музейди жетектөө музейдин жобосунун негизинде жүргүзүлөт. Музейдин деректирин музей

баш ийген маданият органы же мекеме жетекчилиги кызматка дайындайт же бошотот.

**ДИСКУРС – дискурс** (англ. discourse – чыгып сүйлөө, ой-пикир). Сүйлөшүүнүн негизги түшүнүктөрүнүн бири. Анда ырааттуу текст менен башка факторлор айкалышат. «Дискурс» термини көп мааниге ээ, алардын баардыгын кыйла жалпылаганы «жашоодон алынган сөз» дегенди түшүндүрөт. Ал лингвистикалык эмес факторлордун (контекст, катышуучулардын максаты, кырдаалга баа бериши, социалдык абал, гендер, жаш курагы ж.б.) таасири менен айтылган маанилердин өзгөрүшүн түшүнүүгө жана сүрөттөөгө мүмкүндүк берет. Башкача айтканда бири-бири менен пикир алмашууда сүйлөшүүнүн бардык түрлөрү колдонулуп, сүйлөшүүнүн, аңгемелешүүнүн, талкуунун негизинде тема андан ары өнүгүп, кеңири ачылат. Музей таанууда музей жана музеологиялык дискурстар бар. **1.** Музей дискурсу – бул музей экспозициясы тууралуу автордун идеясы, музей көрөрмандарынын күткөндөрүн жана иш жүзүндөгүсүн салыштыруусу, ошондой эле музей продуктун презентациялоонун формалары тууралуу бардык «айтылгандардын» маанисине таасир берүүчү ой-пикирлердин жыйындысы. Музейдин ар кандай түрлөрү үчүн дискурс өзүнүн автордук ой-пикирлерининин, идеологиялык позициясынын (мамлекеттик маданий саясат жана музей саясаты) болушу жана музей көрөрмандарынын өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлөт. **2.** Музеологиялык дискурс – музей иши жөнүндөгү сөз ишмердиги. Ошондой эле теориялык ой жүгүртүүнүн алкагындагы музей ишмердиги; музей ишине талдоо жүргүзүү жана сүрөттөө үчүн метатил; музейге байланышкан тарыхый, илимий, мифологиялык, технологиялык жана башка көптөгөн контекстер менен түзүлөт. Музеологиялык дискурс айтылбаган, бирок сүйлөшүүнүн жүрүшүндө козголгон факторлорду камтыйт.

**ДОКУМЕНТИРОВАНИЕ – документтештирүү.** Музейдин социалдык функцияларынын бири. Документтештирүүдө музей предметтерининни жардамы менен музей жый-

нагын өзүнүн тармагына жана музей дүйнөсүндөгү ордуна ылайык изилдеген тарыхый, социалдык же табигый процесстер, кубулуштар максаттуу чагылдырылат. Документтештирүү функциясы артыкча илимий- фонддук иште жана фонддорду илимий комплектөөдө жүргүзүлөт.

**ДОМ-МУЗЕЙ – үй-музей.** Белгилүү окуяга же адамдарга байланыштуу болгон имаратта жайгашкан музей. Жасалгасында документтердин негизинде түзүлгөн мемориалдык же тарыхый жагдай сакталат, башкача айтканда ансамблдик экспозиция түзүлөт. Анда белгиленген окуяга, адамдын өмүр-жолуна, ишмердигине арналган тематикалык экспозиция камтылат. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Мемориалдык музейлер, Ансамбль-музейлер терминдерин да караңыз.*

**ДУБЛЕТ – окшош нускалар.** Баардыгы окшош болгон предметтер. Музейдин жыйнагында бири-бирин кайталаган бир канча музей предметтери болгондо, алардын беш нускасы негизги фондго, калганы алмашуу фондуна берилет.

**ДУБЛИКАТ – жуп нуска.** Караңыз: *кайра жаратуу.*

**ДУБЛИРОВАНИЕ – жуп нускалоо.** Чыгарманын негизин эки эсе көбөйтүү. Бул калыбына келтирүүнүн бир ыкмасы болуп эсептелет.

## – Е –

**ЕДИНИЦА УЧЕТА – эсеп бирдиги.** Музей фондун эсепке алуу жана сактоо нускамасына ылайык, эсепке алуу китебинде биринчи номур менен катталган предмет же предметтер тобу (коллекция, комплект).

**ЕДИНИЦА ХРАНЕНИЯ – сактоо бирдиги.** Фондду сактоочу жайга кирген жана топографиялык каттоодон өткөн предмет же предметтер тобу (коллекция, комплект).

**ЕЖЕГОДНИК МУЗЕЯ – музейдин ар жылдык басылмасы.** Жылына бир жолу чыкчу музейдин басылмасы. Басылма экспедициянын илимий отчетторун, музейди изил-

дөө боюнча жалпы материалдарды, табылган маалымат булактарын жарыялайт жана да маалыматтык билдирүүлөрдү жасайт. Музейдин ар жылдык басылмасы белгиленген тематикалык багытта болушу шарт эмес.

**ЕСТЕСТВЕННОНАУЧНЫЕ МУЗЕИ – табигый-илимий музейлер.** Жыйнагы жаратылышта болуп жаткандарды, жаратылыш менен коомдун байланышын жана табигый-илимий тартиптин өнүгүшүнүн жүрүшүн документтештирген тармактык музейлер тобу. Ага антропологиялык, биологиялык, ботаникалык, геологиялык, зоологиялык, минералогиялык, палеонтологиялык, кыртыштык жана башка музейлер кирет. Мындан тышкары табигый-илимий музейлерге табият музейлери, край таануу музейлеринин жаратылыш бөлүмдөрү, ботаникалык бакчалар, зоопарктар жана атактуу табият изилдөөчүлөргө арналган мемориалдык музейлер кирет. Бул тармактык топко медициналык музейлер да кирет.

## – Ж –

**ЖИВАЯ ЭКСПОЗИЦИЯ – көрсөтмөлүү экспозиция.** Негизи материалдык эмес маданият мурастарынан турган музей экспозициясы. Этнографиялык музейлер үчүн көрсөтмөлүү экспозиция кыйла мүнөздүү, анткени анда өндүрүш процессин, кол өнөрчүлүктү, фольклорду, үрп-адатты көргөзүүгө мүмкүндүк болот. Көрсөтмөлүү экспозициянын сөзсүз болуучу компоненти бул салтты кармаган же сымалдаштырган адамдар болуп эсептелет.

**ЖИВОЙ МУЗЕЙ – көрсөтмөлүү музей.** Материалдык жана материалдык эмес маданий мурастардын баштапкы функцияларын сактоо жана дайыма актуалдаштыруу шарты менен, аларды табигый жана тарыхый-маданий ордунда сактоочу чөйрөлүк музей же музей тибиндеги мекеме. Көпчүлүк учурда көрсөтмөлүү музейлерде музей экспозициялары жана музей ишмердигинин өзүнчө формалары түздөн-түз заманбап калк отурукташкан чөйрөгө кошулуп,

ландшафттарды жана реалдуу социалдык-тиричилик объектилерин (окуу жайлар, ресторандар, мейманканалар, офистер ж.б.) камтыйт. Көрсөтмөлүү музей салттарды гана сактоого умтулбастан, алардын коомдун турмушунда пайдаланылышын жана өнүгүүсүн камсыз кылууга умтулат.

## – З –

**ЗАВЕДУЮЩИЙ НАУЧНЫМ ОТДЕЛОМ – илимий бөлүмдүн башчысы.** Илимий бөлүмдү же секторду жетектеген музейдин кызматкери. Илимий изилдөө жана өндүрүш иштеринин планынын түзүлүшүнө, сапаттуу жана убагында аткарылышына жооп берет. Бөлүмдүн жана музейдин илимий иштерине катышат. Бөлүмдүн кызматкерлерин туура бөлүштүрүүнү жана максатка ылайык пайдалануусун камсыздайт. Бөлүмдүн кызматкерлеринин өндүрүш жана эмгек тартибин, эмгекти коргоону, коопсуздук техникасын, өрткө каршы эрежелерин сактоосун көзөмөлдөйт. Илимий бөлүмдүн башчысын музейдин деректири дайындайт.

**ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛОМ ФОНДОВ – фонддор бөлүмүнүн башчысы.** Караңыз: *башкы сактоочу.*

**ЗАВЕДУЮЩИЙ ФИЛИАЛОМ – филиалдын башчысы.** Өзүнчө бөлүм укугунда иштеген музейдин илимий бөлүмүнүн жетекчиси. Ал бөлүмдүн ишмердигинин бардык түрүнө: илимий, административдик-чарбалык жана каржылык жагын камсыздоого жана уюштурууга жооп берет. Филиалды жетектөө музейдин жана филиалдын жобосунун негизинде жүргүзүлөт. Филиалдын башчысы башкы музейдин деректири менен музей баш ийген маданият мекемесинин макулдашуусунун негизинде кызматка дайындалат же кызматтан бошотулат.

**ЗАВОД-МУЗЕЙ – завод-музей.** Илимдин, техниканын жана индустриянын комплекстик эстелиги болгон өнөр жай ишканасын музейлештирүүнүн негизинде түзүлгөн музей. Өнөр жай музейлеринин тармактык тобуна кирет. Завод-музейде өндүрүш процесстери мүмкүн болушунча

сакталып көргөзүлөт. Мисалы Россиянын Нижнетагиль шаарындагы Урал металлургиясынын тарыхы завод-музейи.

**ЗАКОНОДАТЕЛЬСТВО – мыйзамдар.** Жалпы музейлердин, өзүнчө типтеги жана тармактык музейлердин максатын жана функциясын аныктаган, музей ишиндеги эсепке алуу, сактоо, кайра калыбына келтирүү иштерин, маданият, тарых эстеликтерин колдонууну жана пропагандалоону, музейлер аралык өз-ара карым катнашты жана музей тармагын башкарууну жөнгө салган укуктук ченемдер жыйындысы. Кыргыз Республикасынын музейлер жөнүндө мыйзамдар системасы «Маданият жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын музейлери жана музей фонду жөнүндө», «Тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө» мыйзамдарынан, ага ылайык кабыл алынуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынан жана башка ченемдик укуктук актыларынан, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирүүчү эл аралык келишимдерден турат. Мындан тышкары КР Маданият маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин буйруктарынан, нускамаларынан жана башка актыларынан турат. Ведомстволук музейлер музей баш ийген министрликтердин жана мекемелердин буйруктарынан, нускамаларынын жана башка актыларынын негизинде иш алып барат. Музейлерде чыгарылган жергиликтүү актыларга: жобо, буйруктар, нускамалар ж.б. кирет.

**ЗАКУПКА – сатып алуу.** Бул музей фондун толуктоонун бир түрү. Сатып алуу музейдин сметасында каралып, жогору турган мекеме бекиткенден кийин, мекемелерден же уюмдардан жана жеке адамдардан атайын бөлүнгөн каражаттын негизинде ишке ашырылат.

**ЗАКУПОЧНАЯ ЦЕНА – сатып алуу баасы.** Бул сатып алынган музей предметинин акчалай наркы. Сатып алуу баасы экспертизанын жүрүшүндө жана бааланганына ылайык коюлат.

**ЗАЛ ВВОДНЫЙ – тааныштыруу залы.** Бардык экспозициянын тематикасын жалпылаган формада көрсөтүп, музей көрүүчүсүн кийинки залдардагы экспозицияны бүтүндөй кабыл алуусуна даярдаган экспозициялык зал.

**ЗАЛ ВЫСТАВОЧНЫЙ – көргөзмө залы. 1.** Музей көргөзмөсүн жайгаштырууга ылайыкталып даярдалган жана жабдылган экспозиция залдарынын бири. **2.** Дайыма көргөзмөлөр өтүп туруучу атайын имарат (орун жай). **3.** Дайыма көргөзмө өткөрүү менен алектенген мекеме. Мисалы Москвадагы «Манеж» борбордук көргөзмө залы.

**ЗАЛ КОЛЛЕКЦИОННЫЙ – коллекциялар залы.** Коллекцияларды көргөзмөгө коюуга арналган музейдин экспозициялык залдарынын бири. Анын экспозициясы коллекциялык (системалык) усул боюнча түзүлөт жана алмаштырма, кезектешме болушу мүмкүн.

**ЗАЛ МЕМОРИАЛЬНЫЙ – мемориалдык зал.** Экспозициясы мемориалдык мүнөздө түзүлгөн музейдин экспозициялык залдарынын бири. Башкача айтканда бир адамды же окуяны эскерүүгө арналат. Мемориалдык зал катары көбүнчө адамга же окуяга түздөн-түз байланыштуу болгон имарат колдонулат. Мемориалдык залдын экспозициясы мемориалдык предметтерден, ошол эле учурда таберик экспонаттардан турат.

**ЗАЛ ЭКСПОЗИЦИОННЫЙ – экспозиция залы.** Экспозицияны коюуга арналган музейдин залы. Экспозициянын негизги бөлүнүшү (темасы, доору, бөлүмдөрү ж.б.) залдардын бөлүнүшүнө дал келиши мүмкүн. Музейдин экспозиция залдарынын номенклатурасында киришүү залы, коллекция залы, мемориалдык зал ж.б. болот.

**ЗАМЕСТИТЕЛЬ ДИРЕКТОРА МУЗЕЯ ПО НАУЧНОЙ РАБОТЕ – музейдин деректиринин илимий иштер боюнча орун басары.** Музейдин илимий иштерин жалпы караган, илимий бөлүмдөрдүн ишмердигин илимий-изилдөө, илимий-экспозициялык, фонддук, көргөзмөлүк, илимий-усулдук, илимий-агартуучулук жана басма ишмердиги тармагын түздөн-түз жетектеген музейдин кызматкери. Илимий

иштер боюнча деректирдин орун басары илимий-усулдук кеңешти жана фонддук сатып алуу комиссиясын жетектейт. Музейдин Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын орун басары болот. Деректир жокто анын ордун алмаштырат. Өзүнүн ишмердигин музейдин жобосунун, деректирдин буйруктарынын, деректир бекиткен кызматтык нускаманын негизинде жүргүзөт. Илимий иштер боюнча орун басарды музей баш ийген маданият органы же мекеме жетекчилиги музейдин деректиринин сунуштамасы менен кызматка дайындайт жана бошотот.

**ЗАМЫСЕЛ ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициянын көздөмү.** Экспозициянын максатын, темасын жана коюла турган материалдарын эске алуу менен, боло турган экспозиция жөнүндөгү автордун баштапкы оюу. Экспозициянын көздөмү илимий долбоордо экспозициянын илимий концепциясында чагылдырылат, ал эми көркөм долбоордо экспозициянын көркөм концепциясында көрсөтүлөт. Экспозициянын көздөмү экспозицияны түзүүдө экспозиционер менен сүрөтчүнүн ишин башынан байланыштырууга негиз болуп эсептелет.

**ЗАПИСЬ ВОСПОМИНАНИЙ И РАССКАЗОВ – эскерүүлөрдү жана баяндоолорду жазуу.** Комплектөөнүн бир түрү болуп эсептелет. Анда маалымдоочудан алынган мемуардык мүнөздөгү маалыматтар жана элдик оозеки чыгармачылыктар жазылат. Ал эскерүүлөрдү жана баяндоолорду жазуу китепчесине стенограмма же протокол түрүндө же болбосо үн жазуучу аппараттын жардамы менен жазылат. Маалымдоочунун колу менен күбөлөндүрүлгөн эскерүүлөр, баяндоолор жана үн жазуучу аппаратка жазылгандар музейлик маанидеги материалдар болуп эсептелет.

**ЗАПИСЬ ГРУППОВАЯ – топтук каттоо.** Кенчтер, жеке маанидеги фонддор, бирдей предметтер (мисалы: нумизматикалык коллекциялар, фотоматериалдар ж.б.) көп санда келген учурда колдонулуучу музей материалдарын каттоонун бир түрү. Топтук каттоодо предметтердин тизмеси болушу керек.

**ЗАПИСЬ ПОПРЕДМЕТНАЯ – предметтерди каттоо.** Музей предметтерин каттоо формасы, мында ар бири өзүнчө эсепке алынган бирдик катары эсептелет. Негизги фонддун музей предметтерин каттоодо да бул форма колдонулат.

**ЗАЩИТА ЭКСПОНАТОВ – экспонаттарды коргоо.** Музей предметтеринин жана экспозициядагы илимий-көмөкчү материалдардын кол тийгистигине жана экспозициядагы музей предметтерин сактоо шарттамын туура колдонууга кепилдик берүүчү иш-чаралар системасы.

**ЗДАНИЕ МУЗЕЯ – музей имараты.** Музей жайгашкан имарат, ал музейге ылайыкташтырылат же атайылап курулат. Ылайыкташтырылган имараттардын ичинен тарыхый эстеликтер, архитектуралык жана шаар куруу эстеликтерин бөлүп көрсөтсөк болот. Имарат эстелик катары музейдин тематикасына байланыштуу болгон учурда экспозицияда имараттын тарыхын, анын архитектуралык жана көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн чагылдырууга мүмкүн болот. Музейге имарат тандоодо же аны курууда шаар курулушунун жагдайын эске алуу керек. Музейдин имараты транспорт магистралдарына, башка коомдук жайларга, маданий агартуу мекемелерине, негизги туристтик маршруттарга карата ылайыктуу жайгашуусу анын шаарда же белгиленген региондо анык маданий борбор болуусуна мүмкүндүк түзөт. Музейдин имараты жайгашкан жер жана анын конструкциясы температуранын жана нымдуулуктун өйдө-ылдый болбошун, абанын булганбашын ж.б. музейдин жыйнагына зыян кылуучу жагымсыз факторлордун жок болушун шарттайт. Музейге имаратты ылайыкташтырууда же жаңы имараттын долбоорун түзүүдө вестибюль, экспозициялык залдар, фондду сактоочу жай, администрация, илимий кызматкерлер, сактоочулар иштөөчү орун жайлар, каталог, картотекалар үчүн орун, лекциялык зал, кинозал, коференцзал, китепкана жана окуу залы, чеберканалар, лабараториялар ж.б. пландалат. Айрым учурда бир канча функциялар бир орун жайда болушу мүмкүн.

**ЗООЛОГИЧЕСКИЕ МУЗЕИ – зоология музейлери.** Жыйнагы морфологияны, систематиканы, жаныбарлардын таралышын жана чарбада пайдаланылышын чагылдырган табигый-илимий тармактагы музейлер.

**ЗООПАРК – зоопарк.** Жапайы жаныбарлардын коллекциясын кеңири көрсөтүү үчүн түзүлгөн, өзгөчөлөнгөн табигый-илимий жандуу жаратылыш музейи. Жапайы жаныбарларды (айрыкча сейрек кездешүүчү жана жоголуп бараткан түрү) жасалма шарттарда сактоо, илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү жана адамдарды жаратылышка аяр мамиле кылууга чакыруу зоопарктын негизги милдеттери болуп эсептелет.

## – И –

**ИЗДАНИЯ МУЗЕЙНЫЕ – музей басылмалары.** Музейлерге арналган басылмаларды чыгаруу. Музей басылмаларынын негизги түрүнө: эмгектер, музей ар жылдык басылмасы, жол көрсөткүч, усулдук сунуштамалар, мезгилдүү басылмалар, маалыматтык басылмалар жана илимий-изилдөө мекемелери, архивдер, жогорку окуу жайлар, китепканалар ж.б. менен биргелешип чыгарылган музейдин басылмалары кирет.

**ИЗДАНИЯ МУЗЕЙНЫЕ ИНФОРМАЦИОННЫЕ – маалыматтык музей басылмалары.** Маалыматтык-сурамжылоо же жарнамалык маанидеги музей басылмалары. Музейдин маалыматтык басылмаларынын негизги түрүнө: экспозициянын каталогу, музей коллекциясынын каталогу, көргөзмөнүн проспекти, жол көрсөткүч, маалыматтык кат, библиографиялык көрсөткүч, рефеpативдик жыйнактар жана обзорлор, музейдин жарнамалык басылмалары кирет.

**ИЗДАНИЯ МУЗЕЙНЫЕ ПЕРИОДИЧЕСКИЕ – мезгилдүү музей басылмалары.** Дайыма белгиленген убакытта чыгып туруучу музей басылмасы. Жалпы аты бар, бирдей

таризде катар номурлары менен басылып чыгарылат. Басылмада жаңы булактар илимий жүгүртүүгө киргизилет, музей коллекциясын изилдөө иштеринин жыйынтыгы жарыяланат, музей ишинин теориялык жана усулдук маселелери ачылып берилет, музей таануу адабияты боюнча рецензиялар жана ыкчам маалыматтар көргөзүлөт. Мезгилдүү музей басылмаларына: Эмгектер, Музейдин ар жылдык басылмасы, Край таануу жазмалары, музей иши боюнча журналдар кирет. Мезгилдүү музей басылмаларындагы материалдар музей адистеринин пайдалануусуна арналат. Мезгилдүү басылмаларга музейдин маалыматтык басылмаларынын кээ бир түрлөрү да кирет.

**ИЗДАНИЯ МУЗЕЙНЫЕ ЭЛЕКТРОННЫЕ – музейдин электрондук басылмасы (чыгарылышы).** Музей коллекцияларын электрондук алып жүрүүчүлөрдө презентациялоо формасы. Музей фонддорун илимий жүгүртүүгө киргизүү боюнча музейдин мүмкүнчүлүктөрүн кыйла жогорулатат: музей предметтеринин табылган чөйрөсүн маданий-тарыхый жана этно-социалдык контексте жайгаштырууга мүмкүндүк берет, музей аудиториясын кеңейтет жана музейдин басма ишмердиги арзандайт. Электрондук басылмалар түрүндө музей коллекциялары, виртуалдык экспозициялар жана көргөзмөлөр, материалдык эмес мурастар (каада-салт, үрп-адат жөнүндө видеофильмдер этнографиялык экспедицияда жазылып алынган музыкалар) ж.б. түзүлүшү мүмкүн.

**ИЗОБРАЗИТЕЛЬНЫЕ ИСТОЧНИКИ – сүрөттөмө булактар.** Маалыматты өзүнө камтыган, көрүнүп турган образдын жардамы менен пластикалык искусство каражаттарынын негизинде жасалган музей предметтери. Ал музей предметтеринин негизги типтеринин бири болуп эсептелет. Бул типке музей предметтеринин ар кандай түрлөрү кирет. Мисалы негизи жана техникасы ар кандай болгон живопистин бардык түрлөрү, ар түрдүү материалдардан жасалган тоголок жана жалпак айкелдер (скульптура), бардык

негиздердеги жана ар кандай техникалардагы графика кирет.

**ИЗУЧЕНИЕ МУЗЕЙНОГО ПРЕДМЕТА – музей предметтерин изилдөө.** Музейдин илимий-изилдөө иштеринин негизги багыты болуп эсептелет. Предметтин музейлик мааниге ээ экендиги, анын илимий, көркөм, тарыхый жана мемориалдык баалуулуктарынын табылышы менен аныкталат. Изилдөө предметтерди музейде ар тараптуу пайдаланууга даярдоо максатында жүргүзүлөт. Ал атрибуттоону, классификациялоону, системалаштырууну жана интерпретациялоону өзүнө камтыйт.

**ИМИТАЦИЯ – сымалдаштыруу** (лат. Imitation – тууроо). Кимдир бирөөнү же бир нерсени тууроо, кайра жаратуу. Музей ишинде жаратылыш жана маданий кубулуштарды музей мейкиндигинде мүмкүн болушунча дал келтирип окшоштуруу менен кайра жасоо болуп эсептелет. Музей экспозициясында колдонулуучу ыкмалардын комплекси жаныбарлардын жана куштардын үндөрүн, жаратылыш кубулуштарын (деңиз толкунунун, чагылгандын үндөрү) жана каада-салт, үрп-адат, кол өнөрчүлүктөрдү сымалдаштырууга мүмкүнчүлүк берет. Заманбап музей ишинде сымалдаштыруу өзү кайра калыптануу жөндөмдүүлүгүн жоготкон материалдык эмес маданият мурастарын, каада-салтты, үрп-адатты көргөзүүнүн бир формасы болуп эсептелет.

**ИНВЕНТАРИЗАЦИЯ НАУЧНАЯ – илимий инвентарлаштыруу.** Негизги фондду каттоонун экинчи баскычы. Анда музей предметтерин изилдеп чыккандан кийинки жыйынтыктары жазылат. Илимий инвентарлаштыруу предметтерди музей коллекциясына юридикалык жактан бекитүү жана предмет жөнүндө илимий маалыматтарды коргоо максатында жүргүзүлөт.

**ИНВЕНТАРНАЯ КАРТОЧКА – инвентардык карточка.** Илимий инвентаризациялоо учурундагы музей предметинин илимий баяндалышынын жана катталышынын кө-

мөкчү формасы. Каттоо карточкасы каттоо китебинин графасы боюнча түзүлөт жана каттоо картотекасына кирет.

**ИНВЕНТАРНЫЙ НОМЕР – инвентардык номур.** Каттоо китебиндеги музей предметинин иреттик номуру. Предметке иреттик номур илимий каттоо учурунда коюлат жана ал каттоо белгиси болуп эсептелет.

**ИНЖЕНЕР МУЗЕЯ – музей инженери.** Музейдин административдик-чарбалык бөлүмүнүн кызматкери. Ал музей имаратынын өрт коопсуздугунун жалпы абалына, электр зымдарынын кемчиликсиз болушуна, жылытуунун борбордук системасынын, суу менен жабдуунун жана канализациянын бузулбай иштешине, жылытуучу приборлордун жана экспозициядагы техника каражаттарынын туура колдонулушуна жооп берет. Өзүнүн ишин музейдин жобосунун, деректирдин буйругунун жана деректир бекиткен кызматтык нускаманын негизинде алып барат.

**ИНСТРУКЦИЯ ПО УЧЕТУ И ХРАНЕНИЮ МУЗЕЙНЫХ ЦЕННОСТЕЙ – музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо боюнча нускама.** Маданият министрлигинин системасына кирген мамлекеттик музейлердин жана башка министрликтердин жана мекемелердин музейлеринин фонддорунда сакталган музей предметтеринин катталышын, сакталышын, комплектөө иштеринин жана музей предметтеринин илимий иштетилишинин эрежелерин аныктаган Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин ченемдик документи. Маданият министрлигинин Музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо боюнча нускамасынын негизинде музейлер өздөрүнүн тармагына ылайык, фондду каттоо жана сактоо боюнча өзгөчөлүктөрүнө жараша музей ичинде нускамаларды иштеп чыгышат.

**ИНТЕРАКТИВНОСТЬ МУЗЕЙНАЯ – музей интерактивдүүлүгү.** Музей экспозициясын жакшы өздөштүрүү үчүн өздүк тажрыйба алуусуна, музей коммуникациясы учурунда көрүүчүлөрдүн жигердүү катышуусуна жетишүү максатындагы технология. Ал өзгөчө интерактивдүү чөй-

рөнү (музей экспозициясы же интерактивдүү зоналар) түзүү жолу менен ишке ашырылат. Маданий агартуу ишмердиги (интерактивдүү сабак, театрлаштырылган экскурсия, ролдук оюн) жана коштоп жүрүүчү материалдарды иштеп чыгуу (чыгармачыл тапшырма, интерактивдүү жол көрсөткүчтөр) формаларында колдонулат. Музей ишмердигинде интерактивдүүлүк балдар жана чоңдор аудиториясы менен иштөөдө барган сайын чоң мааниге ээ болууда.

**ИНТЕРВЬЮИРОВАНИЕ ПОСЕТИТЕЛЕЙ МУЗЕЯ – музейге келгендерден интервью алуу.** Көрүүчүлөрдүн музей экспозициясын кабыл алуу деңгээлин изилдөөгө багытталган социалдык-психологиялык изилдөө усулу. Интервью алуу көрүүчү менен максаттуу сүйлөшүү формасында жүргүзүлөт. Маектешүү учурунда анын экспозицияны кабыл алуусунун ар кандай аспектилери тууралуу суроолор берилет. Көрүүчүнүн музейге келүү мотивдери, кызыкчылыгынын мүнөзү, музей предметтерине болгон мамилеси ж.б. аныкталат. Интервьюнун маанисинин негизинде музей ишмердигин арттыруу үчүн сунуштамаларды иштеп чыкса болот. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Байкоо усулу, Келгендерди анкеталык сурамжылоо, Психологиялык эксперимент* терминдерин да караңыз.

**ИНТЕРПРЕТАЦИЯ МУЗЕЙНАЯ – музей интерпретациясы** (лат. interpretatio – түшүндүрүү, чечмелөө). Музей жыйнагынын, экспозициясынын же бүтүндөй бир музей дискурсунун контекстинде маданий жана жаратылыш мурастарынын объектилерин татаал, көп деңгээлдүү интерпретациялоо процесси. Таанып билүү процессинин ажырагыс бөлүгү болуу менен музей интерпретациясы музей предмети менен иштөөнүн бардык этаптарында: фондду комплектөөдөн баштап жарыяланышына жана экскурсияларга чейин кездешет. Таанып билүүнүн илимий усулдарынын негизинде мурастарды интерпретациялоо менен музей өзүнүн социалдык функцияларын жана миссияларын ишке ашырат, маданиятты актуалдаштырат, социалдык

коомдук аң-сезимди калыптандырууга таасир берет. Музей көптөгөн интерпретациялар жана ой-пикирлер мейкиндиги катары карала баштаганда музей интерпретациясы өнүгө баштайт.

**ИНТЕРЬЕР В ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициядагы интерьер.** Ансамблдик экспозициянын негизи катары же тематикалык экспозицияда экспозициялык комплекс катары каралган кандайдыр бир имараттын ичинин пластикалык-мейкиндиктик чечилиши, өзгөрбөстөн болгон турушу же ылайыкталып кайра жасалган абалы.

**ИНТЕРЬЕР МУЗЕЯ – музей интерьери.** Бул музейдин ички мейкиндиги, анын имаратынын архитектурасы жана абалы. Музейдин интерьери музей ишмердигинин мүнөзүнө, архитектуралык мүнөздөмөсүнө жана функционалдык багытына жараша болот. Өзгөчө музейдин көрүүчүлөр келе турган: экспозициялык залдары, лекциялык залы, кинозалы, вестибюль ж.б. залдарынын интерьердик чечилиши өтө маанилүү болуп эсептелет. Экспозициялык залдардын интерьери анын экспозициясынын көркөм-архитектуралык чечилишине, экспозициялык предметтердин мүнөзүнө жана экспозициядагы жабдыктарга жараша аныкталат. Фондду сактоочу жайлардын интерьери музей жыйнагынын сакталышына жана сактоочулардын ишине ыңгайлуу шарттардын болушун камсыз кылат. Башка кызмат орундарынын интерьерлери музейдин кызматкерлери үчүн ыңгайлуу болуусу керек. Атайын музейге арналып курулган имаратта интерьер маселеси музейдин илимий концепциясына жараша алдын ала чечилет. Эгерде музей ыңгайлашылган имаратта жайгашса, музейдин интерьерин иштеп чыгуунун башкы максаты берилген архитектуралык мейкиндикте имараттын ичиндеги бөлүнгөн орун жайлардын функцияларын тандоо болуп эсептелет.

**ИНФОРМАТИВНОСТЬ – маалыматтуулук.** Өзүн маалымат булагы катары көргөзүү касиетине ээ болгон музей предмети. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Маалыматтык потенциал* терминин да караңыз.

**ИНФОРМАЦИОННОЕ ПИСЬМО – маалымат кат.** Республикалык, борбордук, башкы музейлер же маданият мекемеси чыгарган ыкчам мүнөздөгү музейдин басылмасы. Музейдин ишиндеги конкретүү маселе же жумуш тажрыйбасы жазылышы мүмкүн. Маалымат каттар башка тийиштүү музейлерге же мекемелерге жөнөтүлөт.

**ИНФОРМАЦИОННЫЕ ТЕХНОЛОГИИ – маалымат технологиясы.** Комплектөө, сактоо, музейде маалыматты иштеп чыгуу жана анын музейде жана тышкары жакта таркалышын камсыздоочу илимий-техникалык усулдардын, каражаттардын жана ресурстардын жыйындысы. Маалыматтык технологиялар кол эмгегинин түйшүгүн азайтууга, маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн жана аны издөөнүн натыйжасын жогорулатууга (фонддорду компьютерлештирүү, маалымат базасын жана музей сайттарын түзүү), музей экспозициясынын маалыматтуулугун жана коммуникативдүүлүгүн күчөтүү жана дагы санариптик мурасты сактоого багытталат.

**ИНФОРМАЦИОННЫЙ ПОТЕНЦИАЛ – маалыматтык потенциал.** Бул булак таануу талдоосунун жүрүшүндө табылган музей предмети жана ал колдонулган чөйрөсү жөнүндөгү маалыматтардын жыйындысы. Маалыматтык потенциал төмөнкүлөрдөн турат: **а)** предметтин өзүнө таандык маалыматтары (тексти, предметтин бетиндеги жазуулар, мөөрү, энтамгасы, белгилери, сүрөттөлүшү ж.б.); **б)** предметти комплектөөнүн жана изилдөөнүн жүрүшүндө алынган маалыматтар (жаралышынын тарыхы жана белгилүү бир чөйрөгө тийиштүүлүгү, тарыхый инсандар жана окуялар менен байланышы ж.б.); **в)** илимий баяндалышында жана башка ошол типтеги предметтер менен салыштыруунун жүрүшүндө аныкталган предметтин атрибуттук мүнөздөмөсү (көлөмү, салмагы, өңү, материалы ж.б.). Музей предметинин маалымат булагы катары каралышы, анын жалпы касиеттери менен бирге маалыматтуулугун бөлүп көрсөтөт.

**ИСПОЛЬЗОВАНИЕ МУЗЕЙНОГО СОБРАНИЯ – музей жыйнагын пайдалануу.** Музей коллекцияларын маданий жана илимий жүгүртүүгө киргизүүнүн жүрүшүндө музей предметинин билим булагы жана эмоционалдык таасир берүүчү катары мүмкүнчүлүктөрү ишке ашат. Предметтер маалыматтык потенциалына, көп функционалдуулугуна жана көп маанилүүлүгүнө карата негизделет жана аларды илимий изилдөө, билим, тарбиялык, өндүрүштүк жана чыгармачылык максатында колдонууга болот.

**ИССЛЕДОВАНИЕ МУЗЕЕВЕДЧЕСКОЕ – музей таануу изилдөөсү.** Музей таануу илимий билимин иштеп чыгуу процесси музей таануу объектисин изилдөөнүн негизги формасы болуп эсептелет. Музей таанууда эмпирикалык жана теориялык изилдөөлөрдүн деңгээлдери айырмаланат. Эмпирикалык деңгээлде изилдөөнүн негизги усулдары бул – фактыларды чогултуу жана салыштыруу үчүн байкоо жүргүзүү жана эксперимент кылуу болуп эсептелет. Теориялык деңгээлде изилдөөдө логикалык, тарыхый, математикалык жана башка жалпы илимий усулдарды колдонуунун негизинде музей ишиндеги жалпы тенденциялар, мыйзам ченемдүүлүктөр калыптанат. Бул музей таануу изилдөөлөрүнүн комплекстүү дисциплиналар аралык мүнөздө болушун көргөзөт.

**ИССЛЕДОВАНИЕ МУЗЕЕВЕДЧЕСКОЕ КОМПЛЕКСНОЕ – комплекстүү музей таануу изилдөөсү.** Музей ишмердигин ар тараптуу изилдөөдө социологиялык, социалдык-психологиялык, статистикалык жана башка усулдарды бириктирүү жолу колдонулат. Мисалы «Музей жана көрүүчү» темасында социалдык комплекстүү изилдөө жүргүзүү.

**ИСТОРИЗМ – тарыхыйлуулук.** Музей ишмердигиндеги башкы усулияттык принциптердин бири, музей предметтеринде чагылдырылган коомдун жана жаратылыштын өнүгүү тенденцияларын жана мыйзам ченемдерин ачып берүү зарылдыгын өзүнө камтыйт. Предметтерди жана окуя-

ларды алардын тарыхый өнүгүүсүндө карап чыгат. Экспозициялык жумушта тарыхыйлуулук белгилүү бир доордун тарыхый мазмунун илимий жана көркөм өздөштүрүүнү айкалыштырат. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Тарыхый мезгил-ыраат принциби* терминин да караңыз.

**ИСТОРИКО ХРОНОЛОГИЧЕСКИЙ ПРИНЦИП – тарыхый мезгил-ыраат принциби.** Экспозициялык материалдардын топтолушу жана интерпретацияланышы тарых илиминде кабылданган кубулуштардын жана процесстердин мезгил-ыраатына ылайык болушу музей экспозициясын түзүүнүн принциби болуп эсептелет. Экспозиция ишинде тарыхый мезгил-ыраат принциби тарыхыйлуулук принцибин конкреттештирет. Экспозициянын илимий долбоорун түзүүдө тарыхый мезгил-ыраат принцибин пайдалануу музей өзгөчөлүгүн эске алуу менен экспозициянын мазмунун доорлорго бөлүштүрүүгө өбөлгө түзөт. Ал эми экспозициянын көркөм долбоорун түзүүдө мезгилдин же доордун образын көркөм каражаттар менен түзүү үчүн тарыхый мезгил-ыраат принциби колдонулат.

**ИСТОРИКО-АРХИТЕКТУРНЫЕ МУЗЕИ – тарыхый-архитектуралык музейлер.** Бул ансамблдерди, комплекстерди же өзүнчө жарандык жана культтук архитектуранын, элдик жана аскердик-коргоо архитектураларынын эстеликтерин музейлештирүүнүн негизинде түзүлгөн архитектура тармагындагы музейлер. Буларды корук музейлер деп жарыялаcа да болот. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Тарыхый-маданий корук-музейлери, Ансамбль-музейлер, Эстеликтер музейлери, Ачык асман алдындагы музейлер* терминдерин да караңыз.

**ИСТОРИКО-КУЛЬТУРНЫЕ МУЗЕИ ЗАПОВЕДНИКИ – тарыхый-маданий корук музейлери.** Өзгөчө илимий, тарыхый, көркөм баалуулукка ээ деп жарыяланган комплекстердин, ансамблдердин, тарыхый жана маданий эстеликтердин негизинде түзүлгөн музейлер. Корук-музейлердин иштеринин өзгөчөлүгү жана уюштуруу түзүмү

алардын курамында кыймылсыз эстеликтердин, тарыхый калыптанган аларга тиешелүү аймактын (жаратылыш ландшафты же парк), музей **жыйнактарынын** жана музей **экспозицияларынын** болуусу менен аныкталат. Корук музейлердин тармагы эстеликтердин мүнөзүнө байланыштуу болот. Мисалы тарыхый, тарыхый-архитектуралык, табигый, тарыхый-археологиялык, тарыхый-этнографиялык, адабий ж.б. корук музейлери бар. Чоң тарыхы бар аймакта эстеликтердин жана музейлердин негизинде жасалган корук-музейлер өзгөчө топту түзөт. Корук музейлердин негизинде музейлер бирикмелери уюштурулушу мүмкүн.

**ИСТОРИКО-РЕВОЛЮЦИОННЫЕ МУЗЕИ – тарыхый-революциялык музейлер.** Жыйнагы революциялык кыймылдын тарыхын документтештирген тарых тармагындагы музейлер. Тарыхый-революциялык музейлерге белгилүү революциялык окуяларга, революционерлерге, партия ишмерлерине арналган мемориалдык музейлер жана мемориалдар кирет.

**ИСТОРИКО-ХУДОЖЕСТВЕННЫЕ МУЗЕИ – тарыхый-көркөм музейлер. 1.** Архитектура эстеликтеринин негизинде түзүлгөн музейлер жана аларга байланыштуу интерьерден жана өзгөчө тарыхый жана көркөм баалуулуктардан турган музей жыйнагы (караңыз: *Музей сарай).* **2.** Комплекстик тармактагы музейлер. Жыйнагы тарыхты жана белгилүү бир региондун көркөм жашоосун документтештирет.

**ИСТОРИЧЕСКАЯ ЦЕННОСТЬ – тарыхый баалуулук.** Тарыхый окуялар жана процесстер менен байланыштуулугу аныкталган предметтин тарыхый эстелик катары маанилүүлүгү. Ал ошол учурдагы тарыхый окуянын маанилүүлүгүнө, предметтин же документтин тарыхый учурдагы ролуна жана ордуна, предметтин тарыхый булак катары маалыматтуулугуна жараша болот. Предметтин тарыхый байланышын, кайсы учурда кайда жаралган жана кандай чөйрөдө колдонулгандыгын тактоо жана конкреттештирүү, аны илимий иштетүүдө жүргүзүлөт.

**ИСТОРИЧЕСКИЕ МУЗЕИ – тарых музейлери.** Тармактык музейлердин тобу, жыйнагы адамзат коомунун өнүгүү тарыхын документтештирет. Тарых музейлери төмөнкүдөй болуп бөлүнүшөт: жалпы тарыхый (өлкөнүн, крайдын, шаарлардын тарых музейлери), тарыхый революциялык, тарыхый аскердик, археологиялык, этнографиялык, өзүнчө мекемелердин тарыхы, тарыхый окуяларга жана ишмерлерге арналган музейлер, мемориалдык музейлер. Тарых музейлеринин түрүнө корук-музей деп жарыяланган ансамблдер жана тарыхый, археологиялык, этнографиялык комплекстер кирет. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Тарыхый-маданий корук музейлери, Эстеликтерди музейлештирүү, Ансамбль-музейлер терминдерин караңыз*.

**ИСТОРИЧЕСКОЕ МУЗЕЕВЕДЕНИЕ – тарыхый музей таануу.** Музейдин өнүгүшүн, башкача айтканда маданий форма катары музейдин келип чыгышы жана өнүгүүсү, музей тибиндеги мекемелердин, музей таануу ойлорун, музей дүйнөсүнүн калыптануусунун бардык жолдорун анын тарыхый динамикасында изилдөөчү музей таануунун курамынын бир бөлүгү. XX кылымдын ортосуна чейин дүйнөлүк маданияттын тарыхынын алкагында окулуп, изилденген. Азыркы учурда жогорку окуу жайларында тарыхый музей таануу «Музей ишинин тарыхы» окуу дисциплинасы катары окутулат.

**ИСТОРИЯ МУЗЕЙНОГО ДЕЛА – музей ишинин тарыхы.** Музей таануу курамынын бөлүгү. Музейлердин келип чыгышын, өнүгүшүн, музейлер ишинин практикасын, музейлер тармагын жана тарыхтын өнүгүшүнүн түрдүү этаптарында музей ишинин уюшулуусун изилдейт.

**ИСТОЧНИК ПОСТУПЛЕНИЯ – келимдер булагы.** Өздөрүнө тиешелүү болгон музей баалуулугуна ээ предметтерди музейге берген жеке адам, уюм же мекеме. Музей предметин атрибуттоодо келимдер булагын жазуу зарыл.

**ИСТОЧНИК СИСТЕМАТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКТОВАНИЯ – системалык комплектөө булагы.** Ишмердигинин негизи музей жыйнагын системалык комплектөө болгон

мамлекеттик мекеме же коомдук уюм. Системалык комплектөө булагы пландаштыруунун жана комплектөөнүн жүрүшүндө аныкталат. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Комплектөө объекти терминин да караңыз.*

**ИСТОЧНИКОВЕДЕНИЕ МУЗЕЙНОЕ – музей булак таануусу.** Жалпы булак таануу усулдары боюнча жарым-жартылай дал келип, изилдөөнүн максаты жана объекти боюнча айырмаланган музей таануунун бир тармагы. Музей булак таануусу музей жыйнагына кирген булактардын бардык түрүн: предметтерди, жазмаларды, сүрөттөрдү, фото, фоно жана кинодокументтерди изилдеп үйрөнөт. Ошону менен бирге археологиялык, искусство таануу жана башка изилдөөлөрдүн жана сүрөттөөлөрдүн түрлөрүн колдонот. Музей булак таануу изилдөөсүнүн максаты музейде предметтерди илимий жана ар тараптуу пайдаланылышына даярдоо болуп саналат. Булак таануу музей предметин билим булагы жана эмоционалдык таасир берүүчү катары көрсөтөт. Башка предметтер менен бирге музей булак таануусу тарыхый калыптанган же атайын түзүлгөн булактар тобун – коллекцияны, фондду, предметтерди бири-бири менен айкалыштырып, алардын маалыматтык мүмкүнчүлүгүн кеңейтет.

## – К –

**КАДРОПЛАН – кадроплан.** Тематикалык-экспозициялык пландын курамынын бөлүгү. Анда экспозицияда көрсөтүүгө арналган диафильмдердин же диапозитивдер комплектинин кадрларынын мазмуну жана тематикалык ырааттуулугунун тизмеси болот.

**КАДРЫ МУЗЕЙНЫЕ – музей кадрлары.** Музейдин даярдалган, дасыктуу кызматкерлеринин негизги курамы. Музейлерде атайын музей таануу даярдыгынан өткөн, музей кесибине ээ, жогорку билимдүү адистер иштешет. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Музей кызматкерлеринин дасыктыгын жогорулатуу* терминин да караңыз.

**КАРТИННАЯ ГАЛЕРЕЯ – сүрөт галереясы.** Жыйнагы негизинен живопись жана графика чыгармаларынан турган көркөм музей. Ири музейлердеги живопись чыгармаларын көрсөтүүгө арналган бөлүмдөр да сүрөт галереясы деп аталат.

**КАРТОЧКА НАУЧНОГО ОПИСАНИЕ – илимий баяндоо карточкасы.** Караңыз: *инвентардык карточка.*

**КАТАЛОГ ГЕНЕРАЛЬНЫЙ – башкы каталог.** Кабыл алынган илимий классификациянын схемасына ылайык музей жыйнагынын курамын жана мазмунун толугу менен ачып берген музейдин негизги каталогу. Ал музей фондун илимий уюштуруу милдетин аткарат. Башкы каталог музей предметтерин кабыл алуу, сактоо, изилдөө жана аларды кеңири пайдалануу максатында музей предметтери жөнүндө маалыматты илимий классификациялоо процесстерин жеңилдетет. Башкы каталог борбордук музейлерде жана музей бирикмелеринде түзүлөт.

**КАТАЛОГ МУЗЕЙНЫЙ – музей каталогу.** Музей фондун кеңири ачып берүү, чагылдыруу жана аны туура пайдалануу максатында аныкталган принципке ылайык түзүлгөн, системалаштырылган жана аннотацияланган музей предметтеринин тизмеги. Музей практикасында өзүнчө басылма түрүндөгү каталогдор кездешет. Мисалы аныктоочу каталогдор, музей коллекциясынын каталогу, экспозициянын каталогу ж.б. Мындан тышкары карточкалык каталогдор: системалык, тематикалык, предметтик, географиялык, хронологиялык ж.б. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Башкы каталог, Илимий маалымдама аппарат* терминдерин да караңыз.

**КАТАЛОГ МУЗЕЙНЫХ КОЛЛЕКЦИЙ – музей коллекцияларынын каталогу.** Илимий-маалымдоочу мүнөздөгү музейдин басылмасы. Музей коллекцияларынын курамы жөнүндөгү маалыматтардан турат, аларды изилдөөнү жеңилдетет, илимий маалымат алмашууга өбөлгө түзөт. Музей коллекцияларынын каталогу музей предметтеринин аныкталган классификациясынын негизинде түзүлөт.

**КАТАЛОГ ЭКСПОЗИЦИИ – экспозиция каталогу.** Музейдин маалыматтык мүнөздөгү басылмасы. Бардык экспонаттардын системага салынып, аннотацияланган тизмеси. Көбүнчө иллюстрациялардан турат. Музей кызматкерлери жана келүүчүлөр үчүн сунушталат.

**КАТЕГОРИЯ МУЗЕЯ – музей категориясы.** Бул өлкөнүн мамлекеттик музейлер системасындагы негизги фондунун көлөмүнө карата жана келүүчүлөрдүн санына карата аныкталуучу музейдин даражасы. Мамлекеттик музейлер көрсөткүчтөрүнө карабастан борбордук, республикалык жана бириккен музейлер 1-категорияга, аймактык, облустук музейлер 2-категорияга кирет. Ведомстволук музейлерге категория берилбейт.

**КИНОЗАЛ – кинозал.** Музейдин тематикасына жана багытына байланыштуу кинофильмдерди көрсөтүүгө арналган жана ошого ылайыкталып жабдылган жай. Кинозал конференц-зал, лекциялык зал менен бир жайда болушу мүмкүн.

**КИНО-ИСТОЧНИКИ – кино булактары.** Техникалык каражаттардын жардамы менен тартылган жана маалыматтарды динамикалык элестер түрүндө сактоочу музей предметтери. Кино булактарынын төмөнкүдөй түрлөрү бар: негативдер, позитивдер, роликтик пленкалар жана видеомагниттик тасмалар. Кино булактары музей предметтеринин негизги түрлөрүнүн бирин түзөт.

**КЛАД – кенч.** Кокусунан табылган, көбүнчө кымбат баалуу таштардан же металлдардан жасалган, илимий мааниге ээ болгон баалуулуктар. Кенч мамлекеттин менчиги болуп саналат. Кенчти тапкандарга мыйзамда белгилгендей сыйлык төлөнөт. Кенч музейдин фонддоруна берилсе, ал музей жыйнагын комплектөөнүн бир түрү болуп эсептелет.

**КЛАССИФИКАЦИЯ МУЗЕЕВ – музейлер классификациясы.** Бул аныкталган белгилери боюнча музейлердин топторго бөлүнүшү. Музейдин тармагы боюнча классифи-

кацияланышынын аныктоочу белгиси анын конкреттүү илим, өндүрүш тармагы, техника, искусствонун түрү ж.б. менен болгон байланышына ылайык болот жана жыйнактарынын мазмунуна жараша музейлердин айырмачылыктарын чагылдырат. Бул музей фонддорун комплектөө, үйрөнүү, колдонуу багыттары илим, билим жана тарбиялык максатта болушун шарттайт. Музейлер юридикалык абалы боюнча мамлекеттик музейлер жана коомдук музейлер болуп, ишмердигинин көлөмү боюнча республикалык жана жергиликтүү болуп, кайсы ведомствого таандык экенине жараша жана административдик-аймактык жайгашуусу боюнча белгиленген административдик-аймактык же экономикалык райондук болуп бөлүнөт. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Музей тармагы* терминин да караңыз.

**КЛАССИФИКАЦИЯ МУЗЕЙНЫХ ВЫСТАВОК – музей көргөзмөлөрүнүн классификациясы.** Музейлерде көргөзмө ишмердигин уюштурууда музей көргөзмөсү параметрине жараша бир катар төмөнкүдөй топторго бөлүнөт: экспозициялык материалдардын тематикасына, мазмунуна жана мүнөзүнө жараша (монографиялдык көргөзмөлөр, сүрөт көргөзмөлөрү, көркөм өнөр көргөзмөлөрү ж.б.); кайсы жерде жайгашкандыгына жараша (музейден тышкары көргөзмө, көчмө көргөзмө, сыртка чыгып өткөргөн көргөзмө); көргөзмөнүн мөөнөтүнө жараша (экспозиция жана убактылуу көргөзмөлөр). Мындан тышкары музей көргөзмөлөрүнүн калыптанып калган түрлөрү бар. Алар: жаңы келген музей предметтринен көргөзмө, фонддон көргөзмө, жеке жыйнактан көргөзмө, мемориалдык көргөзмө, маарекелик көргөзмө ж.б. Музейлердин көргөзмө иштери жаңы типтеги көргөзмөлөрдүн жаралышына өбөлгө түзөт жана алар усулдук жактан иштелип чыккандан кийин музей практикасында жайылтыла баштайт.

**КЛАССИФИКАЦИЯ МУЗЕЙНЫХ ПРЕДМЕТОВ – музей предметтеринин классификациясы.** Музей предметтеринин кыйла маанилүү белгилери боюнча логикалык жак-

тан бөлүнүшүнө негизделген музей предметтерин илимий уюштуруу системасы. Музей предметтеринин классификациясынын негизги элементтерине: типтери, түрлөрү, топтору кирет.

**КЛАССИФИКАЦИЯ МУЗЕЙНЫХ ФОНДОВ – музей фонддорунун классификациясы.** Караңыз: *сактоо системасы*.

**КЛАССИФИКАЦИЯ МУЗЕЙНЫХ ЭКСПОЗИЦИЙ – музей экспозицияларынын классификациясы.** Бул музейлерде экспозициялык иштерди уюштуруу үчүн маанилүү болгон экспозициялардын параметрине жараша топторго бөлүнүшү. Алар төмөнкүдөй болуп бөлүнөт: максаттары, милдеттери жана дайындалган экспозициялар боюнча (музейдин негизги экспозициялары, окуу экспозициялары, адистер үчүн экспозициялар, эксперименттик экспозициялар ж.б.), музейдин тармагы жана экспозициянын мазмуну боюнча (тарыхый экспозиция, мемориалдык экспозиция, көркөм экспозиция, археологиялык экспозиция, монографиялык экспозиция ж.б.), экспозициялык усул, экспозицияны түзүүнүн принциптери жана конкреттүү экспозициялык ыкма боюнча (тематикалык экспозиция, системалык экспозиция, ансамблдик экспозиция), экспозиция ишинин мөөнөтү боюнча (стационардык экспозиция, убактылуу экспозиция, көргөзмө). Көркөм-архитектуралык чечилиштин мүнөзү дагы музей экспозициясын классификациялоо үчүн маанилүү болот.

**КЛЕЙМО – энтамга.** Бул механикалык түрдө предметке түшүрүлгөн, предметтин материалын, анын жасалышын, географиясын жана хронологиясын, авторун же жасаган адамды аныктоого өбөлгө түзгөн, расмий бир түргө келтирилген белги. Энтамга адатта тамгалардын же цифралардын айкалышынан турат. Энтамганы чечмелөө музей предметин толук жана так атрибуттоого шарт түзөт. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Фабрикалык белги (марка)* терминин караңыз.

**КЛУБ МУЗЕЙНЫЙ – музей клубу.** Илимий-агартуу иштеринин бир түрү. Музей коллекцияларын изилдөөгө болгон жалпы кызыкчылыктарынын негизинде музейге дайыма келүүчүлөрдүн биригүүсү. Музей клубу расмий эмес баарлашуу үчүн абдан ыңгайлуу шарт түзөт жана анын мүчөлөрүнүн шыктуулугуна жараша илимий, техникалык, көркөм чыгармачылык жактан өнүгүүсүнө өбөлгө болот. Музей клубунун ар кандай түрлөрү бар. Алар: тарыхый-революциялык, тарыхый-аскердик, искусство илими, край таануу ж.б. Сабактын программасы музейдин тармагына, музей жыйнагынын мүнөзүнө, катышуучулардын конкреттүү курамына жараша болот. Музей практикасында ар кандай жаштагы мектеп окуучуларын бириктирген окуучулар үчүн клубдар кеңири тараган. Музей клубунун түзүмү секциялык болушу мүмкүн. Клуб ишмердигинин программасы секциялык окуулардын жана клубдун бардык мүчөлөрү катышкан жалпы иш-чаралардын: лекциялардын, тематикалык кечелердин, илимий конференциялардын болуп туруусуна шарт түзөт. Музей клубунун жогорку органы клубдун Кеңеши болуп эсептелет. Аны жалпы чогулушта клубдун мүчөлөрү шайлайт. Клубдун ишин музейдин илимий кызматкерлери жетектейт.

**КНИГА ВРЕМЕННЫХ ПОСТУПЛЕНИЙ – убактылуу келимдер китеби.** Музей фондуна убактылуу сактоого кабыл алынган музей предметтери жана илимий-көмөкчү материалдар катталган юридикалык документ. Музей баалуулуктарын **эсепке алуу** жана сактоо нускамасынын эрежелерине ылайык жол-жоболоштурулат.

**КНИГА ИНВЕНТАРНАЯ – инвентардык китеп.** Музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо боюнча колдонуудагы нускамага ылайык, эсепке алуунун экинчи баскычындагы музей предметтерин изилдөөнүн натыйжалары жазылган юридикалык документ.

**КНИГА ОТЗЫВОВ – пикирлер китеби.** Музейге келгендер өздөрүнүн таасирленүүсүн, сын пикирин жана суну-

шун жазган китеп. Пикирлер китеби музей иштерин талдоого жана жакшыртууга мүмкүндүк берет.

**КНИГА ПОСТУПЛЕНИЙ НАУЧНО-ВСПОМОГАТЕЛЬНОГО ФОНДА – илимий көмөкчү фонддун келимдер китеби.** Илимий көмөкчү фонддун материалдарын каттоочу негизги юридикалык документ. Колдонуудагы музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо нускамасынын эрежелерине ылайык жол-жоболоштурулат.

**КНИГА ПОСТУПЛЕНИЙ ОСНОВНОГО ФОНДА – негизги фонддун келимдер китеби.** Музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо нускамасынын эрежелерине ылайык, каттоонун биринчи баскычында толтурулуучу, музей предметтери катталган негизги юридикалык документ. Кээ бир музейлерде башкы инвентардык китеп деп аталат.

**КНИГА УЧЕТА ПОСТУПЛЕНИЯ МУЗЕЙНЫХ ПРЕДМЕТОВ НА РЕСТАВРАЦИЮ – музей предметтеринин калыбына келтирүүгө түшкөндүгүн каттоо китеби.** Музей предметтеринин калыбына келтирүүгө келип түшкөндүгүн жана калыбына келтирилген предметтердин кайра өткөрүлгөндүгүн каттаган юридикалык документ. Анда предметтин абалы, бузулушунун мүнөздөмөсү жана калыбына келтирүү иштеринин жүрүшү сүрөттөлүп жазылат.

**КНИГА УЧЕТА СЫРЬЕВЫХ НАУЧНЫХ МАТЕРИАЛОВ – чийки зат илимий материалдарын эсепке алуу китеби.** Чийки зат илимий материалдар фондунун предметтерин каттоо үчүн табигый-илимий музейлерде колдонулуучу юридикалык эсеп документи. Музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо нускамасына ылайык жол-жоболоштурулат.

**КНИГИ РЕГИСТРАЦИИ АКТОВ – актыларды каттоо китептери.** Кабыл алуу жана эсептен чыгаруу актыларын каттоо формасы. Актыларды каттоо китеби эки башка: илимий-көмөкчү материалдарды жана музей предметтерин туруктуу кабыл алуу жана өткөрүү өзүнчө, ал эми илимий-көмөкчү материалдарды жана музей предметтерин убактылуу кабыл алуу жана өткөрүү өзүнчө жүргүзүлөт.

Каттап жазуу хронологиялык тартипте жүргүзүлөт. Музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо нускамасынын эрежесине ылайык жол-жоболоштурулат.

**КОЛЛЕКЦИОНИРОВАНИЕ – коллекция жыйноо.** Ар түрдүү артефакттарды жана табигый объекттерди максаттуу чогултуу процесси. Чогултуудан айырмаланып так максат коюлгандыгы, системалаштырууга жана топтолгон материалды изилдөөгө умтулгандыгы менен мүнөздөлөт. Коллекция жыйноо объектилеринин катарына бүгүнкү күнгө чейинки бүткүл дүйнө тарыхында табият жана адамдар жараткан материалдык маданият жана табигый тарых предметтеринин кеңири спектри кирет (XXI кылымдын башталышына карата коллекция жыйноонун 700гө жакын түрү бар экендиги белгиленген). Түрү боюнча (нумизматика, филателия ж.б.), тематикасы боюнча, максаты боюнча (илимий, репрезентативдик) ж.б. айырмаланат. Адатта коллекция жыйноо музей коллекциясынын калыптанышына өбөлгө түзөт.

**КОЛЛЕКЦИОННЫЙ МУЗЕЙ – коллекциалык музей.** Ишмердиги биринчи кезекте кыймылдуу объекттердин коллекциясына негизделген музей. Тарыхта коллекциялык музей чөйрөлүк жана ансамбль-музейлерден мурда калыптанган, кыйла байыркы жана кеңири таралган музей түрү. «Коллекциялык музей» деген термин музей таанууга 1980-жылдардын аягынан баштап, музей сактаган мурастардын тибинин басымдуулугу боюнча музейлерди классификациялоонун кириши менен колдонула баштаган.

**КОЛЛЕКЦИЯ ЛИЧНАЯ – өздүк коллекция.** Музейге сактоого түшкөн жеке менчик коллекция.

**КОЛЛЕКЦИЯ МЕМОРИАЛЬНАЯ – мемориалдык коллекция.** Ар кандай типтеги предметтерден турган, белгилүү бир тарыхый окуяга же инсанга байланыштуу болгон музей коллекциясы.

**КОЛЛЕКЦИЯ МУЗЕЙНАЯ – музей коллекциясы.** Негизги фонддун курамындагы бир бүтүндүк катары илимий

кызыгуу жараткан музей предметтеринин жыйындысы. Бир же бир канча белгилердин – булактардын түрлөрүнө, келип чыгышына жана мазмунуна карата предметтер коллекция болуп топтолот. Музей коллекциясы музей предметтерин сактоону уюштуруунун негизги формасы болуп эсептелет. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Өздүк коллекция, Мемориалдык коллекция, Системалык коллекция, Тематикалык коллекция, Окуу коллекциясы* жана *Жеке коллекция* терминдерин да караңыз.

**КОЛЛЕКЦИЯ ПЕРСОНАЛЬНАЯ – жеке коллекция.** Ар кандай типтеги музей предметтеринен турган, бир инсанга таандык болгон же ал жөнүндөгү маалыматтарды камтыган, инсандын ишмердигинин натыйжасы менен тарыхый калыптанган музей коллекциясы.

**КОЛЛЕКЦИЯ СИСТЕМАТИЧЕСКАЯ – системалык коллекция.** Бир типтеги музей предметтеринен жыйындысынан турган, аныкталган белгиси боюнча классификациясына карата: материалы боюнча, билим тармагына жана этникалык тобуна, аймагына карата топтолгон музей коллекциялары. Системалык коллекциялар көлөмү жагынан ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы: маркалар коллекциясы жана курал-жарактар коллекциясы ж.б.

**КОЛЛЕКЦИЯ ТЕМАТИЧЕСКАЯ – тематикалык коллекция.** Ар түрдүү типтеги музей предметтеринен түзүлүп, алардын баары бириккенде белгиленген бир теманы ачып көрсөткөн музей коллекциясы.

**КОЛЛЕКЦИЯ УЧЕБНАЯ – окуу коллекциясы.** Музей предметтеринен жана илимий көмөкчү материалдардан турган, окуучуларга же студенттерге окуу жана усулдук жардам катары сунушталуучу илимдин, техниканын же маданияттын белгилүү бир тармагынын системасы боюнча топтолгон музей коллекциясы. Окуу коллекциялары көбүнчө жогорку окуу жайлардагы музейлерге мүнөздүү.

**КОЛЛЕКЦИЯ ЧАСТНАЯ – жеке менчик коллекция.** Бир үй-бүлөнүн же жеке адамдын менчигинде болгон музейлик маанидеги материалдар жыйнагы.

**КОМАНДИРОВКА ПО КОМПЛЕКТОВАНИЮ – комплектөө боюнча иш сапар. 1.** Музей фондун илимий комплектөөнүн формасы; музей баалуулугуна ээ болгон предметтерди топтоо максатында иш сапарга баруу. Иш сапар фондду комплектөө боюнча музейдин бекитилген жылдык планына ылайык жүргүзүлөт. **2.** Музей экспедициясын даярдоонун жүрүшүндө аймакты же комплектөө объектин иликтөө максатында да иш сапар уюштурулушу мүмкүн.

**КОМАНДИРОВКИ ПО КОМПЛЕКТОВАНИЮ, ПРОГРАММА – комплектөө боюнча иш сапарлар, программа.** Белгилүү бир комплектөө объктисинде конкреттүү тема боюнча фонддорду комплектөө үчүн илимий иш сапарларды уюштуруунун тартибин, максатын жана милдеттерин чагылдырган документ. Бул документти музей жыйнагын комплектөөнүн планына ылайык музейдин илимий кызматкерлери иштеп чыгат. Документте комплектөө темаларынын туюндурмасы, иш сапарлардын максаттарынын аныктамасы, комплектөө объектилеринин тизмеси, иш сапардын жүрүшүндө иликтелип чогултула турган музей маанисине ээ предметтердин алдын ала такталышы, талаа документтеринин тизмеси, баруучулардын тизмеси жана алардын милдеттери, иш сапардын мөөнөтү камтылат.

**КОМИССИЯ ПО ПРИЕМУ ЭКСПОЗИЦИИ – экспозицияны кабыл алуу комиссиясы.** Музейдин жаңы экспозицияларын (көргөзмөлөрүн) кабыл алуу үчүн деректирдин буйругу менен түзүлгөн атайын комиссия. Анын максаты даярдалган экспозициянын идеялык-теориялык жана илимий мазмунун ар тараптуу талдоо, анын архитектуралык-көркөм чечилишине баа берүү болуп эсептелет. Комиссиянын курамына экспозицияны түзүүгө катышпаган музей кызматкерлери жана комиссиянын жетекчиси болуп деректирдин орун басары кирет. Комиссиянын курамы так сандагы мүчөлөрдөн туруш керек. Комиссиянын ишинин жыйынтыгы музейдин деректири бекиткен экспозицияны кабыл алуу актысы болуп эсептелет.

**КОММЕРЧЕСКАЯ СОСТАВЛЯЮЩАЯ МУЗЕЙНОГО МАРКЕТИНГА – музей маркетингинин коммерциялык курамы.** Көрүүчүлөрдүн керектөөсүн канааттандырууга жана рыноктун болжолдорунун жана изилдөөлөрүнүн негизинде киреше алууга, коомдук институттарды жана маданий эс алуу чөйрөсүн, музейдин ички жана тышкы рыноктук саясатын изилдөөгө, музей продуктун жакшыртуу боюнча иш-чараларды, музейде тейлөөнүн жана товарлардын түрлөрүн иштеп чыгуу, келүүчүлөрдүн маданий талаптарын жана керектөөлөрүн изилдөө, атаандаштыкка туруктуу баа саясатын жүргүзүү, суроо-талаптарды калыптандыруу, келүүгө кызыктыруу, PR жана жарнама иштерин жүргүзүүгө багытталган музей продуктун иштетүү жана уюштуруу системасы.

**КОММУНИКАЦИЯ МУЗЕЙНАЯ – музей коммуникациясы.** Музейде тарых жана маданият эстеликтерин демонстрациялоо жолу менен ишке ашуучу маалымат берүү процесси. Келүүчүлөрдүн экспозицияны кабыл алуусу музей коммуникациясынын негизин түзөт. Музей коммуникациясы түрдүү аспектте каралат – билим берүү, тарыхый, этикалык, баалуулуктук ж.б. Музей коммуникациясын уюштурууда экспозициянын илимий жана көркөм долбоору негизги ролду ойнойт. Анда экспозициянын темасы жана мазмуну чечмеленет. Музей коммуникациясынын жүрүшүндө музей предметтеринин маалыматтык потенциалы ачылып берилип, музейдин тарбия жана билим берүү функциялары ишке ашат.

**КОМПЛЕКС АРХЕОЛОГИЧЕСКИХ НАХОДОК – археологиялык табылгалар комплекси.** Бир археологиялык эстеликтен же эстеликтин ичиндеги объект менен байланыштуу курулуштан, көрүстөндөн, кенчтен табылган археологиялык табылгалардын жыйындысы. Өзүнчө табылгаларга салыштырганда археологиялык табылгалар комплекси аны түзүп турган предметтердин бири-бирин толуктап турушуна жана өзүнчө бир тиричилик чөйрөсүн

көргөзүп турганына байланыштуу өзгөчө илимий, тарыхый жана музей баалуулугуна ээ. Музейде археологиялык табылгалар комплексинен атайын шифри бар өзүнчө коллекция түзүлүшү мүмкүн. Илимий иштетүүдө жана сактоодо анын бүтүндүгү сакталышы керек.

**КОМПЛЕКСНО- ТЕМАТИЧЕСКИЙ ПРИНЦИП – комплекстик-тематикалык принцип.** Ар түрдүү типтеги экспозициялык материалдардын (документтер, предметтер, сүрөттөр ж.б.) бир темага байланыштуу экспозициялык комплекске биригишин болжолдогон жана тематикалык экспозициянын мазмунун ачып берүүнүн ыңгайлуу ыкмасын сунуштаган музей экспозициясын түзүү принциби.

**КОМПЛЕКСНЫЕ МУЗЕИ – комплекстик (топтомдук) музейлер.** Эки же андан көп тармактык топтордун мүнөздөмөлөрүн айкалыштырган музейлер тобу. Комплекстик музейлердин коллекциялары өлкөнүн же аймактын маданий жана табигый мурастарын кыйла толук жана бүтүндөй көрсөтүүгө жөндөмдүү. Комплекстик музейлердин маанилүү бөлүгүн чөлкөм таануу музейлери түзөт. Заманбап музей ишинде бир катар музейлердин түзүмдөрүн татаалдатуу жана аларды көп тармактуу музейлерге айландыруу процесси улануууда.

**КОМПЛЕКТ МУЗЕЙНЫХ МАТЕРИАЛОВ ТЕМАТИЧЕСКИЙ – тематикалык музей материалдарынын комплекти.** Актуалдуу тема боюнча илимий-маалымдама аппаратынан жана белгилүү бир музей жыйнагынан текстттери менен тандалып алынган, кайра жасалган документтик материалдардын топтомунан турган музейдин илимий-усулдук басылмаларынын бир түрү. Ал илимий-усулдук жана маалыматтык максатта, андан тышкары экспозициялык-көргөзмөлүк жана илимий-агартуу маселелерин ыкчам чечүү үчүн колдонулат. Аткаруу техникасына фото, басма, көчүрмө, куйма ыкмалары кирет.

**КОМПЛЕКТ ПРЕДМЕТОВ – предметтер комплекти.** Функционалдык бирдикти түзгөн музей предметтеринин топтому. Мисалы: сервиз, эмерек гарнитуру, жазуу курал-

дары, костюм, открыткалар топтому ж.б. Комплекти эсепке алуу учурунда ар бир предметке эсептик номур берилет, ал эми комплектке таандык экендиги баяндоо бөлүгүндө жазылат. Комплектке жалпы эсептик номур берилиши да мүмкүн, анда ага кирген ар бир предметке биринчи комплекттин номуру, андан кийин предметтин катар номуру жазылат. Эгерде комплект толук болбосо аны толуктоо комплектөөнүн милдетине кирет.

**КОМПЛЕКТОВАНИЕ «ПО ГОРЯЧИМ СЛЕДАМ СОБЫТИЙ» – ыкчам комплектөө.** Негизги максаты кандайдыр бир иш-чара болуп жаткан учурда же ал бүтөөр менен чогултуу иштерин уюштуруу жана өткөрүү болгон ыкчам комплектөө ыкмасы. Мисалы: курултайларда, конференцияларда, объекттердин ачылышында ж.б. ушул сыяктуу иш-чараларда чогултуу ишин жүргүзүү.

**КОМПЛЕКТОВАНИЕ МУЗЕЙНОГО СОБРАНИЯ НАУЧНОЕ – музейдин илимий жыйнагын комплектөө.** Музей иштеринин негизги багыттарынын бири. Максатка ылайык пландаштырылган, музей таануунун жана профилдик дисциплинанын усулияттык принциптерине таянган музей жыйнагын толуктоо үчүн музей баалуулугуна ээ болгон предметтерди табуу жана чогултуу процесси. Музейдин документтештирүү функциясын ишке ашырууда музей жыйнагын комплектөө негизги шарт болуп эсептелет.

**КОМПЛЕКТОВАНИЕ СИСТЕМАТИЧЕСКОЕ – системалык комплектөө.** Бул музей фондун комплектөө усулу. Анын жардамында системалык комплектөөнүн аныкталган булактарынан музей коллекциясын бир типтеги музей предметтери менен мезгил-мезгили менен толуктоо иши жүргүзүлөт. Системалык комплектөө менен тематикалык комплектөө айкалышып колдонулушу мүмкүн.

**КОМПЛЕКТОВАНИЕ ТЕКУЩЕЕ – утурумдук комплектөө.** Музейге предметтерди сатып алуу, музей предметтерин алмашуу, туруктуу сактоого предметтерди кайта-

рымсыз алуу, белекке алуу, музей үчүн сүрөтчүлөргө түп нускаларды жана көчүрмөлөрдү жасатуу жана башка системалык комплектөөнүн бардык формаларын бириктирген музей жыйнагын комплектөөнүн бир багыты.

**КОМПЛЕКТОВАНИЕ ТЕМАТИЧЕСКОЕ – тематикалык комплектөө.** Белгиленген темага байланыштуу окуяларды жана процесстерди изилдөөгө шарт түзгөн музей фонддорун комплектөө усулу. Анын негизинде музей коллекцияларын түзүү жана толуктоо максатында белгиленген теманы кыйла толук жана ар тараптуу чагылдырган музей баалуулугуна ээ предметтерди табуу жана топтоо иштери жүргүзүлөт. Тематикалык комплектөө менен системалык комплектөөнү айкалыштырып иштесе болот.

**КОМПЛЕКТОВАНИЯ КООРДИНАЦИЯ – комплектөөнү координациялоо.** Кыргыз Республикасынын музей фонддорунун рационалдуу калыптанышын камсыздоо максатында бир тармактуу музейлердин фонддорун же аймактын, ведомствонун алкагындагы ар тармактагы музейлердин фонддорун комплектөө пландарын түзүүдө өз ара макулдашуу. Комплектөөнү координациялоону башкы музейдин жетекчилиги ишке ашырат. Толук маалымат алуу үчүн: *Музей ишин координациялоо терминин караңыз.*

**КОМПЛЕКТОВАНИЯ МЕТОДЫ – комплектөө усулдары.** Музей жыйнагын илимий комплектөөнү уюштуруу жана пландоо ыкмаларынын системасы. Тематикалык комплектөө жана системалык комплектөө заманбап музей таануудагы негизги усулдар болуп эсептелет.

**КОМПЛЕКТОВАНИЯ НАУЧНАЯ КОНЦЕПЦИЯ – комплектөөнүн илимий концепциясы. 1.** Музей тармагындагы ордуна жана профилине ылайык музей фонддорун комплектөө усулу, формасы, багыты, максаты жана идеясы жөнүндөгү системалаштырылган жалпы түшүнүк. Ал музей жыйнагын түзүү боюнча музейдин ар кандай бөлүмдөрүнүн иштерин координациялоо үчүн негиз болот. **2.** Комплектөөнүн илимий концепциясын камтыган или-

мий документ. Аны музейдин жамааты иштеп чыгат. Концепция комплектөөнүн программасын жана планын түзүү үчүн негиз болот.

**КОМПЛЕКТОВАНИЯ ПЛАН – комплектөө планы.** Ишти аткаруучуларды жана иштин мөөнөтүн аныктаган, комплектөөнүн аймактарын, формасын, усулун, комплектөө объектилерин жана булактарын көрсөтүп, музей фонддорун комплектөөнүн тематикасын ачып берүүчү документ. Комплектөө планы узак мөөнөткө (5-10 жылдык) же кыска мөөнөткө (1 жыл, 6 ай ж.б.) болушу мүмкүн. Комплектөө планын музей жыйнагын илимий комплектөөнүн концепциясына ылайык тийиштүү музей кызматкерлери иштеп чыгышат жана музейдин деректири бекитет.

**КОМПЛЕКТОВАНИЯ ПРОГРАММА – комплектөө программасы.** Музей жыйнагын комплектөөнүн илимий концепциясына ылайык комплектөөнүн негизги принциптеринин түшүндүрмөсү, максаты жана милдеттери камтылган документ.

**КОМПЛЕКТОВАНИЯ ФОРМЫ – комплектөө формалары.** Музей жыйнагын комплектөөнү уюштуруунун түрлөрү. Экспедициялар, музей фондун комплектөө боюнча илимий иш сапарлар, музей фондун комплектөөнүн болуп туруучу ар кандай түрлөрү заманбап музей таанууда комплектөөнүн негизги формалары болуп эсептелет.

**КОНВЕНЦИИ ЮНЕСКО ПО ОХРАНЕ КУЛЬТУРНОГО И ПРИРОДНОГО НАСЛЕДИЯ – юнесконун маданий жана табигый мурастарды сактоо боюнча конвенциясы.** Дүйнөлүк маданий жана табигый мурастардын кыйла баалуу объекттерин табууга жана сактоого багытталган эл аралык документтер. Конвенция 1972-жылы «Бүткүл дүйнөлүк тарыхый-маданий жана табигый мурастар» деген түшүнүктү киргизип, ага кирген мамлекеттердин милдеттерин, тандоо критерийлерин жана ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк мурастар тизмесине объектилерди киргизүү эрежесин аныктаган. 2003-жылы ЮНЕСКО «Материалдык эмес маданий

мурастарды сактоо боюнча эл аралык конвенциясын» кабыл алган.

**КОНДИЦИОНИРОВАНИЕ ВОЗДУХА – абаны кондициялоо.** Экспозицияда жана фондду сактоочу жайларда температуралык-нымдуулук шарттамын сактоо жана ошол эле учурда атайын жабдыктардын – кондиционерлердин жардамы менен абаны чаңдан жана зыяндуу кошулмалардан (заттардан) тазалоо.

**КОНСЕРВАЦИЯ ВРЕМЕННАЯ – убактылуу консервация.** Бул калыбына келтирүү жана консервация кылууга чейин музей предметинин бузулушун алдын алууга багытталган кечиктирилгис чара. Көбүнчө археологиялык казуулардан табылган, музейден тышкары жакта өткөн көргөзмөдө зыян келтирилген, экспедиция учурунда топтолгон ж.б. предметтер убактылуу консервация кылынат. Табигый-илимий музей препаратынын технологиясында убактылуу консервация фиксация стадиясына туура келет.

**КОНСЕРВАЦИЯ МУЗЕЙНЫХ ПРЕДМЕТОВ – музей предметтерин консервациялоо.** Музей предметтеринин узак сакталуусун камсыз кылууга багытталган иштер. Консервация музей предметтеринин бузулуу себептерин алдын алат. Алардын материалдарын жана бузула турган түзүмүн чыңдайт, деформацияланган жана техникалык жактан зыяндуу болгон заттарды жок кылат. Консервациянын милдетине предметтерди сактоодо жана көргөзмөгө коюуда жарык берүү ченемин жана температуралык-нымдуулук шарттамын аныктоо кирет.

**КОНТЕКСТ – контекст.** (лат. contextus – текст, байланыш, биригүү) – тил илиминде талдоо үчүн тандалган бирдикти камтыган, ошол бирдиктин маанисин аныктоо үчүн зарыл жана жетиштүү, мааниси жагынан толук болгон жазма же ооз эки сөздүн бир бөлүгү. Музей ишинде контекст түшүнүгү жалпы маданий, илимий, коллекциялык, экспозициялык жана башка музей предметинин баалуулуктарынын калыптануу механизмдерин түшүнүү үчүн керек. Музей предметинин, экспонатынын же алардын жы-

йындысынын (коллекциялар, экспозициялык комплекстер) маанилүүлүгү көп факторлор менен, ошол эле учурда кыйла чоң түзүмдөрдөгү алардын орду аркылуу, башкача айтканда контекстер менен аныкталат. Экспозиция комплекси экспозициянын контекстинде, өзүнчө экспонат экспозициялык комплекстин контексинде, этикетка же аннотация ушул жааттагы социалдык шартталган билимдин контексинде белгиленген мааниге ээ болушат. Текст менен контексттин өз ара мамилеси музей интерпретациясынын негизи болуп эсептелет.

**КОНФЕРЕНЦ ЗАЛ – конференц зал.** Конференциялар, илимий окуулар, тематикалык кечелер жана башка массалык иш-чараларды өткөрүүгө арналган музейдин орун жайы (имараты). Ал кинозал жана лекциялык зал менен бир орун жайда болушу мүмкүн.

**КООРДИНАЦИЯ МУЗЕЙНОЙ РАБОТЫ – музей ишин координациялоо.** Музей тармагынын иштеринин таасирдүүлүгүн жогорулатуу максатында бардык ведомстволук жана тармактык музейлердин илимий-изилдөөчү, илимий-усулдук, илимий-фонддук, экспозициялык, массалык илимий агартуу иштерин туура уюштуруу. Музей ишин координациялоо координациялык пландын, өз ара маалымат алмашуунун, чогулуш, семинар өткөрүүнүн негизинде ишке ашат. Кыргыз Республикасында музейлерди Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин алдындагы Маданий мурастарды сактоо жана өнүктүрүү башкармалыгы координациялайт. Координация боюнча аймактык, облустук, крайлык музейлер өздөрүнүн ишмердигин ошол аймактын чегинде жүргүзүшөт. Тармактык координациялык кеңештер өзүнүн тармагына ылайык музей ишмердигин координациялаган борбордук музейлерде түзүлөт.

**КОПИЯ – көчүрмө.** Бул предметти дал өзүндөй кылып көрсөтүү үчүн же түп нусканы кайталоо, алмашуу максатында жасалган предмет. Көчүрмө көчүрүүнүн максаты

жана милдеттери жагынан маанилүү болгон түп нусканын өзгөчөлүктөрүн мүмкүн болушунча так өзүндөй кылып кайра жасайт. Көчүрмөлөр кайра жасалган белгилүү искусство чыгармалары катары тарых жана маданий эстеликтер деп эсептелип, музей предметтери катары негизги фондго кириши мүмкүн.

**КОРПОРАТИВНЫЕ МУЗЕИ – корпоративдик музейлер.** Көбүнчө корпоративдик маселелерди чечүүгө багытталган мамлекеттик эмес ишканалардын же мекемелердин түзүмүнүн бөлүмү, ведомстволук музейлердин бир түрү. 1990-жылдары пайда болуп, акырындап дүйнөлүк деңгээлдеги компаниялардын зоболосунун ажырагыс бөлүгү болуп баратат. Алар өз алдынча юридикалык жак болбогондуктан расмий музей макамына ээ эмес.

**КОРРЕСПОНДЕНТ МУЗЕЯ – музей корреспонденти.** Музей коомдук активинин өкүлү, мезгил-мезгили менен музейдин тапшырмасы боюнча же өз демилгеси менен музей тармагына байланыштуу тарых жана маданият эстеликтери тууралуу маалымат берип турат.

**КРАЕВЕДЧЕСКИЕ ЗАПИСКИ – край таануу жазмалары.** Крайдын маданияты, экономикасы, тарыхы, жаратылышы жөнүндөгү ар түрдүү материалдар (макалалар, хроникалар, байкоолор) жыйнагынан турган музей басылмасы.

**КРАЕВЕДЧЕСКИЕ МУЗЕИ – край таануу музейлери.** Жыйнагы белгиленген бир административдик-аймактын жаратылышын жана тарыхын көргөзүп турган комплекстүү тармактагы музейлер. Край таануу музейинин түзүмүнө жаратылыш, тарых жана край элинин тарыхы сыяктуу бөлүмдөр кирет. Коомчулуктун муктаждыгына жараша көркөм, адабий ж.б. бөлүмдөр ачылышы мүмкүн. Край таануу музейлеринин ишмердиги ар башка аймактык деңгээлде жүргүзүлөт. Край таануу музейлерине крайлык, облустук, шаардык, райондук жана айылдык музейлер кирет.

**КРУЖОК МУЗЕЙНЫЙ – музей ийрими.** Музейлерде илимий-агартуу иштерин жүргүзүүнүн бир формасы. Анда музей көрүүчүлөрү кызыкчылыктарына жараша биригишет жана ошого ылайык ийримдер уюштурулат. Музей ийрими музей жыйнагынын негизинде, музей кызматкеринин жетекчилиги астында иштейт. Ийримдин курамы 15-20 адамдан көп болбошу керек. Программасында теориялык жана практикалык сабактар камтылат. Бирдей курактагы мектеп окуучуларын бириктирген музей ийримдери кыйла тараган. Музейлерде тарых, археологиялык, көркөм, нумизматикалык ж.б. ийримдер болушу мүмкүн.

**КСЕРОКОПИЯ – ксерокөчүрмө.** Документтин текстин көчүрүүчү аппаратта кайра жасоо. Музей жыйнагында документтин көчүрмөсү илимий-көмөкчү фонддун курамында болот. Эгерде документтин түп нускасы жоголсо негизги фонддун курамына кириши мүмкүн.

**КУЛЬТУРНОЕ И ПРИРОДНОЕ НАСЛЕДИЕ – маданий жана табигый мурас.** Табияттын жана коомдун өнүгүү этаптарын чагылдырган, коом үчүн баалуу деп эсептелген, сактоого жана актуалдаштырууга боло турган маданият жана табият объекттеринин жыйындысы. Маданий жана табигый мурасты сактап жана кийинки муундарга өткөрүп берүүнүн иштелип чыккан маданий формасынын бири музей болуп эсептелет.

**КУЛЬТУРНО-ОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ – маданий-агартуу ишмердиги.** Музейдин билим берүү жана тарбия функцияларын ишке ашыруудагы эң негизги багыттардын бири. Ал музей көрөрмандары менен иштөөнүн ар кандай формалары аркылуу ишке ашырылат. Маданий-агартуу ишмердигинин теориялык негиздери болуп музей коммуникациясы жана музей педагогикасы эсептелет. Маданий-агартуу ишмердиги музей көрөрмандарына дифференциалдуу мамиле жасоого негизделет жана социалдык таасирдүүлүгү боюнча бааланат. Өзүнүн миссиясын сезүү менен заманбап музей коомдо маданий-агартуу ишмердигин коомчулуктун муктаждыктарын канааттан-

дыруу гана эмес, алардын маданий талаптарын калыптандырууга да багыттайт.

**КУЛЬТУРНЫЙ ТУРИЗМ – маданий туризм.** Жигердүү эс алуунун бир түрү, рухий керектөөлөрүн канааттандыруу, өлкөнүн жана аймактын табиятын, маданий баалуулуктарын таануу максатында саякаттоо; инсандын рухий байлыгын арттыруу менен физикалык күчүн жана ден соолугун чыңдоону айкалыштырууга мумкүндүк берген бош убакытты колдонуу ыкмаларынын бири. Музей маданий туризмдин объектиси болот (туристтик маршрутту түзүүдө өз алдынча максат, саякатка катышуунун башкы мотиви же туристтик каттамды түзүүдө тарыхый-маданий жана табигый звенолордун бири катары болот) жана субъект катары туристтик программаларды иштеп чыгууда жана ишке ашырууда демилгечи болот. Маданий туризм музейди жана анын ички жана чет өлкөлөрдөгү байланыш мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүнүн фактору катары кызмат кылат.

**КУНСТКАМЕРА – кунсткамера. 1.** Табигый-илимий, тарыхый, көркөм жана башка сейрек кездешүүчү предметтер жыйнагы. Табигый-илимий жана тарыхый объектерди топтоонун эң алгачкы учурундагы баштапкы музей формасы. Кунсткамера XVI – XVII кылымдарда Батыш Европадан тараган. **2.** Петр Iдин атайын указы менен 1714-жылы Петербургда биринчи жолу жалпыга жеткиликтүү орус музейи ачылган. Музей жыйнагы сейрек кездешүүчү өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын үлгүлөрүнөн, минералдардан, анатомиялык дары-дармектерден, тарыхый байыркы предметтерден жана табериктерден (реликвия) турган. Имараты 1714-1728-жылдары архитектор И.Махтариовинин долбоору боюнча курулган. 1724-жылы кунсткамера Петербург Илимдер академиясынын карамагына өткөрүлүп берилген. XVIII кылымдагы белгилүү академиялык экспозициялардан чогулгандардын, чет өлкөдөн сатылып алынган коллекциялардын, белектердин ж.б. негизинде кунсткамера табигый-илимий, этнографиялык, археоло-

гиялык коллекциялардын ири системалуу жыйнагына айланган. 1836-жылы кунсткамеранын негизинде бир катар музейлер түзүлгөн.

**КУРАТОР – куратор. 1.** Көргөзмөнүн куратору – бул көргөзмө долбоорун ишке ашыруудагы жооптуу адам. **2.** Актуалдуу искусство куратору – көпчүлүк учурда өзү жигердүү катышкан, көркөм долбоордун авторлошу жана интерпретатору, музейдин штаттагы кызматкери же атайын чакырылган көргөзмөнүн куратору. **3.** Батыш өлкөлөрүндө куратор – фонддордун биринин сактоочусу жана ошол эле учурда экспозиционер (curator) же башкы сактоочу (museum curator).

## – Л –

**ЛЕГЕНДА ПРЕДМЕТА – предметтин баяны.** Бул илимий-фонддук иш кагаздарынын бир түрү. Анда предмет, предмет табылган чөйрө жана анын ээси жөнүндө маалыматтар камтылат. Предметтин баянын анын ээси же ээсинин айтуусу боюнча музейдин кызматкери түзөт. Музей предмети жөнүндө маалыматтар текшерилгенден кийин, баян предметти үйрөнүүдө пайдаланылат.

**ЛЕКТОРИЙ МУЗЕЯ – музей дарстары.** Илимий-агартуу иштеринин формасы. Музей тармагы менен байланыштуу бир теманы же көйгөйдү ырааттуулук менен ачып берүүчү музей дарстарынын цикли. Дарстар белгиленген бир мөөнөткө (жарым жыл, бир жыл ж.б.) пландаштырылат жана белгилүү бир аудиторияга багышталат.

**ЛЕКТОР-ЭКСКУРСОВОД – дарсчы-экскурсовод. 1.** Экспозицияда, көргөзмөлөрдө, массалык илимий агартуу ишин алып барган, дарстарды окуп, музейде жана андан тышкары жакта ар кандай массалык иш-чараларды уюштуруп жана өткөрө турган музейдин илимий-агартуу иштери боюнча кызматкери. Дарсчы-экскурсовод музейдин илимий-агартуу иштери боюнча түзүлгөн программа-

нын же пландын, усулдамасы иштелип чыккан экскурсиялардын жана дарстардын негизинде иш алып барат. Дарсчы-экскурсовод жогорку билимдүү адис. Бөлүмдүн жетекчисинин сунуштоосунун негизинде деректирдин буйругу менен кызматка алынат жана бошотулат. **2.** Музей тармагы менен байланыштуу дисциплина боюнча даярдыгы бар, аудитория менен иштей алган, психологиянын, педагогиканын негиздерин жана музейлердеги илимий-агартуу иштеринин усулдамасын билген музей адиси.

**ЛЕКЦИОННЫЙ ЗАЛ – дарс залы.** Массалык иш-чаралар өтүүчү жана дарстар окулуучу музейдин залы. Дарс залы кинозал, конференц зал менен бир жерде болушу мүмкүн.

**ЛЕКЦИЯ МУЗЕЙНАЯ – музей дарсы.** Музейдин илимий агартуу иштеринин бир формасы. Музей экспозициясынын же музей коллекциясынын материалдарын колдонуу менен өтүлүүчү дарс. Музейде же музейден тышкары жакта окулушу мүмкүн.

**ЛИСТОВКА – баракча.** Төрт барактан көп эмес болгон музей басылмасы. Анда музей жөнүндө жаңы кабарлар жана музей же көргөзмөлөр тууралуу жарнамалык маалыматтар, кызыктуу экспонаттарга байланышы бар адамдар жана окуялар жөнүндө жазылышы мүмкүн.

**ЛИТЕРАТУРНЫЕ МУЗЕИ – адабий музейлер.** Жыйнагы адабияттын тарыхын жана заманбап өнүгүшүн көргөзүп турган музейлердин тармактык тобу. Тарыхый-адабияттар музейи, монографиялык музейлер, жазуучулардын өмүр баянына жана чыгармачылыгына арналган, ошол эле учурда мемориалдык музейлер болуп бөлүнөт. Адабий музейлер тобуна китептер музейлери дагы кирет.

## – М –

**МАКЕТ – макет.** Объекттин сырткы көрүнүшү өзүндөй кылып жасалган жана шарттуу масштабда аткарылган көлөмдүү модель. Адатта музей жыйнагында илимий-кө-

мөкчү фонддун курамына кирет. Комплектөө учурунда макет музейлик маанидеги предмет катары музейдин негизги фондунун курамына кирет. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Модель* терминин караңыз.

**МАКЕТ ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициянын макети.** Көркөм долбоордун бардык баскычтарында колдонулуучу, экспозициянын көркөм долбоорун чагылдыруунун негизги формаларынын бири. Макет даярдалып жаткан экспозициянын белгиленген масштабда аткарылган көлөмдүү сүрөттөлүшүн, экспозициянын мейкиндикте көрүнүшүн жана анын түстүк чечилишин көргөзөт. Экспозициянын негизги макети жасалып жаткан учурда айрым деталдаштыруусунун деңгээли менен айырмаланып турган анын өзүнчө бөлүктөрүнүн, темаларынын, комплекстеринин макеттери жасалышы мүмкүн.

**МАРКА ФАБРИЧНАЯ – фабрикалык белги (марка).** Өнөр жайда жасалган предметке түшүрүлгөн өзгөчө белги. Ал предметтин белгилүү бир өнөр жайга тиешелүү экендигин көргөзөт. Музей предметинин атрибуттарын аныктоодо фабрикалык марканы чечмелөө предметтин географиясын жана жасалышынын хронологиясын табууга мүмкүндүк берет.

**МАРКЕТИНГОВАЯ СТРАТЕГИЯ МУЗЕЯ – музейдин маркетингдик стратегиясы.** Коомдо өзүнүн позициясын узак мөөнөттүү келечекке бекитүү боюнча чараларды көрүүнүн жана музей продуктун керектөөчү жаңы топторду издөөнүн, музейдин зоболосун колдоонун жана өнүктүрүүнүн, коомчулукка музей продуктун жайылтуунун, музей жөнүндөгү маалыматты таркатуу максатында иш алып баруунун так концепциясы жана планы.

**МАРКЕТИНГОВЫЕ ИССЛЕДОВАНИЯ ПОТРЕБИТЕЛЬСКОГО РЫНКА – керектөө рыногун маркетингдик изилдөө.** Музей продуктун керектөөчүлөрдү тармактуу топторго бөлүүгө, андан кийин керектөөчү топтордун кызыкчылыктарын аныктоого жана калыптандырууга, алардын маданий муктаждыктарын дифференцалдуу канаатканды-

руунун оптималдуу схемаларын сунуштоого мүмкүндүк түзгөн изилдөөлөрдүн комплекси.

**МАРШРУТ ЭКСКУРСИОННЫЙ – экскурсиянын маршруту.** Экскурсиянын темасына жана экскурсиялык топтун мүнөзүнө жараша иштелип чыккан экскурсияны көрүү ирети.

**МАРШРУТ ЭКСПОЗИЦИОННЫЙ – экспозициянын маршруту.** Алдын ала түзүлгөн экспозицияны көрүү ирети. Ал экспозицияны долбоорлоп жаткан учурда иштелип чыгат. Көрүүчүлөрдүн экспозицияны бүтүндөй кабыл алуусуна же кандайдыр бир теманы өздөштүрүүсүнө абдан ыңгайлуу болот. Жалгыз көрүүчүлөр үчүн көбүнчө «көрүүнүн башталышы», «көрүүнүн уланышы» деген сыяктуу экспозициянын маршрутун көрсөткөн система иштелип чыгат. Жалгыз көрүүчүлөрдүн маршрутун уюштуруунун эң жакшы ыкмасы экспозициянын мейкиндиктеги түзүлүшү болуп эсептелет. Экспозициянын мейкиндикте түзүлүшү туура болсо, көрүүчүнү керектүү маршрут боюнча экспозиция өзү алып жүрөт. Экспозициянын маршруту түз, айланма же татаал болушу мүмкүн. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Келүүчүгө багыт берүү тутуму* терминин караңыз.

**МАСТЕРСКИЕ – чеберканалар.** Темир, жыгач жана башка иштерди аткаруучу, экспозиция жана сактоо жайы үчүн жабдыктарды жасоочу, кээ бир учурларда илимий-көмөкчү материалдардын ар кандай түрлөрүн жана музей предметтерин калыбына келтирүүчү музейдин өндүрүштүк көмөкчү бөлүмү. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Калыбына келтирүү чеберканасы* терминин караңыз.

**МЕДИЦИНСКИЕ МУЗЕИ – медициналык музейлер.** Табигый-илимий тармактагы жыйнагы медицинанын тарыхын жана заманбап ахыбалын көрсөтүп турган музейлер. Ага атактуу доктурлардын өмүрү жана ишмердигине арналган мемориалдык музейлер дагы кирет. Мисалы: Кыргыз мамлекеттик медицина академиясынын пластинация музейи.

**МЕЖДУНАРОДНЫЙ ДЕНЬ МУЗЕЕВ – эл аралык музейлер күнү.** Бүткүл дүйнөлүк музейлер кызматкерлеринин кесиптик күнү. Ал Музейлер эл аралык кеңешинин (ИКОМ) 12-Башкы Ассамблеясынын чечиминин негизинде 1978-жылдан баштап 18-май күнү белгиленип келет.

**МЕЖДУНАРОДНЫЙ СОВЕТ МУЗЕЕВ – эл аралык музейлер кеңеши** (International council of museums, кыскартканда – ІКОМ). 1946-жылы Парижде түзүлгөн. Бүткүл дүйнөлүк өкмөттүк эмес демократиялык уюм. Ар өлкөнүн музейлери жана музей кызматкерлери аралык өз ара кызматташтыкты өнүктүрүүнү көздөйт. Улуттук комитеттер Эл аралык музейлер кеңешинин негизги таяныч уюмдары болуп эсептелет. Жогорку жетекчи органы – Башкы ассамблея. Ал бардык Улуттук жана Эл аралык комитеттерден, Аймактык ассоцациялардан жана уюмдардан турат. Үч жылда бир жолу чогулушат. Жогорку сунуштоочу органы – Башкы конференция үч жылда бир чогулат. Башкы конференцияда музейлер жана музей таануу менен байланышкан практикалык жана теориялык маселелер каралып талкууланат. Мындан тышкары конференцияда ИКОМдун өткөнкү үч жылдык ишмердигинин отчету каралат жана келерки үч жылдык долбоордун программасы кабыл алынат. Башкы конференциянын жыйынынын акыркы күндөрү Башкы Ассамблея ишин баштайт. Башкы конференцияда каралган сунуштарды Башкы ассамблея бекитет. ИКОМдун консультативдик органы болуп консультативдик комитет эсептелет.

Аткаруучу комитет ИКОМдун 16 мүчөсүнөн туруп, алардын 15ин ИКОМдун мүчөлөрү шайлоо укугуна ээ кылып үч жылга шайлайт. Алар Башкы конференциялар менен ассамблеялар аралыгында иш алып барат. Алардын жыйыны бир жылда үч жолу болуп турат.

**МЕЖДУНАРОДНЫЙ СОВЕТ ПО ОХРАНЕ ПАМЯТНИКОВ И ИСТОРИЧЕСКИХ МЕСТ – тарыхый жерлерди жана эстеликтерди сактоо боюнча эл аралык кеңеш** (International council on monuments and sites – кыскар-

тылып ICOMOS). Ишмердиги дүйнө жүзүндөгү тарыхый жерлерди жана эстеликтерди сактоого арналган эл аралык уюм. 1965-жылы түзүлгөн. Дүйнөлүк мурастар тизмесине киргизүүгө сунушталган объекттерди баалоо, талдоо, техникалык колдоо жана тизмеге кирген объекттердин абалы жөнүндө мезгил-мезгили менен маалымат алууну ишке ашырат. ICOMOSтун алдында музей иштеринин ар кандай маселелери боюнча 13 комитет иштейт. 70тен ашык өлкө уюмдун мүчөсү.

**МЕМОРИАЛ – мемориал.** Тарыхый окуяны же белгилүү инсанды эстөөгө арналып орнотулган архитектуралык ансамбль. Адатта тарыхый окуя болгон жерде болот. Өзүнө чакан архитектуралык формаларды, монументалдуу айкелди жана кээ бир учурда живописти, музыканы камтыйт. Көпчүлүк учурда музей экспозициясын да камтышы мүмкүн. Мисалы: Волгограддагы «Сталинграддагы салгылашуу» музей-панорамасы, Белорусиядагы «Хатынь» мемориалдык комплекси.

**МЕМОРИАЛЬНАЯ ДОСКА – мемориалдык такта.** Тарыхый-маданий объекттин тарыхый окуялар же атактуу ишмерлер менен байланышын ачып көргөзгөн, тексти менен, эстелик жерлерде же кыймылсыз тарыхый-маданий объекттеринде орнотулган эстелик белгиси. Мемориалдык такта металлдан же таштан (мрамор, гранит ж.б.) жасалат. Анда окуя же инсан жөнүндө маалымат жазылат жана көпчүлүк учурда сүрөттөрү менен болот.

**МЕМОРИАЛЬНАЯ ЦЕННОСТЬ – мемориалдык баалуулук.** Бул музей предметинин атактуу адамдын же тарыхый окуянын эстелиги катары маанилүү экендиги атрибуттук ыкма менен эмес, алгач пайда болуу тарыхы жана белгилүү бир чөйрөгө тийиштүүлүгү менен аныкталышы. Эгерде предметтин өзүндө окуя же адам менен байланыштыгы жөнүндө белги жок болсо, анда тактоо үчүн предметтин мемориалдык баалуулукка ээ экендигин аныктаган документ керек.

**МЕМОРИАЛЬНЫЕ МУЗЕИ – мемориалдык музейлер.** Маанилүү бир тарыхый окуяга же белгилүү адамдын элесине арналган, ошол тарыхый окуя болгон жерге же белгилүү адамга байланыштуу болгон имаратта түзүлгөн музей (үй-музей, батир-музей, чарбак-музей). Анда ага тиешелүү документтердин негизинде мемориалдык абал сакталат же кайрадан түзүлөт. Мемориалдык музейлердин тармагы арналган окуянын мазмунуна же адамдын ишмердигинин мүнөзүнө жараша аныкталат. Өзгөчө тарыхый жана маданий мааниге ээ мемориалдык эстеликтер ансамбли же комплекси корук-музей деп жарыяланышы мүмкүн. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Тарыхый-маданий корук музейлери, Мемориал, Ансамбль- музейлер терминдерин да караңыз.*

**МЕМОРИАЛЬНЫЙ КОМПЛЕКС – мемориалдык комплекс. 1.** *Мемориалды* караңыз. **2.** Кандайдыр бир адамга же анын жошоо тиричилигине байланыштуу болгон түп нуска предметтерден турган экспозициялык комплекс. Мемориалдык комплекстеги предметтердин жайгашышында документтердин негизинде алардын тарыхый учурдагы абалы сакталат же кайра жасалат. Кээ бир учурда толугу менен же бөлүктөрү ошол мезгилге ылайыкталып кайрадан түзүлүшү мүмкүн. Мисалы: жазуу столунда жазуучуга тиешелүү болгон түп нуска предметтердин жайгаштырылышы жазуучунун чыгармачылык чөйрөсүнүн кайрадан түзүлүшү болуп эсептелет.

**МЕТОД НАБЛЮДЕНИЕ – байкоо усулу.** Көрүүчүлөрдүн музей экспозициясын кабыл алуусунун механизмдерин жана мыйзам ченемдерин билүү максатында колдонулуучу социалдык-психологиялык изилдөө усулу. Анда алдын ала түзүлгөн каттоо системасынын негизинде изилдөөчү көрүүчүлөрдүн көңүлүн өзүнө бурган экспонаттарга, экспозицияны жана өзүнчө экспонаттарды көрүү убактысына, маршрутуна, алардын сын пикирине ж.б. байкоо жүргүзөт жана анын жыйынтыктарын каттайт. Байкоо усулу экспозициялык жана илимий-агартуу иштерин жакшыртуу боюнча маселелерди чечүүдө маанилүү болгон ар тараптуу

маалыматтарды топтоого мүмкүндүк берет. Музей ишинин таасирдүүлүгүн жогорулатуу максатында жүргүзүлгөн байкоолордун негизинде сунуштамалар иштелип чыгат. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Психологиялык эксперимент, Келгендерди анкеталык сурамжылоо, Музейге келгендерден интервью алуу* терминдерин караңыз.

**МЕТОДИКА МУЗЕЙНОГО ДЕЛА – музей ишинин усулдамасы.** Бул музей таануунун курамдык бөлүгү. Анын алкагында музей ишинин ар кандай багыттарында колдонулуучу типтүү ыкмалар бир түргө келтирилет жана жалпыланат. Музей ишинин усулдамасы жеке усулдамалардын топтомунан турат. Мисалы экспозицияны түзүү усулдамасы, илимий-агартуу жана фонддук иштер усулдамасы. Булардын ар бири өзүнө жалпы усулдамалык принциптерди жана тажрыйбалык мүнөздөгү сунуштамаларды камтыйт. Мисалы экспозицияны түзүүнүн усулдук принциптерине: тарыхый аныктыгы, илимге негизделгендиги, жеткиликтүүлүгү, көрүнүктүүлүгү, образдуулугу; ал эми практикалык ыкмаларына: тексти жайгаштыруу, тематикалык комплекске предметтерди топтоо ж.б. боюнча так сунуштамаларды берүү кирет. Музей ишинин усулдамасы боюнча басылмалардын негизги түрүнө типтүү иштелип чыккан темаларды, туура чечилген экспозициялык чечилиштердин мисалдарын, белгилүү тема боюнча көргөзмө материалдарынын болжолдуу тизмелерин ж.б. камтыган усулдук сунуштамалар кирет.

**МЕТОДИСТ МУЗЕЯ – музейдин усулчусу. 1.** Музей ишиндеги маселелер боюнча усулдук сунуштамаларды иштеп чыгуучу жана аларды музей ишинде жайылтуучу илимий-усулдук бөлүмдүн кызматкери. Музей усулчусунун иши музейлердин практикалык ишин, музей таануунун жетишкендиктерин жана тармактык илимий дисциплинаны терең билүүсүн талап кылат. **2.** Илимий-агартуу иши боюнча усулчу – музейдин илимий-агартуу бөлүмүнүн кызматкери. Ал музейде же музейден тышкары жакта өтүүчү массалык илимий-агартуу иш-чараларын даяр-

доону жетектейт. Жаңы эксскурсияларды өздөштүрүүдө лектор-экскурсоводдорго жана илимий кызматкерлерге илимий-усулдук жардам кылат, экскурсияларды угуу системалык түрдө болушун уюштурат жана илимий-агартуу ишинин тажрыйбасын корутундулайт. Экскурсоводдордун дасыктыгын жана экскурсиялардын сапатын жогорулатуу боюнча иш-чараларды өткөрөт. Усулчу бөлүмдүн жетекчисинин сунушу боюнча, деректирдин буйругунун негизинде кызматка алынат жана бошотулат.

**МЕТОДИЧЕСКАЯ РАЗРАБОТКА ЭКСКУРСИИ – экскурсиянын усулдук иштелмеси.** Экскурсиялык иштеги экскурсиянын идеялык мазмунун, көрсөтүү ыкмасын, маршрутун жана убакытын аныктоочу негизги документ. Экскурсиянын усулдук иштелмесинде кеңири көрсөтүлгөн экскурсиянын планы болот. План төмөнкүдөй графалардан турат: **1)** зал, бөлүм, комплекс, маршруттун бөлүгү; **2)** экспонаттар, убакыты; **3)** бөлүмдөрдүн, темалардын ж.б. негизги мазмуну; **4)** усулдук көрсөтмө. Экскурсиянын усулдук иштелмеси экскурсиянын ар бир темасы жана анын варианттары боюнча музей көрөрмандарынын ар түрдүүлүгүн эске алуу менен түзүлөт.

**МЕТОДИЧЕСКИЕ РЕКОМЕНДАЦИИ – усулдук сунуштамалар.** Өзүнчө брошюра түрүндөгү музейдин басылмасы. Музейдеги кандайдыр бир ишти кыйла максаттуу жана натыйжалуу өткөрүүнүн жолдорун жана ыкмаларын, алдыңкы тажрыйбаларды жаңы музей таануунун изилдөөлөрүн эске алуу менен белгиленген маселелердин чечилиштери тууралуу баяндоолорду камтыйт. Усулдук сунуштамалар белгиленген тармактагы музейлерге же музей кызматкерлеринин конкреттүү категориясына багытталат.

**МЕТОДИЧЕСКИЙ КАБИНЕТ – усулдук кабинет.** Илимий-усулдук бөлүмдүн курамындагы илимий бөлүгү. Усулдук кабинеттин негизги милдети музей ишиндеги адыңкы тажрыйбаларды жайылтуу боюнча илимий-усулдук база түзүү, музей ишинде музей таануу боюнча изилдөөлөрдүн

жыйынтыгын жайылтуу, ар түрдүү усулдук материалдарды чогултуу жана аларды музей кызматкерлеринин дасыктыгын жогорулатуу максатында пайдалануу. Усулдук кабинет республикалык, борбордук музейлерде түзүлөт.

**МЕТОДЫ ПОСТРОЕНИЯ МУЗЕЙНОЙ ЭКСПОЗИЦИИ – музей экспозициясын түзүү усулдары.** Бул экспозиция материалдарын интерпретациялоо ыкмалары. Ал экспозициянын темаларын илимий иштеп чыгуунун аныкталган мүнөздөмөсү, илимий даярдыктын жана музей экспозициясынын долбоорун түзүүнүн аныкталган ырааттуулугу, экспозицияны түзүүчү менен сүрөтчүнүн кызматташтыгынын аныкталган формасы сыяктуу көргөзмө иштеринде колдонулуучу усулдардан турат. Азыркы учурда музейде экспозиция түзүүнүн системалык, тематикалык жана ансамблдик деген үч негизги усулу бар. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Системалык экспозиция, Тематикалык экспозиция, Ансамблдик экспозиция*. терминдерин да караңыз.

**МЕЦЕНАТСТВО – меценаттык.** Материалдык же бийлик ресурстарына ээ болгон адамдардын маданий долбоорлорго, мекемелерге жана маданият ишмерлерине материалдык жардам көрсөтүүсү, колдоосу. Биздин заманга чейинки I кылымда байыркы Римде акындардын жана сүрөтчүлөрдүн колдоочусу болгон мамлекеттик ишмер Гай Цильний Меценат меценаттыктын символу болуп эсептелет. Меценаттык пайда көрүүнү көздөбөгөн мүнөзгө ээ. Музейлерди түзүүдө, алардын өнүгүүсүндө жана жеке коллекция жыйноодо маанилүү жардам көрсөтөт. Заманбап меценаттыкта маданият тармагынын жана каржылоонун өз-ара байланышында негизги позицияны демөөрчүлүк ээлейт.

**МИНЕРАЛОГИЧЕСКИЕ МУЗЕИ – минералогиялык музейлер.** Жыйнагы минералдардын келип чыгышын, курамын, касиеттерин, практикалык маанисин көрсөтүп турган табигый-илимий тармактагы музейлер. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Табигый-илимий музейлер, Геологиялык музейлер* терминдерин да караңыз.

**МИССИЯ МУЗЕЯ – музейдин миссиясы. 1.** Мурастардын бардык түрлөрүнүн кыйла баалуу бөлүгүн актуалдаштыруунун жана сактоонун негизинде учурдагы жана келечектеги маданиятты жайылтуучу катары аныкталган музейдин милдети. **2.** Музейдин ишмердигин пландоонун стратегиялык элементи, музейдин башкы максаттарынан турган программалык билдирүүсү, анын ролу жана коомдогу орду, анын иштөө принциптери. Юридикалык документ болбогону менен программалык билдирүү (Музейдин уставы менен бирге) орто жана узак убакыттагы музей саясатын жана планын иштеп чыгуудагы негизги компонент болуп кызмат кылат. Белгилүү убакыттын өтүшү менен кайрадан каралып жана такталып турат.

**МОДЕЛИРОВАНИЕ – моделдөө.** Музей таанууда кеңири колдонулган жалпы илимий усулдардын бири. Анын мааниси теориялык билимдин атайын объектилерин түзүү болуп эсептелет. Ал объекттин маанилүү жактарын чагылдырат жана илимий изилдөө ишинин жүрүшүндө анык объекттин ордуна колдонулушу мүмкүн. Моделдин максаты объект тууралуу болгон маалыматтарды жалпылоо, анын сүрөттөлүшүн илимий тилде түзүү, музей таануу теориясынын менталдык объекти катары изилдөөдө жаңы маалыматтарды алууну тереңдетүү болуп эсептелет. Музей тармагын өнүктүрүүдө, фонддук иштерде жана комплектөө маселелерин изилдөөдө колдонулат. Мисалы: Музейдин түзүлүшүн, ишмердигинин багытын көргөзүп турган край таануу музейинин модели ж.б.

**МОДЕЛЬ – модель. 1.** Илимде же техникада үлгү катары колдонулган предмет. Музейге келип түшкөндө музей предмети макамына ээ болот. **2.** Кандайдыр бир себептер боюнча көргөзүүгө мүмкүн эмес же ыксыз болгон предметтин, процесстин же системанын ордуна көргөзүү үчүн музейде атайын түзүлгөн предмет. Музейде модель төмөнкүдөй учурларда жасалат: а) көлөмү чоң болгондугуна байланыштуу музей экспозициясында коюуга мүмкүндүк болбогон учурда; б) көргөзүүгө мүмкүн болбогон предметтин

ишин же иштөө процессин көргөзүү үчүн; в) жеткиликтүү болушу үчүн предметтин жөнөкөйлөтүлгөн шарттуу схемасын бөлүп көрсөтүүдө; г) чыныгы мейкиндикте чачырап жайгашкан предметтердин системасын экспозицияда көрсөтүүдө (мисалы электр чордондор тармагы); д) азырынча планда же долбоордо гана болгон предметти көрсөтүү үчүн. Музей жыйнагында моделдер фонддун илимий көмөкчү курамына кирет. Музейде моделдердин төмөнкүдөй түрлөрү бар: колдонуудагы модель, дидактикалык модель, көлөмдүү модель, схемалык модель, техникалык модель.

**МОДЕЛЬ ДЕЙСТВУЮЩАЯ – колдонуудагы модель.** Кандайдыр бир объекттин же системанын иштөө процессин көргөзүү үчүн түзүлгөн модель. Музейде колдонуудагы моделди түзүүнүн негизги максаты объекттин динамикалык өзгөчөлүктөрүн жана процесстин этаптарын же фазаларын чагылдыруу болуп эсептелет.

**МОДЕЛЬ ДИДАКТИЧЕСКАЯ – дидактикалык модель.** Музейдин экспозициясында өтүүчү окуу сабактарына же окуучуларга экскурсия өткөрүү максатында колдонууга арналып жасалган модель.

**МОДЕЛЬ ОБЬЕМНАЯ – көлөмдүү модель** (мейкиндиктик). Объекттин мейкиндикте түзүлүшүн көргөзгөн модель.

**МОДЕЛЬ ТЕХНИЧЕСКАЯ – техникалык модель.** **1.** Техникалык объекттин түзүлүшүн жана ишинин принциптерин ачып көргөзүп турган, белгиленген масштабда аткарылган модель. Техникалык тармактагы музейлерде колдонулат. **2.** Техникалык куралдарды пайдалануу менен жасалган колдонуудагы моделдин бир түрү. Ошол эле учурда моделдин өзүнүн техникалык түзүлүшү тиешелүү объекттин түзүлүшүнөн айырмаланышы мүмкүн. Мисалы, механикалык процессти сымалдаштырууда электр энергиясын колдонуу менен жасалышы мүмкүн.

**МОДЕЛЬ-СХЕМА – схема-модель.** Объекттин функционалдык түзүмүн, башкача айтканда анын элементтеринин жана бөлүктөрүнүн өз ара байланышын көргөзүү үчүн

жасалган модель. Мындай модель шарттуу болушу мүмкүн – объекттин пропорциясын же анын мейкиндиктеги түзүлүшүн чагылдыруу милдет эмес. Кээ бирде көлөмдүү объекттин схемалык модели жалпак болушу мүмкүн.

**МОНОГРАФИЧЕСКОЕ ИЗУЧЕНИЕ МУЗЕЙНОГО ПРЕДМЕТА – музей предметин монографиялык изилдөө.** Музей предметинин маалыматтык дараметин аныктоо максатында анын ар тараптуу изилденишин камтыган музейдин илимий изилдөө иштеринин бир багыты. Монографиялык изилдөөнүн жыйынтыктары музей предметинин илимий паспортунда жазылат жана андан кийин каталогдордо жана башка илимий басылмаларда чыгарылат.

**МОНОМУЗЕИ – жеке музейлер (мономузейлер).** Бир жазуучунун, акындын, композитордун, сценаристтин, режиссердун, актердун, ырчынын, музыканттын, эстрадалык топтун чыгармачылыгына арналган мемориалдык же адабий музейлер. Атактуу адабий каармандарга арналган музейлер да жеке музейлерге кирет. Мисалы Лондондогу Бейкер-стрит, 221-б дагы Шерлок Холмстун музейи.

**МОНТАЖ ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициянын монтажы.** Экспозицияны түзүүнүн акыркы этабы. Түздөн-түз экспозициянын долбоорун кабыл алгандан кийин башталат. Монтаж кылууда экспозициянын аянтында жабдыктарды, техникалык каражаттарды чогултуу жүргүзүлөт, долбоорго ылайык экспозициянын материалдары жайгаштырылат. Экспозициянын монтажын экспозициянын долбоорун иштеп чыккандардын катышуусунда монтаждоочу-жумушчулар кылат. Монтаж кылуу учурунда экспозицияны шарттарга ылайыкташтыруу үчүн долбоордун чечимине өзүнчө өзгөртүүлөрдү киргизсе болот.

**МОНТАЖНЫЕ ЛИСТЫ – монтаждык барактар.** Экспозициянын көркөм долбоорун түзүүнүн жүрүшүндөгү эскиздик долбоорду иштеп чыгуу этабында түзүлгөн долбоордук иш кагаздарынын элементи. Ал экспозициянын бөлүмдөрүндө экспозициялык материалдардын жайгашуусун көр-

гөзүп турган чийме. Монтаждык барактарды экспозициянын сүрөтчүсү түзөт жана ал экспозицияны монтаждоодо колдонулат. 1:1 ченеминде аткарылган монтаждык барак шаблон деп аталат.

**МОТИВЫ ПОСЕЩЕНИЯ МУЗЕЯ – музейге келүү мотивдери.** Көрүүчүлөрдүн музейге келүүсүнө түрткү болгон ички себептер. Көрүүчүнүн келүү мотивинин мүнөзү экспозицияны кабылдоосуна жараша аныкталат. Мотивдер таанышуу, окуу, маалыматтык, кесиптик ж.б. болуп айырмаланат. Психологияда дагы маани жаратуучу (инсандык-маанилүү) мотивдер жана кырдаалдык, туруктуу эмес (инсандык-маанилүү эмес) мотивдер болуп айырмалат. Маани жаратуучу мотивдер келүүчүлөрдүн экспозицияны көрүүсүндө жогорку жигердүүлүгүн жана чыгармачылык мамилесин камсыздайт. Ошондуктан экспозицияны маани жаратуучу мотивдерге багыттоо керек. Көргөндөн кийин музейдин таасири адамдын чыгармачыл инсандык сапатынын өсүшүнө өбөлгө болот.

**МУЗЕЕВЕД – Музей таануучу.** Музей таануу тармагында изилдөө жүргүзүүчү адис. Караңыз: *музейдик адистешүү*.

**МУЗЕЕВЕДЕНИЕ – музей таануу.** Музейлердин жаралышынын жана өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүгүн, алардын социалдык функцияларын, формаларын жана коомдун өнүгүшүнүн түрдүү этаптарында бул функцияларды ишке ашыруу ыкмаларын изилдөөчү илимий багыт. Музей таануу музей ишинин теориясын жана тарыхын, музей булак таануусун, музеография жана музей ишинин усулдамасын камтыйт. Жалпы илимий усулдары, тармактык дисциплиналар усулдары музейдин өзгөчө маселелеринде колдонулат жана дисциплиналар аралык комплекстүү изилдөө иши кеңири пайдаланылат.

**МУЗЕЕВЕДЧЕСКАЯ ЛИТЕРАТУРА – музей таануу адабияты.** Бул музей ишинин тарыхы, теориясы, усулдамасы, музей булак таануусу жана музеография боюнча илимий, илимий-усулдук, илимий-популярдуу адабият-

тар. Музей таануу адабияттарында музей ишмердиги ар тараптуу каралып, музей коллекциялары изилденет жана илимий баяндалат. Музей таануу адабияттарына ар кандай илимий мекемелердин жана жогорку окуу жайлардын жыйнактарына жарыяланган жана мезгил-мегили менен музей басылмаларынан чыгып туруучу музей ишмердигине арналган өзүнчө иштер да кирет.

**МУЗЕЕФИКАЦИЯ ПАМЯТНИКОВ – эстеликтерди музейлештирүү.** Тарыхый жана маданий кыймылсыз эстеликтерди же жаратылыш объектилерин музей көргөзмөсүнүн объектилерине айландыруу маанисин көздөгөн маданият саясатынын багыты жана музей ишинин тармагы. Эстеликтерди музейлештирүүнүн максаты маданий пропагандалоо системасында аларды сактоо жана негиздүү пайдалануу болуп саналат. Эстеликтин тибине карата аны музейлештирүүдө ар кандай иш-чаралар өткөрүлөт. Археологиялык эстеликтерди музейлештирүүдө казуулар, консервациялоо жана ачык курулмаларды жарым-жартылай реконструкциялоо, павильондорду жана экспозицияларды түзүү иш-чаралары жүргүзүлөт. Архитектура эстеликтерин музейлештирүүдө калыбына келтирүү, ыңгайлуу колдонуу режимин жана серептик чекитин аныктоо, имараттын тарыхы менен байланышкан экспозицияны түзүү сыяктуу иш-чаралардын жүргүзүлүшү талап кылынат. Адатта музейлештирилген эстеликтерде тарыхый турмуш-тиричиликтик же этнографиялык мүнөздөгү жасалгасы калыбына келтирилип, тарыхый-көркөм экспозиция түзүлөт. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Ачык асман алдындагы музей* терминин да караңыз.

**МУЗЕЙ – музей.** Бул илимий изилдөөчү жана маданий-агартуучу мекеме. Өзүнүн социалдык функцияларына ылайык тарыхтын жана табигый объектилердин эстеликтерин, материалдык жана рухий маданият баалуулуктарын комплектөө, каттоо, сактоо, үйрөнүү жана жайылтуу иштерин жүргүзөт. Музейлер топтому маданияттын өзгө-

чө чөйрөсүн түзөт. Анда рухий байлыкты арттыруу үчүн адамдардын ишмердигинин натыйжасында келип чыккан предметтер жана табигый объектилер колдонулат. Музей өз ишинде илимий усулдар менен көркөм чагылдыруу каражаттарын айкалыштырат. Музейлер тармагына, музей жыйнагынын курамына, ишмердигине, кайсы ведомствого караштуу экенине карата айырмаланышат.

**Музей** (ІКОМ – Эл аралык музейлер кеңешинин 2022-жылдын 24-августунда Прага шаарында кабыл алынган музейдин аныктамасы) – материалдык жана материалдык эмес мурастарды изилдеген, чогулткан, сактаган, интерпретациялаган жана демонстрациялаган, коммерциялык эмес, коомдун кызматында туруктуу иштөөчү уюм. Эл үчүн ачык, жеткиликтүү, инклюзивдүү музейлер ар түрдүүлүккө жана туруктуулукка өбөлгө түзөт. Ал окуу, көңүл ачуу үчүн ар түрдүү ыкмаларды сунуштайт жана ой жүгүртүүгө, билим арттырууга үндөйт, коомчулук менен маданияттуу, кесипкөй иш алып барат.

**МУЗЕИ ДЕКОРАТИВНО-ПРИКЛАДНОГО ИСКУССТВА – декоративдик-колдонмо өнөр музейлери.** Жыйнагы декоративдик-колдонмо өнөрдүн өнүгүшүн чагылдырган көркөм тармактагы музейлер. Декоративдик-колдонмо өнөр музейлери төмөнкүдөй болуп бөлүнөт: **1)** декоративдик-колдонмо өнөрдүн бардык түрүн камтыган музейлер: мисалы, пайдаланууда колдонулуучу предметтерден турган (эмерек, идиш-аяк, кийим, оюнчуктар ж.б.), декоративдик мүнөздөгү (декоративдик кездемелер, саймалар, жасалгалар ж.б.). Мисалы, Москвадагы декоративдик-колдонмо өнөр музейи. **2)** декоративдик-колдонмо өнөрдүн бир гана түрүнө арналган музейлер. Мисалы Тбилисидеги оюнчуктар музейи.

**МУЗЕИ ЗАПОВЕДНИКИ – корук музейлер.** Караңыз: *тарыхый-маданий корук музейлери.*

**МУЗЕИ ИСТОРИИ РЕЛИГИИ – дин тарыхы музейлери.** Жыйнагы диндин келип чыгышын, өнүгүшүн чагыл-

дырган тарых тармагындагы музейлер. Мисалы: Санкт-Петербургдагы Мамлекеттик дин тарыхы музейи.

**МУЗЕИ КОМПЛЕКСНОГО ПРОФИЛЯ – комплекстик тармактагы музейлер.** Жыйнагы жана ишмердиги бир канча профилдик дисциплиналарды камтыган музейлер. Мисалы, Край таануу музейлери, Тарыхый-көркөм музейлер.

**МУЗЕИ НАРОДНОГО ТВОРЧЕСТВА – элдик чыгармачылык музейлери.** Жыйнагы элдик өнөрдүн өнүгүшүн жана заманбап абалын мүнөздөгөн көркөмдүк багыттагы музейлер. Ал өзүнө материалдык маданияттын бардык түрлөрүнөн турган, элдик архитектуранын фрагменттеринен баштап зер буюмдарына же белгиленген бир аймактагы өнүккөн элдик өнөр коллекцияларына чейин камтыйт. Элдик чыгармачылык музейлерине жыйнагы кесипкөй эмес чыгармачыл адамдар жасаган, сүрөттөөчү жана декоративдик-колдонмо өнөр чыгармаларынан турган музейлер кирет.

**МУЗЕЙ ПАНОРАМА – музей-панорама.** Панораманын негизинде түзүлгөн музей, башкача айтканда бүт горизонтту камтыган кооз көрүнүштүн алдыңкы «предметтик» план менен биригиши. Ортосунда көрүү аянтчасы болгон тегерек залда жайгашат. Көлөмдүү алдыңкы план жана атайын түшүрүлгөн жарык чындыкты көргөзүп тургандай элес калтырат. Панорама чоң окуяларды кенен мейкиндикте көргөзүүгө ылайыкталат жана адатта согуш тематикасына арналат. Панорама музейи белгиленген окуяга арналган тарыхый тематикалык экспозициядан турат. Панорама музейинин тармагы тарыхый-көркөм деп же сүрөттөлгөн окуянын мүнөзүнө ылайык аныкталышы мүмкүн.

**МУЗЕЙ ПОД ОТКРЫТЫМ НЕБОМ – ачык асман алдындагы музейлер.** Тарыхый курулуштардын же атайын бөлүнгөн жерге табылган чөйрөсүнөн алынып келинген тарыхый эстеликтердин негизинде түзүлгөн тарыхый архитектуралык, этнографиялык же комплекстик багыттагы музейлер. Көп учурда алар түзүлгөн архитектуралык ансамблдер менен айкалышат. Айрым эстеликтердин жа-

салгасы сакталат же кайра калыбына келтирилет. Ачык асман алдындагы музейлердин негизги элементи жаратылыш болуп эсептелет. Бул музейлер көпчүлүк учурда корук музейлер деп жарыяланат. 1891-жылы Швеция мамлекетинин Скансен аралында дүйнө жүзүндө биринчи болуп ушундай типтеги музей түзүлгөн. Ошол себептен чет өлкөлүк музей адабияттарында ачык асман алдындагы музейлер «скансендер» деп аталат.

**МУЗЕИ ПРИРОДЫ – жаратылыш музейлери.** Жыйнагы белгиленген аймактын жаратылышын чагылдырып турган табигый-илимий тармактагы музейлер. Административдик аймактарда, физикалык-географиялык райондордо, жаратылыш коруктарында, улуттук парктарда, курорттук-туристтик комплекстерде түзүлөт. Мисалы жаратылыш музейи Белорусиядагы «Беловежская пуща».

**МУЗЕИ-АНСАМБЛИ – ансамбль-музейлер.** Сакталып калган же кайрадан жасалган (илимий документтердин негизинде) архитектура эстеликтеринин ансамблинин, интерьеринин, тиешелүү аймагынын, ар кандай түрдөгү курулмаларынын негизинде түзүлгөн музейлердин өзгөчө түрү. Ансамбль-музейлердин төмөнкүдөй түрлөрү болот: тарыхый-архитектуралык, тарыхый-көркөм, этнографиялык, археологиялык ж.б. Кээ бир мемориалдык музейлер дагы ансамбль- музейлерге кирет. Өзгөчө тарыхый, илимий, көркөм баалуулуктагы ансамбль-музейлер тарыхыймаданий корук музейлери деп жарыяланышы мүмкүн.

**МУЗЕЙ-КВАРТИРА – батир музей.** Атактуу инсан менен байланыштуу болгон батирде жайгашкан, документтердин негизинде мемориалдык абалы сакталган же кайра калыбына келтирилген, башкача айтканда ансамблдик экспозиция түзүлгөн музей. Ал аталган инсандын өмүрбаяны жана ишмердигине арналган тематикалык экспозициядан турушу мүмкүн. Мисалы, Москвадагы Ф.М. Достоевскийдин батир музейи. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Мемориалдык музейлер, Ансамбль-музейлер* терминдерин да караңыз.

**МУЗЕЙНАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ – музей ишмердиги.** Бул маданият тармагындагы адистештирилген ишмердиктердин бир түрү. Музейде музей ишмердиги анын социалдык функцияларына ылайык жүргүзүлөт. Музей ишмердигинин түзүмү улуттук маданий дөөлөттүн кыймылдуу бөлүгүн табуу, сактоо, үйрөнүү жана колдонууга багытталып, практикалык, маалымат арттыруучу, баалуулук багытындагы ишмердиктин элементтерин камтыйт. Музей ишмердигинин системасында тармактык илимий дисциплиналык усулдар, булак таануу усулдары, экспозицияны түзүүдөгү илимий жана көркөм каражаттар жана музей коммуникациясынын каражаттары айкалышат жана өз ара колдонулат. Уюшулган деңгээлдеги музей ишмердиги бир канча негизги багыттардан турат. Аларга фонддук, экспозициялык жана илимий-агартуу иштери кирет. Өз учурунда алар комплектөө, каттоо, сактоо, илимий иштеп чыгуу, калыбына келтирүү, экспозицияны илимий жана көркөм долбоорлоо, экспонаттарды жайгаштыруу, көргөзмө ишмердиги, илимий пропогандалоо, жарнамалык басма ишмердиги ж.б. музей иштерин өзүнө камтыйт. Музей иш кагаздарында, музей экспозициясында жана музей басылмаларында катталган жаңы билимдер, өлкөнүн бирдиктүү музей фондун түзгөн музей жыйнагы жана коомдун маданий деңгээлинин жогорулашы музей ишмердигинин жыйынтыгы болуп эсептелет.

**МУЗЕЙНАЯ ЦЕННОСТЬ – музей баалуулугу.** Музейде пайдалануу үчүн предметтин маанилүүлүгү. Ал предметтин илимий, көркөм, тарыхый жана мемориалдык баалуулуктарынын аныкталышынын негизинде түзүлгөн музей предметинин кыйла толук, ар тараптуу мүнөздөмөсүн көргөзөт. Музей жыйнагына предметтерди тандап жатканда музейлик баалуулугу негизги критерий катары каралып, предметти илимий иштетүү этабында аныкталат.

**МУЗЕЙНОЕ ДЕЛО – музей иши.** Бул маданияттын өзгөчө тармагы. Ал комплектөө, каттоо, сактоо, коргоо, өлкөнүн маданий мүлкүн, биринчи кезекте кыймылдуу бөлүгүн

изилдөө жана музейлерде пайдаланууну камтыйт. Музей иши төмөнкүдөй болуп бөлүнөт: **1)** музей саясаты: музей мыйзамдары, музей курулушу, музейлерди башкарууну уюштуруу; **2)** музей таануу; **3)** музей практикасы: илимий-фонддук, экспозициялык жана илимий-агартуу иштери.

**МУЗЕЙНОЕ ЗНАЧЕНИЕ – музейлик маани.** Музейде колдонуу үчүн предметтин мүмкүнчүлүктөрүн карап, комплекстүү баалоо. «Музей баалуулугу» түшүнүгүнө жакын болуп, предметтин илимий, көркөмдүк, мемориалдык, тарыхый баалуулуктары, анын сакталышы ж.б. боюнча аныкталат. Музейлик мааниси предметти атрибуттоодо аныкталып, аны андан ары изилдөөдө такталат. Чет өлкөдө музей таанууда колдонулуучу «музеальность» терминине мааниси жакын. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Музейлик маанидеги предмет* терминин да караңыз.

**МУЗЕЙНЫЙ ПРЕДМЕТ – музей предмети. 1.** Жашоо чөйрөсүнөн алынган, илимий иштеп чыгуунун бардык баскычтарынан өткөн жана белгиленген коомдун маданиятын жана тарыхын мүнөздөө жөндөмдүүлүгүнө ээ болгонуна байланыштуу музей жыйнагынын курамына кирген тарых жана маданият эстелиги. Ал Улуттук маданий кенчтин бөлүгү болуп эсептелет. Музейде билимдин жана эмоционалдуу таасирдин булагы, билим берүүчү жана тарбиялык каражат катары саналат. Музей предметинин мүнөздөлүшү үчүн анын жалпы касиеттери жана тиешелүү белгилери каралат жана дагы анын илимий, мемориалдык, тарыхый жана көркөм баалуулуктары аныкталат. **2.** Табигый-илимий музейлерде табигый чөйрөдөн алынган жана аны узак сактоо жана илимде, билим берүүдө, тарбиялык максатта колдонуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо үчүн атайын иштетүүдөн өткөн жана жаратылыш процесстерин, кубулуштарын потенциалдуу мүнөздөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон жаратылыш объектиси. Табигый-илимий музейлерде музей предмети белгиленген илимий дисциплинага таандык экенине карата классификацияланып, «зоология», «геология», «ботаника» сыяктуу сактоо топтору түзүлөт. Бул

топтордун ички классификациясы тиешелүү профилдик дисциплинанын илимий систематикасына ылайык келет.

**МУЗЕЙНЫЙ ФОНД КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ – кыргыз республикасынын музей фонду.** Пайда болгон убактысына, материалына, жасалган техникасына, сакталган ордуна карабастан мамлекеттик жана коомдук музейлерде каттоодо, экспозицияларда турган, тарыхтын жана маданияттын тарыхый, илимий, көркөм же башка маданий баалуулугуна ээ болгон, Кыргыз Республикасына таандык кыймылдуу эстеликтер жыйнагы. Музей фонду тарых жана маданият эстеликтерин борборлоштурулган каттоо, сактоо, комплектөө, изилдөө иштерин камсыздоо үчүн жана тарых, маданият эстеликтерин Кыргыз Республикасынын жана элдин кызыкчылыгына колдонуу максатында түзүлөт.

**МУЗЕИ-ПАМЯТНИКИ – эстеликтер музейлери. 1.** Жарандык эстеликтердин, культтук архитектуранын, коргонуу архитектурасынын негизинде түзүлгөн тарыхый-архитектуралык музейлердин бир түрү. Эстеликтер музейинин жасалгасында документтерге ылайык тарыхый абал сакталат же калыбына келтирилет. Анда эстеликтердин тарыхына арналган музей экспозициясы камтылышы мүмкүн. Мисалы, Санкт-Петербургдагы «Исаакиевский собор» музейи. Өзгөчө тарыхый, маданий, көркөм маанидеги эстеликтер корук музейлер деп жарыяланат. Кошумча маалымат үчүн: *Тарыхый-маданий корук музейлери, Эстеликтерди музейлештирүү, Ансамбль-музейлер* терминдерин караңыз. **2.** Тарыхый бир окуяны түбөлүккө калтыруу максатында атайын тургузулган архитектуралык курулуштун негизинде түзүлгөн музейлер. Музейде ошол окуяга арналган экспозиция түзүлөт. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Мемориал* терминин караңыз.

**МУЗЕЙ-УСАДЬБА – музей-чарбак.** Чарбалык ансамблдин негизинде түзүлгөн, жашай турган жайды, чарбалык курулуштарды, бакчаларды ж.б. камтыган музей. Мемориалдык (белгилүү инсандын өмүр-баяны жана ишмерди-

ги менен байланышса) же тарыхый-көркөм мааниде болот. Жасалгасында документтердин негизинде мемориалдык же тарыхый-көркөм жагдай сакталат же кайра калыбына келтирилет, башкача айтканда ансамблдик экспозиция түзүлөт (Мисалы, Л.Н. Толстойдун «Ясная поляна» музей-чарбагы). Кошумча маалымат алуу үчүн: *Тарыхый-көркөм музейлер, Мемориалдык музейлер, Ансамбль-музейлер* терминдерин да караңыз.

**МУЗЕОГРАФИЯ – музеография. 1.** Максаты музейлерди, алардын экспозицияларын жана коллекцияларын баяндоо болгон музей таануу тармагы. Музеографиялык иштин максаты музей жыйнагы тууралуу маалыматты топтоо жана жайылтуу, музейлерди жарнамалоо болуп эсептелет. Музеографиялык басылмаларга жол көрсөткүчтөр, проспекттер, маалымдамалар, каталогдор ж.б. кирет. Чет элдик адабияттарда музеология теориялык дисциплинасынан айырмаланып, «музеография» термини колдонмо музей таануунун синоними катары колдонулат. **2.** Музейлер жөнүндө адабияттар.

**МУЗЕЯ НАУЧНАЯ КОНЦЕПЦИЯ – музейдин илимий концепциясы.** Музей таануу изилдөөсүнүн жыйынтыгы болгон белгиленген музейдин өзгөчөлүгүн жана милдеттерин жалпылаган системалык түшүнүк. Ал заманбап музей абалынын ар тараптуу талдоого алынышынын жана анын музей тармагындагы ордунун негизинде түзүлөт. Анда музейдин өнүгүү келечеги аныкталат. Музейдин илимий концепциясына комплектөөнүн, фонддук иштин жана экспозициянын илимий концепциялары камтылат. Илимий концепция иштин илимий уюштуруп жана музей ишмердигинин ар кандай багыттарын бирге байланыштырып, музейдин бардык бөлүмдөрүнүн иштерин негизги жалпы маселеге бириктирет. Музейдин илимий концепциясы музей жыйнагын комплекстүү колдонууга шарт түзөт. Анын негизинде ар түрдүү багыт боюнча программалар жана музей ишмердигинин пландары түзүлөт.

**МУЗЫКАЛЬНЫЕ МУЗЕИ – музыкалык музейлер.** Жыйнагы музыкалык искусствонун өнүгүшүн документтештирген, музыкалык аспаптардан турган коллекциялык музейлерди, атактуу композиторлордун жана музыканттардын өмүр баянына жана ишмердигине арналган музейлерди, ошол эле учурда мемориалдык музейлерди камтыган искусство таануу багытындагы музейлер.

**МУЛЯЖ – муляж.** Музей предметинин сырткы көрүнүшүн дал өзүндөй кылып формасын, көлөмүн жана өңүн сактоо менен кайра жасоо. Муляж түп нусканын так ченемдери, баяндалышы же сүрөттөрү боюнча жасалат. Музей жыйнагынын курамында муляж адатта илимий көмөкчү фондго кирет. Муляждар музейлик маанидеги предметтер катары комплектөө учурунда музейдин негизги фондуна кириши мүмкүн.

# – Н –

**НАРОДНЫЙ МУЗЕЙ – элдик музей. 1.** Музей жыйнагын сактоо жана көргөзмөгө коюу шарты бар коомдук музейлерге атайын иштелип чыккан музей ишмердигинин критерийлеринин негизинде жергиликтүү органдар берүүчү наам. **2.** «Элдик музей» наамын алган коомдук музейлер.

**НАТЮРМОРТ – натюрморт.** Ар түрдүү типтерге тиешелүү болгон музей предметтеринен, башкача айтканда ар кандай музей материалдарынан турган экспозициялык комплекс. Музей натюрморту белгиленген көркөм образды көргөзөт жана теманын, бөлүмдүн же бүтүндөй экспозициянын акценттик элементи болуп саналат. Музей натюрмортун иштеп чыгууда экспозициянын сүрөтчүсү композиция маселелерин гана чечпестен аны менен бирге көркөм каражаттар менен экспозициянын мазмунун жигердүү интерпретациялоо маселесин да чечет. Музей натюрморту экспозиция искусствосунун чыгармаларынын катарына кирет.

**НАУЧНАЯ КОНЦЕПЦИЯ ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициянын илимий концепциясы. 1.** Экспозициялык иш багытындагы музейдин милдеттерин жана экспозицияда чагылдырылуучу негизги темалардын, көйгөйлөрдүн жана идеялардын системасын бүтүндөй жалпылап берген түшүнүк. Ал экспозициянын идеялык-теориялык мазмунун калыптандырат жана анын илимий жана көркөмдүк багытынын түшүндүрүлүшүн аныктайт. Тарых тармагындагы музейлерде экспозициянын илимий концепциясы тарых илиминде аныкталган доордун, замандын концепциясы менен тыгыз байланышат, бирок аны менен дал келбейт. Ал материалдарды тандоодо өтө ылгап алат, майда-баратына чейин аныктайт, анда тарых илиминдегидей толук болбойт жана баардыгын камтыбайт, башкача айтканда музейлик өзгөчөлүктөргө ээ. Бир тарыхый концепциянын базасында экспозициянын ар кандай концепциялары иштелип чыгышы мүмкүн. Экспозицияны түзүүдө илимий концепция көркөм концепция менен эриш-аркак каралат, андыктан алардын негизиндеги түшүнүк бир экспозициялык образды жаратууга багытталат. Экспозициянын илимий концепциясын иштеп чыгуу экспозициянын илимий долбоорун түзүүдөгү биринчи этап болуп эсептелет.

**2.** Экспозициянын илимий концепциясы баяндалган документ. Ал өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: а) башкы идеялардын жана негизги көйгөйлөрдүн негиздемеси; б) тематикалык түзүлүшүнүн жана экспозициянын мазмунунун өзгөчөлүктөрү; в) экспозициянын булактар базасынын мүнөздөмөсү; г) архитектуралык-көркөм долбооруна талап; д) экспозицияны долбоорлоо боюнча андан аркы иштердин негизги багыттары.

**НАУЧНАЯ ОБРАБОТКА – илимий иштетүү.** Музей предметин илимий иштетүү фонддук иштин негизги багыты. Музей предметинин изилдениши жана музей фондунун каттоо документтеринде анын илимий сүрөттөлүшү илимий иштетүүнүн негизги милдети болуп эсептелет.

**НАУЧНАЯ ЦЕННОСТЬ – илимий баалуулук.** Музейдин тармактык дисциплинасынын изилдөө маселелерин чечүүдө музей предметинин тарыхый, табигый-илимий жана башка маалыматтар булагы катары маанилүү болушу. Ал музей жыйнагына предметтерди тандоодо негизги критерий болуп эсептелет.

**НАУЧНО-МЕТОДИЧЕСКАЯ РАБОТА – илимий-усулдук иш.** Музей ишиндеги алдыңкы усулдарды жана адистик ыкмаларды иштеп чыгуу, табуу, сүрөттөө жана колдонуу иштерин жүргүзгөн музей ишмердигинин багыты. Музей фондун комплектөө, фонддук, экспозициялык, илимий агартуу иштерин жана дагы музей предметтерин калыбына келтирүү, жарнама жана музей коллекциясын пропогандалоо маселелерин камтыйт. Илимий усулдук ишти борбордук жана башкы музейлер музейдин тармагына ылайык усулдук адабияттарды жайылтуу, консультация өткөрүү, рецензиялоо ж.б. жолдор менен координациялайт. Музей кызматкерлеринин дасыктыгын жогорулатуу илимий усулдук иштин маанилүү звеносу болуп эсептелет. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Музей ишинин усулдамасы* терминин да караңыз.

**НАУЧНО-ВСПОМОГАТЕЛЬНЫЕ МАТЕРИАЛЫ – илимий-көмөкчү материалдар.** Музей предметтери эмес, бирок экспозицияда экспонаттарды толуктап турган, алардын мазмунун ачып көрсөтүүгө жардам берген карталар, схемалар, таблицалар, пландар, графиктер жана башка ушул сыяктуу материалдар. Илимий көмөкчү материалдар фонддордун курамына кирет. Ал предметтерди жана коллекцияларды окуп-үйрөнүүдө колдонулат жана өзүнчө фондго бөлүнөт (*Илимий-көмөкчү фонд* терминин караңыз). Жогорку көркөм деңгээлде аткарылган илимий көмөкчү материалдар экспозиция искусствосунун чыгармасы катары таанылат.

**НАУЧНОЕ ОПИСАНИЕ – илимий сүрөттөө.** Музей фондун каттоо документтеринде музей предметинин изил-

денишинин натыйжалары сүрөттөлүп жазылган илимий иштеп чыгуунун этабы.

**НАУЧНО-ИССЛЕДОВАТЕЛЬСКАЯ РАБОТА – илимий изилдөө иши.** Музейдин милдеттерине карата илимий-изилдөө мекемеси деп аныкталган музей ишмердигинин багыты. Музей жыйнагын изилдөөнүн негизинде алынган жаңы маалыматтардан турат. Профилдик дисциплина боюнча изилдөөлөрдү жана музей таануу изилдөөлөрүн камтыйт. Музейде илимий изилдөө иши фондду илимий комплектөөнүн, фонддук, экспозициялык жана илимий-агартуу иштеринин, башкача айтканда музей ишмердигинин бардык багыттарынын негизи болуп эсептелет. Музей фондун илимий иштеп чыгуу жана экспозицияны илимий долбоорлоо илимий изилдөө ишинин биринчи кезектеги өзгөчөлүк формасы болуп эсептелет. Илимий изилдөө ишинин багытын жана формасын аныктаган негизги документтер: музейдин илимий концепциясынын алкагына бириккен музей жыйнагын комплектөө боюнча илимий концепция, фонддук иштин илимий концепциясы, экспозициянын илимий концепциясы болуп эсептелет.

**НАУЧНО-МЕТОДИЧЕСКИЙ ОТДЕЛ МУЗЕЯ – музейдин илимий усулдук бөлүмү.** Негизги функциясы изилдөө, жалпылоо жана тармагына ылайык музей ишмердигин жайылтуу болгон музейдин илимий бөлүмү. Илимий-усулдук бөлүм музейлердин илимий-изилдөө иштерин координациялоо, илимий усулдук каттарды, илимий усулдук колдонмолорду, дагы ушу сыяктуу материалдарды иштеп чыгуу, илимий конференцияларды, семинарларды, кеңешмелерди өткөрүү, музейдин жана тармактык музейлердин кызматкерлери үчүн музей ишинин орчундуу маселелери боюнча такшалмадан өтүүсүн уюштуруу иштерин алып барат. Илимий усулдук бөлүм республикалык, борбордук, башкы, аймактык жана край таануу музейлеринде уюштурулат. Бөлүмдүн түзүмүнө секторлор жана усулдук кабинет кирет.

**НАУЧНО-МЕТОДИЧЕСКИЙ СОВЕТ – илимий усулдук кеңеш.** Музейдеги кеңешме орган. Илимий усулдук кеңешке музейдин жетектөөчү адистери, ошол тармактагы музейлердин, илимий жана маданий-агартуучу мекемелердин өкүлдөрү кириши мүмкүн. Илимий-усулдук кеңештин курамын музейдин деректири бекитет. Илимий усулдук кеңеште музейдин комплектөө, фонддук, экспозициялык жана массалык илимий агартуу иштеринин таасирин жогорулатууга байланышкан маселелер, музейдин илимий усулдук иштеринин пландары сыяктуу усулдук маселелер каралат жана талкууланат. Илимий усулдук колдонмолор, маалыматтык каттар ж.б. басылмага берилүүсү сунушталат. Музейдин илимий-изилдөө ишмердигине байланыштуу маселелерин окумуштуулар кеңеши карайт. Илимий усулдук кеңештин чечимин музейдин деректири бекитет. Музейлердин илимий усулдук кеңешин координациялоо ишин музей баш ийген маданият органы көзөмөлдөйт.

**НАУЧНО-ПРОСВЕТИТЕЛЬНАЯ РАБОТА – илимий агартуу иши.** Музей ишмердигинин негизги багыттарынын бири. Анда музейдин өзүндө же музейден тышкары жакта ар түрдүү категориядагы көрүүчүлөр менен көп пландуу жана ар түрдүү иштер жүргүзүлөт. Муну менен музейдин билим берүү жана тарбиялык милдеттери ишке ашырылат. Музей иштеринин тажрыйбасынын натыйжасында илимий-агартуу иштеринин ар кандай формалары калыптанган. Аларды жакшыртуу жана өнүктүрүү музейлердин тарбиялык жана идеологиялык иштеринин ролун жогорулатуудагы маанилүү ыкма болуп эсептелет.

**НАУЧНО-ПРОСВЕТИТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ ДОКУМЕНТАЦИЯ – илимий агартуу иштеринин иш кагаздары.** Музейде ар түрдүү массалык иш-чараларды уюштуруунун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө түзүлгөн иш кагаздарынын топтому. Илимий агартуу иштеринин иш кагаздарына: экскурсияны каттоо китеби, экскурсиялардын усулдук иштелмеси жана башка илимий агартуу иштеринин формалары, экскурсиялардын тематикалык пландары, лекциялар;

музей клубу жөнүндө жобо; ар кандай иш-чаралардын: тематикалык кечелердин, жолугушуулардын жана музейде өткөн башка майрамдардын сценарийлери кирет. Илимий-агартуу ишинин бардык документтери музейдин архивинде сакталышы керек.

**НАУЧНО-СПРАВОЧНЫЙ АППАРАТ – илимий маалымдама аппарат.** Музей жыйнагынын мазмунун жана курамын ачып берүүчү жана музей ишмердигинин бардык багыттары боюнча сурап-билүү иштеринин жүрүшүн камсыздоочу маалыматтык каражаттар системасы. Илимий маалымдама аппаратынын курамына каталогдордун бардык түрлөрү, фонд боюнча жол көрсөткүчтөр, классификациялык схемалар, каттап жазуулар, келип түшкөндөрдү каттоо китеби, каттоо китеби, талаа документтери, актылар кирет.

**НАУЧНЫЙ СОТРУДНИК – илимий кызматкер.** Музейдин илимий бөлүмдөрүнүн биринин кызматкери. Адистигине жараша илимий кызматкер фонддук (сактоочу), экспозициялык (экспозиционер), массалык илимий-агартуу (лектор-экскурсовод) же илимий-усулдук (усулчу) маселелер менен алектенет жана өзүнүн бөлүмүнө ылайык илимий-изилдөө жана илимий усулдук иштерди алып барат.

**НАЦИОНАЛЬНОЕ КУЛЬТУРНОЕ ДОСТОЯНИЕ – улуттук маданий дөөлөт.** Улуттук байлыктын курамынын бөлүгүн түзгөн элдин же өлкөнүн материалдык жана рухий маданий эстеликтеринин жыйнагы. Тигил же бул эстеликтин улуттук менчик деп таанылышы жана аны өлкөдөн тышкары жакта сатылышына тыюу салынышы анын улуттук баалуулук категориясына киргизилгендигине байланыштуу болот. Музейлерге Улуттук маданий дөөлөттүн кыймылдуу бөлүгүн пропагандалоо жана сактоо милдети коюлат.

**НЕМАТЕРИАЛЬНОЕ КУЛЬТУРНОЕ НАСЛЕДИЕ – материалдык эмес маданий мурас.** Адамзат коомчулугуна жана анын мүчөлөрүнө өзгөчөлүктүк жана жолун

жолдоочулук сезимин калыптандырган, салтка негизделген маданий ишмердиктин түрлөрүнүн жыйындысы. Материалдык эмес маданий мураска салт-санаа, билим, тил, оозеки чыгармачылык, музыка, бий, оюндар, мифтер, үрп-адат, кол өнөрчүлүк, коммуникациянын салттуу түрлөрү, белгилер, символдор ж.б. кирет. Ааламдаштыруунун жана массалык маданияттын таасиринен материалдык эмес мурастардын ылдам жок болуп кетүү коркунучу эл аралык коомчулукту аны сактап калуу маселесине кайрылуусуна аргасыз кылды. Материалдык эмес маданий мурастарды сактоонун принциптери «Материалдык эмес мурастарды сактоо жөнүндөгү эл аралык конвенцияда» белгиленген (2003-ж.). Кошумча маалымат алуу үчүн: *ЮНЕСКОнун маданий жана табигый мурастарды сактоо боюнча конвенциясы*н караңыз.

**«НОВАЯ МУЗЕОЛОГИЯ» – «жаңы музеология».** Экомузейлердин, жамааттык музейлердин жана башка жаңы типтеги музейлердин өнүгүү тажрыйбасын жалпылоонун негизинде 1980-жылдары пайда болгон чет элдик музеологиянын бир багыты. Жаңы музеологияда музей баарынан мурун жергиликтүү коомчулуктун олуттуу көйгөйлөрүн чечүүгө багытталуучу форма катары каралат. «Жаңы музеологиянын» негиздөөчүлөрү француз музеологдору Ж.А. Ривьер жана Ю.Де Варин «Жаңы музеологиянын» маанилүү жоболорун иштеп чыгышкан жана ал Квебек декларациясында катталган. «Жаңы музеологиянын» идеялары Азиянын, Африканын, Латын Америкасынын өнүгүп келе жаткан өлкөлөрүндө өзгөчө жайылган.

**НОВОДЕЛ – жаңы жасалма.** Түп нусканын материалын, көлөмүн сактоо менен дал өзүндөй кылып жасалган маданияттын материалдык эстелигинин так көчүрмөсү.

**НОВЫЕ ПОСТУПЛЕНИЯ – жаңы түшкөндөр.** Салыштырмалуу бир аз убакыт мурда музейдин фондуна түшкөн жана мамлекеттик каттоого алынган (мисалы өткөн айда же бир жыл мурун) музей предметтери.

## – О –

**ОБМЕН – алмашуу.** Музей материалдарын алмашуу музей фондун комплектөөнүн бир түрү болуп саналат. Музей окшош нускадагы же тармактык эмес материалдарды башка музейлерден же коллекционерлерден музей жыйнагынын мүнөзүнө жана тармагына ылайык келген предметтерге алмаштыра алат.

**ОБОРУДОВАНИЕ ВЫСТАВОЧНОЕ – көргөзмө жабдыктары.** Көргөзмөлөрдү түзүүдө колдонулуучу жабдыктар. Экспозициянын жабдыктарынан айырмаланып көргөзмө жабдыктары тез орнотууга жана ыкчам алмаштырууга ылайык, чоң конструктивдик мүмкүнчүлүктөрү бар, ошол эле учурда бекем болууга тийиш. Көргөзмө жабдыктары ажыратуу жана орнотуу үчүн чакан жана өзүнүн көлөмү боюнча унаага жүктөөгө, кампаларга жайгаштырууга ылайыктуу болушу керек. Көчмө көргөзмөлөр үчүн типтүү жабдыктарды колдонууга артыкчылык берилсе, стационардык көргөзмөлөр үчүн атайын даярдалган жабдыктар колдонулат.

**ОБОРУДОВАНИЕ ЭКСПОЗИЦИОННОЕ – экспозиция жабдыктары.** Экспозиция түзүүдө пайдаланылуучу көмөкчү конструкциялар жана ылайыкташылган жабдыктар. Адатта экспозиция жабдыктары төмөнкүдөй топтордон турат: **1.** Өзүнчө турган витриналар, турникеттер, тирөөчтөр. **2.** Курама-ажырама тосмолор. **3.** Универсалдуу конструктивдүү системалар – секичелер, тосмо конструкциясынын стенддери, тирөөчү менен стенддер, мейкиндик-каркастык системалар, өзөктүү мейкиндик системалары. **4.** Курулуш конструкцияларына бекитилген жабдыктар – түркүктөр, илинген конструкциялар, дубалга бекитилген конструкциялар. **5.** Көрсөткүчтөр, таблица кармагычтар. **6.** Көрүүчүлөрдүн эс алуусу үчүн жана көзөмөлчүлөр үчүн эмеректер. Экспозиция жабдыктарына жарык берүүчү электртехникалык каражаттар, аудиовизуалдык системалар жана башка техникалык каражаттар да кирет. Экспозиция

жабдыктары типтүү же типтүү эмес (атайын даярдалган) болушу мүмкүн. Жабдыктардын жалпы көрүнүшүн сүрөтчү экспозициянын көркөм долбоорун түзүп жатканда аныктайт. Акыркы көрүнүшү экспозициянын техникалык жана жумушчу долбоорунда чиймеге түшүрүлөт. Экспозиция жабдыктары экспонаттардын коопсуздугун, аларды сактоо ченемдерин жана шарттамдарын камсыздайт. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Көргөзмө жабдыктары* терминин да караңыз.

**ОБРАЗ ЭКСПОЗИЦИОННЫЙ – экспозиция образы.** Көрүүчүлөрдүн музей көрүү учурунда экспозицияны кабыл алуусу үчүн абдан ыңгайлуу шарт түзүп, экспозициянын темасын жана илимий мазмунун музей материалдарынын негизинде пластикалык искусство каражаттары аркылуу ишке ашыруу. Экспозиция образы көркөм долбоорлоо категориясына кирет, аны түзүү башкы сүрөтчүнүн негизги чыгармачылык милдети болуп эсептелет.

**ОБРАЗОВАТЕЛЬНО-ВОСПИТАТЕЛЬНАЯ ФУНКЦИЯ – билим-тарбия берүү функциясы.** Музей ишмердигинде жүргүзүлгөн максаттуу билим берүү, дүйнөгө болгон көз карашты калыптандыруу жана адеп-ахлакка, интернационалдуулукка, эстетикалык тарбияга багытталган коомдогу музейлердин негизги социалдык функцияларынын бири. Ал музей жыйнагынын базасында экспозициялык жана илимий- агартуу иштеринин ар кандай формалары аркылуу ишке ашат.

**ОБЩЕСТВА ДРУЗЕЙ МУЗЕЯ – музей досторунун коомдору.** Музейлерди колдоо максатында музейлер алдында түзүлгөн коомдук уюмдар. Алар Жобонун негизинде иш жүргүзүшөт. Музейдин негизги ишмердигине же өзүнчө программаларына күчөтүлгөн жардам берүүгө даяр болгон уюмдарды, жеке жактарды жана дагы музей маданиятына аралашууну каалагандарды бириктирет. Жеке жана коллективдүү мүчөлүктө жылдык мүчөлүк төлөм Коомдун Жобосунда аныкталат жана анда музейге бекер кирүү, му-

зей иш-чараларына катышуу сыяктуу жеңилдиктер жана артыкчылыктар каралат. 1970-жылы Бүткүл дүйнөлүк музей досторунун федерациясы түзүлгөн.

**ОБЩЕСТВЕННЫЕ МУЗЕИ – коомдук музейлер.** Элдин демилгеси жана түздөн-түз катышуусу менен ачылган музейлер. Жергиликтүү маданият органдарында, ар кандай мекемелерде, ишканаларда, айылдарда, жогорку жана кесиптик орто окуу жайларында, мектептерде ачылышы мүмкүн. Алар жергиликтүү маданият органдарынын каттоосунда болот. Мамлекеттик музейлердин илимий усулдук жетекчилиги астында иштешет.

**ОБЩЕСТВЕННЫЕ СВЯЗИ – коомдук байланыштар.** Музейдин башка музейлер, илимий мекемелер, окуу жайлар, өнөр жай ишканалары, мекемелер, чыгармачыл уюмдар ж.б. менен өз ара мамилеси. Музейдин коомдук байланышынын өнүгүшү райондук, шаардык, облустук, республикалык масштабда музей ишмердигинин таасирдүүлүгүнүн жогорулашына көмөк көрсөтөт. Коомдук байланыш ар кандай уюмдардын жана мекемелердин өкүлдөрүнөн турган музейдин коомдук катышуучуларынын калыптануусунун негизинде түзүлөт. Коомдук активисттер музейдин бардык багыттары боюнча ыктыярдуу түрдө жардам көргөзүшөт. Бир катар музейлерде коомдук кеңеш түзүү тажрыйбасы колдонулат. Коомдук байланыштын негизги багыттарынын бири музей менен мектептин өз ара катышы, мектеп окуучуларынын окуу программаларына ылайыкталган экскурсиянын системасын иштеп чыгуу, өсүп келе жаткан муундун тарбия, билим жана маданият деңгээлин жогорулатууга багытталган лекцияларды, конференцияларды, «кесип күндөрүн» жана башка иш-чараларды өткөрүү болуп эсептелет. Кызматташтык жөнүндөгү келишим музей менен мектептин байланышын уюштуруунун формасы болуп саналат.

**ОБЩЕСТВЕННЫЙ СОВЕТ МУЗЕЯ – музейдин коомдук кеңеши.** Музейдин коомдук катышуучуларынын ишин уюштуруу формасы. Ага коомдук башталышта музей иши-

не кызыккан, музейге керек учурда күчөтүлгөн жардам берүүгө даяр болгон мекемелердин жана уюмдардын өкүлдөрү кирет. Коомдук кеңештин түзүмүндө музей тармагынын ар кандай багыттары боюнча иш жүргүзгөн секциялар болушу мүмкүн. Мисалы: Адабий секция, край таануу секциясы, балдар менен иштөө секциясы ж.б. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Коомдук байланыштар* терминин да караңыз.

**ОБЪЕДИНЕНИЕ МУЗЕЙНОЕ – музейлер бирикмеси.** Облустун, аймактын, шаардын чегинде түзүлгөн борборлоштурулган музейлер системасы. Бириүүнүн максаты жер-жерлердеги музейлер тармагын алардын табигый, тарыхый, экономикалык өзгөчөлүктөрүнө жана ар бир музей жыйнагынын мүнөзүнө ылайык илимий профилдөө болуп эсептелет. Музейлер бирикмесинде борборлоштурулган башкаруу жана каржылоо жүргүзүлүп, комплектөө, фонддук, экспозициялык, илимий-изилдөө жана илимий агартуу иштери бирдикте пландалат. Музей фонддорун каттоо, сактоо жана колдонуу системасы бирдикте болот. Ошол эле учурда ар башка тармактагы шаардык жана райондук музейлер башкы музейдин башкаруусуна жана илимий усулдук жетекчилигине анын филиалдары же бөлүмдөрү катары биригишет. Музейлер бирикмеси музей тармактарын уюштуруунун жана музейлерди башкаруунун заманбап усулу менен иштейт. Бириүүнүн максаты – музей ишмердигинин таасирдүүлүгүн жогорулатуу, музей жыйнагын туура колдонуу, аймактардагы музейлердин иштерин координациялоо. Ар башка тармактагы музейлердин аймактык биригиши сыяктуу, бир тармактагы музейлер бирикмеси да болот (Мисалы: Адабий музейлер бирикмеси).

**ОБЪЕКТ КОМПЛЕКТОВАНИЯ – комплектөө объекти.** Ишмердиги музей ыкмасында изилденүүгө жана документтештирилүүгө тийиш болгон мамлекеттик мекеме, коомдук уюм же жеке инсан. Комплектөө объектине музейдин изилдөө объектилери болгон археологиялык эстреликтер

да кирет. Комплектөө объекти комплектөөнүн темасына, музейдин тармагына жана анын музейлер тармагындагы ордуна ылайык фондду комплектөөнүн долбоорун түзүү учурунда аныкталат.

**ОПИСЬ – тизим.** Музей предметтеринин же илимий-көмөкчү материалдардын системалаштырылган тизмеси. Коллекцияларды, көргөзмө материалдарын, кайра калыбына келтирүүгө муктаж болгон предметтерди бир-бирден каттап чыгуу формасы.

**ОПИСЬ ДЕФЕКТНАЯ – кемтиктер тизими.** Кайра калыбына келтирүү документтеринин түзүүчү бөлүгү. Анда ар бир предметтин бузулушунун мүнөзү жана деңгээли көргөзүлгөн, кайра калыбына келтирүүгө муктаж болгон музей предметтеринин тизмеси болот. Ал кайра калыбына келтирүү иштерин жүргүзүү үчүн негиз болуп эсептелет. Кемтиктер тизими экспозицияны жана фондду профилактикалык текшерүү учурунда, предметтерди илимий-изилдөө ишинде колдонгондон кийин жана көргөзмөдөн экспонаттарды кабыл алып жатканда түзүлөт. Ал курамы музейдин жооптуу кызматкерлеринен (тиешелүү бөлүм башчылары, сактоочулар, калыбына келтирүүчүлөр) турган комиссиянын катышуусу аркылуу жүргүзүлөт.

**ОПИСЬ КОЛЛЕКЦИОННАЯ – коллекциялык тизим.** Музей предметтерин каттоонун көмөкчү формасы. Коллекциялык тизим музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо боюнча колдонуудагы нускаманын эрежелерине ылайык түзүлөт. Ал кабыл алуу актысына тиркеме болуп эсептелет.

**ОПИСЬ ОСМОТРОВ СОСТОЯНИЯ СОХРАННОСТИ – сакталыш абалын кароо тизими.** Фондду сактоочу жайларда жана экспозицияда турган музей предметтеринин сактоо шарттары системалык түрдө текшерилип, анын жыйынтыктары катталган документ. Музей баалуулуктарынын сакталыш абалын кароо тизимин колдонуудагы эсепке алуу жана сактоо нускамасына ылайык жооптуу сактоочу же калыбына келтирүүчү жүргүзөт.

**ОПИСЬ ТОПОГРАФИЧЕСКАЯ – топографиялык тизим.** Музей фондун каттоонун көмөкчү формасы. Анда ар бир предметтин сакталган орду жазылат. Бул сактоо жайларындагы предметтерди издөөнү жеңилдетет.

**ОПРЕДЕЛИТЕЛЬ – аныктоочу.** Белгилүү типтеги музей предметтерин атрибуттоону жеңилдетүүгө арналган музей басылмасы. Аныктоочу белгиленген музей предметин изилдеп үйрөнүүнүн жүрүшүндө жана илимий баяндалышында атрибуттоонун негизги белгилерин коюуга мүмкүндүк берген предметтердин топторунун системалаштырылган жана иллюстрацияланган сүрөттөлүшүн камтыйт.

**ОРГАНИЗАЦИОННАЯ СТРУКТУРА МУЗЕЯ – музейдин уюштуруу түзүмү.** Бул музейдин ички уюштурулушу. Ага администрация, фонддор, экспозиция, чарбалык кызматтар, көмөкчү бөлүмдөр кирет. Музейдин негизги түзүмдүк бөлүнүштөрүнө филиал, илимий бөлүм, лаборатория, чеберканалар кирет. Ишмердигинин негизги багыттары боюнча музейде илимий бөлүмдөр же секторлор болот. Аларга экспозициялык, фонддук, илимий-агартуу, илимий-усулдук бөлүмдөр кирет. Өзүнчө илимий маселелерди чечүү үчүн музейде бөлүмдөрдү, секторлорду же комплектүү максаттагы топторду түзүүгө болот. Музейдин негизги ишмердигин илимий-көмөкчү жана өндүрүштүк бөлүмдөр камсыздайт. Аларга китепкана, архив, кайра калыбына келтирүүчү чеберканалар, үн жазуу лабораториясы, сүрөт лабораториясы, басмакана, кадрлар бөлүмү, канцелярия, чарбалык бөлүм ж.б. кирет. Музейдин түзүмүн музейдин деректири Маданият министрлигинин системасындагы музей жөнүндөгү типтүү жоболордун негизинде иштеп чыгат, өзгөртөт жана өз деңгээлинде бекитет. Андан кийин музей түзүмүн музей баш ийген маданият органы бекитет. Музейдин түзүмдүк бөлүмдөрү деректир бекиткен жобого ылайык иштейт. Бөлүмдөрдүн кызматкерлери музейдин деректири бекиткен кызматтык нускаманын негизинде иш жүргүзөт. Ири музейлерде деректирдин алдында кеңешме органдары түзүлөт. Мисалы, илимий-усулдук кеңешме,

окумуштуулар кеңешмеси, көркөм кеңешме, ал эми башкы музейлерде координация боюнча кеңешме болушу мүмкүн.

**ОРГАНИЗАЦИЯ ВЫСТАВКИ – көргөзмөнү уюштуруу.** Музей көргөзмөсүн түзүүгө жана колдонууга байланыштуу иш-чаралардын комплекси. Деректирдин буйругу менен көргөзмөнү даярдоо боюнча жумушчу топ түзүлөт. Ага көргөзмөнүн жетекчиси, экспозиционерлер, сүрөтчү жана башка керектүү адистер кирет. Көргөзмөнү даярдоо жана экспонаттарды жайгаштыруу мөөнөтү бекитилип, жумуштун графиги жана чыгымдар сметасы түзүлөт. Мындан кийин экспозиционерлер тематикалык планды, тематикалык-экспозициялык планды, этикеткаларды иштеп чыгышат, экспонаттарды баалоочу жана коргоочу топографиялык каттоо түзүлөт. Сүрөтчү көргөзмөнүн архитектуралык-көркөм чечилишинин долбоорун, жумушчу чиймелерин, монтаждык баракчаларды жана жарнамалык барактарды (проспект, чакыруу баракчалары, жарыя такта ж.б.) түзөт. Ошол эле учурда көргөзмө боюнча экскурсияларды өткөрүү үчүн экскурсиянын тексти, усулдук көрсөтмө жана ачылыш сценарийи иштелип чыгат. Көргөзмөнү атайын комиссия кабыл алат. Көргөзмөнү коштоп жүргөн кишиге же башка музейге сактоого берүү акт боюнча жүргүзүлөт. Көчмө көргөзмөлөр үчүн таңгактоочу материалдар тапшырык кылынат, анын материалдарын жана жабдыктарын куроо жана ажыратуу, дасыктуу таңгактоо, белгиленген жерге жеткирүү иштери музейдин өкүлүнүн катышуусунда жүргүзүлөт. Көргөзмөнүн жыйынтыктары боюнча отчет түзүлөт.

**ОРУЖЕЙНАЯ ПАЛАТА – куралдар палатасы.** XVI–XVII кылымдарда Москва Кремлинин аймагындагы ак сарайлардын тиричилигинде колдонулган предметтерди, куралдарды, кымбат баалуу жасалгаларды жасоо, сактоо жана сатып алуу иштери менен алектенген ири көркөм-өндүрүштүк борбордун жыйнагынын негизинде түзүлгөн эски орус музейи. XVIII кылымдан баштап куралдар палатасы өндүрүштүк маанисин жоготуп, бирок падышалык

үйдүн асыл буюмдарын сактоочу жай катары сакталып калат. 1806-жылы музей кылынып, келүүчүлөрдү кабыл ала баштайт. Имараты архитектор К.А.Тондун долбоору боюнча 1844-1851-жылдардын аралыгында курулган. Азыркы учурда Кремлдеги мамлекеттик музейлердин курамына кирет.

**ОСВЕЩЕНИЕ ЭКСПОЗИЦИИ – экспозицияга жарык берүү.** Экспозициянын архитектуралык-көркөм чечилишинин элементи; экспозициялык мейкиндикте жарыкты бөлүштүрүү. Экспозицияга жарык берүү табигый жана жасалма ошондой эле жалпы жана жергиликтүү болушу мүмкүн. Жарык берүү принциптери экспозициянын көркөм долбоору түзүлүп жатканда иштелип чыгат, ал эми керек болуучу жарык берүүчү аппараттар экспозициянын техникалык долбоорун түзүү учурунда каралат. Экспозицияга жарык берүү системасын иштеп чыгууда ар кандай материалдарга жарык берүү ченемдеринин коопсуздугун эске алуу зарыл.

**ОСВЕЩЕНИЕ ЭКСПОНАТА – экспонаттарга жарык берүү.** *Ордунда жарык берүүнү* караңыз.

**ОТБОР ЭКСПОЗИЦИОННЫХ МАТЕРИАЛОВ – экспозиция материалдарын тандоо.** Экспозициянын темасын дээрлик толук ачып берүү максатында өзгөчөлүү музей каражаттары аркылуу, башкача айтканда музей предметтерин топтоо жана интерпретациялоо жолу менен экспозициянын экспонаттарынын курамын аныктоо. Экспозиция материалдарын тандоо экспозицияны долбоорлоп жаткан учурда жүргүзүлөт. Жалпысынан алганда экспонаттардын курамы экспозициянын илимий концепциясы иштелип чыкканда эле аныкталат. Долбоорлоонун кийинки баскычтарында акырындык менен тактала берет. Экспозицияны комплектөөдө жана экспозициянын көркөм долбоорун иштеп чыгуу учурунда материалдарынын курамына олуттуу түзөтүүлөрдү киргизсе болот. Экспонаттардын акыркы такталган курамы экспозициялык-тематикалык планда жазылат.

**ОТДЕЛ МУЗЕЯ – музей бөлүмү.** Музейдин түзүмдүк бөлүмү. Музейдин бөлүмү илимий бөлүмдөрдөн (мисалы: экспозициялык бөлүм, фонддук бөлүм, илимий-усулдук бөлүм, илимий агартуу иштери боюнча бөлүм ж.б.) жана музейдин негизги ишмердигин камсыздаган өндүрүштүк бөлүмдөрдөн турат (мисалы: административдик-чарбалык бөлүм ж.б.). Илимий бөлүмдөр секторлорго бөлүнүшү мүмкүн. Мисалы, фондду сактоо бөлүмүндө музей предметтерин каттоо сектору, кайра калыбына келтирүү жана консервациялоо сектору болушу мүмкүн. Музейдин бөлүмдөрү музейдин дерektири бекиткен жоболорго жана Маданият министрлиги иштеп чыккан музейлер жөнүндөгү типтүү жобого ылайык иш жүргүзүшөт.

**ОТДЕЛ НАУЧНО-ПРОСВЕТИТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ – илимий-агартуу иштер бөлүмү.** Негизги максаты музейдин массалык илимий-агартуу иштерин уюштуруу жана өткөрүү болгон илимий бөлүм. Илимий-агартуу бөлүмү музейдин массалык илимий-агартуу иштерин координациялайт, жаңы лекциялык жана экскурсиялык темаларды, илимий-усулдук сунуштамаларды, экскурсиялар, лекциялар жана массалык иш-чаралар үчүн маалымат берүүчү материалдарды иштеп чыгат.

**ОТДЕЛ ФОНДОВ – фонддор бөлүмү.** Музей фондун эсепке алуу жана сактоо иштерин уюштуруучу музейдин илимий бөлүмү. Фонддор бөлүмү төмөндөгүдөй иштерди алып барат: музей предметтеринин сакталуусун камсыздоо үчүн профилактикалык иш-чараларды өткөрүп турат жана кайра калыбына келтирүүгө муктаж болгон музей предметтерин таап көрсөтөт, музей предметтеринин илимий сүрөттөлүшүн жана илимий маалымдама аппаратын түзөт, музей предметтерин комплектөөнүн теориясынын, усулдамасынын жана практикасынын актуалдуу маселелерин иштеп чыгат, музейдин тармагына ылайык музей предметтерин комплектөөгө катышат, музейдин илимий-агартуу жана экспозициялык ишине катышуучу музей предметтеринин туура колдонулушун камсыздайт, музей

кызматкерлеринин, стажёрлордун, изилдөөчүлөрдүн музей жыйнагын жана коллекцияларын изилдөө боюнча иштерин уюштурат. Фонддор бөлүмү түрүнө, коллекциялык же хронологиялык белгисине карата секторлордон турушу мүмкүн. Фонддор бөлүмүнүн түзүмү музей тармагындагы музейдин ордуна, музей жыйнагынын мүнөзүнө жараша болот. Фонддор бөлүмүн башкы сактоочу башкарат.

**ОТКРЫТИЕ ВЫСТАВКИ – көргөзмөнүн ачылышы.** *Вернисажды* караңыз.

**ОТКРЫТОЕ ХРАНЕНИЕ – ачык сактоо.** Музей жыйнагын сактоонун жана колдонуунун бир түрү. Ачык сактоо булактардын түрлөрү боюнча коллекциялык, тематикалык болушу мүмкүн. Ал атайын жабдылган фондду сактоо жайында музей предметтерин көрүүгө ылайыкталып уюштурулат. Ачык сактоо музей фонддорун илимий-изилдөөгө жана илимий-агартуу иштеринде кеңири пайдаланууга мүмкүнчүлүк түзөт.

**ОТРАСЛЕВЫЕ МУЗЕИ – тармактык музейлер.** Өндүрүштүк ишмердигинде тармагы бир жактуу болгондугуна карата аныкталган музейлер. Адатта министрликтердин, мекемелердин, илимий-изилдөө институттарынын өзгөчөлүктүү кызыкчылыгына байланыштуу милдеттерди аткарган ведомстволук музейлерден турат. Мисалы: Бишкектеги Улуттук банктын музейи.

**ОТЧЕТ НАУЧНЫЙ ОБ ЭКСПЕДИЦИИ – экспедиция жөнүндө илимий отчет.** Музей фондун комплектөө боюнча илимий иш сапардын же экспедициянын программасынын аткарылышы жана алдын ала алардын жыйынтыгынын талдоосу жөнүндө маалымат камтыган документ. Илимий отчетту экспедициянын же илимий иш сапардын катышуучулары түзөт жана музейдин деректири бекитет. Илимий отчет музейдин архивинде сакталат.

**ОТЧЕТНАЯ ДОКУМЕНТАЦИЯ – отчеттук иш кагаздар.** Мамлекеттик музейлерде жыл сайын түзүлүүчү жана 15-январга чейин жогору турган мекемеге жана Маданият министрлигине жөнөтүлүүчү музейдин статистикалык

жана жылдык отчету. Музейден өзүнчө жайгашкан, тармагы боюнча экспозициясына жана тематикалык иштерине карата музей предметтеринен турган, өзүнүн фонду бар музейдин филиалдары өзүнчө каттоо бирдиги болуп эсептелет жана өздөрүнчө отчет беришет. Бул учурда негизги музей өзүнүн отчетунда филиал жөнүндө маалымат бербейт. Статистикалык отчет төрт бөлүмдөн турат: **1)** музей фонду жөнүндө кыскача мүнөздөмө; **2)** илимий-агартуу иштери; **3)** музейдин персоналы; **4)** музейдин бир жыл ичиндеги кирешеси жана чыгымдары. Текстик отчет музейдин илимий, административдик-чарбалык жана финансылык иштери жөнүндөгү маалыматтардан турат.

**ОХРАНА МУЗЕЯ – музейди кайтаруу.** Музейдин жана музей жыйнагынын кол тийгистигин камсыздоочу, аны уурулуктан, зыян келтирүүдөн жана өрттөн коргоочу иш-чаралар системасы. Адатта коопсуздук милдеттери атайын кызматтарга жүктөлөт. Мындан тышкары бардык музей имараттарында кайтаруунун жана өрт ишараттоосунун автоматтык системалары орнотулат.

**ОХРАННАЯ ГРАМОТА – коргоо грамотасы.** Мамлекет менен жеке коллекция ээсинин мамилесин жөнгө салуучу юридикалык документ. Коргоо грамотасы жеке коллекцияларды сактоо шарттамынын туура түзүлүшүнө жана музейлик маанидеги предметтердин коомдун кызыкчылыгы үчүн негиздүү колдонулушуна өбөлгө түзөт.

## – П –

**ПАЛЕОНТОЛОГИЧЕСКИЕ МУЗЕИ – палеонтологиялык музейлер.** Жыйнагы өткөн геологиялык доорлордун жаныбарлар дүйнөсүн жана өсүмдүктөрүн көргөзүп турган табигый-илимий тармактагы музейлер. Мисалы, Москвадагы Ю.Орлов атындагы палеонтологиялык музей.

**ПАМЯТНИК – эстелик.** Өз доорунун же жаратылыш объектисинин тарыхын жана маданиятын чагылдырган, баалуулук катары каралган адам ишмердүүлүгүнүн пред-

меттик натыйжасы. Ал илимий, көркөм, тарыхый жана мемориалдык мааниси аныкталгандан кийин эстелик статусуна ээ болот. Эстелик катталууга, сакталууга жана изилденүүгө тийиш.

**ПАМЯТНИК (МОНУМЕНТ) – эстелик (монумент).** Окуяны же адамды эскерүүнү түбөлүккө калтыруу үчүн атайын жасалган скульптуралык же монументалдык искусство чыгармасы.

**ПАМЯТНИК АРХЕОЛОГИИ – археология эстелиги.** Байыркы турактардын, көрүстөндөрдүн, маданий, коргонуу же башка курулмалардын калдыктарынан турган тарых жана маданият эстелиги. Археология эстелиги атайын археологиялык усулдардын жардамы менен казууда жана байкоо жүргүзүүдө изилденет. Музейлер үчүн археология эстеликтери байыркы тарых боюнча материалдарды комплектөөдө баалуу булак болуп эсептелет. Музейлештирүүдө археология эстеликтери музей көрсөтмөсүнүн объекти болуп калат. Кээ бир учурларда археология эстелигине өзүнчө байыркы предметтерди – археологиялык табылгаларды да киргизишет.

**ПАМЯТНИК АРХИТЕКТУРЫ И ГРАДОСТРОИТЕЛЬСТВА – архитектура жана шаар куруу эстелиги.** Тарых жана маданият эстелиги адамдын материалдык-мейкиндик жашоо чөйрөсүнүн бөлүгүн түзгөн кыймылсыз объекттерден – өзүнчө имарат же курулмалардан, ансамблдик имараттардан, ансамблдик бакча-парктардан, шаардын бөлүгүндөгү тарыхый калыптанган курулуштардан турат. Архитектура эстелиги болгон имараттарда музейлер жайгаштырылышы мүмкүн, ал эми айрым архитектура жана шаар куруу эстеликтери музей көргөзмөсүнүн атайын объектилери болуп калат. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Ачык асман алдындагы музей, Ансамбль-музейлер* терминдерин да караңыз.

**ПАМЯТНИК ДОКУМЕНТАЛЬНЫЙ – документтик эстелик.** Бул бардык алып жүрүүчүлөрдө (кагазда, перга-

ментте, пленкада, флешкада ж.б.) сүрөттөлүш, үн же текст түрүндө сакталган маалыматты сактоого жана өткөрүүгө арналган тарых жана маданият эстелиги. Музей жыйнагында документ эстеликтер жазма, сүрөттөп көрсөтмө, кино, фото, фоно-булактары болуп бөлүнөт.

**ПАМЯТНИК ЕСТЕСТВЕННОЙ ИСТОРИИ – табигый тарых эстелиги.** Илимий, тарыхый, билим берүү жана тарбиялык мааниси бар табигый объект. Музейлештирүүнүн жыйынтыгында кыймылсыз табигый тарых эстеликтери музей көргөзмөсүнүн объекти болуп калса, кыймылдуу эстеликтер табигый-илимий музейлердин жыйнагын жана край таануу музейлеринин жаратылыш бөлүмдөрүнүн коллекцияларын толуктайт.

**ПАМЯТНИК ИСКУССТВА – искусство эстелиги.** Көркөм сүрөт же декоративдик-колдонмо өнөр чыгармаларынан турган тарых жана маданият эстеликтери. Адатта түздөн-түз утилитардык (колдонууга ылайыктуулук, пайдалуулук) маанини көздөбөйт (декоративдик-колдонмо өнөрдө) же аны менен анын баалуулугу аныкталбайт. Ал көркөм образдарды көрүү аркылуу кабыл алуу чындыгын чагылдырат. Искусство эстеликтери сүрөттөмө же буюмдар булактары катары бардык тармактагы музейлер жыйнактарына кирет.

**ПАМЯТНИК МАТЕРИАЛЬНОЙ КУЛЬТУРЫ – материалдык маданият эстелиги.** Утилитардык (пайдалуу, колдонууга ылайыктуу) мааниге ээ, материалдык маданияттын предметтик элементи болгон буюм. Музейде материалдык маданият эстелиги буюм булактарынын түрүнө кирет.

**ПАМЯТНИК НАРОДНОГО ИСКУССТВА – элдик искусство эстелиги.** Элдик чеберлердин колунан чыккан, улуттун жана жергиликтүү маданияттын өзгөчөлүктөрүн чагылдырып турган декоративдик-колдонмо же көркөм сүрөт өнөр чыгармасы. Салттуу көркөм өнөр каражаттарын жана ыкмаларын колдонуу элдик өнөр эстелигинин негизи болуп эсептелет. Башка искусство эстеликтеринен чебердин

жеке өнөрчүлүгүнүн өзгөчөлүгүнө басым жасалбагандыгы, адатта тиричиликте пайдаланууга ылайыкталып даярдалгандыгы менен айырмаланып, элдик искусство эстелигин материалдык маданият эстелигине жакындатат. Элдик искусство эстелиги көркөм, этнографиялык жана башка тармактагы музейлер жыйнагынын маанилүү бөлүгүн түзөт.

**ПАМЯТНИК ПИСЬМЕННОСТИ – жазма эстелик.** Мазмуну жазуу белгилеринин жардамы менен сакталган документ эстелик. Көпчүлүк учурда адабий, тарыхый, философиялык дилбаян же белгилүү бир доордун жазуусунун өнүгүшүн мүнөздөөдө маанилүү болгон текст. Музейлерде жазма эстеликтер жазма булактарга кирет.

**ПАМЯТНИКИ ИСТОРИИ И КУЛЬТУРЫ – тарых жана маданият эстеликтери.** Арасында кээ бирлери музей көрсөтмөсүнүн объекти боло турган кыймылсыз эстеликтерден, музей предметтеринен жана музейлик маанидеги предметтерден турган эстеликтердин өзгөчө категориясы. Тарых жана маданият эстеликтери деген түшүнүк эстеликтердин ар кандай түрлөрүн: документ эстеликтерди, тарых, археология, архитектура жана шаар куруу, көркөм өнөр эстеликтерин камтыйт.

**ПАМЯТНОЕ МЕСТО – эстелик жер.** Тарых жана маданият эстеликтеринин бир түрү; ал тарыхый окуялар же атактуу адамдардын ишмердүүлүгү менен байланышкан жерлер, калк отурукташкан жайлар ж.б. болушу мүмкүн. Айрым учурларда эстеликтер турган жерлер.

**ПАРАМУЗЕИ – парамузейлер.** Чет элдик музей таануудa – түп нуска эмес музей предметтерин сактаган жана көргөзмөгө койгон музей тибиндеги мекеме. Анда кандайдыр бир тарыхый окуяны же көрүнүштү сүрөттөп көрсөтүү үчүн музей предметтери же объекттер атайын жасалат. Алар мом фигураларынан, искусство чыгармаларынын жогорку сапаттагы репродукцияларынан, предметтик комплекстерден, жаңы жасалмалардан жана башкалардан турат.

**ПАСПОРТ МУЗЕЙНОГО ПРЕДМЕТА НАУЧНЫЙ – музей предметинин илимий паспорту.** Изилдөөнүн бардык баскычтарынын натыйжаларын камтыган, музей предметин баяндоонун бир формасы. Ал илимий паспорттоштуруу учурунда түзүлөт. Кээ бир музейлерде «Илимий сүрөттөө карточкасы» деп аталат.

**ПАСПОРТ МУЗЕЯ – музейдин паспорту.** Музейдин өндүрүштүк, техникалык, финансылык абалын чагылдырган документ. Музейдин паспортунда музей жөнүндө ар кандай маалыматтар көргөзүлөт: так дареги жана телефон номуру, категориясы, негизделген датасы, өзгөрүп уюшулушу, жумуш күндөрү, иштөө убакыты ж.б. Музей паспортунун формасын музей баш ийген маданият органы иштеп чыгат. Музейде толтурулуп, маданият органына жөнөтүлөт. Ошол форма боюнча музейлердин картотекасы түзүлөт. Бул документ музей ишинин практикасында анча жайылтылбаганы менен музей тармагынын абалын изилдөөдө маанилүү документ болуп эсептелет.

**ПАСПОРТИЗАЦИЯ НАУЧНАЯ – илимий паспорттоштуруу.** Музей предметин монографиялык изилдегенден кийинки жыйынтыгынын музей предметинин илимий паспортуна катталышы.

**ПЕДАГОГИКА МУЗЕЙНАЯ – музей педагогикасы.** Агартуу жана тарбиялык максатта музей предметтерин колдонуу теориясы жана усулдамасы. Музей ишмердигиндеги экскурсиялардын, лекциялардын жана башка илимий-агартуу иштеринин бардык формалары аркылуу музей жыйнагын пропагандалоодо педагогиканын жана педагогикалык психологиянын жалпы жоболору колдонулат. Музей педагогикасы музейлердин агартуу жана тарбиялык функцияларын ишке ашырууда илимий негиз болуп эсептелет.

**ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ МУЗЕЙИ – педагогикалык музейлер.** Жыйнагы заманбап элдик билимдин абалын жана тарыхын документтештирип турган тармактык музейлер

тобу. Педагогикалык музейлер сабак өтүүнүн усулдамасы жана көрсөтмө куралдары боюнча материалдарды комплектейт. Мугалимдер менен усулдук иштерди жүргүзөт жана алар элдик билим берүү органдарына баш ийет. Педагогикалык музейлерге атактуу педагогдорго арналган мемориалдык музейлер да кирет. Мисалы: В. Сухомлинскийдин педагогикалык-мемориалдык музейи. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Ведомстволук музейлер, Тармактык музейлер терминдерин да караңыз.*

**ПЕРЕУЧЕТ ФОНДОВ – фондду кайра эсептөө.** Музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо боюнча колдонуудагы нускамага ылайык системалык түрдө өтүп туруучу, музей предметтеринин сакталуу абалын жана музей фонддорунда турган экспонаттар менен китептерде катталгандарды салыштырып текшерүү иштери. Ал фондго келгендерди каттоо китептерин, инвентардык китептерди, кабыл алуу, өткөрүү актыларын жана башка документтерди салыштырып текшерүүнү камтыйт. Музейдин директиринин буйругу менен дайындалган комиссия деректир бекиткен планга ылайык иш алып барат. Музей фондун кайра каттоо иштеринин жыйынтыктары боюнча атайын акт түзүлөт.

**ПЕРСОНАЛ МУЗЕЙНЫЙ – музей персоналы.** Бул илимий бөлүмдөрдүн ишмердигин камсыз кылуучу музейдин өндүрүштүк бөлүмдөрүнүн, атайын багыттагы чеберканалардын (калыбына келтирүүчү, кеп жасоочу ж.б.), фотолабораториялардын, типографиялардын, кадрлар бөлүмүнүн, канцелярия, бухгалтерия жана административдик-чарбалык бөлүмдүн кызматчылары. Музей персоналы ишмердигин музейдин жобосунун, деректирдин буйругунун, музейдин деректири бекиткен кызматтык нускаманын негизинде жүргүзөт. Музей персоналын деректир кызматка дайындайт жана кызматтан бошотот.

**ПИНАКОТЕКА – пинакотека.** Сүрөт искусство чыгармаларын сактоочу жай; сүрөт галереясы. Бул термин ба-

йыркы Грециядан бери белгилүү. Ал антикалык сүрөттөрдү сактоо жайынын (афиналык) аталышынан келип чыккан. Батыш Европада кээ бир сүрөт галереяларын пинакотека деп аташат. Мисалы, Мюнхендеги эски пинакотека кыйла белгилүү.

**ПИСЬМЕННЫЕ ИСТОЧНИКИ – жазма булактар.** Маалыматтар жазуу белгилеринин (тамгалар, цифралар ж.б. символдор) жардамы менен сакталган музей предметтери. Жазма булактар музей предметтеринин негизги типтеринин бирин түзөт. Алар төмөнкүдөй болуп бөлүнөт: кол жазма жана басылма, мекемелик жана жеке материалдар, мезгилдүү жана мезгилдүү эмес басылмалар, китептер, баракчалар, гезиттер, бланктар.

**ПЛАКАТ МУЗЕЙНЫЙ – музей плакаты.** Бир өңчөй же түстүү болгон бир барак басылма. Музей жөнүндө маалымат же жарнама жарыялоодо колдонулат. Кыска маалымдоочу тексттен жана кыйла баалуу музей предметтеринин сүрөттөрүнөн турат. Музей жыйнагын жайылтуу үчүн колдонулат. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Музей жарыя тактасы, Музей жарнамасы* терминдерин да караңыз.

**ПЛОЩАДЬ ЭКСПОЗИЦИОННАЯ – экспозициялык аянт.** Экспозициянын сандык мүнөздөмөлөрүнүн бири болгон, кв. м. менен ченелүүчү экспозиция жайгашкан имараттын жалпы аянты.

**ПОВРЕЖДЕНИЕ – бузулуу.** Музей предметинин баштапкы кебетесинин же абалынын толук бойдон же бөлүктөрүнүн бузулушу. Ал температуранын жана нымдуулуктун өйдө төмөн болушунан, күндүн нурунун түз тийишинен, жарыктын көп берилишинен же жетишсиздигинен, абанын зыяндуу газдар менен булганышынан, чаңдан жана ыштан, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнөн зыянкечтердин болушунан, предметти жасоодо технологиясынын бузулушунан, музейде предметке шалакы мамиле кылгандыктан, калыбына келтирүүчүнүн эпсиз же кылдат эмес аракетинен келип чыгышы мүмкүн. Кошумча маа-

лымат алуу үчүн: *Биозалал, Температуралык-нымдуулук шарттамы, Жарык берүү шарттамы, Музей фонддорун сактоо* деген терминдерин да караңыз.

**ПОВЫШЕНИЕ КВАЛИФИКАЦИИ МУЗЕЙНЫХ РАБОТНИКОВ – музей кызматкерлеринин дасыктыгын жогорулатуу.** Музей кызматкерлеринин усулдук кесиптик даярдыгын жана теориялык, практикалык деңгээлин жогорулатууга багытталган мамлекеттик иш-чаралар системасы. Музей ишинин алдыңкы тажрыйбаларын жайылтуу жана заманбап музей таануунун жетишкендиктерин пропагандалоонун негизинде музей кесибин калыптандыруу жана өнүктүрүү музей кызматкерлеринин дасыктыгын жогорулатуунун негизги максаты болуп эсептелет. Кызматкерлердин дасыктыгын жогорулатууну маданият органдары профсоюз менен бирдикте музей адистигинин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен өткөрөт. Кызматкерлердин дасыктыгын жогорулатуунун негизги илимий-усулдук жана окуу борбору болуп Маданият министрлигине караштуу республикалык музей кызматкерлеринин дасыктыгын жогорулатуу боюнча институттар эсептелет. Институтта окуу мөөнөтү 2 айдан 6 айга чейин болуш керек. Облустук, аймактык жана шаардык музейлердин кызматкерлери үчүн маданият органдарында кыска мөөнөттөгү дасыктыгын жогорулатуу курстары түзүлөт. Дасыктыкты жогорулатуу институттары угуучуларды окутууну түздөн-түз институтта уюштурат. Курстарга жана музей кызматкерлерине усулдук окуу куралдарын, жолдомолорду, тематикалык-окуу пландарын, окуу программаларын, дарстардын жыйнактарын жайылтуу жана жамааттык кеңеш берүү жолдору менен илимий-усулдук жардам жүргүзүлөт. Дасыктыкты жогорулатуунун дагы бир түрү бул Маданият министрлигинде бекитилген планга ылайык музей кызматкерлеринин такшалмасы башкы музейлерде жана аймактык музейлерде өтүшү мүмкүн. Бул учурда музей кызматкерлеринин дасыктыгын жогорулатуу түздөн-түз музейде жеке адамды же жамаатты окутуу жолу менен ишке ашат.

**ПОДДЕЛКА – жасалма.** Көчүрмө же белгиленген доордун, салттын, автордун рухунда, ошол ыкма менен окшоштурулуп жасалып, атайын түп нуска катары сунушталган предмет.

**ПОДИУМ – секиче.** Кээ бир экспонаттарды өйдөрөөк кылып көргөзүүгө ылайыкталган экспозиция жабдыктарынын элементи. Секиченин колдонулушу, анын орду, көлөмү жана формасы экспозицияны көркөм долбоорлоо учурунда аныкталат.

**ПОДЛИННИК – түп нуска.** Предметтин накта өзү. Мисалы, түп нусканын карама-каршысы деп жасалма, көчүрмө, калыбына келтирилгенди түшүнсө болот.

**ПОДСВЕТ МЕСТНЫЙ – ордунда жарык берүү.** Экспозицияда жарык берүүнү уюштуруу ыкмасы. Анда жарык булагы экспонаттардын тобуна же бир экспонатка багытталат. Ордунда жарык берүүнүн керектиги экспозициянын көркөм долбоорун иштеп жатканда аныкталат жана анын мейкиндикте чечилишинин маанилүү элементи болуп эсептелет. Ордунда жарык берүү көрүүчүлөрдүн көңүлүн бурат, басым жасоого жардам кылат жана экспозициянын маршрутун уюштуруучу каражат катары колдонулушу мүмкүн.

**ПОЛЕВАЯ ДОКУМЕНТАЦИЯ – талаа документтери.** Музей фондун комплектөө боюнча илимий иш сапарларда же экспедицияларда колдонулуучу музейлик маанидеги предметтерди жана алардын табылган чөйрөсүн баяндаган жана каттаган документтердин системасы. Экспедициянын же иш сапардын максаттарына жана милдеттерине жараша талаа документтери төмөнкүлөрдөн турушу мүмкүн: талаа тизими, талаа күндөлүгү, баяндарды жана эскерүүлөрдү жазуу дептери, предметтердин легендасы, тартылып алынган сүрөттөр ж.б. Талаа документтери музей предметтерин илимий баяндоодо жана иштин жүрүшүн жана окуяларды документтештирүүдө маанилүү булак болуп эсептелет.

**ПОЛЕВАЯ ОПИСЬ – талаа тизими.** Бул музей фондун комплектөө боюнча илимий иш сапардын же музей экспедициясынын жүрүшүндө музейлик маанидеги предметтер-

ди сүрөттөө жана каттоо үчүн түзүлгөн талаа документтеринин бир түрү. Талаа тизими төмөнкүдөй графалардан турат: музейлик маанидеги предметтердин катар номуру, саны, даярдалган материалы жана техникасы, музей баалуулугундагы предметти белгилөө, сакталгандыгы жана табылган чөйрөсүндөгү колдонуу ыкмасы, кыскача сүрөттөлүшү, ээси же булагы, музейлик маанидеги предметтин тарыхы, эскертүүлөр. Талаа тизими кабыл алынгандарды каттоо китебине коллекция кылып жазуу үчүн негиз болот.

**ПОЛЕВАЯ РАБОТА – талаа иштери.** Музей фондун комплектөө боюнча илимий иш сапарда же экспедицияда жүргүзүлүүчү чогултуу иштери. Анын жүрүшүндө экспедициянын программасы ишке ашат. Талаа иштеринин жыйынтыгы талаа документтеринде жазылат.

**ПОЛЕВАЯ ЭТИКЕТКА – талаа эн белгиси.** Талаа документтеринин бир түрү. Анда предметтин талаа номуру, анын аталышы, кыскача сүрөттөлүшү, табылган орду жана убакытынын көрсөтүлүшү, болжолдуу датасы жана башка маалыматтар болот. Талаа эн белгиси предметке чапталып, музейдин фондуна түшкүчөктү жана андагы жазылган маалыматтар инвентардык китепке катталгычакты аны менен болот.

**ПОЛЕВОЙ ДНЕВНИК – талаа күндөлүгү.** Фондду комплектөө боюнча илимий иш сапарда же музей экспедициясынын жүрүшүндө чогултуу ишинин программасынын ишке ашуусу тууралуу хронологиялык тартипте ыкчам жазууларды жүргүзүүгө арналган талаа документтеринин бир түрү.

**ПОЛОЖЕНИЕ О МУЗЕЕ – музей жөнүндө жобо.** Музейлер тармагында музейдин ээлеген ордун аныктаган, музей администрациясынын, жетектөөчү адистердин, анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, музейди уюштуруу иштеринин жана ишмердигинин негизги эрежелерин түзүүчү ченемдик укук актысы. Жобону Маданият министрлигинде даярдалган музей жөнүндөгү типтүү жоболордун негизинде музей-

дин администрациясы иштеп чыгат жана музей баш ийген маданият органы бекитет. Ал эми кызмат адамдарынын укугу, милдеттери жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн маселелери музейде иштелип чыккан жана деректир бекиткен жобо менен аныкталат.

**ПОСЕТИТЕЛЬ МУЗЕЯ – музейге келүүчү.** Экспозицияны көрүүгө, массалык иш-чараларга катышууга же фонддогу коллекцияларды изилдөө үчүн музейге келген адам. Алар жалгыз келгендер жана экскурсиялык топ менен келгендер болуп бөлүнөт. Музейге дайыма келүүчүлөрдүн категориясы өзгөчө айырмаланат. Ар кандай категориядагы келүүчүлөрдү каттоо, алардын келүү мотивин, кабыл алуу өзгөчөлүктөрүн изилдөө музейдин социалдык-психологиялык изилдөө предметин түзөт жана илимий-агартуу жана экспозициялык иштерди уюштурууга маанилүү өбөлгө болот. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Музей көрөрмандары, Экспозицияны кабылдоо, Музейге келүү терминдерин да караңыз.*

**ПОСЕЩАЕМОСТЬ МУЗЕЯ – музейге келүүчүлүк.** Музей аудиториясы жөнүндө статистикалык жана социалдык-демографиялык маалыматтардын жыйындысы жана музей ишмердиги жөнүндөгү маанилүү көрсөткүч. Музейге келүүчүлөрдүн категориясы жана саны тууралуу жыйынтыктоочу бир жумалык, бир айлык, кварталдык, жылдык маалыматтарды камтыйт. Келүүчүлөрдү каттоо китебинде жазылат. Музей ишмердигинин бардык багыттарын өнүктүрүү жана музей ишине талдоо жүргүзүү үчүн маанилүү булак болуп эсептелет. Кошумча маалымат үчүн: *Музей статистикасы* терминин караңыз.

**ПОСЕЩЕНИЕ МУЗЕЯ – музейге келүү.** Музей экспозициясын, фонддорун көрүүгө, музейдин массалык иш-чараларына катышууга жана илимий максатта музей жыйнагын изилдөөгө келишет. Музейге келүүчүлөрдүн төмөнкүдөй түрлөрү бар: уюшкандыкта, уюшпай эле, жекече, топ менен келүү. Музейге уюшкандыкта келүүдө экскурсиялык топ менен чогуу, экскурсоводдун же музейдин или-

мий кызматкеринин жетекчилиги менен фондду же экспозицияны көрүшөт же музейдин илимий агартуу иштеринин башка түрлөрүнө катышат. Уюшпай эле келгенде келүүчүлөр экспозиция менен өз алдынча таанышат. Бул учурда келгендерди багыттоого жакшы ойлонулган система керек болот. Кезектешип залдарда туруучу илимий кызматкерлердин берген кеңеши чоң жардам берет. Эгер жалгыз келүүчү экскурсиялык топко кошулса же музейде жалгыз келгендерден атайын топ түзүлсө, жеке келүү уюшкандыкта келүүгө кирип калат. Топ менен келүүнү уюштурууда топтун мүнөзүн эске алуу зарыл (курагын, кесибин, кызыкчылыгын жана топ болуп келүүсүн шарттаган башка факторлор). Музейге үй-бүлө менен келүү өзгөчө учурду түзөт. Музейлер ишинин тажрыйбасы көрсөтүп тургандай ата-энелер үчүн атайын лекторийлерди уюштуруу алардын балдарды тарбиялоодо музейдин мүмкүнчүлүктөрү жөнүндөгү түшүнүгүн тереңдетет.

**ПОЧВЕННЫЕ МУЗЕИ – жер кыртышы музейлери.** Жыйнагы кыртыштардын морфологиясын, генезисин, географиясын мүнөздөгөн табигый-илимий тармактагы музейлер. Кыртыштын сапаттуулугун жогорулатуу маселесин атайын изилдейт. Мисалы: Санкт-Петербургдагы В.В.Докучаев атындагы борбордук кыртыш таануу музейи.

**ПОЯС ЭКСПОЗИЦИОННЫЙ – экспозициялык алкак.** Бул экспозициялык имараттын дубалынын, экспозициядагы ар бир тигинен турган – щиттердин, стенддердин, тик витриналардын беттеринин көрүүгө кыйла ыңгайлуу болгон жери. Экспозициялык алкактын төмөнкү чеги жерден 70 – 80 см, жогорку чеги жерден 2,2 – 2,5 метр аралыкта өтөт. Төмөнкү жана жогорку чектеринин аралыгындагы экспозициялык алкакка адатта маанилүү болгон чакан форматтагы экспонаттар – предметтер, документтер, фотоматериалдар ж.б. жайгашат. Экспозициялык комплексте көлөмдүү экспонаттар колдонулган учурда бул өлчөмдөр олуттуу өзгөрүшү мүмкүн. Кээ бир көлөмдүү экспонаттар

(археологиялык эстеликтер, техникалардын моделдери, картиналар ж.б.) экспозициялык алкактан ашып жайгашышы мүмкүн.

**ПРАЗДНИК МУЗЕЙНЫЙ – музейдеги майрам.** Бир темага бириккен экскурсиянын элементтерин, тематикалык кечелерди, массалык театрлаштырылган көрсөтүүлөрдү жана башкаларды камтыган массалык илимий-агартуу иштеринин комплекстүү формасы. Аны кылдаттык менен иштелип чыккан сценарийдин негизинде театр артисттеринин, музыкалык мекемелердин, кино, телекөрсөтүүнүн, өздүк көркөм өнөр чыгармачылыктарынын катышуусунда музей кызматкерлери өткөрөт. Музей майрамында музей коллекциялары, мемориалдык экспозициялар же комплекстер, музейден тышкары жайгашкан маданияттын жана тарыхтын кыймылсыз эстеликтери, шаардын аянттары жана көчөлөрү кеңири колдонулат.

**ПРЕДМЕТ МУЗЕЕВЕДЕНИЯ – музей таануу предмети.** Музей иштеринде илимий концепциянын калыптанышына, музей иштерин жакшыртуу жолдорун иштеп чыгууга, музей иштериндеги өнүгүү тенденцияларын жана мыйзам ченемдерин табууга багытталган, музей, анын тарыхы, функциялары, түзүмү, ишмердиги жана музей жыйнагы жөнүндөгү илимий билимдерди уюштуруу.

**ПРЕДМЕТ МУЗЕЙНОГО ЗНАЧЕНИЯ – музейлик маанидеги предмет.** Бул музей фондун илимий комплектөө учурунда табылган, бирок музей жыйнагына кирбеген, музей баалуулугуна ээ предмет. Музейлик маанидеги предмет илимий иштеп чыгуунун бардык баскычтарынан өтүп, музей жыйнагына киргенде музей предмети статусуна ээ болот.

**ПРЕПАРАТ ЕСТЕСТВЕННОНАУЧНЫЙ – табигыйилимий препарат.** Атайын технологиялык иштетүүдөн өткөн табигый-илимий музей предмети. Табигый-илимий препараттардын үч түрү бар. Алар: кургак, нымдуу жана микроскоптук. **1)** кургак препараттар түрү төмөнкү жара-

тылыш материалдарын камтыйт: геологиялык (тоо тектеринин жана минералдардын үлгүлөрү); палеонтологиялык (сөөктүн калдыктары, издер, ташка айланган калдыктар); жер кыртыштык (үлгүлөр жана монолиттер); ботаникалык (гербарийлер, бактардын арааланган бөлүктөрү, көлөмдүү кургатмалар); зоологиялык (кептер, терилер, скелеттер, энтомологиялык жана зоологиялык коллекциялар, жаныбарлар тиричилигинин издери – калдыктары, кемирилген калдыктар, сиңбей калган тамактын калдыктары, уялар). **2)** нымдуу препараттардын тобуна айнек идиштерде бекем бекитилип, консервациялоочу суюктуктарда (спирт, формалин ж.б.) сакталуучу табигый-илимий музей предметтери кирет. Нымдуу препараттар түрүндө ботаникалык да, зоологиялык да материалдар болушу мүмкүн. Зоологиялык материалдардан морфологиялык жана анатомиялык препараттарды бөлүп айтсак болот. **3)** илимий изилдөө жана билим берүү максатында микроскоптук техниканын жардамы менен жаратылыш объектилеринин ички түзүмүн таап көрсөтүү үчүн өзгөчө топтон турган микроскоптук препараттар колдонулат.

**ПРЕПАРАТА ЕСТЕСТВЕННОНАУЧНОГО ТЕХНОЛОГИЯ – препараттын табигый-илимий технологиясы.** Жаратылыш объекттерин фиксациялоо, консервациялоо, илимий-табигый музей препараттарын даярдоо жана аларды калыбына келтирүү ыкмаларынын илимий негизделген системасы:

***Фиксация*** – жандуу жаратылыш объектеринин зат алмашуу процесстерин жана ткандарынын бузулушун токтотуу максатында алгачкы физикалык-химиялык иштеп чыгуу ыкмалары: терисин сыйруу, мүчөлөргө ажыратуу, ашатуу, кургатуу, туздоо, фиксация кылуучу суюктукка (спирт, формалин ж.б.) салуу. Фиксация узакка сактоого болбогон жаратылыш объектерин (гербарий жана көлөмдүү кургатуу түрүндө катырылган материалдардан башкасы) илимий материалдардын чийки зат фондуна кирүүсүн камсыз кылат.

***Консервация*** – чийки зат илимий материалдарынын узакка сакталуусун камсыздоо үчүн аларды ар кандай ыкмалар менен иштетүү: терилерди иштетүү, бальзамдоо, мумиялоо, суюк курамдарда консервациялоо, пленкалык жабуу жүргүзүү, скелеттерди кайнатып чыгаруу жолу менен, катыруучу суюктукка чылоо же биологиялык ыкма менен тазалоо. Фиксациядан жана консервациядан өткөн жаратылыш материалдарынан табигый-илимий музей препараттары даярдалат.

***Даярдоо*** – препараттар экспозициялык же илимий максатта колдонулушуна жараша ар кандай ыкмалар менен даярдалат. Музейлерде жаныбарлардын кептерин жасоодо жана биотопторду, диорамдарды дярдоодо кеп жасоо ыкмалары кеңири таралган.

***Калыбына келтирүү (Реставрация)*** – табыгый-илимий музей препараттарынын механикалык, физика-механикалык, физика-химиялык жана биологиялык бузулуусун жоюуда колдонулуучу атайын усулдардын жыйындысы.

**ПРЕПАРАТОР-ТАКСИДЕРМИСТ – препаратчы-кеп жасоочу.** Табигый-илимий музей препараттарын түзүүчү адис. Препаратчы-кеп жасоочу жогорку же кесиптик орто билими (биологиялык, медициналык, айыл чарбалык), кептерди жасоого көркөм даярдыгы болуусу керек жана табигый-илимий музей препараттарын пайдаланууда негизги технологияларын билиши шарт.

**ПРИГЛАСИТЕЛЬНЫЙ БИЛЕТ – чакыруу белети.** Белгиленген музей иш-чараларына (музейлердин, экспозициялардын, көргөзмөлөрдүн, массалык илимий-агартуу иш-чараларынын ачылыштары) чакырган чакан басылма. Чакыруу белети музей иш-чарасы тууралуу маалыматты, өтүүчү күнүн, убакытын, ордун камтып, өзүнчө бир барак, эки бүктөлгөн барак түрүндө же чакан буклет түрүндө басылат. Илимий-агартуу иштеринин документтеринин курамына кирет.

**ПРИЕМЫ ЭКСПОЗИЦИОННЫЕ – экспозициялык ыкмалар.** Экспозициянын темасын оптималдуу ачып берүү максатында көрүүчүлөрдүн кабыл алуусун уюштуруу, экспозициялык материалдарды топтоо жана компоновкалоо усулдары. Экспозициялык ыкмалар музейдин экспозиция искусствосунун өнүгүшүнө жараша өзгөрүп, өнүгүп турат. Заманбап ыкмалардан төмөнкүлөрдү белгилесек болот: а) экспозициялык борборлорду, акценттерди же жетектөөчү экспонаттарды белгилөө; б) маанилүү экспонаттарга көңүл буруусу үчүн, материалдардан бошотуп, айланасына эркин мейкиндик түзүү; в) бир пландуу экспонаттарды чакан орунга топтоо; г) экспозициянын биринчи жана экинчи планын бөлүп көрсөтүү, фондун түсүн жана фактурасын колдонуу; д) «көмүскө планды» экспозицияга киргизүү; е) жарык берүүнү жана ордунда жарык берүүнү, динамикалык жана аудиовизуалдык каражаттарды колдонуу.

**ПРИКЛАДНОЕ МУЗЕЕВЕДЕНИЕ – колдонмо музей таануу.** Музей ишмердигинин практикалык маселелерин чечүүнүн жолдорун жана көйгөйлөрүн изилдеген музей таануунун түзүмүнүн бөлүгү. Колдонмо музей таануу музей таануунун башка бөлүмдөрүнөн эрте өнүүгүдө. Азыркы күндө ал музей ишмердигинин бардык багыттарында колдонулуучу музей ишинин усулдамасын, музей менеджментин, музей маркетингин, музей технологиясын, музей маалыматын өзүнө камтыйт.

**ПРИНЦИПЫ ПОСТРОЕНИЯ МУЗЕЙНОЙ ЭКСПОЗИЦИИ – музей экспозициясын түзүү принциптери.** Экспозиция материалдарын топтоону жана интерпретациялоону шарттаган, экспозициянын негизги бөлүмдөрүнүн (бөлүмдөр, темалар, экспозициялык комплекстер ж.б.) мүнөзүн, тартибин түзүлүшүн аныктоо үчүн негиз болгон принциптер. Музей экспозициясын түзүү принциптеринен негизги үчөө айырмаланып көрсөтүлөт. Алар тарыхый-хронологиялык, комплекстик-тематикалык жана көйгөйлүк. Экспозицияны түзүү принциптери илимий долбоорду түзүп жатканда же экспозициянын илимий концепциясын иштеп

чыгуу этабында тандалып, илимий жана көркөм долбоорлоонун жүрүшүндө ишке ашат. Экспозициялык иштин заманбап усулдамасы экспозицияны түзүүдө ар кандай принциптердин колдонулушун болжолдойт.

**ПРОБЛЕМНЫЙ ПРИНЦИП – көйгөйлүү принцип.** Музей экспозициясын түзүү принциптеринин бири. Анда тиги же бул тарыхый көрүнүштөрдү жана окуяларды чагылдыруу үчүн негиз болуучу көйгөйгө ылайык экспозициялык материалдар топтолот жана интерпретацияланат. Бул көйгөйлөр белгиленген экспозициянын темасына жана бөлүмүнө негизги концептуалдык элемент же бардык түзүлгөн экспозицияга «өтмө» болушу мүмкүн. Музей өзгөчөлүгүн эске алуу менен негизги көйгөйдү табуу жана так аныктоо экспозицияны долбоорлоонун жүрүшүндө эң маанилүү маселе болуп эсептелет.

**ПРОГНОЗИРОВАНИЕ МУЗЕЙНОЙ СЕТИ – музей тарамын божомолдоо.** Талдоонун негизинде анын сандык жана сапаттык мүнөздөмөлөрүн – тармактык курамын, аймактык жайгашуусун ж.б. өзгөрүүлөрүн, музей тарамынын негизги тенденциясын жана келечекте өнүгүшүн аныктаган музей таануудагы изилдөөлөрдүн бир багыты. Музей тарамын божомолдоо элдик-чарбалык пландоонун жана маданиятты башкаруунун бөлүгү болуп эсептелет жана музейлерди куруада чоң роль ойнойт. Ал кыска мөөнөттүк (5 жылдык), орто мөөнөттүк ( 5 – 10 жылдык) жана узак мөөнөттүк (15 – 20 жылдык) мүнөздө болушу мүмкүн. Музей тарамын божомолдоодо төмөнкүлөр каралат: заманбап мамлекеттик музей тармагын, ведомстволук музейлерди жана коомдук музейлерди ретроспективдүү изилдөө; музейлердин калкты тейлөөдөгү негизги көрсөткүчтөрүн табуу; жаңы музейлерди уюштурууда керек болгон факторлорду каттоо – белгиленген аймактагы коомдун музейге муктаждыгын, топтолуп калган музей коллекциясынын (же аны топтоого мүмкүн экендиги) же тарых жана маданият эстеликтеринин, белгилүү окуяларга, атактуу адамдардын өмүр-баянына, ишмердигине байланышкан

эстелик жерлердин жана музейлердин материалдык техникалык базасын түзүү мүмкүнчүлүгүнүн бар экендиги ж.б. Музей тарамын божомолдоодо колдонулуучу негизги усулдар төмөнкүлөр: экстрополяция усулу – өткөнкү учурда жана азыркы учурда түзүлгөн тенденцияларды келечекке шарттуу улантуу (мисалы, музей тармагынын сандык жана тармактык өзгөрүүлөрү, музейлерге келүү динамикасы ж.б.); коомдун музейлерге муктаждыгын аныктаган социологиялык изилдөөлөрдүн ар кандай усулдары; эксперттик баалоо усулу – музей тарамынын өнүгүшүнүн келечеги жөнүндө адистердин пикирлерин аныктоо үчүн аларды сурамжылоо; музей тарамын моделдөө усулдары ж.б.

**ПРОЕКТИРОВАНИЕ ЭКСПОЗИЦИИ – экспозицияны долбоорлоо.** Экспозицияны түзүү процессинин заманбап формасы; алдын ала системалуу иштелип чыккан илимий мазмундан, архитектуралык-көркөм чечилиштен жана экспозицияны түзүүнүн максатына жана шарттарына ылайык техникалык жабдуудан турат. Экспозицияны долбоорлоо учурунда анын негизин түзүүчү максаттарын, милдеттерин, экспозициянын темасын, музей материалдарын, монтажынын жана келечекте иштешинин шарттарын эске алуу керек. Долбоорлоонун жыйынтыгы болуп экспозициянын долбоордук документтеринин бардык жыйындысын чагылдырган экспозициянын долбоору эсептелет. Экспозициянын долбоорунун негизги бөлүмдөрүнө: илимий долбоор, көркөм долбоор, техникалык жана жумуштук долбоорлор кирет. Экспозициянын долбоору музейдин экспозициялык иштеринин негизги мазмунун түзөт. Ал экспозиционерлер, экспозициянын сүрөтчүлөрү, кээ бир учурларда инженерлер, сценаристтер ж.б. адистер иш жүзүнө ашырган жамааттык, чыгармачылык ишмердик болуп эсептелет.

**ПРОЕКТИРОВАНИЕ ЭКСПОЗИЦИИ НАУЧНОЕ – экспозицияны илимий долбоорлоо.** Экспозицияны долбоорлоонун жетектөөчү аспекти. Заманбап усулдамада жана тажрыйбада колдонулгандай экспозициянын илимий мазмунунун иштелип чыгышын уюштуруу – архитектордун

жана сүрөтчүнүн катышуусу менен музейдин илимий кызматкери тарабынан ырааттуу түзүлгөн документтердин жыйындысы. Илимий долбоорду түзүүнүн биринчи этабында **экспозициянын илимий концепциясы** иштелип чыгат. Экинчи этабында **кеңейтилген тематикалык түзүмү** жасалат. Үчүнчү этабында **тематикалык-экспозициялык план** түзүлүп, экспозициялык материалдарды тандоо, топторго бөлүү, комплекстер жана бөлүмдөр үчүн текстерди даярдоо иштери кеңейтилген тематикалык түзүмгө ылайык жүргүзүлөт. Кээ бир учурларда экспозициянын сценарийи түзүлөт. Илимий долбоорду түзүү боюнча алынган бардык документтердин комплекси илимий долбоор деп аталат. Илимий долбоор көркөм долбоор менен бирдикте экспозициянын техникалык жана жумуштук долбоорун түзүү, илимий комплектөө, булактар базасын толуктоо жана түзүлүп жаткан экспозициянын негизинде илимий-агартуу иштерин уюштуруу үчүн негиз болуп саналат.

**ПРОЕКТИРОВАНИЕ ЭКСПОЗИЦИИ ТЕХНИЧЕСКОЕ И РАБОЧЕЕ – экспозицияны техникалык жана жумуштук долбоорлоо.** Музей экспозициясын долбоорлоонун жыйынтыктоочу этабы. Экспозициянын техникалык жумушчу долбоору – экспозициялык жабдыктарды, жарык берүүчү аппараттарды, техникалык каражаттарды, илимий-көмөкчү материалдарды даярдоодо жана чогултууда керек болуучу документтер комплекси. Адатта техникалык жумушчу долбоор темалар боюнча макеттерден, жумушчу макеттерден, монтаждоо барактарынан жана шаблондордон, түстүү модулдардан ж.б. турат. Экспозициянын техникалык жана жумуштук долбоорун экспозициянын сүрөтчүсү жана инженери түзөт. Техникалык жана жумуштук долбоордун болушу экспозицияны түздөн-түз монтаждап баштоого мүмкүндүк берет.

**ПРОЕКТИРОВАНИЕ ЭКСПОЗИЦИИ ХУДОЖЕСТВЕННОЕ – экспозицияны көркөм долбоорлоо** (архитектуралык-көркөм). Экспозициянын мазмунун адекваттуу чагылдырган, көркөм формасын иштеп чыгууга байланыш-

кан музей экспозициясынын долбоорунун курамынын бир бөлүгү. Экспозициянын көркөм долбоорун экспозициянын сүрөтчүсү түзөт. Көркөм долбоорду түзүүнүн негизги максаты экспозициялык образды калыптандыруу, экспозициянын мейкиндик жана түстүк чечилишин, экспозиция жабдыктарын, жарык берүү системасын жана көрөрмандарды багыттоо системасын иштеп чыгуу болуп эсептелет. Экспозициянын көркөм долбоорун түзүү үчүн мүмкүн болгон ар түрдүү усулдар жана автордукту аныктаган стилдер жана ыкмалар бар. Жалпысынан алар үч этапка бөлүнөт. Биринчи этапта көркөм концепциясы иштелип чыгат (*Башкы чечимди* караңыз). Экинчи этапта экспозициянын эскиздик долбоору иштелип чыгат. Үчүнчү этапта монтаждык барактар жана үлгүлөрү түзүлөт. Башкы чечимди жана эскиздик долбоорду сүрөтчү иштеген мекеменин көркөм кеңеши жана муктажкер кабыл алат жана бекитет. Экспозициянын көркөм долбоорун иштеп чыгуунун бардык этаптарынын натыйжасы болгон чиймелер, макеттер, түшүндүрүү жазмалары ж.б. баардыгы экспозициянын көркөм долбоорун түзөт.

**ПРОИЗВЕДЕНИЕ ЭКСПОЗИЦИОННОГО ИСКУССТВА – экспозициялык искусство чыгармасы.** Белгиленген экспозиция үчүн атайын түзүлгөн, экспозициялык образды чагылдырууга, экспозициянын идеясын туюнтууга, архитектуралык көркөм чечилиштин элементтеринин акценттерин көргөзүүгө жигердүү кызмат кылган чыгарма. Экспозициялык искусство чыгармасына экспозициянын сүрөтчүсү түзгөн монументалдык-графикалык, живопистик ж.б. чыгармалар же анын долбоору боюнча белгиленген экспозициянын мазмунун жана стилин эске алуу менен жогорку көркөм деңгээлде даярдалган натюрморттор, илимий-көмөкчү материалдар кирет.

**ПРОИСХОЖДЕНИЕ – жаралышы** (музей предметинин). Жаралгандыгы, тиричилик чөйрөсү, жана табылгандыгы жөнүндө музей предметинин тарыхы. Жаралгандыгын изилдөө предметтин авторун (жаратуучу), табылган

датасын жана ордун, анын тарыхый окуялар жана инсандар менен байланышын тактоого багытталат. Бул маалыматтардын баардыгы музей документтеринде катталат.

**ПРОСПЕКТ ВЫСТАВКИ – көргөзмөнүн проспекти.** Музейдин конкреттүү көргөзмөсүнүн планын жана мазмунунун кыскача баяндалышын камтыган, иллюстрацияланган жарнамалык музей басылмасы. Иллюстрациялар үчүн музей предметтеринин сүрөттөрү, экспозициянын бөлүмдөрү, музей имаратынын сүрөтү ж.б. колдонулат. Көргөзмөнүн проспекти брошюра же буклет формасында чыгарылат. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Музей жарнамасы* терминин караңыз.

**ПРОСТРАНСТВЕННОЕ РЕШЕНИЕ ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициянын мейкиндик чечилиши.** Бул экспозициялык мейкиндикте экспозициялык материалдардын жана жабдыктардын жайгашуусу. Экспозициянын мейкиндик чечилиши экспозициялык образды түзүүчүлөрдүн маанилүүлөрүнүн бири жана келүүчүлөргө экспозициянын темасын кеңири ачып берүү жана кабыл алуусун уюштуруу каражаты. Экспозициянын мейкиндик чечилишин экспозициянын сүрөтчүсү иштеп чыгат. Адатта ал экспозициянын макетинде көрсөтүлөт жана көркөм концепциянын маанилүү аспекти болуп эсептелет.

**ПРОФЕССИЯ МУЗЕЙНАЯ – музей кесиби.** Музей ишин жана тармактык илимий дисциплиналардан турган билимдер жыйнагын камтыган, атайын музей таануу боюнча даярдыкты талап кылган эмгек ишмердигинин түрү. Музей кесиби адистиктерге бөлүнөт (караңыз: *Музейдик адистешүү*). Музей кесибинин массалык катары калыптанышы музейдин социалдык институт катары өнүгүүсүнүн жаңы этабына байланыштуу.

**ПРОФИЛЬ МУЗЕЙНАЯ – музей тармагы.** Музейдин конкреттүү илим, техника, өндүрүш, ошондой эле алардын тармактары жана дисциплиналары, искусствонун жана маданияттын ар кандай түрлөрү менен шарттуу байланышта болуп, жыйнагынын жана ишмердигинин ошол ба-

гытта адистештирилиши. Музейлер классификациясында музей тармагы маанилүү категория болуп эсептелет. Музейлер төмөнкүдөй негизги тармактык топторго бөлүнөт: табигый-илимий, тарыхый, адабий, көркөм өнөр, музыкалык, театралдык, техникалык, айыл-чарбалык ж.б. Илимдердин комплекси менен байланыштуу болгон музейлер комплекстик музейлер тармагынын бардыгын аныктайт. Ага край таануу музейлери типтүү мисал болуп саналат. Бул топтордун ар бири өзүнчө дагы кичи тармактарга бөлүнүшү мүмкүн. Мисалы тарыхый тармактагы музейлерге тарыхый-революциялык, аскердик-тарыхый ж.б.

**ПРОФИЛЬНАЯ ДИСЦИПЛИНА – тармактык дисциплина.** Музей ишмердигинин мазмунун жана жыйнагынын мүнөзүн аныктаган конкреттүү илимий дисциплина.

**ПСИХОЛОГИЧЕСКИЙ ЭКСПЕРИМЕНТ – психологиялык эксперимент.** Көрүүчүлөрдүн музей экспозициясын кабыл алуу процессин изилдөө усулу. Музейде өткөрүлүүчү психологиялык эксперименттин өзгөчөлүгү музейдеги бир катар өзгөрүүлөрдүн болуп турушуна жараша аныкталат (мисалы, музей предметтерин же тексттерин коюу усулдарына, экскурсия өткөрүүнүн өзгөчөлүктөрүнө жараша ж.б.) жана ошого карата экспозициялык иштин усулдамасына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө, кабыл алуунун (өздөштүрүүнүн) мыйзам ченемдүүлүгүн табууга, музей аудиториясы менен бирге кызматташуу механизмин түзүүгө, экскурсиялык ишти жакшыртуу үчүн материал алууга мүмкүндүк берет. Психологиялык эксперименттин негизинде музей ишмердигин жакшыртуу үчүн сунуштамалар иштелип чыгышы мүмкүн. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Байкоо усулу*, Келгендерди *Анкеталык сурамжылоо* терминдерин да караңыз.

**ПУТЕВОДИТЕЛЬ – жол көрсөткүч.** Музейдин иллюстрациялары менен китеп же брошюра түрүндөгү илимий-популярдуу басылмасы. Экспозициянын, жетектөөчү экспонаттардын мазмуну жөнүндө экспозициянын маршрутуна туура келген иреттеги баянды, музейдин жалпы мүнөздө-

мөсүн жана анын тарыхы тууралуу маалыматты камтыйт. Мындан тышкары музей жыйнагын бүтүндөй мүнөздөөчү материалдан турушу мүмкүн. Жол көрсөткүчтүн бир түрү – экспозициянын (көргөзмөнүн) каталогу.

## – Р –

**РАБОЧИЕ ЧЕРТЕЖИ – жумуштук чиймелер.** Экспозициянын техникалык жана жумуштук долбоорун түзүү этабында жасалуучу долбоордук документтердин элементи. Экспозиция жабдыктарын даярдоо жана монтаждоо жумуштук чиймелерге ылайык жүргүзүлөт. Жумуштук чиймелер бөлүктүк жана чогултуучу болуп бөлүнөт. Бөлүктүк чиймелер боюнча жабдыктардын өзүнчө бөлүктөрү даярдалат. Ал эми чогултуучу чиймелер боюнча жабдыктарды чогултуу (монтаж) жүргүзүлөт. Жумуштук чиймелерди инженер-конструктор же экспозициянын сүрөтчүсү түзөт.

**РАЗДЕЛ ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициянын бөлүмү.** Музей экспозициясынын түзүмдүк бөлүнүшү. Бөлүмдөр өз учурунда темаларга бөлүнөт. Тарых тармагындагы музейлердин бөлүмдөрүнө адатта тарыхый доорлор ылайык келет. Экспозициянын тематикалык түзүмүндө бөлүмдөрдүн так аталышы жазылат.

**РАЗНОВИДНОСТЬ МУЗЕЙНЫХ ПРЕДМЕТОВ – музей предметтеринин ар түрдүүлүгү.** Музей предметтеринин классификация бирдиги. Ар кандай музей предметтеринин ар түрдүүлүгү олуттуу белгисинин же аспектисинин негизинде бир түрдүн алкагында түзүлөт. Мисалы: түрү – металл, ар түрдүүлүгү түстүү металл, кара металл; түрү – живопись, ар түрдүүлүгү майлуу боёктор живописи, темпералык живопись ж.б.

**РАРИТЕТ – раритет.** Биринчи иретте баалуулугу анын уникалдуулугу менен аныкталган сейрек предмет. Табигый-илимий жана тарых музейлеринин жыйнагынын негизин раритеттер түзөт. Мисалы, Санкт-Петербургдагы Кунсткамера.

**РАСКРЫТИЕ – ачуу.** Музей предметинин үстүн каптаган жат катмарларды алып салуу же кийинчерээк кошулган катмарлардан бошотуу максатында колдонулуучу калыбына келтирүү ыкмасы.

**РАСШИРЕННАЯ ТЕМАТИЧЕСКАЯ СТРУКТУРА – кеңейтилген тематикалык түзүм.** Экспозициянын илимий долбоорунун курамынын бөлүгү. Айрым тематикалык комплекстердин мазмунун мүнөздөө деңгээлине чейин деталдаштырган экспозициянын тематикалык иштелип чыгышы. Экспозициянын илимий концепциясынын бөлүмдөрүнүн бири болгон тематикалык түзүмдүн андан ары уланышы болуп эсептелет. Документ катары кеңейтилген тематикалык түзүмдө келерки экспозициянын комплекстеринин сүрөттөлүшү, бөлүмдөрдүн, темалардын, темачалардын тизмеси болот. Аны илимий кызматкер (экспозиционер) иштеп чыгат. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Экспозицияны илимий долбоорлоо* терминин да караңыз.

**РЕВАЛОРИЗАЦИЯ – ревалоризация** (лат. re – кайрадан аракет, valour деген сөздөн, valoris – баалуулук). Тарыхый-маданий объекттин мезгилдин таасири менен же башка бузуучу факторлордун негизинде жоголгон баалуулугун кайтаруу. Объекттин физикалык абалы менен бирге, анын коомчулуктун аң-сезиминдеги баалуулук ордун калыбына келтирет. Кыйла баалуу объекттерди револаризациялоо аларды музейлештирүү жолу менен жүрөт.

**РЕВИТАЛИЗАЦИЯ – ревитализация** (лат. re – кайрадан аракет, vita – жашоо). Кайра жаралып иштеши үчүн калыбына келүү, жандануу жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон объект. Адатта музей таанууда чөйрөлүк объекттерге жана материалдык эмес маданий мураска карата колдонулат. Кыйла баалуу объекттерди ревитализациялоо аларды музейлердин, корук-музейлердин, экомузейлердин курамына киргизүү жолу менен жүргүзүлөт.

**РЕГИОН КОМПЛЕКТОВАНИЯ – комплектөө аймагы.** Административдик-аймактык бирдик, тарыхый калыптан-

ган географиялык район, социалдык-экономикалык комплекс (агрардык-өнөр жайлык, өндүрүштүк-аймактык) же тарыхый-маданий кызыгуу туудурган, чегинде комплектөө объекти бар аймак. Комплектөө аймагын музей комплектөөнүн темасына, музейдин багытына жана анын музей тармагындагы ордуна ылайык узак же кыска мөөнөттүк пландоонун жүрүшүндө аныктайт.

**РЕГИСТРАЦИЯ ПЕРВИЧНАЯ – алгачкы каттоо.** Бул талаа документтеринде жазылгандардын жана алардын алгачкы изилденишинин жыйынтыктарынын негизинде музейлик маанидеги предметтердин өзгөчөлөнгөн белгилери негизги же илимий-көмөкчү фонддордун кабыл алуу китептерине жазылышы. Ал музей фондун каттоонун биринчи этабы. Алгачкы каттоо музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо нускамасына ылайык жүргүзүлөт.

**РЕДАКЦИОННО-ИЗДАТЕЛЬСКИЙ ОТДЕЛ – редакциялык басма бөлүмү.** Музейдин илимий эмгектеринин, усулдук сунуштамалардын, колдонмолордун, серептердин, маалымдамалардын, каталогдордун, жол көрсөткүчтөрдүн жана башка музей басылмаларынын, чакан формадагы чыгарылыштардын (буклеттер, жарыя такталар, плакаттар, баракчалар ж.б.), сувенирдик басылмалардын жана сувенирлердин редакцияланышын жана басылып чыгарылышын камсыздаган музейдин илимий-өндүрүштүк бөлүмү. Редакциялык басма бөлүмү борбордук музейлерде болот.

**РЕДАКЦИОННО-ИЗДАТЕЛЬСКИЙ СОВЕТ – редакциялык басма кеңеши.** Музейдин жетектөөчү кызматкерлерин, редакциялык-басма бөлүмүнүн адистерин, башка мекемелердин басма кызматкерлерин камтыган, деректирдин алдындагы кеңешме органы. Редакциялык басма кеңешинин курамын музейдин деректири бекитет. Редакциялык басма кеңеши музейдин басма ишмердигиндеги тематикалык жана келечекке пландарын карайт, илимий иштердин, усулдук сунуштамалардын, макалалардын, каталогдордун ж.б. илимий эмгектердин кол жазмаларын

талкуулайт жана рецензияланышын уюштурат, аларды басып чыгарууга сунуш берет же Окумуштуулар кеңешинде же Илимий усулдук кеңеште талкууланышын сунуштайт.

**РЕЖИМ СВЕТОВОЙ – жарык берүү шарттамы.** Бул музей предметине жарык берүү шарты. Музей предметинин ар түрдүү топторуна ар башка өлчөмдө жарык берилет. Жарык берүүнүн санын жана сапатын ырааттап туруу музей предметтерин сактоо шарттамынын бир бөлүгү болуп эсептелет. Жарыкты бөлүп берүү экспозицияга кирген предметтер үчүн да зарыл. Бир катар учурларда жарыкты толугу менен бөлүп берүү керектелет (мисалы, кол жазмалар). Анда экспозициядагы кол жазмага жарык берилет. Толук маалымат алуу үчүн: *Экспозицияга жарык берүү, Ордунда жарык берүү* терминдерин караңыз.

**РЕЖИМ ТЕМПЕРАТУРНО-ВЛАЖНОСТНЫЙ – температуралык-нымдуулук шарттамы.** Абанын температуралык жана нымдуулук ченемдеринин сакталышы музей предметтерин сактоо жана колдонуу үчүн оптималдуу шартты камсыздайт. Музейдеги температуралык-нымдуулук шарттамынын сакталышы жылуулук берүү, нымдуулук, абаны кондициялоо, желдетүү системаларын туура уюштуруу менен жүзөгө ашат. Абанын температурасы жана нымдуулугу музей предметтери сакталган имараттын бардык жеринде орнотулган атайын приборлордун жардамы менен көзөмөлдөнөт.

**РЕЖИМ ХРАНЕНИЯ – сактоо шарттамы.** Музей предметтерин сактоо шарты аларга жарык берилишине жана абанын газдык курамына, температурасына, нымдуулугуна жана булгангандыгына (чаңдын өлчөмүнө) карата аныкталат. Музей предметтеринин ар түрдүү топтору үчүн бул көрсөткүчтөр боюнча ар кандай ченемдер орнотулат. Музейдин сактоочу жайларында сактоо шарттамын туура кармоо сактоочулардын маанилүү милдети болуп эсептелет. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Жарык берүү шарттамы, Температуралык-нымдуулук шарттамы* терминдерин да караңыз.

**РЕКЛАМА МУЗЕЙНАЯ – музей жарнамасы.** Музей ишмердигин жана коллекцияларын пропагандалоо үчүн өткөрүлгөн маалыматтык иш-чаралар комплекси. Музей жарнамасынын заманбап каражаттары катары жалпыга маалымдоо каражаттары (басма, радио, телекөрсөтүү, интернет маалымат ресурстары, кинематограф) кызмат кылат. Мындан тышкары атайын жарнамалык басылмалар (музей жарыя тактасы, буклеттер, баракчалар, плакаттар, проспекттер ж.б.), музей ичинде жарнама (музей абонементтери, сувенир-белеттери, музейдин визит картасы, чакыруу белеттери ж.б.) жана өндүрүш товарлары аркылуу жарнама колдонулат.

**РЕКЛАМНО-ИЗДАТЕЛЬСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ – жарнамалык басма ишмердиги.** Музейдин басма (каталогдор, жол көрсөткүчтөр, илимий эмгектердин жыйнактары, баракчалар, жарыя такталар, ж.б.) жана сувенир продукцияларын даярдоого жана жайылтууга байланыштуу болгон музей ишмердигинин багыттарынын бири. Жарнамалык басма ишмердиги музейдин негизги багыттарын өнүктүрүүгө өбөлгө болот.

**РЕКОНСТРУКЦИЯ – реконструкция.** Сакталбаган же жарым-жартылай сакталган предметти илимий маалыматтардын негизинде кайрадан түзүү.

**РЕКОНСТРУКЦИЯ ВИРТУАЛЬНАЯ – виртуалдык реконструкция.** Заманбап компьютердик технологиянын жардамы менен жоголгон, урандыга айланган же өзгөргөн эстеликтердин сырткы көрүнүшү же түзүлүшү илимий негизде калыбына келтирилет. Виртуалдык реконструкция тегиздикте (компьютердин мониторунда сүрөттөө) жана дагы үч өлчөмдүү мейкиндикте берилиши мүмкүн. Виртуалдык реконструкциянын бөтөнчө өзгөчөлүгү объектте болуп жаткан түзүү жана өзгөртүү процессин динамикада даана көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнүн болушу. Экспозициялык ишмердик үчүн виртуалдык реконструкцияны эстеликтин түздөн-түз өзүнө колдонуу өтө таасирдүү болуп эсептелет.

**РЕЛИКВИЯ – таберик.** Тарыхый маанилүү окуяга же атактуу адамга байланыштуулугу менен эстелик катары өзгөчө бааланган, жогорку таасирдүүлүккө ээ музей предмети.

**РЕЛИКТ – реликт.** Белгиленген доорго же өсүш баскычына таандык, өткөндүн эски калдыгы катары сакталган жаратылыш объекти.

**РЕПРЕЗЕНТАТИВНОСТЬ – репрезентативдүүлүк.** Белгилүү окуялардын чөйрөсүн же көрүнүштөрдү дээрлик толук жана жеткиликтүү чагылдыруу жөндөмүнө ээ болгон музей предметинин касиети. Кандайдыр бир окуялар, инсандар, доор ж.б. менен байланышкан бир катар предметтерди салыштырганда репрезентативдүүлүгү аныкталат. Предметтердин тобу да репрезентативдүү болушу мүмкүн.

**РЕСТАВРАТОР – калыбына келтирүүчү. 1.** Музей предметтерин калыбына келтирүү боюнча адис. Адатта ар кандай материалдарды: кездеме, тери, жыгач, темир жана башкаларды калыбына келтирүү боюнча адистешет. Атайын дасыктуу комиссия тарабынан калыбына келтирүүчүлөргө деңгээлине жараша категориялар берилет. (караңыз: *Музейдик адистешүү*) **2.** Музейдин калыбына келтирүү челберканасынын кызматкери.

**РЕСТАВРАЦИИ МУЗЕЙНЫХ ПРЕДМЕТОВ МЕТОДИКА – музей предметтерин калыбына келтирүү усулдамасы.** Калыбына келтирүү иштеринде колдонулуучу ыкмалардын жыйындысы. Калыбына келтирүүнүн ар кандай максаттарына, предметтердин типтерине жана абалына, материалына карата анын көп түрдүүлүгү аныкталат. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Убактылуу консервация, Ачуу, Жуп нускалоо* терминдерин да караңыз.

**РЕСТАВРАЦИОННАЯ ДОКУМЕНТАЦИЯ – калыбына келтирүү документтери.** Музей предметтерин калыбына келтирүү иштеринин жүрүшүн уюштурган документтердин тобу. Ага калыбына келтирүү паспорту, кемтик актысы,

кабыл алуу жана өткөрүп берүү актысы, музей предметтеринин калыбына келтирүүгө түшкөндүгүн каттоо китеби, калыбына келтирүү кеңешинин чогулушунун протоколу, калыбына келтирүүгө тапшырма, иллюстрациялык материалдар (картограммалар, схемалар, рентгенограммалар, предметтин калыбына келтирүүгө чейинки, калыбына келтирүү учурундагы жана бүткөндөн кийинки сүрөттөрү, ультракызгылт көк жана инфракызыл нурларында тартуу ж.б.), лабораториялык изилдөөлөрдүн жана талдоолордун актылары кирет.

**РЕСТАВРАЦИОННАЯ КОМИССИЯ – калыбына келтирүү комиссиясы.** Калыбына келтирүү кеңешинин курамынан түзүлгөн атайын комиссия. Калыбына келтирүү маселелерин ар бир адистиктер боюнча өзүнчө карашат, предметтерге кандай калыбына келтирүү иштери керек экенин аныкташат. Комиссиянын калыбына келтирүү иштеринин жүрүшүн көзөмөлдөөгө жана калыбына келтирүүчү адистер аткарган ишти текшерип кабыл алууга укугу бар. Калыбына келтирүү комиссиясынын иш боюнча берген көрсөтмөлөрүн аткаруу калыбына келтирүү чеберканаларынын жумушчулары үчүн милдеттүү. Бардык чыккан талаш маселелерди Калыбына келтирүү кеңеши чечет.

**РЕСТАВРАЦИОННАЯ МАСТЕРСКАЯ – калыбына келтирүү чеберканасы.** Музей коллекцияларын сактоо иштерин камсыз кылуучу музейдин өндүрүштүк бөлүмү. Калыбына келтирүү чеберканасы музей предметтерин калыбына келтирүү, консервациялоо иштерин аткарат жана аларды сактоо үчүн алдын алуу иштерин жүргүзөт. Калыбына келтирүү чеберканасынын штатына музей фондунун материалдарынын түрлөрү боюнча коллекцияларга бөлүнүшүнө жараша ар башка багыттагы калыбына келтирүүчү адистер кирет. Көбүнчө калыбына келтирүү чеберканалары тарыхый жана көркөм өнөр музейлеринде, край таануу жана корук-музейлерде болот.

**РЕСТАВРАЦИОННЫЙ ПАСПОРТ – калыбына келтирүү паспорту.** Калыбына келтирүү иштерин жүргүзүүдөгү

негизги жумуштук жана отчеттук документ. Анда музей предметинин калыбына келтирүүгө чейинки абалы, иштин бардык этаптары жана жыйынтыгы белгиленет.

**РЕСТАВРАЦИОННЫЙ СОВЕТ – калыбына келтирүү кеңеши.** Деректирдин илимий иштер боюнча орун басары же башкы сактоочу жетектеген дирекциянын алдындагы кеңешүүчү орган. Ал музей кызматкерлеринен жана башка мекемелердин калыбына келтирүүчү адистеринен турат. Музей предметтерин калыбына келтирүү, консервациялоо тууралуу конкреттүү иш-чараларды талкуулайт, бөлүмдөрдүн жана чеберканалардын жылдык иш пландарын бекитет. Музей предметтерин калыбына келтирүүдө жана консервациялоодо колдонула турган ыкмаларды, усулдарды карайт жана сунуштама берет. Жооптуу, кыйла татаал калыбына келтирүү ишинин аткарылгандыгы жана анын сапаты жөнүндө тыянак чыгарат. Калыбына келтирүү кеңешинин чечими деректир бекиткенден кийин күчүнө кирет. Ири музейлерде калыбына келтирүү кеңеши калыбына келтирүү комиссиясын түзүшү мүмкүн.

**РЕСТАВРАЦИОННЫЙ ЦЕНТР – калыбына келтирүү борбору.** Мамлекеттик мааниде калыбына келтирүү жана консервациялоо боюнча өндүрүштүк жана илимий-изилдөөчү уюм. Калыбына келтирүү иштерин алып баруу менен бирге музей предметтерин калыбына келтирүүнүн, консервациялоонун жана сактоонун илимий усулдарын, талдоонун химиялык, физикалык, физика-химиялык усулдарын, биологиялык агенттер менен күрөшүү усулдарын иштеп чыгат жана көркөм өнөр чыгармаларына экспертиза өткөрөт. Калыбына келтирүү борбору калыбына келтирүүчүлөрдүн дасыктыгын жогорулатуу боюнча иш алып барат, музейлердин калыбына келтирүү бөлүмдөрүнүн жана чеберканаларынын ишмердигин координациялайт. Мисалы: Москвадагы Мамлекеттик калыбына келтирүү илимий-изилдөө институту (ГосНИИР).

**РЕСТАВРАЦИЯ – калыбына келтирүү, оңдоо (реставрация).** Музей предметтерин сактоо, бузулгандарын жоюу

жана баштапкы абалына келтирүү максатында иш жүргүзгөн музей ишмердигинин бир багыты. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Музей предметтерин калыбына келтирүү усулдамасы, Музей предметтерин консервациялоо* терминдерин да караңыз.

**РЕСТИТУЦИЯ – реституция.** Эл-аралык укукта баскынчы мамлекеттин мыйзамсыз басып алган жана согушуп жаткан мамлекет тарабынан чыгарылып кеткен мүлктү душмандын аймагынан, ошондой эле колониялардын аймагынан кайтарып берүү жолу менен агрессияга дуушар болгон мамлекетке келтирилген материалдык зыянды жоюу же азайтуу боюнча материалдык жоопкерчиликтин түрү. Реституция музей тармагында жана маданий мурас объектерин коргоодо согуш аракеттеринин натыйжасында чыгарылып кеткен маданий баалуулуктарды кайтарууга гана байланыштуу болбостон, бир мамлекет ичинде менчик укугунун өзгөрүшүнө да байланыштуу болот. Мисалы, Россия Федерациясында реституция «Экинчи дүйнөлүк согуштун натыйжасында Советтик Социалисттик Республикаларына көчүрүлгөн жана Россия Федерациясынын аймагындагы маданий баалуулуктар жөнүндө» (1998) деген Федерациялык мыйзамдын негизинде жүргүзүлөт. Реституцияга байланыштуу болгон, талкуу жараткан көйгөйлөрдүн бири, 1920-жылдары улутташтырылган чиркөө мүлкүнүн кимге таандык экендиги.

**РЕЭКСПОЗИЦИЯ – реэкспозиция.** Музей экспозициясынын бөлүгүн же баардыгын алмаштыруу (айрым экспозиция комплекстерин алмаштыруу, жаңы бөлүмдөрдү киргизүү ж.б.).

**РЯД СИСТЕМАТИЧЕСКИЙ ЭКСПОЗИЦИОННЫЙ – экспозициялык системалуу катар.** Бул системалык экспозициянын түзүмдүк бирдиги, кандайдыр бир илимий дисциплинанын классификациялык схемасына ылайык жайгашкан бир түрдүү экспонаттардын жыйындысы.

## – С –

**САЙТ МУЗЕЙНЫЙ – музей сайты.** Музей, анын коллекциялары, экспозициялары ж.б. жөнүндө маалыматтарды электрондук баракча катары on-line режиминде электрондук түрдө берген, келүүчүлөрдүн музей жөнүндө маалымат алуу каражаты. Музей сайты Web серверлеринин биринде сакталат жана интернет колдонуучуларынын кеңири чөйрөсүнө жеткиликтүү болот.

**САЙТ-МУЗЕЙ – сайт-музей** (англ. site – жайгашкан жери, турган орду). Чет элдик музей таанууда маданий жана табигый мурастарды пайда болгон же табылган жеринде сактоо максаты менен уюшулган музейлер. Эл аралык музейлер кеңеши сайт музейлерди төрт топко бөлөт. Алар: экологиялык – жаратылыш чөйрөсүн музейлештирүүнүн негизинде келип чыккан музейлер; этнографиялык – өткөн убакта же азыркы учурда адам коомчулугу жайгашкан жерди жана алардын салттарын, жашоо образдарын көргөзүү максатында музейлештирилген жер; тарыхый – тарыхый окуя менен же атактуу инсандын ишмердиги менен байланышкан жерде түзүлгөн жана иштеген музейлер; археологиялык – казуулар жүргүзүлгөн жерде уюшулган музейлер.

**СВЕРКА НАЛИЧИЯ – болгонун салыштырып текшерүү.** Караңыз: *фондду кайра эсептөө.*

**СВОЙСТВА МУЗЕЙНОГО ПРЕДМЕТА – музей предметинин касиеттери.** Музей предметинин өзгөчөлүктөрү, айырмалоочу белгилери. Музей предметтерин изилдөөдө жана экспонаттоодо өзгөчөлөнгөн жалпы касиеттери (аттрактивдүүлүгү, маалыматтуулугу, репрезентативдүүлүгү, экспрессивдүүлүгү) жана айрым музей предметтеринин белгилери (материал, көлөмү, техникасы, жасалган учуру). Музей предметинин касиеттери анын музей баалуулугуна ээ экендигин аныктоо үчүн негиз болот жана музей жыйнагына предметти тандоодо критерий катары саналат.

Музей предметтеринин конкреттүү белгилери аны илимий иштеп чыгууга жана атрибуттоого өбөлгө түзөт.

**СЕКТОР МУЗЕЯ – музейдин сектору.** Караңыз: *музей бөлүмү*.

**СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННЫЕ МУЗЕИ – айыл чарба музейлери.** Жыйнагы айыл чарба өндүрүшүнүн же анын өзүнчө багыттарынын тарыхын жана заманбап абалын документтештирип турган тармактык музейлер тобу.

**СЕТЬ МУЗЕЙНАЯ – музей тарамы.** Аныкталган аймакта тарыхый калыптанган музейлердин жыйындысы. «Музей тарамы» деген түшүнүк бир ведомствого, типке, тармакка кирген музейлер тобуна карата дагы колдонулат (Мисалы, край таануу музейлер тарамы, мемориалдык музейлер тарамы, КРдин Маданият министрлигинин музейлер тарамы). Кошумча маалымат алуу үчүн: *Музейлер классификациясы, Музей тарамын божомолдоо* терминдерин да караңыз.

**СИСТЕМА ОРИЕНТАЦИИ ПОСЕТИТЕЛЯ – келүүчүгө багыт берүү тутуму (системасы).** Келүүчүнүн өз алдынча экспозицияны көрүүсүн уюштуруу үчүн ар кандай каражаттардын топтому. Ага музейдин вестибюлунда экспозиция турган имараттын планы, экспозициядагы тексттер, экспозициялык маршрутту көрсөткүчтөр, аудиогиддер жана музей экспозициясы боюнча жол көрсөткүчтөр кирет.

**СИСТЕМА ЭКСПОЗИЦИЙ – экспозициялар тутуму (системасы).** Бир же бир канча имаратта жайгашкан, идеялык-тематикалык жана архитектуралык-көркөмдүк жактан байланышкан музейдин стационардык экспозицияларынын жыйындысы. Экспозиция тутумун түзүү үчүн экспозициянын маршруту жана келүүчүлөрдүн агымын тейлөө макулдашылышы керек. Бирдиктүү экспозиция системасын түзүү музейде заманбап олуттуу маселелерге ыкчам жооп берүүгө, музей коллекциясын туура колдонууга жана көп пландуу массалык илимий-агартуу ишин жүргүзүүгө

мүмкүндүк берет. Экспозиция тутумунун болушу заманбап усулдамада музейдин экспозициялык ишинин шарты катары каралат.

**СИСТЕМАТИЧЕСКИЙ ЭКСПОЗИЦИОННЫЙ МЕТОД – системалык экспозициялык усул.** Караңыз: *системалык экспозиция.*

**СКРЫТЫЙ ПЛАН – «көмүскө мерчем».** Түздөн-түз көрсөтүүгө коюлбаган, кассеталык стенддерде, турникеттерде ж.б. жашырылган экспозиция материалдарынын бөлүгү. Экспозицияда «көмүскө мерчемдин» болушу экспозицияны жыш кылбастан же экспозиция аянтынын кеңейтүү муктаждыгын жаратпастан музей жыйнагын толугураак пайдаланып көрсөтүүгө кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

**СЛУЖИТЕЛЬ МУЗЕЙНЫЙ – музей кызматчысы.** Музейдин техникалык кызматчысы. Музейдин экспозициясы жайгашкан жайлардагы музей предметтеринин сакталуусуна жана корголушуна жоопкерчиликте болот. Музей кызматчысы деректирдин административдик-чарбалык иштери боюнча орун басарына баш ийет.

**СОБИРАТЕЛЬСКАЯ РАБОТА – чогултуу иши.** Музей жыйнагын комплектөөнүн курамынын бөлүгү. Музейлик маанидеги предметтерди табуу, чогултуу, алардын табылган чөйрөсүн изилдөө жана талаа документтерин түзүү боюнча аткарыла турган практикалык иш. Чогултуу иши экспедициялардын, комплектөө боюнча иш сапарлардын жана утурумдук болуп туруучу комплектөө ишинин жүрүшүндө жүргүзүлөт.

**СОБРАНИЕ МУЗЕЙНОЕ – музей жыйнагы.** Музей предметтеринин, архивдик жана китепкана фонддорунун, илимий-көмөкчү материалдардын жана башка музей ишмердигин камсыздаган илимий-маалыматтык каражаттардын илимий жактан уюштурулган жыйындысы. Музей жыйнагынын курамынан аныкталган белгиси боюнча топтоштурулган музей предметтеринин өзгөчөлөнгөн тобу бөлүнүп турушу мүмкүн. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Музей коллекциясы* терминин да караңыз.

**СОВЕТ ПО КООРДИНАЦИИ – координациялык кеңеш.** Борбордук музейдин дирекциясынын алдындагы кеңешүүчү орган, өлкөнүн аймактарындагы жана облустарындагы белгилүү тармактагы башкы жана аймактык музейлердин ишин илимий усулдук жактан жетектөө жана координациялоо маселелерин карайт. Кеңеш бардык тармактык башкы музейлердин жетекчилеринен жана аймактык музейлердин, маданият мекемелеринин өкүлдөрүнөн түзүлөт. Кеңештин курамы белгиленген бир мөөнөткө (3 жыл же 5 жыл) шайланат. Кеңештин отурумдары бир жылда бир жолудан кем эмес өткөрүлүшү керек. Кеңештин отурумдарына крайлардын, облустардын, райондордун, шаарлардын тармактык музейлеринин өкүлдөрү катышуусу мүмкүн. Кеңештин чечимин музей баш ийген маданият органы менен макулдашуунун негизинде башкы музейдин деректири бекитет.

**СОДЕРЖАНИЕ ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициянын мазмуну.** Музейдин тармактык илимий дисциплинасынын талабына ылайык экспозиция материалдары аркылуу ачылып берилүүчү идеялар, көйгөйлөр, темалар. Экспозициянын мазмуну экспозицияны илимий долбоорлоонун жүрүшүндө аныкталат жана иштелип чыгат. Экспозициянын көркөм долбоорун түзүүнүн максаты бул мазмундун көркөмдөп сүрөттөө формасын иштеп чыгуу болуп эсептелет. Экспозицияны көрүү учурунда көрүүчүлөрдүн анын мазмунун кабыл алышы (өздөштүрүүсү) музей коммуникациясынын маанилүү аспектилеринин бири болуп саналат.

**СОСТАВ МУЗЕЙНЫХ ФОНДОВ – музей фондунун курамы.** Музей жыйнагынын негизин түзгөн материалдардын жана предметтердин жыйындысы. Бир тармактагы музейлер үчүн музей фондунун түзүмү бирдей болгону менен, фонддордун курамы ар бир музейде ар башка болот. Ага музей коллекцияларын комплектөөнүн жана изилдөөнүн процессинде жана аларды сактоонун өзгөчөлүктөрүнө карата аныкталган динамикалуулук мүнөздүү. Музей

фонддорунун курамын негизги фонддогу жана илимий-көмөкчү фонддогу предметтердин саны боюнча же негизги типтердин – жазма, көркөм-өнөр, кино, фото жана фоно булактардын ар бирине таандык болгон предметтердин саны боюнча мүнөздөөгө болот.

**СОХРАННОСТЬ – сакталгандык.** Музей предметин атрибуттоодо катталуучу анын белгилеринин бири. Сакталгандык деген аныктама музей предметинин сүрөттөлүшүн түзүп жаткан учурдагы бардык бузулууларынын жана жоготууларынын конкреттүү тизмеленишин жана сүрөттөлүп жазылышын шарттайт. Музей предметинин сакталгандыгы сактоо режиминин бузулгандыгынын натыйжасында, экспозицияда колдонууда жана калыбына келтирүү иштерин жүргүзгөндөн кийин өзгөрүүсү мүмкүн. Сакталгандыктын бардык өзгөрүүлөрү музей документтеринде катталат.

**СОЦИАЛЬНО ДЕМОГРАФИЧЕСКИЙ СОСТАВ ПОСЕТИТЕЛЕЙ – келүүчүлөрдүн социалдык-демографиялык курамы.** Социалдык-демографиялык белгилери – курагы, жынысы, билими, кесибинин түрү, жашаган жери ж.б. боюнча музей аудиториясынын мүнөздөлүшү.

**СОЦИАЛЬНЫЕ ФУНКЦИИ МУЗЕЯ – музейдин социалдык функциялары.** Өзгөрүп турган коомдун муктаждыгына карата аныкталуучу музейдин коомдук багыты, музей ишмердигинин максаттары, коомго карата анын ролу. Азыркы мезгилде тарыхый калыптанган музейдин социалдык функцияларына документтештирүү жана билим берүү-тарбия функциялары кирет.

**СОЦИОЛОГИЧЕСКОГО ИССЛЕДОВАНИЯ В МУЗЕЕ ИНСТРУМЕНТАРИЙ – музейде социологиялык изилдөө куралдары.** Музейде ар кандай багыттагы социологиялык изилдөөлөр аркылуу баштапкы маалыматты топтоого арналган документтердин жыйындысы. Мисалы, байкоо жүргүзүү документи – «Байкоо жүргүзүү протоколу», келгендерди анкеталык сурамжылоо документи – «Көрүүчүнүн анкетасы», музей көрүүчүсү менен маектешүү документи – «Маектешүү планы».

**СОЦИОЛОГИЧЕСКОГО ИССЛЕДОВАНИЯ В МУЗЕЕ ПРОГРАММА – музейде социологиялык изилдөө программасы.** Музейдеги конкреттүү социалдык изилдөөнүн жүрүшүндөгү – топтоо, иштеп чыгуу жана социологиялык маалыматты талдоо сыяктуу изилдөө процедураларынын теориялык негизинен турган баштапкы документ. Социологиялык изилдөөнүн программасында изилдөөнүн максаттары жана милдеттери, усулдарды тандоонун жана изилдөөнүн жол-жобосунунун шарты, объект, анын орду жана изилдөөнүн мөөнөтү, изилдөөнүн божомолу, социологиялык маалыматты талдоонун түзүмү жазылат.

**СОЦИОЛОГИЯ МУЗЕЙНАЯ – музей социологиясы.** Коомдо музейлердин иштөөсүнүн мыйзам ченемдерин, шарттарын жана музей аудиториясын изилдөөчү, конкреттүү социологиялык изилдөө усулдары (сурамжылоо, байкоо жүргүзүү, документтерди талдоо) менен келүүчүлөргө байкоо жүргүзүү, алардын баалуулук багыттарын, рухий талаптарын аныктоо, бул муктаждыктарды канааттандыруу боюнча музей иштеринин өзгөчөлүгүн изилдөөчү жана алардын негизинде музей иштеринин таасирдүүлүгүн жакшыртуу боюнча сунуштама иштеп чыгуучу социологиянын тармагы. Социологиялык изилдөөлөр учурда музей иштеринин таасирдүүлүгүн жогорулатуудагы маанилүү каражат болуп эсептелет. Музейде социологиялык изилдөөлөр социолог-адистин катышуусунда же анын консультациясынын негизинде жүргүзүлөт.

**СПЕЦИАЛИЗАЦИЯ МУЗЕЙНАЯ – музейдик адистешүү.** Музей иштеринин негизги багыттары боюнча музей кесибинин жиктелиши. Учурда музейде адистештирүүнүн жыйынтыгында төмөнкүдөй музей адистиктери бар: экспозиционер, сактоочу, экскурсовод-лектор, музей таануучу, экспозиция сүрөтчүсү, препаратор-таксидермист, калыбына келтирүүчү ж.б. Булардын баардыгы өзгөчө даярдыкты жана музей ишиндеги тажрыйбаны талап кылат.

**СПИСАНИЕ МУЗЕЙНОГО ПРЕДМЕТА – музей предметин эсептен чыгаруу.** Музей предметин музейдин фонду-

нун курамынан жана каттоо китебинен чыгаруу төмөнкү тартипте жүргүзүлөт: негизги фонддун эсебинен чыгаруу жогору турган маданият органынын, ал эми илимий-көмөкчү фонддун эсебинен чыгаруу музейдин деректиринин уруксатынын негизинде жүргүзүлөт. Эсептен чыгаруу музей предметин башка музейге же уюмга туруктуу сактоого берүүдө, ээсине кайтарууда, же жоголгонуна байланыштуу болот. Мындан тышкары музей баалуулугун жоготкон музей предметтери да эсептен чыгарылат.

**СПИСОК ОБЪЕКТОВ ВСЕМИРНОГО НАСЛЕДИЯ ЮНЕСКО – юнесконун дүйнөлүк мурастар тизмеси.** Өзгөчө коргоо макамын алган маданий жана табигый объекттердин тизмеси. Тизме 1978-жылдан бери түзүлүп жана толукталып келет. Тизмеге кирүү бүтүндүгүнө жана сакталуусуна кошумча кепилдиктерди берет, аларды башкарган мекемелердин, алар жайгашкан аймактардын беделин көтөрөт. Объекттин макамы маданий туризмдин өнүгүүсүнө өбөлгө болот. Талаш маселелер болуп калган учурда ЮНЕСКОнун эл аралык экономикалык жана саясий эксперттеринин жардамын алууга мүмкүндүк берет. Тизмеге алуу же андан чыгаруу жөнүндөгү чечимди Бүткүл дүйнөлүк мурастар комитети Материалдык эмес мурастарды сактоо жөнүндөгү эл аралык конвенцияга ылайык чыгарат. 2008-жылы «Адамзаттын материалдык эмес маданий мурастарынын репрезентативдүү тизмеси» кабыл алынып, ага 2001-2005-жылдары «Оозеки жана материалдык эмес мурастардын шедеврлери» деп таанылган 90 объект кирген.

**СПОНСОРСТВО – демөөрчүлүк** (лат. spondeo – кепилдик берүү). Маданият ишмерлерине, маданий иштерге, долбоорлорго, мекемелерге максаттуу финансылык каражаттарды жумшоого материалдык ресурстары бар болгон жана алардан келишимде көрсөтүлгөн кызматтарды алууну көздөгөн субъекттер. Маркетингдик коммуникация түрлөрүнүн бири. Демөөрчүлүктүн максаты белгиленген аудиторияга демөөрчүнүн жакшы беделин түзүү жана

атаандаштыгын күчөтүү. Маданият тармагында демөөрчүлүк кызматташуунун эки тарапка тең пайдалуу болгон социалдык каржылоонун өзгөчө түрү. Демөөрчүлөрдү тартуу музей маркетингинин курамынын маанилүү бөлүгү. Учурда демөөрчүлүк музей тармагын өнүктүрүү үчүн мамлекеттик эмес каражаттарды тартуу ыкмаларынын бири болуп эсептелет.

**СРЕДА БЫТОВАНИЯ ПРЕДМЕТА – предметтин табылган чөйрөсү.** Социалдык же табигый чөйрөнүн бир бөлүгүнүн алкагында предметтин музейдин жыйнагына келип түшкүчө табылган чөйрөсүндөгү адамдар менен же башка предметтер менен өз ара карым катнашы. Предметтин табылган чөйрөсү катары адатта комплектөө учурунда предмет колдонулуп жаткан же колдонулгандыгынын чегинде предметти түздөн-түз курчап тургандар каралат. Предметтин табылган чөйрөсүн аныктоо үчүн предметтин коомдук жана материалдык шарттарынын болгондугу далилдениши шарт, башкача айтканда анын белгиленген социалдык же этностук топко байланыштуулугуна, анын ансамблдеги же комплекстеги башка предметтер менен мамилесине ж.б. байланыштуу болот. Табылган чөйрөсү предметтин маанилүү деңгээлде музей баалуулугуна ээ экендигин аныктайт.

**СРЕДОВОЙ МУЗЕЙ – чөйрөлүк музей.** Биринчи учурда ишмердиги бардык кыймылдуу, кыймылсыз жана материалдык эмес объекттерден турган, өз ара байланышта болгон тарыхый-маданий, табигый чөйрөнү музейлештирүүнүн негизинде келип чыккан музей. Чөйрөлүк музейдин курамынын маанилүү бөлүгү болуп ошол чөйрөдө жашаган же ошол жакта салттуу иш-чараларды жүргүзгөн адамдар эсептелет. Чөйрөлүк музейлерге экомузейлер, көрсөтмөлүү музейлер, корук-музейлеринин көпчүлүк бөлүгү, кээ бир үй-музейлер кириши мүмкүн. Чөйрөлүк музей өзгөчө баалуу тарыхый-маданий ландшафтарды сактоонун жана актуалдаштыруунун оптималдуу формасы болуп эсептелет.

**СТАТИСТИКА МУЗЕЙНАЯ – музей статистикасы.** Өлкөнүн маданий агартуу мекемелеринин системасында-

гы музейлер иштерин чагылдырган сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдү иштеп чыгуу, жарыялоо, талдоо жана системалык каттоо. Музей статистикасы бүт музей тармагын: аймактык, тармактык, ведомстволук ж.б. музейлер тобун, музей иштеринин өзүнчө багыттарын жана өзүнчө музейлердин иштерин камтышы мүмкүн. Музей статистикасы төмөнкү параметрлерди эске алат: музей тармагынын сандык жана сапаттык түзүмү, анын өсүшү жана өнүгүшү, музейге келүүчүлөрдүн сандык жана сапаттык курамы, музей адистеринин сандык жана сапаттык курамы ж.б. Бир катар көрсөткүчтөр музей иштеринин өзүнчө багыттарын чагылдырат. Аларга экспозиция аянты, фондду сактоо аянты, экспозициядагы музей предметтеринин саны, негизги жана илимий-көмөкчү фонддун көлөмү, көргөзмөлөрдүн саны, келүү көрсөткүчү ж.б. кирет. Музей статистикасынын маанилүү милдети – музей иштеринин негизги багыттарын чагылдыруучу көрсөткүчтөрдүн системасын кененирээк иштеп чыгуу.

**СТЕНД – стенд. 1.** Экспозициялык жабдыктардын элементи; жалпак экспозициялык материалдар жайгашуучу тигинен турган щит. **2.** Техникалык музейлерде жана техника тармагын көрсөтүп турган экспозицияларда тематикалык жана конструктивдик бириккен музей предметтеринен жана экспозициянын жалпак элементтеринен турган өзүнчө архитектуралык композиция. Динамикалык же статикалык көргөзүү каражаттарынын жардамы менен теманы ачып берет. Политехникалык музейдин экспозициясынан мисал: Динамикалык стенд «Алюминий өндүрүү» – алюминий алуунун технологиялык схемасын динамикада көргөзүп турат. Негизги агрегаттар менен жарым көлөмдө аткарылган андагы процесстер көрсөтүлгөн, натура колдонулган (баштапкы накта чийки зат, жарым-жартылай даяр болгондогусу жана толук даяр продукция колдонулат). Анда түшүндүрүү тексттери, слайддар болот жана аралыктан башкарылат.

**СТРУКТУРА МУЗЕЙНЫХ ФОНДОВ – музей фонддорунун түзүмү.** Фонддордун курамындагы өзгөрүүлөргө карабастан музей жыйнагын уюштуруу системасы өзгөрбөйт. Музей фондунун түзүмү адатта үч негизги элементтен турат: негизги фонд, илимий-көмөкчү фонд жана убактылуу сактоо фонду. Негизги фонддордой эле илимий-көмөкчү фонддору да тармактык фонд, тармактык эмес фонд жана окшош нускалар фонду болуп бөлүнүшөт. Убактылуу сактоо фонду музей предметтеринин фонду жана илимий-көмөкчү материалдар фонду болуп бөлүнөт. Мындан тышкары табигый-илимий музейлерде чийки илимий материалдар фонду болот.

**СУВЕНИР МУЗЕЙНЫЙ – музей сувенири.** Музейге келгендиги тууралуу эстелик катары алынуучу басылма же көркөм жасалган буюм. Музей сувенирлерине төш белги, шеврондор, медалдар, музейдин имаратына же музей предметтерине окшогон кайра жасалмалар, открыткалар, сувенир-белеттер кирет. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Музей жарнамасы* терминин караңыз.

**СФРАГИСТИКА – сфрагистика** (грек. «сфрагис» – мөөр). Мөөрлөрдү, пломбаларды, цилиндрлерди, геммаларды, скарабейлерди, буллаларды, керамиканын жана карапалардын энтамгаларын изилдөөчү көмөкчү тарыхый дисциплина. Сфрагистика мөөрлөрдүн матрицаларын, башкача айтканда катуу нерсеге түшүрүлгөн мөөрлөрдүн сүрөттөрүн, ошондой эле алардын издерин жана түшүрүлгөн тактарын да изилдейт. Мөөрлөрдүн негизги функциясы документтерди жана предметтерди күбөлөндүрүү болуп эсептелет.

**СЦЕНАРИЙ ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициянын сценарийи. 1.** Адабий чыгарма; экспозициянын идеясын баяндоонун же деталдаштыруунун мүмкүн болгон формасы; көпчүлүк учурда экспозицияны долбоорлоп жатканда түзүлүүчү документ. Анын негизин келүүчүлөрдүн экспозицияны кабыл алуу процессинде аныкталуучу «сюжет» түзөт. Экспозициянын сценарийинин маанилүү максаты

келүүчүлөрдүн экспозициялык материалдар баяндаган окуяларды жана адамдарды сезе билүүсүнүн натыйжасында келип чыгуучу экспозициялык теманын ички драмалык абалын адабий формада көрсөтүү болуп эсептелет. Экспозициянын сценарийинин максаты экспозицияны көрүүнүн режиссурасы, ошондуктан аны түзүүдө көрүүчүлөрдүн психологиясын эске алуу керек, экспозицияны көрүү аралыгында анын аң-сезиминин абалына, анын эмоционалдык абалына байкоо жүргүзүлөт. Экспозициянын сценарийин музей ишинин тажрыйбасын билген кесипкөй адабиятчы же музей кызматкери жазат. Негизинен татаал тармактуу экспозицияны, салттуу эмес темадагы тематикалык көргөзмөлөрдү долбоорлоодо колдонулат. **2.** Экспозициядагы ар кандай динамикалык каражаттардын: аудиовизуалдык системалардын, аудиогиддердин, музыкалык коштоо программаларынын, колдонуудагы моделдердин, диорамалардын ж.б. иштердин мазмунун жана режиминин алмашуусунун иретин аныктоочу документ. Экспозициянын бул элементтеринин ар бирине өзүнчө сценарий болушу мүмкүн (экспозициялык фильмдин сценарийи, диораманын сценарийи ж.б.).

## – Т –

**ТАКСИДЕРМИЯ – кеп жасоо.** Жаныбарлардын терилерин атайын иштетүү жана алардан кеп жасоо ыкмаларынын жыйындысы. Кеп жасоонун милдетине жаныбарлардын тирүү кезиндеги морфологиялык белгилерин – көлөмүн жана тулкусунун пропорциясын, өңүн, териден капталышынын абалын мүмкүн болушунча толугу менен катыруу кирет. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Препаратчы-кеп жасоочу* терминин караңыз.

**ТЕАТРАЛЬНЫЕ МУЗЕИ – театрдык музейлер.** Жыйнагы театр өнөрүнүн тарыхын жана заманбап абалын документтештирген тармактык музейлер тобу. Ага кеңири тармактагы тарыхый-театрдык музейлер (мисалы, Моск-

вадагы А.А.Бахрушин атындагы Мамлекеттик Борбордук театрдык музей), өзүнчө театрлардын тарыхы музейлери, атактуу театр ишмерлерине арналган музейлер, анын ичинде мемориалдык музейлер кирет.

**ТЕКСТ ВЕДУЩИЙ – жетектөөчү текст.** Адабий чыгармадагы эпиграф сыяктуу экспозициядагы текст. Жалпы экспозициянын же анын бир бөлүмүнүн, темасынын, залдын же комплекстин идеялык багытын билдирет.

**ТЕКСТ ЗАГЛАВНЫЙ – башкы текст.** Экспозициянын бөлүмүнүн, темасынын же комплексинин аталышы болгон текст. Башкы текст көрүүчүлөргө экспозицияда багыттама катары жардам берип, тематикалык түзүмүн ачып көргөзөт.

**ТЕКСТ ОБЪЯСНИТЕЛЬНЫЙ – түшүндүрмө текст.** Залга, темага, комплекске же өзүнчө экспонатка түшүндүрмө берип турган экспозициядагы текст. Түшүндүрмө текст экспозициялык образды же экспонаттарды түздөн түз көрүүдө кабыл алууга мүмкүн болбой турган маалыматтардан турат.

**ТЕКСТЫ В ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициядагы тексттер.** Бир бүтүн катары ойлонуштурулган жана системалык уюшулган экспозициядагы бөлүмдөрдүн жана темалардын, аннотациялардын, этикеткалардын, көрсөткүчтөрдүн ж.б. аталыштарынын топтому. Алар экспонат эмес, бирок экспозициядагы жумуш милдетин аткарган жазмалар болуп эсептелет. Тексттердин мазмуну экспозицияны илимий долбоорлоп жаткан учурда иштелип чыгат. Алар так, талашсыз, мүмкүн болушунча кыска жана музейдин бардык категориядагы көрүүчүлөрү үчүн жеткиликтүү болушу керек. Ариптери, түсү, көлөмү, жайгашышы сыяктуу тексттердин көркөм мүнөздөмөсү экспозицияны көркөм долбоорлоо учурунда аныкталат. Тексттер стилистикалык жактан бири-бири менен жана башка экспозициялык материалдар менен айкалышыш керек, экспозициянын архитектуралык-көркөм чечиминин жигердүү бөлүгү ката-

ры милдет аткарат. Тексттер музейдин өзгөчө көрсөтүү каражаты эмес болгондуктан, алар музей предметтерине жана экспозициялык комплекстерине карата баш ийүү абалында болот. Ошондуктан экспозицияда тексттерди көп пайдаланууга болбойт жана музей предметтеринин аттрактивдүүлүгү менен тексттердин аттрактивдүүлүгү ылайык келиши керек. Экскурсияны экскурсоводу жок көрүп жүргөндөр үчүн тексттер өзгөчө маанилүү. Экспозицияда тексттер адатта төмөнкүдөй бөлүнөт: бөлүмдөргө, темаларга, залга, экспонаттарга аннотация (кыскача мүнөздөмө же түшүндүрмө текст), жетектөөчү тексттер, башкы тексттер, эн белгилер топтому жана көрсөткүчтөр. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Экспозициянын маршруту* терминин караңыз.

**ТЕМА КОМПЛЕКТОВАНИЯ – комплектөөнүн темасы.** Музей фондун комплектөө планында белгиленген, комплектөөнүн мазмунун, хронологиялык доорун, аймагын, объектин же комплектөө булагын аныктап туруучу тема. Мисалы, «Үркүн 1916-жыл».

**ТЕМА ЭКСКУРСИЙ – экскурсиялардын темасы.** Караңыз: *экскурсиялардын тематикасы*

**ТЕМА ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициянын темасы.** **1.** Экспозициянын негизги мазмунун чагылдырган анын аталышы. **2.** Экспозициянын тематикалык түзүлүшүнүн элементи, экспозициянын бөлүмдөрүнүн биринин аталышы. Биринчи маанидеги теманы деталдаштыруу болуп эсептелет. Экспозициянын негизги темалары илимий концепцияда аныкталат жана кеңейтилген тематикалык түзүлүштө конкреттештирилет.

**ТЕМА ЭКСПОЗИЦИОННАЯ – экспозициялык тема.** Музей каражаттары менен ачылып көрсөтүлүүчү илимий, адабий ж.б. тема. Теманын экспозициялык экендигинин критерийи биринчи учурда анын музей предметтери менен камсыздалгандыгы болуп эсептелет.

**ТЕМАТИКА ЭКСКУРСИЙ – экскурсиялардын тематикасы.** Музейдин учурдагы экспозициясынын базасында

иштелип чыккан экскурсиялардын темаларынын жыйындысы. Тематиканын калыптанышынын негизги факторлору – музейди пропагандалоонун актуалдуу милдеттери, музейди өнүктүрүү маселелери жана белгиленген аймактын социалдык-маданий кырдаалын эске алып, көрүүчүлөр менен иштөөдө дифференциалдык ыкманы жүзөгө ашыруу.

**ТЕМАТИКО-ЭКСПОЗИЦИОННЫЙ ПЛАН – тематикалык-экспозициялык план.** Документ, экспозициянын илимий долбоорунун курамынын бөлүгү. Экспозициянын кеңейтилген тематикалык түзүмүнө ылайык экспозициялык материалдардын жана алардын топторунун конкреттүү курамын чагылдырат. Тематикалык-экспозициялык план төмөнкүлөрдү камтыйт: бөлүмдөрдүн аталышы, темалар, тематикалык комплекстер, жетектөөчү тексттер, аннотациялар; экспозициялык комплекстердеги атрибуттарынын негизги маалыматтары көргөзүлгөн экспонаттардын тизмеси; экспозициялык материалдардын мүнөзү жөнүндө (түп нуска, көчүрмө ж.б.) маалыматтар, алардын көлөмү; материалдардын сактоо орду жана шифри тууралуу көрсөтмө. Тематикалык-экспозициялык пландын тиркемесинде эн белгилер топтому, илимий-көмөкчү материалдардын иштелмеси, илимий реконструкцияларды түзүү үчүн документтер берилет. Кошумча маалымат үчүн: *Экспозицияны илимий долбоорлоо* терминин караңыз.

**ТЕМАТИЧЕСКАЯ СТРУКТУРА ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициянын тематикалык түзүмү.** Экспозициянын илимий концепциясынын курамдык бөлүгү; бөлүмдөрдүн жана экспозициядагы темалардын иретин жана аталышын камтыган документ.

**ТЕМАТИЧЕСКИЙ ВЕЧЕР – тематикалык кече.** Музейдеги илимий-агартуу иштеринин комплекстүү формасы; музей кызматкерлери, окумуштуулар, искусство жана маданият ишмерлери, чыгармачыл жамааттар катышуучу, белгиленген темага же маарекелик датага арналган кече. Тематикалык кеченин программасына музей жыйнагындагы предметтерди демонстрациялоо, алар жөнүндө баяндоо,

кечеге даярданууда атайын түзүлгөн көргөзмө менен тааныштырууну жүргүзүү, театр көрсөтүүлөрүнүн элементтери, көркөм окуу, музыкалык чыгармаларды аткаруу ж.б. кириши мүмкүн. Ушуну менен музей көрсөтмөсүнүн каражаттары башка маданий-агартуу иштеринин каражаттары менен айкалышып комплекстик көп кырдуу теманы ачып берүүнү камсыздайт. Тематикалык кече музейдин конференц залында өткөрүлөт. Көп учурда анын аудиториясын негизинен алдын ала чакыруу белеттери берилген, музейге дайыма келип жүрүүчү көрөрмандар түзөт.

**ТЕМАТИЧЕСКИЙ КОМПЛЕКС – тематикалык комплекс.** Бири-бири менен байланышкан жана мазмуну боюнча бири-бирин толуктап турган, тематикалык-экспозициялык планда музей предметтеринин тобу катары көргөзүлгөн кеңейтилген тематикалык түзүмдүн элементардык бирдиги. Көркөм долбоорду түзүп жаткандагы тематикалык комплекстин чечмелениши экспозициялык комплексти түзүү менен жыйынтыкталат.

**ТЕМАТИЧЕСКИЙ ПЛАН ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициянын тематикалык планы.** Караңыз: *экспозициянын тематикалык түзүмү.*

**ТЕМАТИЧЕСКИЙ ЭКСПОЗИЦИОННЫЙ МЕТОД – тематикалык экспозициялык усул.** Караңыз: *тематикалык экспозиция.*

**ТЕОРЕТИЧЕСКОЕ МУЗЕЕВЕДЕНИЕ – теориялык музей таануу.** Музейдин иштешинин жана өнүгүшүнүн жалпы мыйзам ченемдерин изилдөөчү музей таануунун түзүмүнүн бөлүгү. Теориялык музей таануу Россиянын музей таануу адабияттарында музей таануунун жалпы теориясы, документтештирүү теориясы, тезаврация теориясы, музей коммуникациясы теориясы деп бөлүнөт. **Музей таануунун жалпы теориясы** объектти, предметти, музей таануунун усулдарын, адамдын музейге болгон муктаждыгынын табиятын, музей предметинин жана музей объектинин феноменин, музейдин маданий форма катары каралышын жана социалдык функцияларын изилдейт, музейдин клас-

сификациясын, музейдин бардык түрлөрүнүн илимий негиздерин, терминологиясын иштеп чыгат. **Документтештирүү теориясы** объекттердин музейдик маанисинин негизин жана музейлик баалуулугун, аларды курчап турган чөйрөнү изилдейт жана музей жыйнагын комплектөөдө илимий негиз болуп эсептелет. **Тезаврация теориясынын** предмети болуп музей предметтеринин маалыматтык потенциалы жана маалыматтын материалдык негизи катары алардын мүнөздөмөсү, коллекциялардын калыптануу принциптери эсептелет. Тезаврация теориясы фонддук иштин илимий негизин калыптандырат. **Музей коммуникациясы теориясы** музейди коммуникация системасы катары изилдейт. Музейдин жана коомдун өз ара байланыш көйгөйлөрү музейдин экспозициялык жана маданий-агартуу иштерине илимий негиз болуп эсептелет.

Теориялык музей таануу колдонмо музей таануу менен тарыхый музей таануудан кечирээк, 20-кылымдын 70-жылдарынан баштап калыптана баштаган. Бул музей таануунун эң аз изилденген бөлүгү, анын түзүмдүк бөлүмдөрү калыптануу стадиясында турат.

**ТЕОРИЯ МУЗЕЙНОГО ДЕЛА – музей ишинин теориясы.** Музей иштеринин маанилүү жактарынын жана өнүгүшүнүн мыйзам ченемдери жөнүндө толук түшүнүк берүүчү музей таануу идеяларынын негизги системасы, музей таануунун курамдык бөлүгү. Музей ишинин теориясы музей таануу изилдөөлөрүнүн мүнөзүн, максаттарын жана багыттарын аныктайт. Музей ишинин теориясы музей таануу билиминин кыйла жалпыланган деңгээлинен турат жана музей предмети, музейдин социалдык функциялары сыяктуу эң негизги объекттер менен иштейт. Музей ишинин теориясынын максаты музей таануу билимдерин системалаштыруу жана музей ишмердигинин жалпы усулдамасын калыптандыруу болуп эсептелет.

**ТЕРМИНОЛОГИЯ МУЗЕЙНАЯ – музей терминологиясы.** Музей таануу түшүнүгүн белгилөө үчүн изилдөө-

лөрдө жана музей тажрыйбасында колдонулуучу терминдер системасы. Ал музей ишинде колдонулуучу терминдерден жана андан башка илимий дисциплиналардан алынып, музей тармагында өзгөчө мааниге ээ болуп калган терминдерден турат. Музей ишинин илимий жана практикалык иштерди айкалыштыруу өзгөчөлүгүнө ээ экендиги музейде колдонулган конкреттүү объектилердин аталыштарын музей терминологиясына киргизүү зарылдыгын аныктайт.

**ТЕТРАДЬ ДЛЯ ЗАПИСИ ВОСПОМИНАНИЙ И РАССКАЗОВ – эскерүүлөрдү жана баяндоолорду жазуу дептери.** Комплектөө боюнча илимий иш сапардын же музей экспедициясынын жүрүшүндө фольклор эстеликтери жана мемуардык мүнөздөгү маалыматтарды жазууга арналган талаа документтеринин бир түрү.

**ТЕХНИКА ИЗГОТОВЛЕНИЯ – даярдоо техникасы.** Предметти атрибуттоо учурунда аныкталуучу негизги белгилердин бири; предметти жасоодогу негизги технологиялык ыкмалар. Мисалы: предметтер үчүн – эритип куйма, сомдоп жасоо, оймолоп жасоо, жылмалап жасоо; көркөм сүрөт чыгармалары үчүн – май, темпера, акварель, линогравюра; жазма булактары үчүн – кол жазма, машине жазма, типографиялык басылма.

**ТЕХНИЧЕСКИЕ МУЗЕИ – техникалык музейлер.** Жыйнагы техниканын өнүгүүсүнүн тарыхын документтештирип турган тармактык музейлер тобу. Алар төмөнкүдөй болуп бөлүнөт: техника тармактарынын комплекстерин мүнөздөп турган музейлер (мисалы: политехникалык музейлер), техниканын өзүнчө бир тармагына арналган музейлер, илим жана техника тармагындагы белгилүү окуяларга же ишмерлерге байланыштуу болгон музейлер, анын ичинде мемориалдык музейлер. Караңыз: *Тармактык музейлер*.

**ТЕХНИЧЕСКИЕ СРЕДСТВА – техникалык каражаттар.** Экспозициянын мазмунун тереӊ ачып берүү, маалыматтуулугун арттыруу, динамикалуулугун жана көрүнүктүүлүгүн камсыз кылуу, таасир берүү, тиешелүүлүк жана

кабыл алуу эффекттерин жогорулатуу максатында экспозицияда механикалык, электрдик же оптика-механикалык, электрондук же башка системалар жана каражаттар колдонулат. Техникалык каражаттар музей экспозициясынын долбоорун түзүп жаткан учурда илимий кызматкерлер, инженерлер, сүрөтчүлөр аркылуу иштелип чыгат. Музей экспозициясында колдонулуучу техникалык каражаттарга экспозицияда көмөкчү ролду ойноочу аудиовизуалдык жабдыктар кирет. Аларга: телевизиондук, кинопроекциялык, диапроекциалык, үн чыгаруучу жана үн жазуучу, жарык берүүчү ж.б. аппараттар кирет. Мындан тышкары техникалык каражаттарга экспонаттын ролун аткаруучу өзгөчө жабдыктар кирет. Алар: колдонуудагы моделдер, макеттер, демонстрациялык орнотмолор, стенддер.

**ТИП МУЗЕЙНЫХ ПРЕДМЕТОВ – музей предметтеринин тиби.** Музей предметтеринин классификациялык бирдиги, маалыматты белгилөөнүн негизги ыкмасы боюнча бириктирилген музей предметтеринин жыйындысы. Учурда музей предметтери же булактары алты негизги типке бөлүнөт. Алар: жазуу жүзүндөгү, буюм, көркөм сүрөт, кино, фото жана фоно булактары. Ар бир музей предметтеринин типтери музей предметтеринин түрлөрүнө бөлүнөт.

**ТИПИЧНЫЙ ПРЕДМЕТ – кадимки предмет.** Белгиленген доорго же маданиятка тиешелүү болгон музей предмети. Анын кеңири колдонулушу ага тиешелүү так тарыхый доор менен чектелет. Кадимки предмет башка предметтер менен комплексте өзүнүн табылган чөйрөсүн дээрлик толук мүнөздөйт. Башкача айтканда доордун өкүлү боло алат. Кадимки предмет өз мезгилинин өзгөчөлүктөрүн чагылдырып, тарых жана маданият эстелиги болуп саналат.

**ТИПОВОЙ ПРЕДМЕТ – типтүү предмет.** Стандарттык өнөр жай предмети (адатта сериялык өндүрүш продукту) же типтүү документ. Типтүү предметтер түзүлүшү, касиети жана алгачкы даярдалышы боюнча толугу менен дал келет, бирок тиричилик өзгөчөлүктөрүнө жараша жана колдонулушу боюнча ар башка болушу мүмкүн. Музейде

типтүү предмет бардык предметтердин сериясын көргөзүп, өндүрүш жана керектелүү деңгээлин мүнөздөө үчүн кызмат кылат. Типтүү предметтер заманбап жыйнактардын маанилүү бөлүгүн түзөт.

**ТИПОЛОГИЧЕСКИЙ КОМПЛЕКС – типологиялык комплекс.** Адабий, тарыхый жана бардык тармактагы мемориалдык музейлерде таралган экспозициялык комплекстердин түрү. Ал предметтерден түзүлөт жана белгилүү бир жерди, мезгилди жана коомдук катмарды мүнөздөп турат (кийим, эмерек, курал-жарак ж.б.). Типологиялык комплекс түзгөн образ ошол доордун типологиялык өзгөчөлүктөрүн ачып көргөзүүгө өбөлгө түзөт.

**ТРАНСПОРТИРОВКА – көчүрүү, ташуу.** Көргөзмө иштерине, музейдин башка имаратка көчүүсүнө, эвакуацияга ж.б. байланыштуу музей предметтеринин музейден тышкары жакка көчүрүлүшү. Ал ар кандай транспорттун түрү менен ишке ашырылышы мүмкүн. Ташуу алдында атайын комиссия бардык предметтерди карап чыгат жана алардын сакталган абалы тууралуу акт түзөт. Көздөгөн жерге жеткенде кабыл алуу комиссиясы музей предметтерин акт боюнча кабыл алат. Ташуу учурунда музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо боюнча колдонуудагы нускаманын негизинде музей предметтеринин сакталышына кепилдик берүүчү чаралар алдын алынат.

**ТРУДЫ МУЗЕЯ – музей эмгектери** (илимий эмгектер жыйнагы). Музей жыйнагын изилдөөгө негизделген, музей даярдаган мезгилсиз чыгуучу музей басылмалары, макалалар жыйнагы. Адатта чыгарылыштар номурланып, белгиленген тематикасы менен чыгарылат.Кошумча маалымат үчүн: *Край таануу жазмалары, Музейдин ар жылдык басылмасы* терминдерин караңыз.

**ТУРНИКЕТ – турникет.** Экспозициялык жабдыктардын элементи. Ал шарнирлерге катуу барактары бекитилип, китеп сымал жасалат. Турникеттерде жалпак экспозициялык материалдар, документтер, сүрөттөр ж.б. жайга-

шат. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Көмүскө мерчем* терминин да караңыз.

## – У –

**УНИКАЛЬНЫЙ ПРЕДМЕТ – уникалдуу предмет. 1.** Өзгөчөлүгүнүн жана кайталанбастыгынын негизинде айырмаланып турган, өзү сыяктуулардан жалгыз болгон предмет. **2.** Өзү сыяктуулардан же бир тарыхый окуяга байланыштуу болгондордун арасынан жалгыз сакталып калган предмет. Уникалдуу предмет музейде өзгөчө баалуу материалдык мааниге ээ, кадимки жана типтүү предметтерден айырмаланып искусство чыгармасы катары же таберик катары каралат.

**УНИКУМ – уникум** (лат. unicum – өзү сыяктуулардан бөтөнчө, укмуштуудай). Өзгөчөлүгү, кайталангыстыгы, өзгөчө көркөмдүгү, илимий, тарыхый баалуулугу менен айырмаланган, өзү сыяктуулардан жалгыз болгон маданий жана табигый мурас объекти. Уникалдуулук анын өзгөчөлүгүнүн негизинде же анын тарыхый маанилүү окуя менен байланышттуу экендигинин натыйжасында болушу мүмкүн. Уникумдун түрлөрүнө өзгөчө бааланган, өзгөчө мааниге ээ мемориалдык предметтер жана табериктер кирет. Типтүү көрүнүштү чагылдырган, бирок жалгыз бирөө гана сакталып калган предметтер дагы уникум болуп эсептелет. Өзгөчө баалуу предметтердин жыйындысы уникалдуу коллекцияны түзөт.

**УПАКОВКА МУЗЕЙНЫХ ПРЕДМЕТОВ – музей предметтерин таңгактоо.** Музей предметтерин ташуу максатында атайын жашиктерге салуу. Музей предметтерин таңгактоо үчүн жумшак эмес жашиктер колдонулат. Алар предметтерди салууга ылайыктуу жана материалы, салмагы, көлөмү боюнча бир типте болушу керек. Ящиктерди жасоо жана аларга ар кандай типтеги предметтерди таңгактап салуу эрежеси колдонуудагы музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо нускамасына ылайык жүргүзүлөт.

**УПРАВЛЕНИЯ МУЗЕЯМИ – музейлерди башкаруу.** Музей тармагын жетектөөгө, музейлердин иштерин координациялоого, өлкөнүн музейлерин өнүктүрүүнүн жалпы принциптерин иштеп чыгууга багытталган мамлекеттик жана коомдук уюмдардын ишмердиги. Кыргыз Республикасынын музейлерин мамлекеттик башкаруунун борбордук органы болуп Маданият министрлиги эсептелет. Музей тармагын жетектөөнү министрлик аймактык маданият мекемелери аркылуу ишке ашырат. Музей иштеринин теориялык жана усулдук маселелери башкы музейдеги усулдук борбордо иштелип чыгат.

**УРОК-ЭКСКУРСИЯ – сабак-экскурсия.** Музейдин илимий-агартуу ишинин формасы. Сабак-экскурсияны музей жыйнагынын базасында окуу программасына ылайыктап мугалим менен экскурсовод биргеликте өткөрөт.

**УЧЕНЫЙ СЕКРЕТАРЬ – окумуштуу катчы.** Илимий кызматкер; анын негизги милдетине музейдин илимий жана илимий-уюштуруу иштери, музейдин жана анын бөлүмдөрүнүн иштеринин мерчемделишин жетектөө, алардын өз убагында отчет берүүсүн камсыздоо, ченемдик документтерди даярдоону жетектөө, музейдин иши жөнүндө маалымат материалдарын, отчетторду даярдоону уюштуруу, музейдин илимий архивинин жана кеңсесинин иштерин жетектөө, музейдин Окумуштуулар кеңешинин ишин, эл аралык кызматташуу боюнча иштерди уюштуруу кирет. Окумуштуу катчынын укугун жана милдеттерин музейдин деректири аныктайт.

**УЧЕНЫЙ СОВЕТ – окумуштуулар кеңеши.** Музейдин жетекчи кызматкерлеринен, илимдин, маданий-агартуу мекемелеринин, тармактык жогорку окуу жайлардын жана коомдук уюмдардын өкүлдөрүнөн турган музей дирекциясынын алдындагы кеңешме орган. Аны музейдин деректири жетектейт. Окумуштуулар кеңешинин курамын музейдин сунуштамасы боюнча музей баш ийген маданият органы бекитет. Кеңеш музейдин илимий иштеринин не-

гизги багыттарын, экспозициянын илимий жана архитектуралык-көркөм долбоорлорун, пландарды, илимий эмгектердин жыйнактарын, каталогдорду, музей боюнча жол көрсөткүчтөрдү, өлкөнүн башка музейлери жана илимий-изилдөө мекемелери менен ишти координациялоо маселелерин карайт жана талкуулайт. Окумуштуулар кеңешинин чечимин музейдин деректири бекитет.

**УЧЕТ – эсепке алуу.** Фонддук иштердин жетектөөчү багыттарынын бири болуп эсептелет. Анда бардык музейлер аркылуу мамлекеттик эсепке алуу ишке ашырылат. Эсепке алуу музейлердин фонддорун жана ар бир музей предметин Кыргыз Республикасынын музейлер фонддорунун курамына кирүүсүн жана алардын юридикалык жактан корголушун камсыз кылат. Эсепке алуунун жүрүшүндө музей предметтерин изилдөөнүн жыйынтыктары аныкталып, аларды коомдо пайдаланууга шарт түзүлөт. Эсепке алуу эки баскычтан турат: баштапкы каттоо жана илимий инвентарлаштыруу.

**УЧЕТ ГОСУДАРСТВЕННЫХ ПАМЯТНИКОВ ИСТОРИИ И КУЛЬТУРЫ – мамлекеттик тарых жана маданият эстеликтерин эсепке алуу.** Тарых жана маданият эстеликтерин эсепке алуу. Кыргыз Республикасынын музей тармагы аркылуу ишке ашырылат. Мамлекеттик тарых жана маданият эстеликтерин эсепке алуунун негизги максаты материалдык жана рухий байлыктардын толук сакталышын камсыздоо болуп эсептелет.

**УЧЕТ ЦЕНТРАЛИЗОВАННЫЙ – борборлоштурулган эсепке алуу.** Музей бирикмелеринде жана филиалдары бар музейлерде колдонулуучу музей фондун мамлекеттик эсепке алуунун бир түрү. Бирикмелердин бардык фонддорун каттоо системасынын негизинде, борборлоштурулган эсепке алуу каттоону бирдиктүү документте жүргүзөт жана алар башкы музейде сакталат.

**УЧЕТНАЯ ДОКУМЕНТАЦИЯ – эсепке алуу документтери.** Музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо боюнча колдонуудагы нускаманын талаптарына ылайык

документтер системасы. Ал баштапкы каттоо документтеринен (кабыл алуу жана өткөрүү актылары, негизги жана илимий көмөкчү фонддорго келгендерди каттоо китептери) жана туруктуу сактоого келип түшкөн негизги фонддун музей предметтерин илимий инвентарлаштыруу документтеринен турат. Эсепке алуу документтерине эсепке алуу документтерин каттоо китеби дагы кирет.

**УЧЕТНЫЕ ОБОЗНАЧЕНИЕ – эсептик белгилери.** Музей баалуулуктарын каттоо жана сактоо боюнча колдонуудагы нускаманын эрежелерине ылайык музей предметтерин музейдин эсебине алуу максатында илимий-көмөкчү материалдарга жана музей предметтерине түшүрүлүүчү тамгадан же цифрадан турган белгилер. Эсептик белгилери өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: музейдин шифри, негизги фондго же илимий-көмөкчү материалдар фондуна келгендерди каттоо китебинин иреттик номуру, инвентардык китептеги иреттик номуру, эсепке алуунун тигил же бул бирдиги таандык болгон фонддун тамгалык шарттуу белгиси.

## – Ф –

**ФИЛИАЛ – филиал.** Өз алдынча коомдук жана илимий мааниге ээ болгон музейдин же музей бирикмелеринин бөлөк жерде жайгашкан бөлүмү. Филиал өз алдынча же башкы музей менен жалпы бюджетте, анын административдик жана илимий усулдук жетекчилиги астында болот. Көп учурда аны менен фонду бир болот. Филиал музей баш ийген маданият органынын чечими менен түзүлөт жана музейде бөлүм укугунда болот.

**ФОНД ДУБЛЕТНЫЙ – окшош нускалар фонду.** Кыргыз Республикасынын Маданият министрлигининин нускамасына ылайык музей жыйнагынын курамындагы саны бекиткен ченемден ашып кеткен музей предметтеринин же илимий-көмөкчү материалдардын бөлүнгөн тобу (мисалы: үч нускадан ашык). Окшош нускалар фонду негизги же илимий-көмөкчү фонддордун негизинде жалгыз нуска-

дан турган музей предметтеринин сакталышын, алардын кыйла рационалдуу колдонулушун жана алмашуу фондун түзүүнү камсыз кылуу максатында түзүлөт. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Окшош нускалар* терминин да караңыз.

**ФОНД НАУЧНО-ВСПОМОГАТЕЛЬНЫЙ – илимий-көмөкчү фонд.** Туруктуу экспозициялар жана ар кандай көргөзмөлөр үчүн музей топтогон же түзгөн, ар кандай илимий-көмөкчү материалдардан турган музей жыйнагынын бөлүгү. Фонддун түзүмүн ага кирген материалдардын мүнөзүнүн негизинде музей аныктайт. Илимий-көмөкчү фонддун курамынан алмашуу жана окшош нускалар фонддору түзүлүшү мүмкүн.

**ФОНД ОБМЕННЫЙ – алмашуу фонду.** Башка музейлерге берүү же алмашуу үчүн негизги же илимий-көмөкчү фонддорунун курамынан алынган окшош нускалардан жана музей тармагына таандык эмес предметтерден же илимий-көмөкчү материалдардан турган обочолонгон топ. Предметтерди алмашуу фондуна киргизүү музейдин фонддук комиссиясынын чечими менен ишке ашат, өткөрүп берүү Маданият министрлигинин нускамасына ылайык жүргүзүлөт.

**ФОНД ОСНОВНОЙ – негизги фонд.** Ар кандай типтеги музей предметтерин камтыган музей жыйнагынын бөлүгү. Фонддун курамында музей предметтери өзүнчө коллекцияларга бөлүнөт. Музей баалуулугуна ээ жана жалгыз нускадан турган музей предметтери негизги фонддун өзгөчө баалуу бөлүгүн түзөт (коллекциялык же табериктик фонддор). Негизги фонддун курамынан окшош нускаларды жана алмашуу фонддорун бөлүп алууга болот. Экспозиция системаларын түзүүдө, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө жана тармактык илимий дисциплиналарды өнүктүрүүдө негизги фонд булак базасы болуп эсептелет. Негизги фонддун музей предметтери Кыргыз Республикасынын музейлер фондунун курамына кирет, элдик дөөлөт болуп эсептелет жана мамлекеттин коргоосунда болот.

**ФОНД СЫРЬЕВЫХ НАУЧНЫХ МАТЕРИАЛОВ – илимий чийки материалдар фонду.** Табигый илимий музейлердин жыйнагынын курамдык бөлүгү. Ага фиксация этабынан өткөн жаратылыш объекттери кирет. Бул фонддун материалдарын музейлик маанидеги предметтер катары караса болот.

**ФОНДОВАЯ КОМИССИЯ – фонддук комиссия.** Караңыз: *фонддук сатып алуу комиссиясы.*

**ФОНДОВАЯ РАБОТА – фонддук иш.** Музей иштеринин негизги багыттарынын бири; музей жыйнагын түзүү, сакталышын камсыздоо, музей предметтерин жана коллекцияларын изилдөө жана алардын туура пайдаланылуусуна шарт түзүү максатында жүргүзүлөт. Фонддук иштин мазмунун музей предметтерин классификациялоо, эсепке алуу, сактоо, илимий сүрөттөө, инвентарлаштыруу, паспорттоштуруу жана башка иштер түзөт. Фонддук иштердин бардык түрлөрү эсепке алуу жана илимий иштетүү документтеринде катталат.

**ФОНДОВО-ЗАКУПОЧНАЯ КОМИССИЯ – фонддук сатып алуу комиссиясы.** Музей дирекциясынын алдындагы консультативдик жана кеңешме орган. Комплектөөнүн жүрүшүндө музейлик маанидеги предметтерди тандоо жана сатып алуу, предметтердин негизги же илимий-көмөкчү фондго тиешелүүлүгү жана фонддук иштин усулдамасы боюнча маселелер каралат. Фонддук сатып алуу комиссиясы ар кандай адистерден турат (музей кызматкерлери, архивчилер, искусство таануучулар, сүрөтчүлөр, реставраторлор). Аны деректирдин орун басары же башкы сактоочу жетектейт. Фонддук сатып алуу комиссиясынын чечими протокол менен жол-жоболоштурулат жана аны музейдин деректири бекитет. Кээ бир музейлерде фонддук жана сатып алуу деген эки башка комиссия болот.

**ФОНДОВОЙ РАБОТЫ НАУЧНАЯ КОНЦЕПЦИЯ – фонддук иштин илимий концепциясы. 1.** Музей фонддорун комплектөө, эсепке алуу, илимий иштетүү, сактоо багы-

тындагы иштерди камтыган конкреттүү музейдин фонддук иши жөнүндөгү жалпыланган системалык көрсөтмө. Музей жыйнагынын курамын жана түзүмүн аныктоодо, музей предметтеринин классификациясын жана системасын тандоодо негиз болот. Фонддордун абалын, музейдин тармагын жана өзгөчөлүгүн эске алып, музей предметтерин илимий экспозициялык колдонууга даярдоо маселелерин пландайт. Фонддук иштин илимий концепциясынын негизинде музей фонддорун өнүктүрүү боюнча программалар, жоболор, пландар түзүлөт. **2.** Фонддук иштин илимий концепциясы көрсөтүлгөн документ; учурдагы музей фонддорунун абалы тууралуу маалыматты жана алардын илимий иштетүү даражасын камтыйт.

**ФОНДОХРАНИЛИЩЕ – фондду сактоочу жай.** Атайын музей предметтерин сактоо үчүн жабдылган музейдеги орунжай. Музей предметтери фондду сактоочу жайга музейде кабыл алынган сактоо системасына ылайык жайгашат. Фондду сактоочу жайларда музей предметтеринин сакталышы үчүн керек болгон температуралык-нымдуулук шарттамы аткарылат жана аларды музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо боюнча нускаманын талаптарына ылайык илимий иштетүүдөн өткөрүүгө жана колдонууга шарттар камсыз кылынат. Көркөм өнөр музейлеринде фондду сактоочу жайларды запасник деп аташат.

**ФОНДЫ – фонддор.** Музей жыйнагынын курамындагы музей предметтеринин жана илимий-көмөкчү материалдардын уюштурулган жыйындысы.

**ФОНОГРАММА В ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициядагы фонограмма.** Экспозициялык материалдар менен түзүлгөн, визуалдык катарды толуктоочу жана экспозициянын темасына ылайык келген атайын жазылган же монтаждалган үн жазылмаларын музейдин экспозициясында пайдалануу. Экспозициядагы фонограмманын негизине музыкалык чыгарма, экспозицияга комментарийлерден же түшүндүрмөлөрдөн турган диктордун тексти, тарых жана маданият эстелиги макамына ээ болгон фоно жазуулардын үзүндүлөрү

ж.б. кириши мүмкүн. Экспозициядагы фонограмманын мазмуну экспозицияны долбоорлоо учурунда аныкталат жана сценарийде берилет. Кошумча маалымат үчүн: *Музейдеги үн чыгаруучу жана үн жазуучу аппараттар* терминдерин караңыз.

**ФОНО-ИСТОЧНИКИ – фоно-булактар.** Атайын техникалык аппараттардын жардамы менен үн маалыматтары жазылган музей предметтери. Фоно-булактар музей предметтеринин негизги типтеринин бирин түзөт. Бир катар учурларда музей экспозициясында жана фонддорунда илимий көмөкчү материал катары колдонулат. (Мисалы талаа иштеринин жүрүшүндө жазылган баяндама же экспозицияларга музыкалык коштоо.) Алар музей предметтеринин төмөнкү түрлөрүнө бөлүнөт: фонограф үчүн момдолгон валиктер, граммофондор, патефондор, электрофондор үчүн пластинкалар (моно, стерео же квадро), магниттик тасмалар, дисктер ж.б.

**ФОРМИРОВАНИЕ МУЗЕЙНОЙ КОЛЛЕКЦИИ – музей коллекцияларын түзүү.** Бул музейлик маанидеги материалдарды музейдин тармагына жана анын музейлер чөйрөсүндөгү ордуна ылайык комплектөө, эсепке алуу, сактоо жана илимий иштетүү. Музей коллекцияларын түзүү музейдин документтештирүү функциясынын негизи болуп эсептелет. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Музей коллекциясы, Музей фондунун түзүмү, Музей фондунун курамы* терминдерин караңыз.

**ФОРМЫ НАУЧНО-ПРОСВЕТИТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ – илимий-агартуу иштеринин формалары.** Келүүчүлөр менен музейлер иштерин уюштуруунун түрлөрү. Бүгүнкү күндө музей практикасында кыйла кеңири тараганы – экскурсиялар жана лекциялар. Бул түрлөр көп учурда циклге биригет. Музей ийрими дайыма келүүчүлөр менен жүргүзүлгөн иштин таасирдүү формасы болуп саналат. Мындан тышкары музей майрамдары, клубдар жана тематикалык кечелер сыяктуу иштердин комплекстүү формалары кеңири жайылууда. Аларды уюштурууга жана өткөрүүгө музей

коомчулугунун кеңири чөйрөсү катышат. Мисалы, жаратылышты коргоо коому, тарых жана маданият эстеликтерин сактоо коому, чыгармачыл уюмдар ж.б. Музейлердин комплекстик формадагы иштерин өнүктүрүү тарбиялык жана музей ишин үгүттөө иштеринде жогорку мааниге ээ.

**ФОТОВЫСТАВКА – фото-сүрөт көргөзмөсү.** Сүрөттөрдүн көчүрмөлөрү, чоңойтулган сүрөттөр жана түп нуска документтер сыяктуу сүрөт материалдарынан түзүлгөн музей көргөзмөсү.

**ФОТОДОКУМЕНТ – фотодокумент.** Караңыз: *фото-булактар.*

**ФОТО-ИСТОЧНИКИ – фото-булактар.** Фотографикалык техниканын жардамы менен алынган, маалыматты сүрөт түрүндө берген музей предметтери. Фото-булактар музей предметтеринин негизги типтеринин бирин түзөт. Аларга сүрөттөрдөн тышкары айнектеги, пленкада жана башка материалдардагы негативдер, кагазга, керамикага, металлга түшүрүлгөн сүрөт басылмалар, айнекке же пленкага түшүрүлгөн фотографиялык сүрөттөр дагы кирет.

**ФОТОКОПИЯ – фотокөчүрмө.** Фотография ыкмасы менен аткарылган музей предметтерин кайра калыбына келтирүү ишинин бир түрү. Фотокөчүрмөлөр музейдин илимий-көмөкчү фондунун курамына кирет.

**ФОТОЛАБОРАТОРИЯ – фотолаборатория.** Музейдин көмөкчү өндүрүштүк бөлүмү. Анын милдетине ишке керектүү ар кандай фотоматериалдарды: экспозиция үчүн фотосүрөттөрдү, каталогдорду, картотекаларды, басылмалар үчүн музей предметтеринин фотосүрөттөрүн, тартуулоочуга берүү үчүн ар кандай материалдардын фотокөчүрмөлөрүн ж.б. чыгаруу кирет. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Фотофиксация, Фототека, Фото-булактар, Фоточоңойтуу* терминдерин да караңыз.

**ФОТОТЕКА – фототека.** Системалаштырылган сүрөттөрдү, негативдерди жана илимий маалымдама аппаратын камтыган музей фондунун курамдык бөлүгү. Бардык фонддордун маалыматтык картотекаларында ар бир музей

предметтери жөнүндө маалыматтар жана алардын сүрөттө-рү болушу керек. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Илимий маалымдама аппарат* терминин да караңыз.

**ФОТОУВЕЛЕЧЕНИЕ – фоточоңойтуу.** Музей экспозициясына бир кыйла чоңойтулуп киргизилген, идеологиялык, көркөмдүк жана маалымат арттыруучулук мааниге ээ болгон сүрөт. Фоточоңойтууларды пайдалануу фотоматериалдардын көлөмүнүн өзгөрүшүнүн эсебинен акценттерди түзүүгө мүмкүндүк берген экспозициянын архитектуралык-көркөм чечиминде кеңири тараган ыкма.

**ФОТОФИКСАЦИЯ – фотофиксация (сүрөткө түшүрүү).** Музей предметинин сырткы көрүнүшүн жана абалын белгилөө максатында анын сүрөткө тартылышы. Археологиялык казуулардын жүрүшүндө, предмет табылган жерде, түздөн-түз анын табылган чөйрөсүндө фотофиксация кылынышы мүмкүн. Андан тышкары жаңы келип түшкөндөрдү каттоо китебине, инвентардык китепке жазуунун алдында же калыбына келтирүү иштерин жүргүзүүнүн алдында дагы фотофиксация жасалат.

**ФУМИГАЦИЯ – фумигация.** Жыгачтан, сөөктөн, кездемеден, териден, кагаздан жасалган предметтерге жана башка органикалык материалдарга түшкөн жабыркатуучуларды жана зыянкечтерди буу менен же газ менен жок кылуу. Фумигациянын мөөнөтү, ыкмасы, таасирдүүлүгү фумиганттардын сапатына, фумигация кылынуучу объектке жана анын бузулуу деңгээлине жараша болот. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Дезинсекция, Дезинфекция, Биозалал* терминдерин да караңыз.

## – X –

**ХРАНЕНИЕ МУЗЕЙНЫХ ФОНДОВ – музей фонддорун сактоо.** Музейдин фонддук иштеринин негизги милдеттеринин бири. Музей предметтеринин толук сакталуусун камсыздоочу, бузулбашына жана уурдалбашына кепил болуучу шарттарды түзөт жана сактоо системасын түзүүнү

уюштурат. Музей фонддорун сактоо милдетине фондду сактоочу жайлардагы музей предметтеринен тышкары экспозициядагы музей предметтерин сактоо дагы кирет.

**ХРАНЕНИЕ МУЗЕЙНЫХ ФОНДОВ МЕТОДИКА – музей фондун сактоо усулдамасы.** Музей предметтеринин ар кандай топторун сактоо үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүнүн каражаттары, усулдары жана ыкмалары. Музей фондун сактоо усулдамасы сактоо системасын рационалдуу түзүү принциптерин жана музей предметтерин калыбына келтирүү, консервациялоо, таңгактоо, ташуу иштеринин тартибин аныктайт. Ар кандай типтеги предметтерге жана материалдардын түрлөрүнө карата колдонулуучу музей фонддорун сактоо усулдамасынын негизги жоболору музей баалуулуктарын эсепке алуу жана сактоо нускамасында көргөзүлөт.

**ХРАНЕНИЯ СИСТЕМА – сактоо системасы.** Фондду сактоочу жайларда музей предметтерин жайгаштыруу тартиби. Ал музей фонддорунун курамына жараша болот. Сактоо системасы музей предметтеринин сакталуусун жана алардын ар биринин музей практикасында жана илимий-изилдөө иштеринде колдонулушун камсыз кылууга багытталат. Сактоо системасын туура уюштуруу – бул жарык берүү жана температуралык-нымдуулук шарттамын сактоо, музей предметтерин өз убагында тазалоо, сактоочу жайды таза кармоо. Музей практикасында музей предметтерин типтери боюнча сактоо системасы түзүлүп, ал эми типтердин ичинен тобуна жараша, башкача айтканда предметтин негизин түзүүчү материалына карата бөлүнүп сакталат. Ар бир топто музей предметтерин сактоо анын сакталышынын жана материалдарды колдонуу мүмкүнчүлүгүнүн ыңгайлуулугуна жараша системалаштырылат. Музей жыйнагынын өзгөчөлүгүнө же фондду сактоочу жайдын түзүлүшүнө байланыштуу сактоо системасы музей предметтеринин илимий классификациясы менен дал келбеши мүмкүн.

**ХРАНИТЕЛЬ – сактоочу.** Музейдин илимий кызматкери, илимий-фонддук иш боюнча адис. Караңыз: *Музейдик* адистешүү

**ХРАНИТЕЛЬ ФОНДА – фондду сактоочу.** Музейдин конкреттүү фондунун (коллекциясынын) жалпы абалына жана сакталышына жеке жооп берүүчү фонд бөлүмүнүн кызматкери. Фондду сактоочунун негизги милдеттерине белгиленген фонддун катталышын, сакталышын, илимий сүрөттөлүшүн, кайтарылышын, консервациясын жана калыбына келтирилишин уюштуруу, фондду (коллекцияны) түзүү, ага илимий маалымдама аппаратын даярдоого катышуу иштери кирет. Жогорку билимдүү, музей ишинде тажрыйбасы бар кызматкер фондду сактоочу боло алат.

**ХУДОЖЕСТВЕННАЯ КОНЦЕПЦИЯ ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициянын көркөм концепциясы.** Экспозициянын көркөм долбоорун түзүүнүн биринчи этабынын жыйынтыгы. Аны экспозициянын сүрөтчүсү экспозициянын илимий концепциясынын негизинде түзөт. Ал чиймелер, макеттер жана түшүндүрмө документтер формасында аткарылат. Экспозициянын көркөм концепциясы сүрөтчү тапкан экспозициялык образды чагылдырат жана башкы чечимдин ролун аткарат, башкача айтканда экспозициянын эскиздик долбоорун түзүү үчүн негиз болот. Экспозициянын көркөм концепциясы адатта кесиптик жагдайларда (мисалы, усулдук кеңеште) жана музей коомчулугунун арасында кеңири талкууланат. Андыктан туюнтуу тили жана каражаттары ачык, так, ар кандай кесиптеги адамдардын түшүнүүсү үчүн жеткиликтүү болууга тийиш. Көп учурда чиймелерди адистер гана түшүнө билгендиктен пластикалык туюнтуу каражаттары (экспозициянын макети) артыкчылыкка ээ болот.

**ХУДОЖЕСТВЕННАЯ ЦЕННОСТЬ – көркөм баалуулук.** Предметтин искусство чыгармасы катары маанилүүлүгү, анын эстетикалык мүнөздөмөлөрүн жана көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн табуу учурунда аныкталат. Көркөм музейлерде предметтерди музей жыйнагына тандоодо негизги критерий болуп саналат, ал эми тарых музейлеринде музей предметинин илимий жана тарыхый баалуулугу менен бирдей каралат.

**ХУДОЖЕСТВЕННЫЕ МУЗЕИ – көркөм музейлер.** Жыйнагы көркөм өнөр чыгармаларын камтып, көркөм сүрөт жана декоративдик-колдонмо искусствосунун тарыхын чагылдырган тармактык музейлер тобу. Алар төмөнкүдөй болуп бөлүнөт: кеңири тармактагы көркөм сүрөт музейлери (живопись, графика, айкел жана декоративдик-колдонмо искусство), көркөм сүрөт же декоративдик-колдонмо искусствонун бир түрүнөн турган музейлер, атактуу сүрөтчүлөргө арналган музейлер, анын ичинде мемориалдык музейлер. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Глиптотека, Сүрөт галереясы, Декоративдик-колдонмо өнөр музейлери, Элдик чыгармачылык музейлери, Куралдар палатасы, Пинакотека* терминдерин да караңыз.

**ХУДОЖЕСТВЕННЫЙ СОВЕТ – көркөм кеңеш.** Музейдин дирекциясынын алдындагы кеңешме органы. Ага музейдин жетекчилери жана жетектөөчү адистери, башкы сүрөтчүлөр, дизайнерлер, архитекторлор, экспозицияны долбоорлоо боюнча адистер, окумуштуулар кириши мүмкүн. Көркөм кеңештин курамын деректир бекитет. Көркөм кеңеш музей көргөзмөлөрүнүн көркөм долбоорлорун карайт жана талкуулайт, музейдин учурдагы экспозициясынын өзүнчө бөлүмдөрүн өзгөртүү боюнча долбоорлорду, эски музейдин имаратын реконструкция кылуу же жаңы имарат куруу ж.б. маселелерди карайт. Көркөм кеңештин чечимин музейдин деректири бекитет.

**ХУДОЖНИК МУЗЕЯ – музейдин сүрөтчүсү.** Музейдеги көркөм жасалгалоо иштерин аткаруучу, музейдеги көркөм долбоорлорду түзүү иштерине жана музейдеги көркөм чыгармаларды аткарууга катышуучу музей кызматкери. Анын функциясына аткаруучуларды чакыруу, көркөм өнөр фондунун ишканалары менен келишимдерди даярдоо, даяр болгон экспозицияны же анын долбоорун дасыктуу кабыл алууну камсыздоо кирет. Кээ бир учурларда, мисалы, чакан музейлерде музей сүрөтчүсү көркөм иштердин белгилүү көлөмүн түздөн-түз аткарып, экспозиция сүрөтчүсүнүн да милдетин аркалайт. Музей сүрөтчүсү өзүнүн иштерин

музейдин жобосунун, деректирдин буйруктарынын жана кызматтык нускаманын негизинде жүргүзөт. Ал музейдин деректиринин буйругу менен жумушка дайындалат жана жумуштан бошотулат.

**ХУДОЖНИК ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициянын сүрөтчүсү.** Музей жана көргөзмө экспозициясы багытында адистиги бар сүрөтчү-жасалгалоочу. Экспозициянын көркөм долбоорунун автору болуп эсептелет жана техникалык долбоорлоодон жана монументалдык искусство чыгармаларын түзүүдөн башка экспозицияны түзүү боюнча бардык көркөм иштер комплексинин аткарылышына экспозиционер менен бирдикте автордук жетекчилик жүргүзөт. Музейге келишим аркылуу чакырылат. Ал аткарган иштерди Көркөм кеңеш карайт жана кабыл алат.

**ХУДОЖНИК-РЕСТАВРАТОР – сүрөтчү-калыбына келтирүүчү.** Бузулуш деңгээли ар кандай болгон музей предметтерин, жогорку көркөм жана тарыхый маанидеги өзгөчө баалуу жана уникалдуу искусство чыгармаларын, китептерди, архивдик документтерди консервациялайт жана калыбына келтирет.

Кошумча маалымат алуу үчүн: *Калыбына келтирүүчү терминин караңыз.*

# – Ц –

**ЦВЕТОВОЕ РЕШЕНИЕ ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициянын түстүк чечилиши.** Экспозицияны көркөм долбоорлоонун жүрүшүндө сүрөтчү иштеп чыга турган экспозициянын түстүк гаммасы жана түстүк акценттер системасы. Экспозициянын түстүк чечилиши экспозициялык образдын маанилүү түзүүчүсү болуп эсептелет жана экспозициянын мазмунун ачып көрсөтүүгө өбөлгө түзүп, көрүүчүлөрдүн назарын багыттоого, белгиленген психологиялык абалды түзүүгө, көрүүчүлөрдүн экспозицияны кабыл алуусун уюштурууга жардам берет.

**ЦЕРКОВНЫЕ МУЗЕИ – чиркөө музейлери.** Чиркөөлөрдө, монастырларда, эпархияларда түзүлүүчү, алардын мен-

чиги жана алар уюмдаштыруучу болгон музейлердин тобу. Чиркөө музейлери (чиркөөлүк-археологиялык) 19-кылымдын экинчи жарымында чиркөөнүн байыркы эстеликтерин чогултуу жана сактоо максатында пайда болгон, байыркыларды сактоочу жайлардын коллекцияларынын негизинде түзүлгөн жана Синоддун карамагында болгон. Заманбап чиркөө музейлери чиркөөлөрдүн тарыхынын ар кандай этаптарын кеңири берүүгө аракет кылышат.

**ЦИКЛ МУЗЕЙНЫХ МЕРОПРИЯТИЙ – музей иш-чараларынын цикли.** Музей жыйнагын пропагандалоо максатында, белгиленген аудитория үчүн мезгил-мезгили менен өткөрүлүп туруучу бирдей көйгөй, тема менен байланышкан, музейдин массалык илимий-агартуу иш-чаралары. Мисалы: экскурсиялар цикли, лекциялар цикли, тематикалык кечелер цикли. Караңыз: *Илимий агартуу иштеринин формалары.*

**ЦИФРОВОЕ НАСЛЕДИЕ – санариптик мурас.** ЮНЕСКОнун Башкы конференциясынын 32-сессиясында (2003-ж.) кабыл алынган «Санариптик мурасты сактоо жөнүндөгү хартиясында» бекитилген маданий мурастын формасы. Санариптик мурас санарип түрүндө түзүлгөн же санарип форматына өткөрүлгөн электрондук ресурстардын жыйындысынан турат. Ал өзүнө тексттик документтерди, маалыматтар базасын, кыймылсыз жана кыймылдуу сүрөттөмөлөрдү, үн жана графикалык материалдарды, программалык камсыздоо жана веб-баракчаларын камтыйт.

## – Ч –

**ЧАСТНЫЕ МУЗЕИ – жеке музейлер.** Жеке жактарга таандык болгон, алардын күчү менен түзүлгөн жана алардын каражаты менен камсыздалуучу музейлер тобу. Жеке музейлердин коллекциясы өзүнүн түзүүчүлөрүнүн эстетикалык маданий жана илимий кызыкчылыктарын чагылдырат. Коллекцияларды көргөзүү жана популярдаштыруу, аларды изилдөө үчүн жеткиликтүү кылууну каалагандык-

тан жеке коллекцияларды жеке музейлерге айландырышат. Жеке музейди мурас катары, же болбосо кандайдыр бир мекемеге белек катары берсе болот.

## – Ш –

**ШАБЛОНЫ – шаблондор.** Караңыз: *монтаждык барактар*.

**ШЕФСКАЯ РАБОТА – шефтик иш.** Окуу жайларда, мекемелерде, ишканаларда системалуу түрдө музей коллекцияларын пропагандалоо максатындагы музейдин массалык илимий агартуу иштеринин багыты. Кызматташтык жөнүндөгү келишим шефтик ишти уюштуруунун негизи болуп саналат.

**ШИФР – шифр.** Музей предмети же илимий-көмөкчү материал сакталган музейдин кыскартылган аталышы. Шифр колдонуудагы музей баалуулуктарын Эсепке алуу жана сактоо боюнча нускаманын талаптарына ылайык эсепке алуунун ар бир бирдигине түшүрүлүүчү эсептик белгинин курамдык бөлүгү болуп саналат.

**ШКОЛЬНЫЕ МУЗЕИ – мектеп музейлери.** Мектептерде түзүлгөн музейлер. Мектеп музейинин жыйнагын комплектөө, каттоо, сактоо жана көргөзмөдө колдонуу иштери мектептин окуу-тарбиялык милдеттерине ылайык, мугалимдердин жетекчилиги астында окуучулардын өз алдынча иштөө убактысында жүргүзүлөт. Мектеп музейинин иш тажрыйбасы окуучулардын чыгармачыл таанып-билүүсүн жигердүү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Мектеп музейлери ар кандай тармакта болуусу мүмкүн. Мектеп музейлери коомдук музейлер тобуна кирет. Аларды окуучулардан, мугалимдерден жана коомчулуктун өкүлдөрүнөн турган музей Кеңеши башкарат. Мектеп музейлери элдик билим берүү органдарына баш ийет жана өзүнүн тармагына тиешелүү болгон мамлекеттик музейлердин усулдук жетекчилиги астында иш алып барат. Мектеп музейлеринин жыйнагындагы кыйла баалуу музей предметтери мамлекеттик музейлердин каттоосуна алынат.

# – Э –

**ЭКОМУЗЕИ – экомузейлер.** Өзүнүн мурастарынын бардык түрлөрүн сактоонун жана жигердүү пайдалануунун негизинде жергиликтүү коомчулуктун маанилүү болгон социалдык, экономикалык, маданий көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган музейлердин түрү. Бул музейлер коомчулук жашаган бардык аймактагы жергиликтүү калктын чарбачылык жана маданий ишмердигине байланыштуулугу, так белгиленген социалдык миссиясынын болушу, табигый жана маданий мурасты кеңири түшүнүүсү менен мүнөздөлөт. Экомузейди уюштуруу принциптеринин, иштөө формаларынын жана усулдарынын теориясы «жаңы музеологияда» кеңири берилген. Экомузейлер 1970-жылдардан баштап Батыш Европада, Канадада, Африка жана Түштүк Америка өлкөлөрүндө өнүгүүдө.

**ЭКСКУРСАНТ – экскурсант.** Экскурсиянын катышуучусу.

**ЭКСКУРСИОННАЯ ГРУППА – экскурсиялык топ.** Музейге келгендерди уюштуруунун формасы. Экскурсиялык топ ишканалар, мекемелер, мектептер тарабынан уюштурулат же музейде түзүлөт. Экскурсиялык топ эрежеге ылайык 25 кишиден ашык болбош керек.

**ЭКСКУРСИОННОЙ РАБОТЫ МЕТОДИКА – экскурсиялык иштин усулдамасы.** Экскурсиялардын жалпы тематикасын калыптандырууда, конкреттүү темаларды иштеп чыгууда, экскурсиялардын кеңейтилген пландарын түзүүдө, экскурсиялардын жана экскурсияларды өткөрүүнүн усулдук иштелмелери сыяктуу экскурсиялык иштерди уюштурууда жана өткөрүүдө колдонулуучу жолдор жана ыкмалар системасы.

**ЭКСКУРСИЯ – экскурсия.** Билим алуу, илимий, таанып-билүү, тарбиялык максаттарда жана эстетикалык муктаждыктарды канагаттандыруу үчүн экскурсоводдун жетекчилиги менен белгиленген маршрут боюнча музейди, тарыхый жерлерди, көргөзмөлөрдү, жаратылыш объекти-

лерин жамааттык көрүү. Экскурсиялар төмөнкүдөй болуп айырмаланышат: а) тармагы боюнча – тарыхый, адабий, табигый-илимий ж.б.; б) тематикасынын кеңдигине жараша – жалпылап таанытма, тематикалык экскурсия; в) экскурсанттардын курамына жараша – жаш курагы, кесиби, социалдык абалы; г) көздөгөн максатына – билим, илим; маданий-агартуу; д) өткөргөн ордуна – музейдеги экскурсия, музейден тышкары экскурсия, комплекстик экскурсия; е) кыймыл ыкмасына – жөө, автобустук ж.б.

**ЭКСКУРСИЯ ВНЕМУЗЕЙНАЯ – музейден тышкаркы экскурсия.** Музейлердин илимий-агартуу иштеринин бир формасы. Экскурсия эстелик жерлерди, архитектуралык курулуштарды, жаратылыш эстеликтерин көргөзүүнү камтыйт. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Музейден тышкаркы жумуш формалары* терминин караңыз.

**ЭКСКУРСИЯ КОМПЛЕКСНАЯ – комплекстик экскурсия.** Бир темага бириккен музей экспозицияларын, музей көргөзмөсүнүн объектилерин жана музейден тышкаркы объектилерди камтыган экскурсия.

**ЭКСКУРСИЯ МЕТОДИЧЕСКАЯ – усулдук экскурсия.** Музейдин бардык адистиктеги кызматкерлери үчүн, алардын дасыктыгын жогорулатуу максатында өткөрүлүүчү музей экскурсиясы. Усулдук экскурсия конкреттүү тема боюнча экскурсия өткөрүүнүн усулдамасын изилдөөгө, экспозиция жана музейдин фонду менен, экспозицияны түзүү принциптери жана фонддук иштин усулдамасы менен тааныштырууга багытталат.

**ЭКСКУРСИЯ МУЗЕЙНАЯ – музей экскурсиясы.** Музей экспозициясында же фондду сактоочу жайларда өтүүчү экскурсия. Музей экскурсиялары төмөнкүдөй классификацияланат: а) музейдин тармагына карата адабий, табигыйтарыхый ж.б.; б) өтүлүүчү жерине жана көрсөтмөнүн объектине карата: экспозициядагы, фондду сактоочу жайлардагы, фондду ачык сактоочу жерлерде, музейден тышкары өтүлүүчү жана комплекстик экскурсиялар; в) тематиканын кеңдигине карата: тематикалык, жалпылап таанытма, экс-

курсиялар цикли; г) көздөгөн максатына жараша: жалпы билим берүү, окуу, атайын, экскурсия-сабактар, д) экскурсанттардын курамына карата: жаш курагы, социалдык курамы, жашаган жери. Заманбап музейлерде жаңы типтеги экскурсияларды иштеп чыгуу жана өткөрүү мүнөздүү. Мисалы, экскурсияда айтылып жаткан окуяны өз көзү менен көргөн кишинин айтканы экскурсиянын программасына кириши мүмкүн.

**ЭКСКУРСИЯ ОБЗОРНАЯ – жалпылап таанытма экскурсия.** Негизги максаты музейдин негизги экспозициясы менен көрүүчүлөрдү жалпы тааныштыруу болгон, музей жыйнагы жөнүндө жалпы түшүнүк берген музей экскурсиясы. Мисалы, край таануу музейиндеги жалпылап таанытма экскурсия көрүүчүлөрдү байыркы доордон биздин күндөргө чейинки шаардын жана крайдын тарыхы менен тааныштырат. Анда крайдын жаратылышы, социалдык-экономикалык өнүгүшү, маданияты, искусствосу камтылат.

**ЭКСКУРСИЯ ТЕМАТИЧЕСКАЯ – тематикалык экскурсия.** Конкреттүү бир тема боюнча музей экскурсиясы. Жалпылап таанытма экскурсиядан айырмаланып тематикалык экскурсия бир теманы же көйгөйдү толук ачып берет.

**ЭКСКУРСИЯ УЧЕБНАЯ – окуу экскурсиясы.** Музей экскурсияларынын бир түрү. Ал жалпы билим берүү мектептеринде, орто жана жогорку окуу жайларында окугандардын жана семинарлардын, ар кандай ийримдердин угуучуларынын өтүп жаткан программасына ылайык уюштурулат.

**ЭКСКУРСОВОД – экскурсовод.** Караңыз: *лектор-экскурсовод*.

**ЭКСПЕДИЦИИ ПРОГРАММА – экспедициянын программасы.** Музей экспедициясын уюштуруу жана өткөрүү тартибин, максаттарын жана милдеттерин чагылдырган документ. Аны экспедицияга даярдык жүрүп жатканда илимий кызматкерлер иштеп чыгат. Экспедициянын

программасына төмөнкүлөр камтылат: илимий-изилдөө темасынын так жана кыскача баяндалышы, экспедициянын максаттарынын жана милдеттеринин аныктамасы, экспедициянын маршруту, аймактардын жана комплектөө объекттеринин мүнөздөмөсү, экспедициянын жүрүшүндө табылат жана чогултулат деп болжолдонгон музейлик мааниге ээ предметтердин болжолдуу мүнөздөмөсү, экспедицияга катышуучулардын курамы жана алардын милдеттеринин өз ара бөлүштүрүлүшү, экспедицияны өткөрүү мөөнөтү, талаа документтеринин тизмеси, шаймандар жана жабдуулар тизмеси, экспедициянын программасын иштеп чыгууда колдонулган адабияттардын тизмеси.

**ЭКСПЕДИЦИЯ МУЗЕЙНАЯ – музей экспедициясы.** Музей жыйнагын комплектөөнүн бир формасы. Комплектөөнүн планында каралган белгиленген теманы изилдөө үчүн жана бекитилген экспедициянын программасына ылайык чогултуу иштерин жүргүзүү үчүн музей кызматкерлеринин тобунун экспедицияга барышы. Музей экспедицияны башка музейлер же илимий мекемелер менен биргелешип өткөрүшү мүмкүн. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Комплектөө боюнча иш сапар* терминин караңыз.

**ЭКСПЕРТИЗА МУЗЕЙНАЯ – музей экспертизасы. 1.** Музей жыйнагына кирбеген, музей коллекциясындагы музей предметтерине тиешеси жок болгон предметти салыштыруу талдоосун жүргүзүүгө багытталган, музейдин Уставында каралган жана музейдин ички документтери менен тастыкталган иштер. Адатта экспертизаны музей кызматкерлери жүргүзөт. Экспертизанын жыйынтыгы алардын дасыктыгынын деңгээлине түздөн-түз байланыштуу болот. **2.** Музей жыйнагындагы музей предметтерин комплекстүү изилдөөгө (атрибутун тактоо, техникалык-технологиялык, тарыхый-генетикалык, искусство таануу изилдөөлөрү) багытталган ишмердик. Экспертиза башка мекемелерден атайын адис-эксперттерди чакыруу менен жүргүзүлүшү мүмкүн. Жыйынтыктары экспертизанын катышуучуларынын компетенттүүлүк деңгээлине, колдонулган технологияга жана усулдамасына жараша болот.

**ЭКСПЕРТНАЯ КОМИССИЯ – эксперттик комиссия.** Музей фондун түзүү маселелери боюнча кеңешме орган. Эксперттик комиссия талаштуу учурларда предметтин музейлик мааниге ээ экендигин аныктайт, музей фондуна таандык экендиги тууралуу талаш маселелерди чечет, музей предметтерин сактоого берүү, музей баалуулугун жоготкон предметтерди музей фондунун курамынан чыгаруу иштерин жана музейдеги предметтердин негизги фондго тиешелүү же тиешелүү эмес экендиги жөнүндөгү маселелерди карайт. Кээ бир учурларда кыйла авторитеттүү жана тажрыйбалуу адистерден атайын дайындалган эксперттик комиссия карашы мүмкүн.

**ЭКСПОЗИЦИИ ДОКУМЕНТАЦИЯ – экспозиция документтери.** Музей экспозициясынын долбоорун түзүп жаткан учурда иштелип чыккан документтер комплекси. Ага документтердин төмөнкүдөй топтору кирет: а) экспозицияны илимий долбоорлоо документтери: экспозициянын илимий концепциясы, экспозициянын кеңейтилген тематикалык түзүмү, тематикалык-экспозициялык план, экспозициянын сценарийи; б) экспозицияны көркөм долбоорлоо документтери: экспозициянын көркөм концепциясы, экспозициянын эскиздик долбоору, бул топко документтер катары экспозициянын макеттери да кириши мүмкүн; в) экспозицияны техникалык жана жумушчу долбоорлоо документтери: экспозициянын өзүнчө бөлүмдөрүнүн жана темаларынын макеттери, монтаждык барактары, жумуштук чиймелер. Мындан тышкары экспозиция документтерине экспозицияны кабыл алуу акты жана анын иштеп башташына байланыштуу болгон ар кандай документтер кирет. Бул документтер топтому заманбап экспозициялык ишти уюштуруунун кыйла өнүккөн түрүнө ылайык келет жана ири экспозицияларды долбоорлоодо толугу менен ишке ашырылышы керек. Чакан музейлерде же чакан экспозицияларды түзүүдө экспозициялык документтердин тизмеси шартка жараша кыскартылышы мүмкүн. Экспозициянын документтери музейдин архивинде сакталуусу керек.

**ЭКСПОЗИЦИОНЕР – экспозиционер.** Экспозициялык иштер боюнча адистиктеги музейдин илимий кызматкери. (караңыз: *Музей кесиби, Музейдик адистешүү*). Бөлүмдүн тематикасынын жана музейдин комплекстүү көйгөйлөрүнүн алкагында төмөнкүдөй иштерди алып барат: музей таануу жана илимий-изилдөө маселелерин иштеп чыгуу, экспозицияны жана музей фондун жаңы музей предметтери менен толуктоо, музей экспозицияларынын жана көргөзмөлөрүнүн илимий долбоорун түзүү, экспозициянын туура колдонулушун, экспозицияда музей предметтеринин сакталышын жана кайтарылышын көзөмөлдөө.

**ЭКСПОЗИЦИОННАЯ РАБОТА – экспозициялык иш.** Негизги предмети музей экспозициясы болгон музей ишмердигинин башкы багыттарынын бири. Музейдеги экспозициялык иштин негизги мазмуну музей экспозицияларынын долбоорун түзүү болуп эсептелет. Ага илимий кызматкерлер – экспозиционерлер ишке ашырган илимий долбоор, экспозициянын сүрөтчүлөрү иштеп чыккан көркөм долбоор, экспозициянын сүрөтчүлөрү жана инженерлер түзгөн жумуштук жана техникалык долбоорлор кирет. Долбоорлоодон тышкары экспозициялык иштерге музей экспозицияларынын системаларынын тематикаларын жана көйгөйлөрүн иштеп чыгуу, музей тармагындагы дисциплиналар боюнча адабияттар менен иштөө, реэкспозиция, экспонаттардын жана экспозициянын абалына байкоо жүргүзүү, экспозицияны монтаждоо жана демонтаждоо кирет. Музейде экспозициялык ишти экспозициялык бөлүмдүн кызматкерлери жүргүзөт. Көргөзмө иши экспозициялык иштин маанилүү бөлүгү болуп эсептелет.

**ЭКСПОЗИЦИОННЫЕ МАТЕРИАЛЫ – экспозициялык материалдар.** Бул түп нуска музей предметтеринин, калыбына келтирилген предметтердин, моделдердин, илимий көмөкчү материалдардын жана музей экспозициясына киргизилген тексттердин жыйындысы.

**ЭКСПОЗИЦИОННЫЙ ДИЗАЙН – экспозициялык дизайн** (англ. design – идея, долбоор, сүрөт). музей экспо-

зициясынын бүтүндөй предметтик-мейкиндиктик чөйрөсүнүн эстетикалык жана функционалдык сапаттарынын жыйындысы. Экспозициялык дизайн көркөм-композициялык принциптердин жана ыкмалардын негизинде экспозициялык материалдардын архитектуралык-мейкиндикте уюштурулушун, конструктивдүү түзүлүшүн жана жабдылышын, түстүк жана жарык берүү чечимин, образды түзүүнү камтыйт. Ал экспозициянын образын таасирдүү түзүүчүсү катары болуп, экспонаттардын сакталышын, көргөзүү жагынан анын коммуникативдүүлүгүн жана жогорку деңгээлдеги пайда көргөзүүчү функционалдык сапаттарын камсыздайт.

**ЭКСПОЗИЦИОННЫЙ КОМПЛЕКС – экспозициялык комплекс.** Тематикалык экспозициянын түзүмдүк бирдиги. Мазмуну боюнча бириккен, бүтүндөй бир композиция жаратып, бирдиктүү образ түзгөн предметтер тобу. Экспозициялык комплекс тематикалык-экспозициялык планда белгиленген тематикалык комплекстерди иштеп чыгуунун жыйынтыгы болуп эсептелет. Экспозициялык комплексти чогултуу үчүн витрина, стенд, секиче жана башка экспозициялык жабдыктардын элементтери колдонулат. Экспозициялык комплекс ага кирген материалдардын бир түрдүүлүгүнүн деңгээлине (мисалы, документтердин комплекси, документтер жана сүрөттөр комплекси, документтер, сүрөттөр жана предметтер комплекси ж.б.), татаалдыгына, таасирдүүлүгүнө, тактыгына жана образынын тереңдигине (караңыз: *Музей натюрморту*) карата айырмаланат. Экспозициялык комплекстин конкреттүү түрлөрүнө этнографиялык комплекс, мемориалдык комплекс ж.б. кирет. Музей таануу адабияттарында экспозициялык комплексти тематикалык-экспозициялык комплекс деп да аташат.

**ЭКСПОЗИЦИОННЫЙ ОТДЕЛ – экспозициялык бөлүм.** Музейдеги экспозициялык ишти алып баруучу илимий бөлүм. Экспозициялык бөлүмдүн негизги функциясына төмөнкүлөр кирет: негизги экспозицияны жана музей көргөзмөлөрүн илимий долбоорлоо; колдонуудагы экспози-

цияны жакшыртуу боюнча иш алып баруу; экспозициянын иштешин, экспозицияда музей предметтеринин сакталышын жана кайтарылышын көзөмөлдөө; колдонуудагы экспозицияны жана музей фонддорун бөлүмдүн тематикасына ылайык жаңы материалдар менен толуктоо жана музей предметтерин комплектөөгө катышуу; бөлүмдүн тематикасы боюнча музей таануу жана илимий-изилдөө көйгөйлөрүн иштеп чыгуу, музейдин массалык илимий-агартуу иштерин уюштурууга катышуу. Экспозициялык бөлүмдүн уюштуруу түзүмүн музейдин тармагына жана экспозициянын тематикасына карата, музейдин типтүү жобосунун негизинде музейдин деректири аныктайт.

**ЭКСПОЗИЦИОННЫЙ РАБОТЫ МЕТОДИКИ – экспозициялык иштин усулдамасы.** Музей экспозициясын түзүү жолдорунун жана ыкмаларынын жыйындысы. Экспозициялык иш тажрыйбасын жалпылоонун жыйынтыгында келип чыгат. Мисалы музей экспозициясынын долбоорун түзүүнүн усулун бөлүп көрсөтсө болот. Анда материалдарды топтоонун жана компановкалоонун ыкмаларын аныктоочу жалпы экспозициялык иштерди уюштуруунун негизги ыкмаларын чагылдырган жана экспозициянын түзүмүнө тиешелүү болгон конкреттүү сунуштамалар жана талаптар берилет. Экспозициялык иштин усулдамасынын өзгөчөлүктөрү музейдин тармагына жараша аныкталат. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Экспозициялык ыкмалар, Илимий усулдук иш* терминдерин караңыз.

**ЭКСПОЗИЦИЯ – экспозиция.** Атайын көрсөтүү үчүн коюлган предметтердин жыйындысы. Экспозицияга дүкөндөрдүн витриналары, өндүрүш ишканаларынын демонстрация залы, класстардын стеналарына тагылган окуу материалдары, музей экспозициялары ж.б. кирет.

**ЭКСПОЗИЦИЯ АНСАМБЛЕВАЯ – ансамблдик экспозиция.** Илимий аныкталган маалыматтардын негизинде музей предметтеринин же эстеликтердин ансамбли сакталган же калыбына келтирилген музей экспозициясы. Ансамблдик экспозициянын түзүмдүк бирдиги болуп пред-

меттердин өз ара мамилеси жана байланыштуулугу калыбына келтирилген экспозициялык комплекс эсептелет. Ушундан улам ар бир предмет өзүнүн табылган чөйрөсүндө тургандай көргөзүлөт. Ансамблдик экспозицияга интерьер, интерьердин фрагменти (тарыхый жана мемориалдык музейлерде), архитектуралык курулуштардын ансамбли же комплекси (тарыхый-архитектуралык ансамблдер музейлери, ачык асман алдындагы музейлер), биотоп (табигый-илимий музейлер) ж.б. мисал боло алат. Ансамблдик экспозиция усулунун мааниси салттуу эстетикалык жана функциялык өзгөчөлүктөрүн жана анын табылган чөйрөсүндөгү ролун эске алуу менен музей предметтеринин же эстеликтердин ансамблин уюштуруу, ал предметтердин өз ара мамилесин жана эриш-аркак колдонулушун чагылдырган тарыхый кырдаалды кайра жаратуу болуп саналат. Кээ бир учурларда ансамбль сакталып калган болот жана аны кайра жаратуу талап кылынбайт. Башка учурларда ансамблдик экспозицияга реконструкция талап кылынып, экспозицияга кирген музей предметтеринин өздөрү илимдин негизинде кайра калыбына келтирилет жана алардын мамилеси жана байланышы аныкталат. Ансамблдик усул боюнча экспозицияны илимий долбоорлоо үчүн илимий тактыкты камсыздоо маанилүү милдет болуп эсептелет. Реконструкция менен бирге максаттуу комплектөө иши жүрүшү мүмкүн (белгиленген типтеги, доордогу предметти издөө ж.б.) же түзүлүп жаткан ансамблдин толук тасирдүүлүгүн камсыз кылууга багытталган кайра калыбына келтирүү иштери жүргүзүлүшү мүмкүн. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Системалык экспозиция, Тематикалык экспозиция* терминдерин да караңыз.

**ЭКСПОЗИЦИЯ МОНОГРАФИЧЕСКАЯ – монографиялык экспозиция.** Бир жамааттын же бир кишинин ишмердигине арналган музей экспозициясы. Монографиялык экспозиция үчүн конкреттүү теманы музей көрсөтмөсүнүн комплекстик каражаттары менен ачып берүү мүнөздүү. Ошондуктан ал адатта тематикалык, системалык, ан-

самблдик экспозициялардын элементтерин өзүнө камтыйт. Экспозициянын өзгөчө тиби катары монографиялык экспозиция биринчи театрдык жана адабий музейлерде пайда болгон, бирок бүгүн башка тармактагы музейлерде дагы кеңири тараган. Мисалы: Санкт-Петербургдагы тарыхый-адабий (тематикалык) жана мемориалдык (ансамблдик) бөлүмдөрүн камтыган Ф.М. Достоевскийдин квартира музейи; ишканалардын музейлери.

**ЭКСПОЗИЦИЯ МУЗЕЙНАЯ – музей экспозициясы.** Көрсөтүү үчүн коюлган музей жыйнагынын бөлүгү. Музей экспозициясы биринчиден, музей материалдарын эске алуу менен экспозициянын темасынын илимий иштелип чыгышынын жыйынтыгы, экинчиден архитектура жана пластикалык искусство каражаттары аркылуу теманы чагылдырып турган экспозициялык образды түзгөн өзгөчө чыгарма. Музей экспозициясы экспозиционерлер менен экспозициянын сүрөтчүлөрүнүн биргелешкен иш алып баруусунан келип чыгат (караңыз: *Экспозицияны долбоорлоо*), кээ бир учурларда андан башка адистер да катышышы мүмкүн. Музей экспозициясы музей жыйнагын колдонуунун маанилүү формасы болгондуктан музейдин билим берүү-тарбиялык функциясын ишке ашырууда негиз катары кызмат кылат жана массалык илимий-агартуу ишине база болуп эсептелет. Кошумча маалымат алуу үчүн: *Музей экспозицияларынын классификациясы, Экспозициялар тутуму, Экспозициялык иш терминдерин* да караңыз.

**ЭКСПОЗИЦИЯ ОСНОВНАЯ – негизги экспозиция.** Музей экспозициясынын системасынын башкы бөлүгү. Музей ишинин негизги тармагын, багыттарын жана өзгөчөлүктөрүн чагылдырган стационардык экспозиция. Негизги экспозиция музей коллекциялары жөнүндө маалымдайт, өзүнө музей жыйнагынын кыйла баалуу материалдарын камтыйт жана музейдин массалык илимий-агартуу иштеринин негизги базасы болуп саналат.

**ЭКСПОЗИЦИЯ ПРОБНАЯ – сынамык экспозиция.** Экспозициянын көркөм чечилишинин жана тематикалык-экспозициялык пландын негизинде музейдин залдарында

экспозициялык материалдарды алдын ала жайгаштырып көрүү. Аны музейдин илимий кызматкери жана экспозициянын көркөм долбоорунун автору биргелешип жүргүзөт жана алардын иштеринин макулдашуусунун маанилүү этабы болуп саналат. Жайгаштырып көрүүнүн максаты экспозицияда туруучу материалдардын курамын тактоо, ар кандай экспозициялык комплекстердеги конкреттүү композициялык чечимдерди издөөдө алардын айкалышуусун текшерүү болуп эсептелет.

**ЭКСПОЗИЦИЯ СИСТЕМАТИЧЕСКАЯ – системалык экспозиция.** Конкретүү илимий дисциплинанын системасына ылайык бир түрдүү музей предметтеринен турган музей экспозициясы. Системалык экспозициянын негизин системалык музей коллекциялары түзөт. Системалык экспозициялык катар системалык экспозициянын түзүмдүк бирдиги болуп эсептелет. Алгач системалык экспозициялык усул музейлердин экспозициялык иштеринде башкы усул болгон. Ал эми азыр ал табигый-илимий тармактагы музейлердин кээ бирлеринде эле жетектөөчү усул болот, тарыхый жана гуманитардык музейлерде ал адатта тематикалык экспозициялык усул менен айкалышып колдонулат. Системалык экспозициялык усулда музей үчүн тармактык дисциплина болгон кандайдыр бир илимдин (минералогия, зоология) классификациялык схемасын колдонуу каралат. Тарыхый жана гуманитардык музейлерде адатта көмөкчү тарыхый дисциплинанын (нумизматика, сфрагистика, фалеристика, бонистика ж.б.) классификациялык схемасы колдонулат. Ушул схемаларга ылайык экспозициялык материалдарды тандоо жана аларды системалык экспозициялык катарга топтоо жүргүзүлөт.

**ЭКСПОЗИЦИЯ СТАЦИОНАРНАЯ – туруктуу экспозиция.** Узак пайдаланууга эсептелип түзүлгөн, бир орундан экинчи орунга жылдырууга мүмкүн эмес болгон экспозиция. Музейдин убактылуу экспозицияларынан айырмаланып (көргөзмөлөр, көчмө көргөзмөлөр) стационардык экспозициядан монтаж жана демонтажда тездик, жеңилдик, транспортабелдүүлүк талап кылынбайт. Стационардык

экспозициянын жабдыктары фундаменталдуу жана стандарттуу эмес болушу мүмкүн.

**ЭКСПОЗИЦИЯ ТЕМАТИЧЕСКАЯ – тематикалык экспозиция.** Кандайдыр бир теманы, көйгөйдү ачып берүүчү музей экспозициясы. Тематикалык экспозициянын негизин ар кандай типтеги музей предметтери түзөт. Экспозициялык комплекс тематикалык экспозициянын түзүмдүк бирдиги болуп саналат. Тематикалык экспозициялык усул XX кылымдын 20-жылдарында СССРдин тарыхый-революциялык музейлеринде калыптанган. Учурда көпчүлүк музейлердин экспозициялык иштеринде жетектөөчү усулдардын бири болуп эсептелет жана музей экспозициясын долбоорлоонун заманбап ишинде анын колдонулгандыгы көрүнүп турат. Теманы тандоо жана тематикалык түзүмүн иштеп чыгуу тематикалык экспозицияны уюштуруунун биринчи баскычы болуп эсептелет. Андан кийин экспозициянын темасына баш ийген жана тематикалык түзүмүнө багытталган экспозициялык материалдарды тандоо иши жүргүзүлөт. Теманы көркөм каражаттар менен берүү, экспозициянын жана анын өзүнчө бөлүмдөрүнүн көркөм чечиминин негизи болгон экспозициялык образды түзүү тематикалык экспозицияны иштеп чыгууда маанилүү фактор болуп эсептелет. Экспозициялык комплекстерди ар тараптуу иштеп чыгуу тематикалык экспозициянын аяктоочу этабы. Тематикалык экспозицияда ансамблдик жана системалык экспозициянын элементтери колдонулат.

**ЭКСПОЗИЦИЯ ЭКСПЕРИМЕНТАЛЬНАЯ – эксперименттик экспозиция.** Бул жаңы усулдарды же ыкмаларды колдонуу менен түзүлгөн экспозиция. Эксперименттик экспозициянын милдеттеринин бири экспозициялык иштин усулуна киргизилген жаңылыктардын таасирдүүлүгүн текшерүү жана музей экспозициясындагы жаңы мүмкүнчүлүктөрдү изилдөө болуп саналат.

**ЭКСПОНАТ – экспонат.** Көрсөтүү үчүн коюлган музей предмети; экспозициянын элементардык түзүмдүк бирдиги болуп саналат. Экспонат катары кыйла таасирдүүлүккө ээ болгон жана жакшы сакталган музей предметтери

тандалат жана калыбына келтирилгендер, моделдер жана илимий көмөкчү материалдар колдонулушу мүмкүн. Экспонаттар музей коммуникациясынын негизин түзөт.

**ЭКСПОНАТ ВЕДУЩИЙ – жетектөөчү экспонат**. Кыйла толук мааниге жана образга ээ болгон экспозициядагы музей предмети. Жетектөөчү экспонат экспозициялык комплексте, темада, залда бөлүнүп көрүнүп турушу мүмкүн. Көйгөйдү илимий талдоонун жана булак базасынын негизинде аныкталган жетектөөчү экспонат андан кийин композициялык жактан бөлүнүп экспозициянын архитектуралык-көркөм чечиминин негизги компоненти болуп калат. Башкача айтканда экспозицияда акцент түзүү үчүн колдонулат.

**ЭКСПОНЕНТ – экспонент.** Музейге көргөзмөгө коюу үчүн ага тиешелүү болгон материалдарды берген жеке адам же мекеме. Экспоненттин материалдарды музейге берүүсү туруктуу же убактылуу сактоого кабыл алуу актысы менен таризделет.

**ЭКСПРЕССИВНОСТЬ МУЗЕЙНОГО ПРЕДМЕТА – музей предметинин экспрессивдүүлүгү.** Музей предметинин жалпы касиеттеринин бири; музейди көрүү учурунда көрүүчүгө эмоционалдык таасир берүү жөндөмүнө ээ болгон музей предметинин өзгөчөлүгү.

**ЭСКИЗНЫЙ ПРОЕКТ ЭКСПОЗИЦИИ – экспозициянын эскиздик долбоору.** Экспозицияны көркөм долбоорлоонун экинчи этабынын жыйынтыгы. Аны көркөм концепциянын (башкы чечим) негизинде экспозициянын сүрөтчүсү иштеп чыгат жана анда көркөм концепциянын темасы жана ошол теманын алкагындагы майда темалар деталдаштырылат. Экспозициянын эскиздик долбоору экспозициянын акыркы деталдаштырылган мейкиндиктик жана түстүк чечимин, бардык бөлүмдөрдүн, темалардын, майда темалардын экспозициялык аянтынын аныкталышын, алардын экспозициялык залдарга ылайыкталышын, экспозициялык жабдыктардын жана техникалык каражаттардын жалпы көрүнүшүн жана жайгашышын, экспозицияга жарык берүү системасын өзүнө камтыйт. Эскиз-

дик долбоордон кийин монтаждык барактар жана үлгүлөр түзүлөт. Андан соң экспозициянын техникалык жана жумушчу долбоорун түзүү этабы башталат.

**ЭТИКЕТАЖ – эн белгилер топтому.** Экспозициядагы бардык эн белгилердин жыйындысы. Ал андагы коюлган экспонаттардын курамын чагылдырат. Эн белгилер топтомунун мазмуну илимий долбоорлоонун жүрүшүндө иштелип чыгат. Эн белгилер топтомун жасалгалоо көркөм долбоордун бөлүгү болуп эсептелет.

**ЭТИКЕТКА – эн белги.** Өзүнчө экспонатка аннотация катары берилген экспозициядагы текст. Экспозицияда сөзсүз болуучу элемент болуп эсептелет жана ал музейдин тармагына, экспозициянын тибине жана предметтин мүнөзүнө жараша анын атын, атрибуттук белгилерин жана кошумча маалыматтарын камтыйт. Бир эле предмет ар башка экспозицияга кире турган болсо эн белгилердин формасы жана мазмуну ар башка болушу мүмкүн. Эн белгинин орду, формасы, түсү жана көлөмү, анда колдонулган шрифт башка экспозициянын элементтери жана предметтин мүнөзү менен өз ара айкалышып, андагы камтылган маалыматты кабыл алуу ыңгайлуу жана жөнөкөй болушун камсыздайт.

**ЭТНОГРАФИЧЕСКИЕ МУЗЕИ – этнографиялык музейлер.** Жыйнагы ар түрдүү элдердин тарыхын, маданиятынын жана тиричилигинин өзгөчөлүгүн көрсөтүп турган тарых тармагындагы музейлер. Ал ачык асман алдындагы музейлер сымал уюштурулушу да мүмкүн. Мисалы, эң ири музейлердин бири Санкт-Петербургдагы Россия этнография музейи.

**ЭТНОГРАФИЧЕСКИЙ КОМПЛЕКС – этнографиялык комплекс.** Кандайдыр бир элдин же элдердин материалдык маданият предметтеринен турган экспозициялык комплекс. Этнографиялык комплексте предметтердин мейкиндикте уюштурулушу чыныгы эмгектик, үрп-адаттык мамилелерин, байланыштарын, чарбачылыктагы жана тиричиликтеги өзгөчөлүктөрүн чагылдырат. Мисалы: Кыргыз боз үйү эмеректери менен.

## Пайдаланылган адабияттар:

1. Пищулин Ю.П., Букшпан П.Я., Гнедовский М.Б., Годунова Л.Н., Дукельский В.Ю., Коссова И.М., Кучеренко М.Е., Лашкевич Л.В., Матвеева В.В., Равикович Д.А., Сархошян Я.В., Телегин В.М., Туманов В.Е., Фомин В.Н. Музейные Термины. – Москва, 1986.

2. Каулен М.Е., Сундиева А.А., Чувилова И.В., Черкаева О.Е., Борисова М.В., Хаханова Л.П., Скрипкина Л.И. Словарь актуальных музейных терминов. – «Музей» №5/2009 г. Москва.

3. Левыкин К.Г., Хербст В. Музееведение. Музеи исторического профиля. – Москва, 1988.

4. Сотникова С.И. Музеелогия. – Москва, 2004.

5. Юдахин К.К. Киргизско-русский словарь. – Москва, 1965.

6. Юдахин К.К. Орусча-кыргызча сөздүк. – Бишкек, 2019.

7. Карасаев Х.К. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. – Бишкек, 2015.

8. Атоолордун (терминдердин) орусча-кыргызча сөздүгү. – Бишкек, 2010.

9. Юридикалык атоолордун жана башка түшүнүктөрдүн орусча-кыргызча сөздүгү. – Бишкек, 2014.

# МУЗЕЙ ТЕРМИНДЕРИНИН ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮГҮ

Редактору *Кадыров Ы.*
Тех. редактору *Довлоталиев Б.*
Корректору *Үркүнбаева Л.*
Компьютердик калыпка салган *Салиев Э.*

Басууга 25.03.2024-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 12 б.т. Нускасы 1000.

---

«Кут-Бер» ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү, 68.